Доoронбек Садырбаев



# ДААНЫШМАН



Формуляр книги

Зак. 90—100000



Дооронбек Садырбаев

# ДААНЫШМАН

## V том

## Поэзиясы, обондуу ырлары, эскермелер

Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 14

**Жооптуу редактор:** Проф. Др. Кадыралы Конкобаев
**Редактор:** Асылкан Шайназарова

**Садырбаев Д.**

С 14 Даанышман. Чыгармалар жыйнагы. 5 томдук. V том Поэзиясы, обондуу ырлары, эскермелер / Түз. жана жооптуу ред. К. Конкобаев. – Б., "Д. Садырбаев" фондусу. – 2017. 446 б.

ISBN 978-9967-9068-1-5

Бул китепте Кыргыз Республикасынын баатыры, Кыргыз Эл артисти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 3 жолку чакырылышынын депутаты, белгилүү кинорежиссёр, актер, акын, жазуучу, публицист, журналист, сценарист, ырчы, көп кырдуу талант, адилет, боорукер, ак ниет инсан Дооронбек Садырбаевдин ар кыл тематикада жазылган чыгармалары камтылды.

С 4702300100-17
ISBN 978-9967-9068-1-5

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Садырбаев Д., 2017

# ПОЭЗИЯСЫ

## ШООРАТ, ШООРАТ!

Жетелеп чыгып туюктан,
Жетилип Орто Чыгыштан.
Көрөңгө сактап чыксын деп,
Көп канын төккөн уруштан.
Алдуулар апат кыла албас
Аз элге башат уюткан.
Байыркы Кыргыз Атага
Багынбас элден миң шоорат!
О Шооратту Кыргыз Ата!
Өзөктөн чыккан өрттөн сакта!
Өздөн чыккан жаттан сакта!
Ниети кара каапырдан сакта!
Намысын саткан баатырдан сакта!
"Кулаалы таптап куш кылган,
Курама курап журт кылган".
Кунары качкан кыргызды,
Кут жааган күнгө туш кылган.
Туу көтөртүп туурунан,
Тукумга өрнөк иш кылган.
Эл туткасы эр Манас,
Кабылан – шерге миң шоорат.
О Шооратту Манас Ата!
Уюткулуу журтту ушактан сакта.
Урпактарыңды тузактан сакта.
Кытмырлардын жалаасынан сакта
Кылымдардын балаасынан сакта!
Калтырбас пенде көңүлүн,
Кайрымдуу Көкө Теңирим.
Сообуна калгын калкымдын

Солкулдап турган белинин
Баатырлуу кылып Манастай,
Багын ач кыргыз элиңин.
Бир перзент сурап турабыз
Биз сенден ыйык – Теңирим.
О Шоораттуу Көкө Теңир!
Мал киндиктүү жериңди жалга!
Максаты бийик элиңди жалга!
– "Манастай баатыр уулдуу бол", – деп,
Маралдай кыргыз келинди жалга
Оомин!

# ЖООДО ЖОК ЭЛГЕ

Чогулсак өңчөй кыргыз өтө шокпуз,
Көкүрөк көктү тиреп өтө токпуз.
Көптүрүп оозубузду сүйлөй келсек,
Көп элди байкелеткен көкжал топпуз.
Көөдөнү түктүүлөргө туш келгенде,
Көбүбүз – "Үйдө баатыр, жоодо жокпуз"...

Жүргөн көп ар-намысын тебелетип,
Жүнбаштын катынына жемелетип.
"Каңк" этип каяша айтаар уулдар аз,
Калаасын алгандарга эгелешип.
Жактырат андан көрө жашаганды,
Жатындаш эки-экиден тебелешип.

Канчага азуулууга жем болосуң?
Качан сен айбаттуута тең болосуң?
Кайраты касташканын жалтандырган,
Каадалуу качан кыргыз эл болосуң?
Калкым деп кан жөткүргөн балдарыңа,
Кашайгыр качан арка-бел болосуң?

*1991-жыл.*

## КАЙДА ЭЛЕҢ?

Кытмырлык кыйырга таркалып,
Каргаша капшытка чаң салып,
Кан жутуп кары-жаш карайлап,
Калкындын тагдыры калчанып,
Турганда кайда элең, кайда элең,
Туу жыгар журтумдун урпагы?

Балдардын баштары жарылып,
Чалдардын сапары камыгып,
Зар какшап зайыптар, энелер,
Жоолуктун каркасын салынып,
Калганда кайда элең, кайда элең...
Калкымдын айгашка тулпары?

Кыздардын намысы тепселип,
Кыйланын өзөгү өрттөнүп,
Кыркылып кырчындай өмүрлөр,
Кыргыздын бөйрөгү бөксөрүп,
Эңсеси кеткенде кайда элең...
Элимдин эстүүсү, шумкары?

Жаңырып эскирген жарабыз,
Жабыркап элчилик чамабыз,
Наамарттын намысын окуган,
Нааданга булганып арабыз,
Кадыр түн күткөндөй биз сени,
Күттүк го, күйөрман агабыз.

Ынтымак ыланга чалынып,
Ызага турсак да малынып,
Акыры түгөлдөп алат деп,
Атыңа жүрөбүз жалынып.,
Ай нурун төшөнүп асманда,

Жатсаң да атак-даңк жамынып,
Кайрылып келээрсиң бир күнү,
Каарылуу кыргызды сагынып...

*1991-жыл*

# ШАГЫМ СЫНДЫ

Чыгыштан чыгаандыгы ашып-ташкан,
Чыйырсыз татаал өмүр жолун баскан,
Эл көрдүм бизден эптүү, бизден эстүү,
Илимде ийне менен кудук казган.

Батыштан бизден арбын, бизден балбан,
Бабасы сазга таштан тамдар салган,
Эл көрдүм ырысы мол ынтымактуу,
Эрки бек, эч бир жоодон жалтанбаган.

Кылымды кылымдарга жалгаштырып,
Кыйырын кирдетпеген чаң бастырып,
Кыйын эл жашайт экен түштүк жакта,
Кыр-кырда кылыч-найза алмаштырып.

Кыдырып кыйла сапар чыгып келдим,
Кыйла журт кыраандыгын угуп келдим.
Кыргыздан кор эл таппай жер бетинен,
Кыйналып кыйын шагым сынып келдим.

Көп жерден көз жашымды төгүп келдим,
Көңүлүм караңгылап чөгүп келдим.
Менден кор эркек таппай эч бир элден,
Мезгилсиз денем сууп өлүп келдим.

*1992-жыл*

# ЖОКТОО

М. С. Горбачев СССРдин “эки тизгин бир чылбырын кармап турган” мансаптуу маалында өзү капастын оозун ачып, эркин кое берген “маалымдуулук” деген балакетти” укканда, итиркейи келе баштаган абалга жетип калганын баамдай койгон Өзбекстандын Коммунисттик Партиясынын биринчи катчысы Ислам Каримов: “Бүткүл Советтер Союзу боюнча цензураны токтоосуз кайра калыбына келтирүү керек!” – деген демилге менен чыкты. Кыргызстандын Коммунисттик Партиясынын биринчи катчысы Апсамат Масалиев аны дароо колдоп, Фрунзеден чыгып жаткан гезиттер бир күндүн ичинде өңүн өзгөртүп, баягы “өнүккөн социализмдин” маалындагыдай маанай менен чыга баштаганда, «кайрадан сөз эркиндигинен айрылып калган экенбиз» деген кейиш менен маңызы акыркы сабына катылган 53 саптуу ушул ырды жазып, кыргыз тилиндеги гезиттердин баардыгына сунуш кылсам, эч кимиси жарыялаганга батынган жок. “Фрунзе шамы” гезитинин башкы редактору Мелис Айдаркулов гана кыскартпай, түзөтүү киргизбей, кандай жазылса, ошондой баса турган болду, күндөрдүн биринде.

Бирок, анын гезити ырдын 52 сабын гана басып, акыркы бир сабын кыскартып чыгарып коюптур. Бул жыйнакта мен ошол кыскарып кеткен саптын астын сызып койдум.

Бечел намыс бейынтымак кешиксиздер!
Кан агызып кара көздөн,
Боздогула “эсил кайран боорумоойлоп”
Боздогула, боздогула!
Урпактардын бара жаткан жолун ойлоп,
Боздогула, боздогула!
Уулдарда араксыз ар жогун ойлоп,
Боздогула, боздогула!
Тайманбастын тарта турган шорун ойлоп.
Боздогула, боздогула!
Теңсиздиктин темир чидер торун ойлоп,

Үй куту, журттун жугу ыйык зайып!
Муңдуу сөгүп үнүңөрдү,
Ыйлагыла бейбактар күйүп-жанып.
Ыйлагыла, ыйлагыла!
Аянбастан аптиройго тырмак малып.
Ыйлагыла, ыйлагыла!
Айдай жүзгө азанын тагын салып.
Ыйлагыла, ыйлагыла!
Калса кыргыз тоодон түшпөй малын багып,
Ыйлагыла, ыйлагыла!
Ыкшоо дилге ызанын шамын жагып.

Өлбөй-житпей чыдап келгем,
Чыдамакмын дагы да...
Азык-оокат, нанга тартыш заман болсо,
Ач-жылаңач күн көрмөкмүн,
Кийим-кече, тамга тартыш заман болсо.
Жүрөгүмдөн тамчылатып,
Берет элем канга тартыш заман болсо,
Менден баштап алганына,
Көнөт элем жанга тартыш заман болсо.
Актыгына моюн сунуп,
Өлөт элем мезгил уулу АЗАТТЫК аман болсо.

Өчүрүп бүлбүл жанган үмүт отун,
Асманга алоолонтуп күйүт отун,
Тээ түпкүрдөн такталган,
Ташкенден башталган,
"Жалпыга жардык!" – деп,
Жер-жерге таркалган,
Эңсөөнүн перзенти – эркиндик ымыркайды.

Кызыл эт маалында кылкынтып муунтмайды,
Кыйырга мыйзам этип коюп алдык.
Балтыр бешик баланын башын кесип
Боор эт, кан-сөлүнө тоюп алдык.
Кыялдын, дилдин, тилдин азаттыгын,
Кыпкызыл канга бөлөп союп алдык.

Боздогула, боздогула!
Кара көздөн кан агызып,
Боздогула "Эсил кайран боорумоойлоп!"
Боздогула, боздогула!
Эми бизде эркиндик жогун ойлоп.

*1990-жыл.*

# ДООМАТ

Шумкардын канаты талып,
Тулпардын туягы жукарып,
Азаматтын эрки жанып,
Атаандаштын колу узарып,
Агалар асаба талашканда,
Жаштар жакалашканда:
Кыйыр бузулаарын,
Кылыч сынаарын,
Каскак жабышаарын,
Кайрат майышаарын,
Ынтымак сөгүлөөрүн,
Ырыс төгүлөөрүн,
Тараза бөксөрөөрүн,
Тагдыр өкчөөлөрүн...
Койчу,
Асабасыз салган айыл
Алаамат күн көрөөрүн,
Баягыда,
Баардыгыбыз чогулган,
Өнөргерлер жыйынында,
Не сен,
Не мен,
Бир өоз айтпаганыбызды кара!

Ааламды сел алса да,
Тууранды оңкулдатпаган,
Туурунду солкулдатпаган,
Калкыңдын кайраты
Айылыңдын айбаты,
Айтылуу асабаң кана, асабаң кана?
Уа, кысталак аа, кысталак аа...
Пендесиң да, пендемин да...

*1986-жыл*

# КӨҢҮЛ АЙТУУ

1984-жылдын 16-декабрында Алма-Атада чоң каргаша болду. 21-декабрда бул ырды жазып, 1993-жылга дейре не Казакстандан, не Кыргызстандан жарыкка чыгара алган жокмун. Биринчи жолу 1993-жылы "Асаба" гезитине басылды. Ыр казак тилине да которулган.

О менин
Ак көңүл, алаңгазар, агажаным!
Ооматың келип, күч алган чакта,
Оозуңдан отуң тутанган чакта,
Асманың жанган жылдызга толуп.
Ай кармап, колуң узарган чакта.
Азыраак көптүң эле
Канаты сынган
Ырысы кыйылган
Тагдыры сыркоо мендейлерге
Тар жолдо кылчайбастан өттүң эле.
Сага ыйык төөнүн сүтүн
Мага ыйык бээнин сүтүн.
Бейчеки тепсендиге төктүң эле...
Колтугу котур ташка шагыр-шугур
Кокуйга ынак болуп кеттиң эле.
Мал эмес, ыгы келсе жаның төшөп,
Мансапка мартабалуу жеттиң эле...
...Укканда мансаптуу мал мертингенин,
Урпагың көк чырпыктай кертилгенин
Ысык каным тоңо түштү
Көңүлдөгү жарык үмүт
Көөдөй кара боло түштү.
Жалпак бетим түгү чыгып,
Кууш көзүм тамчы сыгып,
"Кайраным", – деп сага өкүрдүм.
"Эсилим", – деп мага өкүрдүм.
Экөөбүз тең тирүү туруп...

Себеби: сен көргөндү мен да көргөм,
Сенден мурун о дүйнөгө барып келгем.
Омурткам ката электе, **он алтымда**,
Отуна тозогуңдун жанып келгем.
Кайратым, дилим, тилим, намысымды
Кайнаган казанына салып бергем.
Оозумду жылчыгы жок капкактатып,
Мойнума момундукту тагып келгем.
Канттик эми...
Кеткен келбейт, кемтик толбойт.
Кара башты темир ташка
Кайра-кайра урган менен
Не сен,
Не мен,
**Бир** бүркүмгө келбейбиз,
Ат жылоолоп,
Ата салтын кылган менен.
Сенин пириң өркөчтүү,
Менин пирим **өркөчтүү,**
Эми болбос,
Пейли оңолбос,
Жантак терип оозуна,
Жанталашып сунган менен.
Же болбосо,
Тизе бүгүп, кол куушуруп.
Кошоктошуп,
Шоорат айтып турган менен.
Андан көрө карап көрчү,
Бабалардан калды бекен көрөңгө,
Балдарына тирүү жүргөн,
Бар намысы сынган менен.
Эгер калса – мен өлбөйүн,
Сен дагы өлбө, агажан.
Экөөбүз тең өлбөстөн карыгалы,
Экөөбүз тең өлбөстөн зарыгалы.
Күдөр үзбөй күтөлү үмүт кылып,
Азгыралы ажалды пара сунуп.
Мал берели,

Пул берели,
Арбынырaак өмүр сурап көрөлү...
Башкалардан көбүрөөк жашоого эмес,
Акыр бир күн угууга,
Өлөңүң сенин,
Ырым менин,
Ырларга ыкыбалдуу – теңелгенин.
Көрүүгө,
Көрөңгүдөн чырпык өнүп,
Мейкин талаа Улуу-Тоодо
Чынар болуп көгөргөнүн.
Күтүүгө,
Бактыбызга баатыр Жоомарт,
Кайран Манас,
Кайрадан төрөлгөнүн!

**Он алтымда** – 1916-жылкы орустардын кыргыздарга кыргын салганы айтылып жатат.

**Өркөчтүү** – Горбачев.

# ТИЛЕК

*(Мургаб кыргыздарына)*

Аралап булуттарды басып келдим.
Ак карлуу дабандарды ашып келдим.
Ар жылы дубай салам айтып жүргөн,
Агайын-туугандарга шашып келдим.

Аманбы аты жакшы, кыргыздарым,
Алмамбет, Манас, Чубак, Чыңгыздарым.
Бар болгун – өмүр башат, үйдүн куту,
Байбиче, аяш, жеңе нур кыздарым.

Мекендеп аска боорун, кырдын кырын.
Мезгилге мертиндирбей кыргыз ырын.
Кылычтын мизинде күн көрсө дагы,
Танбаган дилин, тилин, кыргыздыгын.

Элинде эрлери арбын, балбаны бар.
Эмгектен орден-медаль алганы бар.
Акылман же болбосо элдир-селдир,
Айлына бөөдө кырсык салганы бар.

Тагдырдын жазганына моюн сунуп,
Тирүүлүк коломтого колун сунуп,
Башыңа мүшкүл түшүп турса дагы,
Башканы ала жыкпас оюң тунук.

Жалпыңа ак тилегим арнап келдим.
Арноого – амандыкты парлап келдим.

Көрсөтпөй ушул элдин жамандыгын,
“Жөнөт”, – деп жаратканга зарлап келдим.

Үзүр тап эмгегинден териң кургап,
Үмүтү аткарылсын элиң жыргап.
Кылымдын кырсыгынан эсен болсун,
Кыргызым сенин ыйык жериң – Мургап.

*1987-жыл.*

# МЕРТИНҮҮ

Дагы мерчемсиз мертинди белим.
Дагы сынды сыпаттуу кебим.
Кирнелүү көздөн калкалай албадым,
Киндик кан тамган атамын жерин.
Алдырып тындым жалгыз уулумдун,
Жайкалган талаа, сыймалуу төрүн.

Дагы кашайды кашайма көзүм,
Дагы өксүдү каадалуу сөзүм.
Жүдөтүп какатып ар-намысымды,
Жүрөк муздатты ызалуу сезим.
Өбөктөй турган журтум жогунан,
Өчүп келатам өзүмдөн өзүм.

## ТАЛ КАРМАГЫН

Аллага жетпеди окшойт жалбарганың,
Ааламдан өттү көп жыл арбалганың.
Күнкорлук күм-жам болсун дегендериң,
Жер казып, жемиш багып, мал кармагын.
Келатат кылыч суурул кыйын күндөр,
Кыргызым алды-алдыңдан тал кармагын!

## НЕГЕ, НЕГЕ?

Тагдыры төрөлгөндөн азуу жанып,
Тар кыя сапар чектеп катуу багыт.
Теңирден тилеп алган энесине,
Тез эле оо дүйнөнүн мөөрүн тагып.
Атасын андан кийин атказыптыр,
Алыска акыреттик жолго салып.
Ааламдын агын-көгүн биле электе,
Азапты жаадырыптыр долуланып.

Аз күлүп, арбын ыйлап жаагын жанып,
Айылда жездесинин малын багып.
Далбасын тирүүлүктүн кылган экен,
Далай күн суусун алып, отун жагып.
Өңүнө из калтырса, аптап күндөр,
Өпкөсүн ызгаары күч суук кагып.
Кендири кесилиптир кенедейден,
Кээде ток, көбүнесе ачка калып.

Оң келип, Октябрдын шамы жанып,
Опаасыз эски турмуш жаңыланып
Баткысын ачкан дешет орус аял
Байкушту бала кылып багып алып.
Молондоп өсөт коөнү тамга таанып,
Мойнуна кызыл жагоо тагып алып.
Чыйырсыз жолго чыгат жалтанбастан
Чырагын акындыктын жагып алып.

Махабат аптабына күйүп-жанып.
Максатты улуу тоодой үйүп салып.
Чыйралып журттун жүгүн көтөрүнүп.
Чыкканда бабалардын күүсүн кагып.
Капшыты кайран эрдин эңшерилет.
Капилет кабыргадан оору чалып.

Аеосуз жигит мизин кайтарыптыр,
Антташкан жары чанып кетип калып.

Азезил шамшарынын мизин жанып,
Айласы кетип турса заман тарып.
Айрымдар курдаштыкка ниет булгап,
Акындын алды-артына тузак салып.
– "Айраның капкара уюп калыптыр", – деп,
Акылга сыйбай турган айып тагып.
Жылдызын жаңы чыккан өчүрсөк деп,
Жыйнашат ушак айың өлүп-талып.

Чыйралып, эр намысы кайра жанып,
Чыдаптыр барлыгына белин таңып.
Мүрөктүн суусун сунуп – уу бергенге,
Мүдөөсүн аткарыптыр: "миң алданып".
Опол тоо, элдин-журттун заманынын,
Оорусун Ата-Журттун мойнуна алып.
Өзгөгө кыянаттык жасабаптыр.
Өмүрдө наамартчылык ишке барып.

Желаргы шөкүлөсүн чийдин жанып,
Желпинтпесе кыска өмүрдөн кабар салып,
– "Жакшы ырдан мончок таксам жергеме", – деп
Жаш акын тилек кылат кыялданып.
Кагазга түрмөк-түрмөк ыр төгүлөт,
Кадимки саймалуу төр ыраңданып,
Азыр да ал ырлардын келептерин,
Адам жок окубаган кумарданып.

Кебелбей мезгил оту күйүп-жанып,
Кең аалам өркөчтөнөп кээде тарып.
Асмандан очүп-өчүп сансыз жылдыз,
Азаят өмүр дагы суудай агып.
Өтсө да жеке менчик чыйыр менен.
Өзүнө жарашыктуу дүбүрт салып.
Дүрбөлөң түшкөндөр бар өчүрсөк деп,
Дүбүртүн же жылдызын жанып турган.

Жан кыйнап, айлап-жылдап алышканым:
Жандыруу пенделиктин табышмагын.
Эч кимге залалы жок кембагалга,
Эмне үчүн кайып-каскак жабышканын?
Азыр да атын укса кай бирөөлөр,
Сиркеси суу көтөрбөй калышканын?
Жылдызы Алыкулдун чыгаар тушка,
Жылчыксыз парда тартып алышканын?
Мен неге күйүп-түтөп жанып келем?
Мээнетке өз башымды малып келем.
Чек койгон кең ааламга эни кыска,
Чече албай кыргызымдын табышмагын...

# ТАКИЛИП

(Ош облкеңешинин депутатынын кезектеги сессияда сүйлөй турган сөзүнүн тезиси)

Ортак Президентке ысык салам!
Оногу,
Бири кете албай,
Бири жете албай,
Бир үсталды аңдыган эки раискеям...
Депутаттар силер дагы карагыла,
Кажети жок, бөөдө карсек чалбагыла.
А көрөкчө бир таклипти,
Ачык колго салсаңар деймин
Алакан чаап кубалап түшпөй,
Кунт коюп угуп алсаңар деймин.
Мурдагыдай мунасага келип.
Жапатырмак добушубузду берип...
Сыдыковдун көзүн Сыдыковго ойдуралы.
Каргалардан болбогон адамдардын,
Кайнатып шорун той кылалы.
Тажибаевдин тагдырын Тажибаевге калчатып,
Тайлактын кулагын Робага чойдуралы.
Абдыбаит акани адырандатпай,
Абдыракмановду Акматовго сойдуралы.
Ыманын Топчубек айтса,
Айкелин Камилге койдуралы.
Анан дагы,
Масалани кабыргасынан койсок,
Ток этер сөздү айта турган болсок,
Мамыров Капаров менен кагыша берсин.
Дыйканбаев, Бектемиров чабыша берсин.
Ортолоруна от салып туралы,
"Ош аймагы", "КДК" кабыша берсин.
Өөдө-төмөн сөздү ырбатып отурбай,

Өзгөн, Мырза-Аке ажырашып алыша берсин.
Хо-ош,
Мунусун “би-ир” деп туруң...
...Эми экинчисин угуң:
“Ош эле, Ош” деп күпүлдөп жүрүп,
“Хош эле, хош”, – деп дүкүлдөп жүрүп,
Көп иштиb булүнтүп алыппыз, атасынын көрү.
Мисалы, Оштун этеги – Аравандын экен жери.
Ат-Башынын өңүрү – өзүбүздүн Сузактын төрү.
Кара-Кулжадан Алайга ит өтпөй турган,
Таш-Коргон курдурбасак бовой калды эми.
Рыспай өзүнүн элине барып ырдасын.
Бахапова Баткенге депутаттык кылбасын.
Көлдүктүн көзүн тазалаш керек,
Чүйлүк Токмогуна барып жыргасын.
Таластын элине Ташкен менен кетсин.
Кара-Балтага Баткенди айланып өтсүн.
Жон-жонго автоматчиктерди тургузуп,
Ар айыл күсөгөн автономиясына жетсин.
Гүлчөнүн Гимн, Герб, өз туусу болгону түзүк.
Өзгөндүн өөдө аккан өз суусу болгону түзүк.
Мансап майданына ураан чакыргандай.
Майлы-Сайдын суверендүү өз чуусу болгону түзүк.
Эми,
Демократия өчүп кала электе,
Маалымдуулук кетип кала электе,
Кара-Суу Ноокатты экчеп алсын.
Лейлек Фрунзени тепсеп алсын.
Таластын талашмайы бар эле...
Чаткал чапанын бөктөп алсын.
Ала-Бука Караванды жыксын.
Жаңы-Жол Таш-Көмүрдү тытсын.
Көпүрө тосуп, же суу бербей,
Базар-Коргон,
Лениндин кырына чыксын.
Себеби, айта турган арман көп,
Чоочун айылдарга барып,
Чоң кызмат ээлеп алган көп.

Андайдын баарын салыш керек жолго,
Биерден “итиңер чөп жебей калган” деп,
Ар ким өзүнүн көчөсүндө басканы жакшы.
Ар ким өз очогуна кошунанын күлүн тартканы жакшы.
Кыпчыла бербей жаман-жакшы куюшкандарга,
Ардагерлер,
Кампиринин кучагынан чыкпай жатканы жакшы.
Ортак депутаттар!
Эч кандай күлкүсү жок мунун.
Ушунча чыдагандан кийин,
Марттык кылып, аягына чейин угуң.
“Хоп” десеңер таклипти жактыралы.
“Дартиңа – балааси” таяр,
Аткарылышын Ааматов Бегишке тапшыралы.
Хо-ош. Мине дедиңиз?
Ха, убакыт аздыгын өзүмам паамдап турам
Майли эмесе, азыр аягына чыгам.
Акыркы маслаатим сөзүмдүн сонунда.
Арбалып жүргондөргө,
Кайра куруунун кандуу жолунда...
...Базар наркына жараша,
Атанын балага күйбөгөнү жакшы.
Бакыраң көз болбосо да,
Көмпартия “КДКга” тийбегени жакшы.
Ар кыл, ар кыл жыйындарга барып,
Аял-эркек алкынып сүйлөгөнү жакшы.
“Ач кулактан тынч кулак” ийги демекчи.
Алайлык кыздын,
Базар-Коргондук баланы сүйбөгөнү жакшы.
Андан көрө,
Саяк каяктан чыкканын,
Сарбагыш качан Бугуну жыкканын,
Жедигер, Чоңко биригип келип,
Мундузду кантип мушташта утканын,
Мектеп программасына тезирээк кошуш керек.

Курандай жаттап, бежиреп окуш керек.
Жаза тайып, жалгыз күлүк чыкса арабыздан,

Жата калып үркүтүп, эптеп жолун тосуш керек.
Мансаптын бучкагы көрүнсө, атаңа карабай,
Кол эмес, бутту кошуп созуш керек.
Жол астына кудага келмей жок.
Жол үстүнө кыз-кыркын бермей жок.
Оң арыктын сол жагына болсоң,
Оң жагынын отунун термей жок.
Ортактар!
Ушул сессиядан өткөзбөй,
Ак-карабызды иргешип алалы.
Ачык айтышып, сүйлөшүп алалы.
Куушуп жүрүп, курчу жок элдин,
Куураган дарагын "бүрдөтүп" алалы.
Кызыл чеке болушсак дагы,
Кыргыз жергесин "гүлдөтүп" алалы.
Кана, депутаттар, нөөбөт силерде,
Туяк кетилгенче тебишип алалы.
Мүйүздөр сынганча челишип алалы.
Мүлдө кыргызга атыбыз чыксын.
Мүдөөгө жеткиче сөгүшүп алалы.
Торага үстөлү эмес, чокой боону да,
Төркүнгө жараша бөлүшүп алалы...

*1991-жыл.*

# МЕН ГО, МЕН БОЛДУМ ЭЛЕ...

Мен го, мен болдум эле...
Мезгилге чайналып жем болдум эле.
Жалгыздык жаман жаныма батып,
Жашык темирге тең болдум эле.
Текөөрүм сынып, канатым талып,
Тебишкенимден кем болдум эле...

Дайнымды таппай дал болдум эле,
Далайга менчик мал болдум эле.
Тишке чапканга тик карай албас.
Тирүүлөй өлүк жан болду эле.
Беймаал төрөлүп, эрте картайып,
Бели мертинген чал болдум эле.

Мен го, мен болдум эле..
Мезгилге чайналып, жем болдум эле.
Каптал-ооруна калажай толуп,
Касиет качкан жер болдум эле.
Тагдырды дарттан арылтабы деп,
Таянган тоом сен болдуң эле...

А сенин тийбей арактан колун,
Байкай элексиң бараткан жолуң.
Жонуңдан түшпөйт он беш жыл мурун,
Отуз жеринен жаматкан тонуң,
Жатындашыңды жардан кулатуу,
Отурсаң-турсаң ойлогон оюң.

Ынаксың кулагыңды кескендерге,
Ычкырын зайыбыңдын чечкендерге.
Эт тартып, мал энчилеп, конуш бердиң,
Энеңди май куйрукка тепкендерге.
Кыз бердиң, кымыз бердиң, тулпар бердиң,

Кыргыздын туусун жыгып кеткендерге.

Телтеңдеп теңдешиңден жеңил сүйлөп,
Аптыгып айымыңдын кебин сүйлөп,
Акыбет акыретсиз “ИЗМдерге”,
Алы чак, баамы түркөй элиң сүйрөп.
Кашайгыр кайда кетип баратасың.
Кайын журт, тага-жээндериң сүйрөп?

Журт безер жубарымбектин торун кесип,
Жутчулук ташыгандын жолун кесип,
Төрөлсө бир азамат бактыбызга,
Төбөдөн мыкчыгандын колун кесип.
Аркалап чыкса жүгүн карыптыктын.
Калкынын кайнап турган шорун кечип.

Ар жалгап, намыс жалгап чапанына,
Агызбай чалдын жашын сакалына.
Корунтпай кошунасынан, коногунан,
Кошконун кыргызды адам катарына.
Көз көрүп мен да аттансам болот эле,
Аттиң ай, эң акыркы сапарыма.

*1992-жыл*

# МААРАКЕ МАСИЛЭЭТИНЕН РЕПОРТАЖ

– “Анда эмесе,
Ардактуу жакшыларым!
Ар бириңе бул ишти тапшырамын”...
– деди төрага депутаттарга карап,
саргарган чачын салаалап тарап.
– “Азыр минтип,
Жер-жерлерде аш-тойлор берилип атканда,
Жемиш жайнап, арак суудай төгүлүп атканда.
Атың чыккан адамы бар айыл дүңгүрөп,
Азем-каадасы ааламга көрүнүп атканда.
Мал жаныбар дарбыздай союлуп атканда,
Маарakeге калың эле чогулуп атканда.
Манастан кийин өлгөн кыргыз болсо,
Маале-көйгө аттары коюлуп атканда.
Кечээ эле журт башкарган кеменгердин.
Кейпи кетип, эки көзү оюлуп атканда...
Ортоңорго бир масилээт салайын дедим,
Оюңарды шашпай угуп алайын дедим,
Каяша айткандын кабыргасын сөгүп,
Кара башын садага чабайын дедим.
Ырас,
Курманжандай Алайдын даткасы бар экен.
Куйручуктай Жумгалдын кашкасы бар экен.
Таанымалдар Таласта эле туулат имиш.
Алымкулу, Атайы, башкасы да бар экен.
Сүрөп жүрүшкөн Сүйүнбай, Чыңгыз,
Замирбектей жабагы чапмасы бар экен.
Чүй боорунан Шаршен деген куудул чыгыптыр.
Осмонкулдай алп акын, дулдул чыгыптыр.
Кетмен-Төбөдөн кешиксиз кыргызга,
Токтогулдай топ бузар булбул чыгыптыр.

Эми,
Турдакун жүрөт дейт – тууруна жаны ачып.
Мезгилдин ар кыл боегу Медетканга эле жарашып.
Жеңдерин жулуп атактуу кылыптыр.
Аксылыктар Өтөнү Таластан талашып.
"Саруулардын" – Садыр акеси.
Нарындыктын Надыр акеси.
Катуу чыгарды калкынын даңкын
Кара-Суунун  Кадыр акеси.
Кеминдин иттери чөп жеген убак..
Теңирден Аскарды алганы сурап,
Андай уулу жок айыл-кыштактар,
Аты чыкпаса эмине кылат.
Же жердештер,
Ата Журтубуз Кеминден кем беле?
Бабаларыбыз байкушка тең беле?
Бир маараке көтөрө албастан,
Бит санай турган билдин эл беле?
Давайте, мырзалар, ойлонуп көрөлү.
Биз деле элге окшоп береке төгөлү.
Бир адам тапкыла бияктан чыккан,
Бийик абройлуу маараке берели...
Тээтиги тектирде,
Төрт миң боз үйдүн эшиги түрүлүп турсун.
– "Төргө өт", - дешкен кемпир-чал бүгүлүп турсун.
Улуттук кийимчен уздардын миңи,
Улуктар келгенде ийилип турсун.
Ууз дене жумур балтырга,
Урунган көздөр сүйүнүп турсун.
Боз улан буту-бутуна тийбей,
Бозо сунушуп, жүгүрүп турсун.
Акжолтой келин арзууга тунуп,
Кийим-кече кирпик каккандан,
Кимдин-кимдиги билинип турсун.
Жарчылар жамагын кылдап алышсын.
Жалындуу жаштар ырдап алышсын.
Көпкөн жигиттер көбүгүн чыгарып,
Көкбөрү тартып, жыргап алышсын.

... Ушул сыяктуу улуттук оюндардын,
Атадан калган ажайып сонундардын,
Ажарын ачып, “Уюн туудуралы”,
“Чек эчки”, “Дүмпүлдөк”, “Кара коюмдарын”...
Кана мырзалар,
Кимде кандай суроо бар?
Эй, эсепчи Эсенбек!
Эмине сен, калгансыңбы кеселдеп?
Анда үлдүрөбөй микрофонго барбайсыңбы,
Айтаарыңды ортого салбайсыңбы...
– Бир эле суроо бар менде.
– Ко-ош, айтарың эмне?
– Мындай маарекенин малын го, элден табабыз,
Аа...Акчалай каражатын каяктан алабыз?
– Эй, элдир-селдир эстүү деген эсепчим.
Төркүнү жок болчу беле, төрт амалдуу эсептин.
Маселен,
"Көп түкүрсө, көл", – деген,
"Көл толкуса, сел", – деген,
Коен да ачтан өлбөптүр,
Кошулуп жүргөн эл менен.
Колдо бийлик турганда,
Корунат элек эмнеден?
Эл ынтымагын кайрадан жараттыралы,
Жакшы салтын жалпыга тараттыралы.
Түтүн санап түйшүккө салбай элди,
Түктүү – түксүзүн, караштыралы.
Өгүнү, Даанакан айымдын даңкынан,
Аздык кылыптыр, бир дубан элдин тапканы.
Айланып-үйрүлүп Ажодон алыптыр,
Жек -жааттары жетпеген акчаны.
Элтерестин тоюнда кеңешип жакшылар,
Үй башына үч жүз сом салышыптыр.
Женижокту "жээн", – деп, Аксылар.
Жети үйүнөн алты кой алышыптыр.
Куйручукта – куурагыр саяктарың.
Кудуңдашып чырлашып калышыптыр.
Биз эч убак, андайга барбайбыз.

Омуртканы мертинтер, оор салык салбайбыз.
Орус башынан он сомдон артык,
Сокур тыйын дагы соогат албайбыз.
Өзүлөрү билсин кошулар – кошулбасын,
Өзбектердин дүкөнчүсүн гана кармайбыз.
– "Кийиз" – билеги бардыкы!
– деп бизге чейинкилер айткандай:
Бул маараке – кыргыздардыкы!
Андыктан,
Мурут чыкпаган кыргыз болсоң, музоолуу үй төгөсүң.
Сакалсызың меймандарга сарпай саздап келесиң.
Тагынан тайыган такыр баштарың,
Тапкан тутканыңды таразалап көрөсүң.
Желке тазга жүктөлөт – жети согум!
Кийме таздар көтөрсүн кирээнин сомун.
Шалпык ооз, оолукма шайлоочулар,
Шагыл төгүп ондотсун ортонун жолун.
Ушинтип эле бүтө берет көптүн иши,
Тапкыла мындай мааракеге татыктуу киши.
Кана,
Буга не дейсиңер, мырзалар?
– Менде бир таклип бар.
– Ко -ош...
– Көкүмбай деген өтүптүр бизден.
Көкүрөгүнө көп орден тизген.
Атагы абыдан катуу чыккан дейт,
Алтымыш бээден төл алып жүздөн...
– Жо, аныңар болбойт.
Ага азыркылар, аш бере койбойт.
– Анда эмесе,
Өкүмбай деген биздин бир балбан.
Өкмөттөн мактоо кагаздар алган.
Пахтаны багып баладан артык.
Парижге дейре сейилге барган.
– Мунуңар дагы көтөрө албайт,
Мааракени, даңкы таш жарган.
Мырзалар!
Кереги не, кечээки кой баккандардын?

Көөдөнгө көп темир-тезек таккандардын...
Көмүр казып, көбүктөлгөн дайра тосуп.
Көчөлөргө иликтир зым тарткандардын,
Уй кайтарып, жер чукуп, жүгөрү айдап,
Улуктарга илгерки жаккандардын.
А көрөкчө,
Издегиле, илимпоз же акын болсо,
Журт бийлеген жубайсыз катын болсо,
Артист-партист, жазуучу жарай берет,
Атак-даңкы Ажого жакын болсо,
– Андайлар бизден табылбаса керек...
– Акыл калчагыңар жок да, демек?
– Аксакал сиз ойлогондой эмес.
Бизде да бардыр, бираар жарым жүйөөлүү себеп.
– Муну менен эмне дегиң келет?
– Мисалы,
Же "Жибек Жолу" жергебизден өтпөсө,
Же бир жетекчи конуп-түнөп кетпесе.
Кеменгерлер кантип төрөлөт бизден,
Кетменден башкага колубуз жетпесе...
Ушул өңдүү аркыл-аркыл ортодон сөздөр өттү.
Депутаттар дембе-дембе чылым чекти.
Каш карайып калганда көзүн ачкан,
Караш балбанды "сүйлөгүн"! – дешти.
– "Аксакал!" - деди Караш үнүн жасап.
– Жанымдагылар мага айтышып жатат.
Бирөө бир экен бизден чыккан өнөр баңги.
Бирок ал, баш калаада калыптыр жашап.
Кырчаңгы ырларды куп кана жазат имиш,
Кырга айдасаң, ылдый карай качат имиш,
Оңдурбас - оендорду, ноендорду,
Он бөлүк кино тартып жатат имиш.
Ошону сунуш кылгыбыз келет,
Отургандар оң-солун көргүлө ченеп.
Кадырбайүп тасма тарткычты.
Кадырлуу төрага деле тааныса керек...
– Э, кантесиз жарыктык, Караш аке...
Эл күлбөйбү нарк билги чамаңызга?

Кайсы атаңыз аш берип көргөн эле,
Адамына тирүү жүргөн арабызда?
– Аа үкам,
Элбиз го биз дагы, бир эсебин табабыз да...
"Калкыман кагылам" – деп какшанчу элең,
"Кана эми, аткаргын!" – деп барабыз да.
"Аш беребиз, актыкка моюн сун!" – деп,
Айла кетсе, торойто чабабыз да.
"Жалганга мындай адам келбеген" – деп,
Жаш төгүп, боорумойлоп калабыз да...
– Жо- жок.
Анткенде такыр болбой калат.
Ага катышкан адам оңбой калат.
– "Ой, туугандар!
Маарекеге татыктуу бизде бирөө бар.
– Кана, кана... Ким өзү ал?
– Жергебизге бут басып жетпесе да,
Элибизге жуурулуп кетпесе да.
"Аталадык" биз аны жапатырмак,
Алты тамчы мээримин төкпөсө да...
Алтымыш жыл атын анын урунуп келгенбиз.
Сүрөтүнө сүлкүлдөп, сыйынып келгенбиз.
"Лениндиктер аркада калышпайт", - деп,
Окко тосуп көөдөндү кырылып келгенбиз.
Жатып-туруп жарыктык ысым менен,
Жардан кулап жакшы эле, жыгылып келгенбиз.
Азыр,
Орус-кыргыз олуясын чанып атканда.
Осуятын көсөмдүн танып атканда,
Эсиргендер бомбалап туш-тушунан,
Эстелигин Лениндин жарып атканда.
Төңкөрүшпаз өрлөргө жүгүрүп атканда,
Төркүн өтүгү төрлөргө илинип атканда.
Айыл-кыштак алкымдашып эки-экиден,
Агайын-туугандык бүлүнүп атканда.
Оозуна киргенди оттоп оң таппастар,
Ортого от салганга сүйүнүп атканда.
Биз бир мусулманчылык кылбайбызбы,

Мурдагыдай көп элди жыйбайбызбы...
Сөөгү сөпөт болгонду жылдан жылга,
Сөгүп-сөздөй бергенди тыйбайсызбы...
Куран окуп Лениндин арбагына,
"Эсил кайран көсөм", – деп турбайбызбы,
Таш менен урса, анынңар кыргыз дилин,
Арбагын биз аш берип урбайбызбы...
Ошондо,
Оюн-зоок ойдогудай өтөт эле...
Маараке максатына жетет эле.
Төраганы "Ичип-жеп" ийди деген,
Көрө албастын көзү күйүп кетет эле...

Депутаттар,
Ары кетишти, бери кетишти.
Демократтар менен,
Чекишип барып, араң бекишти,
Акыры,
Ачык эле колго салып,
"Соңку сунуш аткарылсын!", – дешишти.

*1992-жыл*

# АТТАН ТҮШ

Алланын сакалын жангансып,
Ааламда сен жалгыз калгансып.
Кутурдуң мынчалык куурагыр,
Куранды кул жумшап алгансып.
Ыманга залакаң тийбесин,
Ыландуу арамза, аттан түш!

Бак карап нур жалгап өткөнсүп,
Башыңа кут шоола сепкенсип.
Оюңа келгенди жасадың,
Опол тоо сен болуп кеткенсип.
Өзгөгө залакаң тийбесин,
Жубармек, арамза, аттан түш!

"Түркүк" – деп дүйнөгө өзүңдү,
Түкүрдүң мазактап сезимди.
Ылгабай ак менен караны
Ыйлаттың жетимди-жесирди.
Калкыма залакаң тийбесин,
Кашайгыр, арамза, аттан түш!

*1998-жыл*

# ТУУРАБЫ МЕНИН АЙТКАНЫМ

*(Бучук молдонун монологу)*

Билинтпей бийлигиме жылып келдим,
Уланган ушак-айың угуп келдим.
Тегиме шек келтирсе терикпестен,
Териме батпас кекти жыйып келдим.
Кан жолдор канат-бутак болгондордун,
Канчасын кара көргө тыгып келдим.
Атейин теңтайлашып кетпесин деп,
Анчасын атаандашка жыгып бердим.
Туурабы?...

Оштуктан оомат качкан баягы деп,
Таластын аткарылды талабы көп.
Нарындык зөөкүрлүгү болгон менен,
Катылбайт кампасында арагы көп.
Көлдүктөр ынтымактуу келишчү эле,
Көптөшүп төө бастыга алабы деп.
Атейин акылчыны кытмыр элден,
Алдырдым жанды сактап калабы деп.
Туурабы?...

Ойготуп ажыдаарды албайлы деп,
Айгайын азаттыктын салбайлы көп.
Оң жактан оолагыраак жүргөнүм чын,
Сол жактын жалаасына калбайлы деп.
Касапчы шамшар шилтеп мал кайгы деп,
Кара эчки качып жүрсө, жан кайгы жеп.
Атейин кагыштырып карап турам,
Бири өлүп, бири тирүү калбайбы деп.
Туурабы?...

Ооматтын оту жанып күйсө экен деп,
Жарыгым жакындарга тийсе экен деп.

Эли эмес кайын журттун итин бактым,
Кармашта мени жактап үрсө экен деп.
Кыргызга кыл кыйшайтпай турганымды,
Кыйышпас кызматташтар билсе экен деп,
Атейин барымтага байлап салдым,
Балдарды баш көтөрбөй жүрсө экен деп.
Туурабы?...

*1994-жыл*

# КАЙДАН КЕЛГЕН?

Биреөгө тармал-турмал чач бериптир,
Биреөгө тайтак-туйтак каш бериптир.
Өмүрүн кээ биреөнүн кыска ченеп,
Биреөгө өтө эле узун жаш бериптир.

"Боор"– деп мансапкорго мактап-сактап,
Боз ала, борчук-борчук таш бериптир,
Малдууга эртели кеч эт чайнатып,
Дандууга күрүч палоо аш бериптир.
Аркалап журттун жүгүн жүрсө экен деп,
Аздарга акыл толгон баш бериптир...

Теңирим баарын кылдат теңдеп келген,
Өз дебей, өзгө дебей өмүр бөлгөн.
Адашып кетет окшойт анда-санда,
Адамга аркыл мүнөз берген жерден.
Мансапка ач кенедей жабышкандар,
Болбосо чыкпайт эле биздин элден...

*1995-жыл*

# ЖУРТУМА ЗАЛАКАҢДЫ ТИЙГИЗБЕГИН

Мен сенин көңүлүңө жакпай турган,
Иш жасап алсам, жасап алгандырмын.
Өзүмдүн намысымды жактай турган,
Өзгөчө өжөрлүктү салгандырмын.
А балким көөдөнүмө батпай турган,
Ызаны көтөрө албай калгандырмын.
Баатырым, өзүмдөн ал кезегинди.
Башкага кара чапан кийгизбегин,
– Оштуктар табамын! – деп эсебиңди!
Журтума залакаңды тийгизбегин.
Оозуман купулуңа толбой турган,
Сөз чыкса – чыкса чыгып кетсе керек.
Оолукма кылдарыңды толгой турган,
Ортодон сөйрүк сөздөр өтсө керек.
Жаныңды жай алдырып койбой турган,
Каңырыш чучугуңа жетсе керек.
Каарыңды төксөң мага төгө бергин.
Мээнеткеч, момун элге тил тийгизбе.
Кармашка камылгаңды көрө бергин.
Колуңдан келсе, мага күн тийгизбе!
Кез-кезде көчө-көйдөн учурашсак,
Кейкейип салам айтпай өткөндүрмүн.
Кежирим кармап калса кучунаштап,
Алкынып атаандашып кеткендирмин.
Ошого кадыр-баркың ысыраптап,
Очогун ойрондотпо өткөн күндүн.
Кегиңди кетпес болсо менден алып,
Келжиреп журтка каргыш салбай жүргүн.
Оозуңдан ак, же кара ит чыгарып,
Ошумдун балакетин албай жүргүн!

*1992-жыл*

## ВИЗИТКА

Таанып ал, тааныбасаң мына мени,
Жашыруун жан эмесмин аты-жөнү.
Урпагы маңкурт болуп келе жаткан,
Өтүшкөн маңкурт болуп ата-теги.
Малга бай, арга жарды, мансапка ынак,
Мен болом – маңкурттардын маңкуртбеги.

Кабынан качып турган желиндери,
Кара-көк, кызыл-сары эриндери.
Ырга бат, ычкыры элпек, шыпты кашка,
Кылыктуу кыркма чач кыз-келиндери.
Журту эмес жубайына ээлиги жок,
Мен болом – маңкурттардын маңкуртбеги.

Олжосу оозунгандын ыйык жери,
Орус сийдик жыттанган тунук көлү.
Кадыры кандек, бульдог итчелик жок,
Карыбы баш калаанын бакыр эли.
Кайратын жубан кылган касташканы,
Мен болом – маңкурттардын маңкуртбеги.

Арданба "синдим", – десем иним сени,
"Кемпир", – деп кемсинте бер сен да мени.
Каадалан, каадаланба кандуу жолдо,
Калктанбыз катын намыс эркектери.
Сен болсоң – Маңкуртаалы же Маңкуртбай
Мен болом –маңкурттардын маңкуртбеги..

*1991-жыл*

## ЗАЛДА ОТУРГАН ЗАМАНДАШЫМА

Ырымдын жаманы бар, жакшысы бар.
Ийниме кызыл кымкап жапчусу бар.
Мокочо издегендер өлүп-талып,
Мойнума ар кыл айып такчусу бар.
Селкинин көзү менен окуп көрсө,
Сезимге арзуу шамын жакчусу бар.

Сөзүмдүн чындыгы бар, жалганы бар.
Сөйрүйүп өксүп кээде калганы бар.
– "Тилиңе тибиртке чык", – дегендердин,
Тилегин таш каптырып салганы бар.
Көө шыбап көңүлдөшүн көргө түрткөн,
Көптөрдүн көзүн чукуп алганы бар.

Мүнөзүм жумшак сары майдай эмес.
Кыялым кысыр эмди тайдай эмес.
Сезгенбес сенектиктин илебинен,
Сезимим суусу качкан сайдай эмес.
Көөнөрбөс мезгилдердин капшабынан,
Көңүлүм көлөкөлүү жайдан эмес.

Билбестен кандай суроо берилээрин,
Көзүмө эмне шумдук көрүнөөрүн.
Кежендеп кежирлигим кармап калса,
Кешигим кечикпестен төгүлөөрүн.
Оолугуп чыгып алдым алдыңарга,
Ойлонбой кабыргамдын сөгүлөөрүн.

Мейли эми, жалгыз башка жалгыз өлүм,
Шыбагам ушул тура өзү менин.
Көңүлүн көтөрүп кой улугундун,

Көө шыбап жеткизсең да айткан кебим.
Макулмун атканыңа, сатканыңа,
Мартабаң өөдөлөсө болду сенин.

*1993-жыл*

*"Алдууга тизе бүгүп, таазим этип,*
*Алсыздын кургатпадың аккан жашын.*
*Тагдырын адамзаттын камчыланып,*
*О заман, кайда шашып баратасың?".*

*А. Осмонов*

## ЗАМАНА

Урпактар ата салтын чанат окшойт,
Уул-кыз уйга жүгөн салат окшойт.
Селкилер сезим төшөп көчө-көйдө,
Серектеп көзүн сатып калат окшойт.

Сойкунун шам чырагы жанат окшойт.
Сокурлар соодадан көз табат окшойт.
Эпсиздер экини төрт кыла албаган,
Энеден туума бойдон калат окшойт.

Көптөрдүн көзүнөн жаш тамат окшойт,
Көңүлдөр көчкөн журттай калат окшойт.
Эркектик касиети аз, акчасы көп,
Эсирген эки катын алат окшойт.

Кыйдынын кырчаңгысы канат окшойт,
Кыйырга кыйла бүлүк салат окшойт.
Куурайын, кумалагын бөлүшө албай,
Кудалар кубалашып калат окшойт.

Окуунун ооматы ылдый агат окшойт,
Он жылдык дарбазасын жабат окшойт.
Базарга бар тапканын алып-сатып,
Балдар да чүкө ойнобой калат окшойт.

Жокчулук дилге каргы тагат окшойт,
Жон тери жаш-карыга жабат окшойт.
Кыйыры, кызыл тили басмырланып,
Кыйлалар кыргыз болбой калат окшойт.

*1992-жыл.*

# АЙЫЛЫМА

Кир төккөн айылыма чанда келем,
Киндиктеш агайынды чанда көрөм.
Адашып мен силердин араңардан,
Алыста жашап калсам кантмек элем?

Келгенде кээде боз ат минип келем,
Кээде ыйлап, кээде күлүп, жыргап келем.
Кээде жөө, кээде эшекчен, кээ мезгилде,
Бозоруп боорум менен жылып келем.

Келатып сураганым, тилегеним,
Кешиги кемибестен жүрөбү элим?
Болсо экен аман-эсен малы-жаны,
Чырпыгы чыгымдалбай ирегенин.

Иттери карс-карс үрүп чыгышса экен,
Балдары оюн-күлкү курушса экен.
Чалдары чайга тоюп, сакал жанып,
Айлыма айбат болуп турушса экен.

Уздардын кыркылбастан узун чачы,
Убайга малынбастан улан башы.
Айланып-үйрүлүшүп чыгышса экен,
Акпастан апалардын ачуу жашы.

Ар кимдин аман болуп үй-бүлөсү,
Аз ыйлап, арбынырaak күлгүлөчү,
Доо кетсе элдигине, жердигине
Дооронбек кыйналаарын билгилечи.
Акыры араңарга кошулганча
Агайын аман-эсен жүргүлөчү.

*1980-жыл*

# АТАМДЫН МҮРЗӨСҮНӨ

Жамынып боору муздак кара жерди,
Сагынып жаткандырсың тууган элди.
Мүрзөңө ызаат төгүп кетейин деп
Мүнөзү жайдакталган уулуң келди.

Атайын акыл сурап келдим сага
Атаке бир ылаажы тапчы кана...
Айылдын, ата-журттун, агайындын,
Азабын тарттын беле күйүп жана?

Жалгыздык кендириңди кесчү беле?
Жакынын кыянаттык этчү беле?
Кызматка минип жүргөн кызыл атың,
Кыядан ташыркабай өтчү беле?

Ал кезде пахта план толчу беле?
Агроном, бригадирлер болчу беле?
Ката элек кабыргасы уул-кызды,
Кашайтып ишке салып койчу беле?

Теңириң берчү беле тилегиңди?
Теңтайлаш талытчубу билегиңди?
Таалайы тайызыраак кыз-кыркындын,
Тагдыры эзчү беле жүрөгүңдү?

Көп беле инилериң жакшы көргөн?
Көрөркөз айымдарың энчи бөлгөн?
Бел кылар агаларың арбын беле,
Бейишиң, тозогуңду тең көтөргөн?

Түйшүгү бул өмүрдүн улам жаңы,
Түгөнбөй түйдөктөлөт дагы-дагы...

Ченебей баарын мага таштаптырсың,
Чече албай арбыды го, чачтын агы...

Азыр мен сенден улуу болсом дагы
Алдыга улуу максат койсом дагы.
Атаке, сенден башка бараарым жок
Айтканым угуп-укпай койсоң дагы...

Жамынып боору муздак кара жерди,
Сагынып жаткандырсың туугаи элди.
Өзөгү карарганда бедел тутуп,
Өзүндөн картайыңкы балаң келди.

*1985-жыл*

# АСЫЛДАРЫМ

Кыйышпас курбу-курдаш, асылдарым,
Кызматташ кыял-көөнү жакындарым.
Өнөрлөш: артист, ырчы, композитор,
Өмүрлөш: жазма, төкмө акындарым.

Улуулар инилешип милдет таккан,
Уулдар ийменишип агайлашкан.
Селкилер секин аста учкун төгүп,
Сезимдин эң алгачкы отун жаккан.

Алыска максат коюп болжошконум,
Аласа, бересеси жок досторум.
Бабанын салтын гана сакташ үчүн
Баш ийкеп учурашчу жолдошторум.

Ортактар бир аз көңүл бөлгүлөчү,
Оюмду, менин да угуп көргүлөчү...
Мазасы барбы жокпу, айтаарым бар,
Мага да сөз кезегин бергилечи?

Кут болсун, поэмаңар, дастаныңар,
Кумарлуу – повесть, роман жазганыңар.
Кыргызга атак жыйнап жер бетинен
Кызыктуу кинолорду тартканыңар.

Жайы-кышы төрт түлүк мал бакканыңар,
Жарышып жердин сырын ачканыңар.
Кубаттуу техниканы ийге салып,
Кут болсун, орден-медаль тakканыңар.

Көз артып, башка конгон багыңарга.
Көрүнөө кара санап малыңарга,
Дегеле тийишпейин мен силердин,

Доо – дарак, короо-сарай тамыңарга...

Кежигем курушпасын ырыңарга,
Кежеңдеп кошулбайын чырыңарга,
Капыстан күбө болуп калсам дагы,
Качайын аралашпай сырыңарга...

Кайгырбайм, араңарга албасаңар,
Кайылмын, ашка кашык салбасаңар,
Эл-журтка энчи бөлгөн жыйындарга,
Мейлиңер, мени ээрчитип барбасаңар...

Көрөт дейт пешенеге жазылганын,
Көр пенде карч урса да асыл жанын,
Тургандыр мага дагы буйруганы.
Туугандар, туурума катылбагын!

Эч кимден карыз албай акыл жагын,
Энчиңе эч кимиңдин катылбадым.
Өзүмдүн киндигимди өзүм кесип,
Өзүмдүн тагдырымды такымдадым.

Өрүшүм кирдеткенге шашылбагын,
Өзүмдөн алгылачы акың барың.
Чырмайып көр оокаттын жайын кылсам,
Чыйрыгып калмайы бар "жакындарым".
– "Карасарт өлбөдү!", – деп күйүп-бышып.
Кайгырбай жүргүлөчү, асылдарым...

*1986-жыл*

# ТАГДЫРЫМА

Өкчөдүң өөдө-төмөн, оңду-солду,
Өрттөдүң өрүшүмдү кестиң жолду,
Өзүмчө чыйыр таап кетээримде,
Чырмадың чылбыр менен буту-колду,
Ааламга адам болуп жаралганы,
Аркалап келатамын азап-шорду.
Билбедим агын-көгүн чырайыңдын,
Туйбадым барын-жогун ырайыңдын.
Өзүңдөн тирүүлүктө тийген энчим,
Түрмөгү түгөнбөгөн убайымдын.
Тыйбаган "акты" "кара" демейиңди,
Калп окшойт калыстыгы кудайыңдын.

Баш урдум, тагдырлыгын танган жокмун,
Бактыңа канып маңдай жарган жокмун.
Жамандык жаадырсаң да айлап-жылдап,
Майыштым, бирок сынып калган жокмун.
Өмүрдү кызмат, перзент, кадыр-баркты,
Өзүңдөн кайыр сурап алган жокмун.

Кайыптан тапкан жокмун алган жарды,
Карч урдум бардыгы үчүн кара жанды.
Көз нурум, көп үмүтүм, күлгүн кезим,
Көөнөрүп белде калды, жолдо калды.
Жакшы эле кыйып келдиң ырысымды,
Же дагы тарткыза элек шоруң барбы?
Өзөктүн өртү күйүп-жана электе,
Өмүргө мезгил кишен сала электе.
Алып кал акың болсо кечикпестен.
Акылдан, алдан-күчтөн кала электе.
Бактысын мен деп жүргөн сары катын,
Башына кара жоолук сала электе.

*1987-жыл*

# МЕНИН ЖАЗАМ

Ырдасам "Кыргыз элдин кыраaны", – деп,
"Балдары баатырлардын чыгааны", – деп,
– "Кыздары кыйгыл журттун көрөңгөсүн,
Кылымдан кылым сактап тураары", – деп.
*Кыйлалар "ырас",– деди.*
*Кыз-келин "чунак", – деди.*
*Партия каарын төгүп,*
*"Паразит", враг, – деди.*
*Орустар ормоюшуп,*
*"Обычный дурак", – деди.*

Ыйласам "Кыргыз элдин кору экен", – деп,
– "Маңкурттук мандайдагы шору экен", – деп.
– "Күчтүүгө күлө карап, жанын төшөп,
Күн көрмөк журттун баскан жолу экен", – деп,
*Сынтаккан "жаман", – деди,*
*– "Сый-урмат тамам", – деди.*
*Партия титиреңдеп,*
*– "Тишиңди кагам", – деди.*
*Орустар ороңдошуп, —*
*"Обычный баран", – деди.*

Көп кыргыз көтөрүлүп сүйлөгөнүн,
Көөдөнү көңдөйлүгүн билбегенин,
Мурдуна бок сүйкөтүп жылдан-жылга,
Жүргөнүн көрдүм, бирок үндөбөдүм...
*Байбичем – "торпок", – деди.*
*Башкалар "чоркок", – деди.*
*Тагынан тайыгандар.*
*– "Тагдырлаш болсок", – деди.*
*Баарынан катуу жаза –*
*Балам мени "Коркок!", – деди.*

*1988-жыл*

# АТА-ЖУРТ ЖЕТИМ КАЛАТ

Кезинде өргөө кылдап конгон элден,
Кешиги кыйлага азык болгон элден,
Үркөрдөй үч-төрт үйлүү Апыртанда,
Калыптыр күңгөй-тескей толгон элден.

Кыздары эр этектеп тарап кетип,
Балдары башка иштерге жарап кетип.
Кемпир-чал журт кайтарып отурушат.
Кыйла жан кыбыланы карап кетип.

Энелер от жагышса эрте туруп.
Кыйкырса Маматкадыр кырга чыгып.
Маамытбек козу өңөрүп келе берет,
Айылда мейман барын болжол кылып.

Баракан бакырса эгер ылдый карап,
Өмүрзак өлүп-талып жанын сабап.
Артынып азык-оокат жетип келет,
Калса да Масыдагы базар тарап.

Жамандык-жакшылыкта түтүн санап.
Жарымжан, мунжу, аксагын бүтүн санап.
– "Чамабыз чагыраак", – деп жер карабайт,
Чал-чабыр, кемпир-кесек күчүн санап.

Андайда асман-жерге кабар тарап,
Жакынга жаш балдары кунан чабат.
"Тойго же тажияга келгиле", – деп,
Тозуган урпактарын топтоп алат.

Басыгын мезгил улам чамдай келет,
Карылар каадасынан жанбай келет.

Солкулдап бели ийилип турса дагы,
Элчилик, журтчулуктан калбай келет.

Ак басып жылдан-жылга сакалдары,
Көөнөрүп көйнөк-кече, чапандары.
Кайгыртат кайран гана асылдардын,
Картайып бараткани сапарлары.

Уул-кыз ушул жерден кеткен тарап,
Уккула жарыямды жарым сабак.
Ар жакта азган-тозгон чогулбасак,
Ата журт акыр бир күн жетим калат.

*1988-жыл.*

# АРМАН

Ааламдын агын-көгүн иргей албай.
Ата Журт ыргактарын түрдөй албай.
Боз улан тилектерим бүчүр байлап.
Бозоруп кала берди бүрдөй албай.

Кыялдын кызыл атын темине албай,
Кыйырга ак таң болуп сөгүлө албай.
Кер мурут эңсөөлөрүм тамчы сыгып
Кейиште кете берди төгүлө албай.

Алкынып аламанга чабыла албай,
Булкунуп буураkандап агыла албай.
Өнөрүм өксүп калды, өксүп калды,
Өмүргө чырак болуп жагыла албай.

Басыгым баштагыдан чаңы азайып,
Баратат үмүттөрдүн таңы азайып.
Кабагым – кашым дебей кете аламын,
Калса эгер тирүүлүктүн шамы азайып.
Кайгырам жалгыз гана калаарына,
Калкымдын бир кыргызга саны азайып.

*1989-жыл*

# СОНУНУМ

Тузун татып батман-батман шорумун,
Туусун кармап бороон-чапкын жолумун.
Турмушума тутка болуп келесин.
Туңгуч арзып алган жарым, Сонунум.

Кежирленсе кээде кыял-жоругум,
Кетмейи бар зөөкүрлөнүп колумун.
Келатасың черттирбестен чекеңе,
Кең пейилдүү кечиримдүү, Сонунум.

Эч ким билбейт төркүнүн бар-жогумун.
Эсеби так алган айлык сомумун,
Элчиликтен келатасың чыгарбай
Эстүү зайып, эптүү зайып, Сонунум.

Тоңмоюн эл, тоолуктардын шогумун.
Токтоолуктан бүтсө керек болумуң.
Тоотпостон ушак–айың сөздөрдү,
Тоодой жөлөк болдуң мага, Сонунум.

Башаты ырыс бардык тилек оюңун,
Бармак менен кут жыйнаган колуңун.
Балдарымдын үстү бүтүн, карды ток.
Баарыбыздын банкирибиз, Сонунум.

Ылайлатпай жубайлыктын коругун,
Ыдыратпай тигиштерин тонумун.
Ысык-суук тагдырымды бөлүштүң,
Ыраазымын, ынак түгөй, Сонунум.

Сары кырдан аксап түшсө чобуруң,
Салты ошондой айгашка өмүр жолунун.
Сапар карып келатканга кейибе,
Сарамжалым сары катын момунум.

*1939-жыл*

# УУЛУМА

Акчаны абдан кор кармаптырмын,
Агызып тапсам дагы маңдай терим.
Жарыган дүйнө басып албаптырмын
Малымдын мааниси жок, бирин-серин.
Асылташ алтын-күмүш алам десе,
Апаңды акырайып караар элем.
Дубалга килем-кечек тагам десе,
Дулдуюп дудук болуп калаар элем.

Энчилеп эмеректин жалтырагын,
Сандыкка салбаптырбыз өлүп-тала,
Эми мен сага мурас калтыраарым,
Эзелки бабалардын ыры гана.
Жылдызың күңүрт жанып ылдыйланып,
Ойт берип тагдыр чанып турган кезде.
Оозуңдан же болбосо от тутанып,
Ооматың келсе да ушул ырларды эсте:
*..."Бул дүйнөдө не болбойт?*
*Жар куланып суу болбойт.*
*Жалгыз өлсө чуу болбойт.*
*Жуусаң да нурга, журтуна*
*Жугумсуз жигит туу болбойт.*
*Көлчүк толкуп көл болбойт.*
*Көп жамгырсыз сел болбойт.*
*Жакшысы арбын болсо да,*
*Жаманы жок эл болбойт.*
*Калемпир ачуу туз болбойт.*
*Катын кыңшып кыз болбойт.*
*Абийирлүү жигиттин,*
*Алганы ымансыз болбойт.*

*Бул дүйнөдө неде арман?*
*Булуттар менен баспашып.*

*Буулугуп аткан таңда арман*
*Чабылган балта бооруна,*
*Чала жан дарак талда арман.*
*Кемпиринен айрылып,*
*Кейиште жүргөн чалда арман.*
*Ай-жылдызы чыкпаса,*
*Асманы кара түндө арман.*
*Абазын эч ким укпаса,*
*Аргендей кооз үндө арман.*
*Туңгуюкка туш болуп,*
*Тутулуп турган күндө арман.*
*Бул дүйнөдө не карып?*
*Өзөгү жанган эр карып.*
*Өрт чалган кара жер карып.*
*Кербени чубап өтпөсө,*
*Керилип жаткан чал карып.*
*Мерчемдүү жерге жетпесе,*
*Мээлүндөп соккон жел карып.*
*Өрүшү малга толбосо,*
*Өрөөнү кенен төр карып.*
*Ак куулар учуп конбосо,*
*Айдыңы чалкар көл карып.*
*Улугу ойчул болбосо,*
*Убара тарткан эл карып..."*
Мен өзүм кеч тааныдым бул чындыкты.
Атадан акыл айтаар эрте калып.
Мерчемге жетээримде кайра ыргытты,
Мезгилим өмүрүмө кишен салып.

Билип ал ыр маанисин акыл калчап,
Каралдым, катуу багыт кан жолдосуң.
Буулугуп турганыңда атың чарчап,
Бул накыл сүрөп кетээр жан жолдошуң.

*1989-жыл*

# ЧОЛОКТУК

Досума жаба турган тонум чолок.
Касыма каруу шилтээр колум чолок.
Башканы "жүр" дей албай жалтанганым,
Өзүмдүн бара жаткан жолум чолок.

Өлчөлүү өнөргерлик күнүм чолок.
Табым жок, тагдыр сыркоо, билим чолок.
Көңүлдүн көксөгөнүн айта албастан,
Көмүскө сүйлөп калган тилим чолок.

Ой чолок, бой да ошондой, көңүл чолок,
Жаш тилек, картаң үмүт, өмүр чолок.
Кантейин шыбагамды бул турмуштан,
Жаратып койгон болсо теңир чолок.

Менин го тагдырымдын чолоктошу,
Ашмалтай ар-намысым шолоктошу,
Журтум деп жанын сайган жаш балдарга,
Жараткан, чолоктугуң жолотпочу...

*1990-жыл*

## КОТУР ЫР

Кемпирим кээде мени жемеге алат.
– "Котур ыр жазганыңды токтоткун!", – деп.
Сезимтал кылдарымдан кыйкым табат
– "Сен дагы башкаларга окшошкун!", – деп.

– "Бейчеки белгилерди тагынганча,
Жакандан жагоо үзбөй жүрсөңчү!", – дейт.
– "Калкыңа кайра-кайра жалынганча,
Кардыңдын ач калаарын билсенчи!", – дейт.

– "Элге окшоп жокту-барга кагыштырып,
Эртеңки оокат жайың кылсаңчы!", – дейт.
– "Албагын ар кимдерди чабыштырып,
Ээнбаш ойлоруңду тыйсаңчы!", – дейт.

– "Оруска катылганың токтотпосоң,
Омуртқаң сынып ойрон болуп жүрбө.
Батыраак башкаларга окшошпосоң,
Баландын багын байлап коюп жүрбө!

Кашка баш кайнаганын тилин алып,
Азайткын партияны сөккөнүңдү.
"Көбүрөөк жаз", – деди го өлүп-талып,
Келинге канча ыр жазып жеткениңди".

Эрте-кеч ушул өңдүү сөздөр угуп,
Кайратым жанып келет барган сайын.
Өзүм да кээде корком эсим чыгып,
Өлүмдөн мезгил кабар салган сайын.

# ҮЗҮР СУРОО

Башың-баш, багалчагың кара таштан,
Батчагар барга айдаса, жокко качкан,
Кан жолдо канжыгадан жолугарбыз,
Кайрымсыз апат күнгө бара жатсаң.

Кезинде мени белге тепкен кыргыз,
Кемсинтип кешигимди төккөн кыргыз.
Кыжаалат болуп турсам атым чарчап,
Кылчайып карап койбой өткөн кыргыз.

Өтүгүн өнөргердин чечкен кыргыз,
Манчыркап мансабына кеткен кыргыз.
"Оозуңа келгенди оттоп сүйлөбө" , – деп,
Оройдоп сакалдуусун сөккөн кыргыз.

Бозоруп жолдо калсам, боорун тырмап,
Борсулдап күлгөн кыргыз жаны жыргап,
Ырысын кыйган далай ынагынын,
Ыбырсып, ыман-дилге ниет булгап.

Ар жерге айылчылап барган кыргыз,
Ар кимден карыз-коола алган кыргыз.
Балтыр эт байлана элек ымыркайын,
Бага албай, башы айланып калган кыргыз.

"Бийлик", – деп, бир тууганын аткан кыргыз,
"Мансап", – деп, максатташын саткан кыргыз,
Жардынын чокой боосун бөлүшө албай,
Жагжандап жакалашып жаткан кыргыз.

Оолукма, опур-топур  кара кыргыз,
Орусча түш жооруган  чала кыргыз.

Кыйтыйып жумуртканын кырын тапкан,
Кылтакчы кызыталак ала кыргыз.

Калчаган журт тагдырын кашка кыргыз.
Калкынан ой-максаты башка кыргыз.
Өйдө-ылдый, өөдүк-сөөдүк табылгасын,
Өзгөгө таңуулаган шашма кыргыз.

Турамын үзүр сурап баарыңардан.
Чал-чабыр, кемпир-кесек, карыңардан.
Бийликтин "талпагына" минип алган,
Мине элек бозой-уландарыңардан.

Карыптык башка түшүп, заман тарып,
Кайрадан эски жара жаңыланып,
Бейдарек белде калсам ач-жылаңач,
Солкулдап сокур көздөн жаш чыгарып.

Таарынбайм таскактатып өткөнүнө,
Арданбайм арзан сатып кеткенине.
"Ашмалтай ата мурас шыбагам", – деп,
Кейибейм кендиримди кескениңе.

Кайылмын кабыргамды сөккөнүңө,
Үшкүрбөйм үмүт оту өчкөнүнө.
Мазактап сакалымды, чапанымды,
Макулмун максатыңа жеткениңе.

Алкайын ак тилектен бата кылып,
Тартайын азабыңды таңда туруп.
Өзүңө өмүр сурап, өрүш сурап,
Өтөйүн жаратканга кулдук уруп.

Эгер сен эл мүдөөсүн самай алсаң,
Ааламга адил тиктеп карай алсаң.
Жалтанбай Ата Журттун ар намысын,
Жалаадан сактаганга жарай алсаң.

*1992-жыл*

# АТАМДЫН АРБАГЫНА

Ай батып акыркы таң атканына,
Апамдын аза шам жакканына...
Жакында кырк жыл толот экен ата,
Жамынып кара жерди жатканыңа.

Тагдырдын сызгырылып аптабына,
Тайгылып кээде көк муз, ак карына.
Балтыр эт байлап алды бала-чакаң,
Багынбай турмуш кыйнап жатканына.

Чалынбай чатактуунун капканына,
Жалынбай жар-жоронун акмагына.
Жетилип уул-кызың өнүп-өстү,
Жеңдирбей жетимдиктин капшабына.

– "Эми биз элге кызмат кылалык көп,
Журт менен жуурулушуп туралык", – деп.
Бел чечип бетме-бетке кирип кетти,
Бешикте калган уулуң – Кубанычбек.

А бирок, жолу шыдыр болбой турат,
Сапарлаш санагына толбой турат.
Ак союл, көк союлун сороктотуп,
Атаке "ожурайың" оңбой турат.

Тууганың түтүн башын тактап жүрөт,
Туйгунуң туу чокуну чактап жүрөт.
Алдына аламандын чыкса дагы,
Айгашка аргымагы аксап жүрөт.

– "Элимдин ыркын бузуп албайын"– деп,
– "Эрлерди эрегишке салбайын"– деп.

Уу жутуп, уйку көрбөй отурамын,
– "Уруунун убалына калбайын" – деп.

Туягы тулпарымдын жооруп турат,
Тууганым туш-тушумдан тооруп турат.
Чайнасам оң бармакты быркырата,
Зыркырап сол бармагым ооруп турат.

Атаке бир козголуп көрбөйсүңбү...
Айлыңа ат бастырып келбейсиңби.
Алдында аламандын бара жаткан
Уулуңа учкай жардам бербейсиңби...

Анда эле балаң кырдан ашып кетмек,
Күркүрөп күч-кубаты ташып кетмек.
Арбагың анча-мынча сүрөп койсо,
Такымга таймашканын басып кетмек.

*Масы айылы,*
*1994-жылдын 25-октябры*

# ЖАЛГЫЗДЫН ЖАРЫ КУДАЙ

Мүшөктөп үй башына ун бөлө албайм,
Пачкелеп чай таркатып пул бере албайм.
– "Малынтып май талканга коемун!" – деп,
Мактанып мансап күтүп күн көрө албайм.

Тууганга туура сүйлөп, чынымды айтып,
Көй-көйлүү көңүлдөгү сырымды айтып.
Журт менен жуурулушуп кетсем болду,
Укканга узун сабак ырымды айтып.

Тамым жок кабат-кабат көк тиреген,
Малым жок мааракеге жетти деген.
Жол салып, мектеп куруп бере турган,
Алым жок ашып-ташып кетти деген.

Чет элдик машине жок мингениме,
Өгүз жок өөдө-төмөн жүргөнүмө.
Ат таппай анда-санда айлыңарга,
Эшекчен келип калсам күлбөгүлө.

Мал – пулдун мааниси жок болгон менен,
Майышпас кайратка ээлик кылып келем.
Кыйланын кылыч мизин майтарсам да,
Кыргызга кынк этпестен сынып берем.

Кайгырбайм капчыгымдын боштугуна,
Өкүнбөйм өлүү дүйнөм жоктугуна.
Калкымдын катарында жүрсөм болду,
Кайылмын кардымдын ач-токтугуна.

Жууруп көр журтчулуктун камырына,
Батынсаң балта чапкын тамырыма.

А бирок, күйүп кетсең таарынмай жок,
Жалтанбас жүрөгүмдүн жалынына.

Баш ийсем баба мыйзам ченемине,
– "Балабыз байкуш экен", – дебегиле.
"Жалгыздын жары кудай" экендиги,
Чын болсо, жарайм дагы керегиңе.

*Декабрь, 1994-жыл*

# ЭСТҮҮҢ ЭЛДИН КАМЫН КӨРГҮЛӨЧҮ

Жакадан алып турса жакырчылык,
Жамбаштан чалып турса бакырчылык.
Акыйнек айтыштырып жар-жорону,
Алыстап бара жатса жакынчылык...
*Кокуйдун эңсеп турган оюнчугун,*
*Колуна кошмоктотуп бергилечи.*
*Кайбарың референдеп отурганда,*
*Калганың калктын камын көргүлөчү...*
Базарда кыргыз перзент сатып жүрсө,
Баласы атасынан качып жүрсө.
Эңсеси кеткен зайып жокчулуктан,
Этегин акчалууга ачып жүрсө...
*Жалжаке жакшы көргөн оюнчукту,*
*Жакадан терип келип бергилечи.*
*Эсирип референдеп отурганда,*
*Эстүүң элдин камын көргүлөчү...*
Аксакал ачкалыктан чөгүп жатса,
Көксакал көрбөгөндү көрүп жатса.
Ымыркай ыйлаганга алы келбей,
Ылайка сууларга агып өлүп жатса...
*Кыйдыны кызыктырган оюнчукту,*
*Кыр-кырдан терип келип бергилечи.*
*Бачвагар референдеп отурганда,*
*Башкаңар журттун камын көргүлөчү...*

*1995-жыл*

**"...Айбыгып качсам душмандан,**
**Артымдан элим каргасын"...**

*"Жоокердин анты",*
*Ж.Бөкөнбаев, 1942-жыл*

# АЗЫРКЫНЫН АНТЫ

Кыргызга ниет булгасам,
Кылымдар мени каргасын.
Түпкүрдө жатсам жалдырап,
Түгөйүм тартып албасын.
Чыркырап таппай калайын,
Чымындай жандын аргасын!

Качырсам жердин кунарын,
Кабыргам бирден сөгүлсүн.
Ыманын чалдын күйгүзсөм,
Ырысым жерге төгүлсүн.
Балдардан өмүр талашсам,
Башыма балээ көрүнсүн!

Кызылын журттун чокусам,
Кыйрасын тилек ойлорум.
Кыйноодо жатсам, замандаш,
Кылчайып карап койбогун.
Наалаты чапан кийгизсин,
Наамарттык жасап койгонум!

*1995-жыл*

## АРБАШАМ АЖАЛ МЕНЕН

Көрүүдөн оомат шоола төгүп турса,
"Кел–келим" кеч болсо да келип турса.
Кантип мен катуу багыт иштен качам,
Каадалуу журт батасын берип турса?

Талашпайм. Жалгыз башка – жалгыз өлүм.
Болсо да тарткылыгым ушул менин.
Арбашам ажал менен адам тургай,
Андайга аттандырса "кайран элим".

Жалгыздык жанга батып турса дагы,
Жар – жором кыянаттык кылса дагы.
Тайгылбайм бара жаткан багытымдан,
Таш менен аш бергеним урса дагы.

Тилек бар туу чокуну ашсам деген,
Тирүүгө ырыс кешик чачсам деген.
Бозорткон кызылы мол кыргыз жүзүн,
Кыйдыны бир такымга бассам деген.

*1996-жыл*

# ЖАНЫ КАШАЙГАНДЫН КАЯШАСЫ

Ал ырас.
Талашым жок.
Баатырдын жериненсиң,
Бабанын элиненсиң.
Береке – байлыгы арбын,
Бейиштин төрүнөнсүң.
Менден жаш,
Менден эстүү.
Менден кыйтыр,
Менден эптүү.
Менден алдуу.
Менден малдуу.
Атасы арбын,
Тагасы тамдуу.
Жездеси мол.
Жек-жааты зор экениңди мойнума алам.
Танбаймын.
Талашпаймын.
Тараганын Манастан сенин бардык ата-бабаң.
А бирок мени деле,
Жаратыптыр жарык дүйнөгө,
Жааңгер болбосо да тарыхтагы,
Би-ир,
Акылга дыйкан абройлуу адам.
А сен кысталак,
Жыл айлантпай "сабагымды" жаттап,
Ай айлантпай сакалымды мазактап.
Оолукканда оң жагыма тузак салып,
Соолукканда сол капшытка канжар малып.
Эмнегедир,
Өзүңдөн өзүң кучунаштап,

Өмүрүңдү "жөн эле" ысыраптап.
Чунаңдайсың маал-маал чуу чыгарып.
Же мен сенин.
Ат бастырып айылыңа барбасам,
Агайын – тууганарыңдан,
Акча – пул карыз албасам.
Аягыңды көнтөрүп,
Айраныңды ичпесем.
Айлуу – айсыз түндөрдө,
Айымыңды күтпөсөм.
Кыдырып жүрүп кырларды,
Кымызыңды ичпесем.
Кыйгачынан тиктеген,
Кыздарыңды күтпөсөм.
Эжекеңе кастарым,
Эрте жазда тикпесем.
Өө - өй!
Башың зөөкүр баатырзаада,
Неге мынча,
Жаныңды сабап дардактап,
Жамандык издеп жалжактап,
Өчүрөңдөй бересиң,
Өпкөсү жок заманда,
Өзүм жүрсөм эптеп-септеп жан сактап?
Мойнума алам.
Кантип танам?
Он алтынчы жыл, август айында,
Эсил Ракем жазгандай
"Мээ кайнаган жайында".
Орустун пейли бузулуп, дили карарганын.
Кыргыздын туусун жыгып,
Кыйырына булүк салганын.
Кыйлалардын сөөгү,
Кыр-кырда көмүлбөй калганын.
Комуздун оозуна коргошун толуп,
Акындын тилин айбалта жанганын.
Акмаралдай келиндин,
Абийири мазакталганын.

Бешиктеги бала,
Же,
Беш көкүл кыз көздөрү капкара.
Белдемчилүү кары,
Же,
Бекзааданын ак никелеп алган жары.
Же кешиксиз элдин,
Кемеге башындагы кемпир-чалы.
Койчу,
Тоголок баш, кыргыз аттуунун баары.
Каны суудай төгүлгөнүн.
Кепинделбей,
Кетменделбей,
Жар түбүнө жаназасыз көмүлгөнүн.
Азыркы эмес,
Ошондогу орустун,
Мылтыгы чар тарапка ажал бүрккөнүн.
Айласы кеткен кыргыз,
Ала-Тоосун таштай качып,
Ата Журтунан үрккөнүн.
Урпактар билип алса экен деп,
Кыйын күн дагы түшсө журт башына,
Кыргызды сактап калса экен деп.
Өңгүрөп ыйлап жүрүп,
Өзүмдү кыйнап жүрүп.
Өлүмдөн жалтанбастан,
Өмүрүмдү жакканым чын.
"Кайран элге" шам күйгүзүп,
Кайгылуу тасма тартканым чын.
Катын намыс улуктарга,
Каяша айтканым чын.
"Жарма баатыр" сапарлашты,
Жамбашка алып, чапканым чын.
Жалгыздыктын санаасына,
Жан кейитип батканым чын.
Кара жандын аргасы үчүн,
Калкымдан качканым чын.
Өө - өй,

Бай болгур, баатырдын урпагы.
Барлыгыман, жоктугуман,
Не чыгаша, не кирешең болбосо.
Тарлыгыма, кеңдигиме
Кенедей тиешең болбосо,
Анда неге мынчалык,
Эзилип этиң күйөт?
Анда неге мынчалык,
Бейсебеп бетиң күйөт?
Атаңды жыга чапкан жок элем го...
Анда неге,
Жубарымбек өтүң күйөт?

Бу да ырас.
Тарых күбө.
Отузунчу жылдардын соңунда.
Эсирген улук,
Эбегейсиз бийлиги бар колунда.
Чымындай жанын, чыркыратканын.
Бараткандын баарынын, большевиктин жолунда.
Кызыл-Кыя жактын кулуну,
Кыргыздын ошондогу Улугу.
Абдыкадыр Орозбековго,
Акылга сыйбас айып такканын.
Кат тааныган кыргыздын көбү,
Кан кусуп, камакта жатканын.
Касымын Тыныстандын,
Кайсы кыргыз, канчага сатканын.
Айтматтын Төрөкулун,
Элден бөлүп, эмне үчүн атканын.
Исакеев Баялынын башын,
Социализмге садага чапканын,
Жүз кырк эки "Эл душманы"
Эки метр чукурга кантип батканын.
Жарты кылым,
Асман Ата аза күтүп,
Эмчеги сыздап, Жер Эне онтоп жатканын.
Жаманын жашырбастан,

Жакшысын ашырбастан,
Арам ойлуудан бекинип жүрүп,
"Абаларым", – деп өкүрүп жүрүп.
Арбагына куран окутуп,
Көз жашымды төккөнүм чын.
"Кайрандар", – деп кан жөткүрүп,
Кабыргамды сөккөнүм чын.

Анүчүн айыпка жыккың келсе,
Алкышын касташкандын уккуң келсе.
Мазактап, мартабамды ылдыйлатып,
Мансаптын тепкичине чыккың келсе.
Өө-өй,
Тукумуң өскүр, тулпардын туягы!
Дил карартып,
Кастар тигип,
Кашайтып тапкын келсе эсебимди.
Шашканым жок,
Качканым жок,
Алагой, айланайын, кезегинди...

*1996-жыл*

*(Жазыла элек уландысы бар)*

## КИМИБИЗДЕН?

Сенденби же менденби, кимибизден?
Сезимдер муздап барат дилибизден.
Серүүндөп бараткаңы асылкечтик,
Сезилип үн кайрыган үнүбүздөн.
Адашып келатабыз, атаганат,
Арзуунун даамын таткан күнүбүздөн...

...Кырчын кез, кызыгы мол убак эле.
Кыялдар жанаша өскөн чынар эле.
Жайы-кыш жан жыргатып жалбырагын,
Жайкалып жыпар төгүп турар эле...
Сагынып самап келсем сапарымдан,
Саамайың саамал кымыз сыңар эле.

Күн өттү, күлгүн курак жылдар өттү,
Күү толгон биздин жаштык ырлар өттү.
Саргарган күзүндөгү жалбырактай,
Санаалар сапырылган күнгө жетти.
Жылыткан көргөн жандын көз карашын,
Жылдыздуу биздин сүйүү кайда кетти?

Көңүлдөр муз төр өрдөп бара электе,
Көз жаштар көл-шал болуп ага электе.
Кыйратып кыялдагы ак таңдарды,
Кылычын кыянаттык чаба электе.
Жүр, катын, ынтымакты ширетели,
Тамыры такыр куурап кала электе.

*1982-жыл*

# ТОМСОРГОН СУЛУУГА

*(Мургаб келинине)*

Карегиң кээде "жарк" деп жана түшөт,
Табына сергек кумар кана түшөт.
Кайра эле ашыгына шашылгансып,
Кусалык кирпигиңден тама түшөт.

Төрөлгөн тоолуктардын жергесинде,
Айып жок аркар мүчө келбетинде.
Баатырдын багын ачаар сендей зайып,
Жаралар анда-санда жер бетинде.

Чырагым жайсыз жерге түштүң беле?
Жарыңдан башкача арзуу күттүң беле?
Болбосо шагы сынып тилегиңдин,
Аргасыз нике суусун ичтиң беле?

Мынча не томсоросуң кыйнап жаныӊ,
Өчүрүп алган өңдүү өмүр шамын.
Жалбаргын тагдырыңа жаш экенсиң,
– "Эңсөөнүн эртелет", – деп атаар таңын.

*1989-жыл*

# КЕЛИНДИН ЫРЫ

Кылгыра карап өтчү элем,
Кыз кезден ышкы төкчү элем.
– "Сезими майып кургур", – деп,
Сени аяп кээде кетчү элем.

Шекерин татпай кебимин,
Калды артта күлгүн өмүрүң.
Кучагым жетимсиреттиң,
Курбума түшүп көңүлүң.

Өлчөбөй алы-чагыңды,
Өткөрдүң өткүр маалыңды.
Кадырга жетпей кашайгыр,
Кайтардың ышкы табымды.

Жүрөгүң эми сунсаң да,
Жүгүрүп күндө турсаң да.
Башканын гүлү боломун,
Башыңды ташка урсаң да.

*1989-жыл*

# ТОЙГО ЧАКЫРУУ

Тентип кеткен санааларым,
Сапарыңар карыды...
Тез кайткыла жеткичекти,
Жерге таңдын жарыгы!
Токтоткула самсыганды,
Боштуктардан жок издеп,
Той беремин чакыргыла,
Калтырбай жаш-карыны...

Ошол тойдо ойноп-күлсөм,
Ырга шерик болгула.
Көз жаш кокус төгүп ийсем,
Көрбөгөнсүп койгула...
Анткени мен тагдырымдын,
Ак-карлуу жазмышын,
Аргам жоктон тагып жүрөм,
Алмак-салмак мойнума...

Уктум бүгүн аёолуумдун,
Ак көшөгө ачканын.
Узак жылдар күтүп жүрүп,
Өмүр-шерик тапканын...
Бери карап ыйлап туруп,
Нары карап жылмайып,
"Куш боонуз бек болсун", – деп,
Куттуктаймын жаш жарын!

Билдим бүгүн кайрылбасын,
Кайран гана жаш чагым...
Капшытымдын эңшерилип,
Карарганын асманым.
Ушул күндү а да, мен да,

Күтүп жүрүп зил болуп,
Ал бак тапса, мен шордуунун,
Тилеги таш капканын.

*1988-жыл*

## АМАН БОЛ

Тез эле сагынаармын эл-жериңи,
Терек-Суу, Коңур-Өгүз, Көк-Белиңи,
Аман бол көрүшкөнчө көгүчкөнүм,
Азыркы заманымдын Айгерими...

*1982-жыл*

# КЫЙНАЛЫП ТУРАТ ЖҮРӨГҮМ

Жыргалды сенден көрсөм да,
Жытыңа жыпар көнсөм да,
Жалбарып жатып өзүнө,
Жанымды бөлүп берсем да,
Атың,
Затың,
Ажарыңды,
Кыялга катып жүрөмүн.
Антпешке такыр аргам жок,
Азапка батты жүрөгүм.

Арзууга күйүп-жансак да,
Ашыктык күүсүн чалсак да,
Махабат отун өксүтүп,
Максатка жетпей калсак да,
Атын,
Затың,
Асылдыгың,
Көңүлгө түйүп жүрөмүн.
Көрүнөө сүйүп күн көрбөй,
Көп түйшүктөндү жүрөгүм.

Үй-үйгө балдар чапканда,
Үстүмө кымкап жапканда,
Зыркырап ыйлап агайын,
Зыйнатым өтүп жатканда,
Атың,
Затың,
Кыялың эстеп,
Кыйылып көзүм ачаармын.
Атыңа илеп тийгизип,
Затыңа таажы кийгизип,
Анан мен сапар тартаармын,

Атың,
Затың,
Асылдыгың,
Кыялга катып жүрөмүн,
Кылмышка батып калгандай,
Кыйналып турат жүрөгүм...

*1988-жыл*

## КАРЫЛЫК

Мезгилден каргы тагынып,
Мен да Улуу Жолго камынып.
Үнөмдөп жүрсөм өмүрдү,
Үлүшүм күтүп зарыгып.
Оюма түшсө жаш чагым,
Оолугам кээде чамынып.
Сабырым жанат эркемдин,
Сарсаамал жытын сагынып.
Ордуна келет азыркым,
Оңкомдон түшсөм чалынып.
Ойгонсом жаткан боломун.
Оозума дары салынып.
Жүгүртүп тилге валидол,
Жүгөндөп келет карылык.

*1989-жыл*

# КАЙРАН КӨЗДӨР

Көп кыздын карек нуру сынаар эле,
Көздөрүң ала качып жалтанышып,
Кыйласы жыпар төгүп тураар эле.
Кылгырып кирпигинен бал тамызып.

Айрымдар алгачкы эле карашканда,
Арзууга кашык салып турушчу эле.
Мылжыйып бойлор бойго жанашканда,
Мурдунун учу тердеп курутчу эле.

Табына жаштыгымдын куйкаланып,
Бар эле махабатка күйүп-жанган.
Болуптур үмүттөрү уйпаланып,
Сыртыман тонун бычып сүйүп калган.

Чырагы карылыктын жана электе,
Чынжырын мезгил шашып тагып салды.
Кумары курбулардын кана электе
Куланып курч мезгилим калып калды.

Азыр мен жазуу көрсөм өлүп-талып, Көзүмө "тереземи" тагып окуйм. Тамгасы майдаларын бөлүп салып, Күндүзү иликтерди жагып окуйм.

Көчөдө теше тиктеп турсам эми, Көп кыздар көңүл бөлбөй өтчү болгон. Көз ымдап көп аракет кылсам эми, "Бабайга жин тийгенби?", – дешчү болгон.

Тиктешип титирешмей калып келет,
Сексендин сегизине чыкпасам да.
Сонунум солк этпестен уктай берет.
Сороктоп саамайынан жыттасам да.

*1992-жыл*

# ТААРЫНБА

Кайчылаш өтүп кетсек көрүшпөстөн,
Каректер ынтызаарлык тогүшпөстөн.
Арманда кете бермек турбайбызбы,
Анда биз арзуу даамын бөлүшпөстөн.

Ырлардын ындыны өчүп багы ачылбай,
Ыкташып түн күзөтүп таң атырбай.
Кырчын кез жалгызсырап өтмөк экен,
Кыргыздын жайдак чабар сары атындай.

Эриндер эртели-кеч шыбырашып,
Эңсешүү эт жүрөктү чымыратып.
Жааганын сезбей калмак турбайбызбы,
Жаштыктын жамгырлары дыбыратып.

Аркалап армандуунун шорун ташып,
Арзышкан ашыктардын жолун басып.
Калышсак айда-жылда кабак чытып,
Кайта бат табышчу элек моюндашып.

Үзүлбөс үмүт байлап дайынына,
Бара албайм баштагыдай айылыңа.
Баасызым бакыр чалга таарынбачы,
Баркы жок башка түгүл зайыбына.

Чак келбей тагдырымдын табагына,
Чайналып калсам дагы заманыма.
Азыр мен тирүү жүрөм ал күндордүн,
Жалынып жакшысына, жаманына.

*1993-жыл*

# КӨЗДӨРҮҢ АЙТЫП ТУРБАЙБЫ...

*(Сексенинчи жылдардын секетбайы)*

Кырчын кез ырын ырдайлы,
Кыз-кыркын айың кылбайбы?
Кыялын эңсеп жатканды,
Кылыгын айтып турбайбы...

Арзуунун ырын ырдайлы,
Алганың чатак кылбайбы?
Көңүлүң көксөп жатканды,
Көздөрүң айтып турбайбы...

Кашкая карап сыр салып,
Кадиксиз ойго чыр салып.
Кадыр түн жалгай тургансып,
Калчадың тиктеп мынчалык?

Кылгыра карап сыр салып,
Кыялга бүлүк чыр салып.
Кыйышпас болуп алгансып,
Кызыттың канды мынчалык?

Табышаар күндөр бүдөмүк,
Тагдырлар башка түбөлүк.
Көрүшпөй кетсек эсен бол,
Көңүлдө бирге жүрөлүк.

Кайдан да сага кабылдым?
Кайгыма менин табылдың.
Калтырып кетет окшоймун.
Калкыңда жармын жанымдын.

*1982-жыл*

## ЧАРЧООНУН 1993-ЫРЫ

Өзүмдүн туулган күнүмө автокуттуктоо
Чарчадым, тирүүлүктөн көңүл калды,
Каржалдым, карч урам деп кайран жанды.
Мезгилдин таштандысы тагдырымды,
Мен эми аркалабас айлам барбы?

Чарчатты чалагайым замандашым,
Касапчы, кара ниет каламдашым.
Кыялдын кылын үздү кысталышта,
Кыйла жыл күү толгошкон абандашым.

Чарчатты аруу сезим төгүшкөнүм,
Махабат магдыроосун бөлүшкөнүм.
Бозо ичсе, босогону адаштырып,
Бозортту алты бакан тебишкеним.

Чарчатты тууган-урук жакындарым,
Агайын, курбу-курдаш асылдарым.
Жашоону болду кылгым келип калды,
Боолгоп алдыда эмне жазылганын.

А балким өзүмдү-өзүм чаалыктырып,
Арабөк жүргөндүрмүн наалыш кылып.
Жаңылып калган окшойм жашаймын деп,
Ак менен капкараны кагыштырып.

Эч кимге дооматым жок болгонуман,
Баш тартып, баштагы көп ойлоруман.
Бардыгын басташканга бермей болдум,
Мезгилим мени өгөйлөп койгонунан.

*13-февраль, 1993-жыл,*
*Бишкек шаары*

# МАНАСТЫН МОНОЛОГУ

Ээ - эй!
Кайратың кетип боюңдан,
Абаке,
Болбой калган экенсиң.
Калмактардан кагуу жеп,
Абаке,
Оңбой калган экенсиң.
Ойронуң Манас өлгөндө.
Оюп жерге көмгөндө.
Ойрот, манжуу, калмакка,
Ошондо тартуу берсеңчи.
Же,
Кыраанын Манас өлгөндө,
Кымкапка чулгап көмгөндө.
Кызылың өчүп өңүндөн,
Кыйын күндү көргөндө
Кыйылбай тартуу берсеңчи...
Бул көрөкчө, абаке,
"Баатырым Манас өлдү", – деп,
Тим эле,
Батаңды кыла келсеңчи...

Ээй!
Мааникер берсең бул күндө,
Мактанып калмак калбайбы...
Аккула, Чабдар, Музбурчак,
Анан тартып албайбы.
Төрө өңдөнүп баспайбы,
Төбөңө камчы чаппайбы.
Төрт түлүк малың чачпайбы,
Төрүңө кудук казбайбы.
Төрөлөр замат энчилеп,
Төшүңө мөөрүн такпайбы.

Сулуу зайып койнуна,
Суук колун салбайбы.
Өзгөрүлтүп дилинди,
Өзүнүн дилин таңбайбы.
Тик бактырбай манжуура,
Тилинди байлап салбайбы.
Кайран кыргыз кажылдап.
Ошондо,
Калмакча сүйлөп калбайбы...

Эй!
Айдыңым айдай турганда,
Аргымак кантип берейин.
Алжыган экен бул каапыр,
Азыр мен,
Алпурушуп көрөйүн.
Күлпөнүм күндөй турганда,
Күлүктү кантип берейин.
Күчөгөн экен бу каапыр,
Мен бүгүн,
Күрпөңдөшүп көрөйүн.
Атпай кыргыз журт үчүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Качкыла баарың жолуман,
Мен эми,
Калмакты беттеп келейин.
Сасыган доңуздарыңдын,
Сазайын колго берейин.
Кара ниет каапырдын
Катыгын жерге төгөйүн...

*Чыгармачылыктын кызыкчылыгы үчүн "Манас" эпосунун Сагымбай Орозбак уулунун вариантындагы айрым ыр саптары эркин пайдаланылды.*

# БЕГИМАЙ МЕНЕН РАЙМАЛЫНЫН АЛГАЧКЫ АЙТЫШЫ

БЕГИМАЙ:
Учурашып ырдамай,
Улуудан калган жолубуз
Урмат сыйдын эгеси,
Ушу отурган тобуңуз.
Кебимден кетсе кемчилик,
Кечирип кана коюңуз.
Атайын эңсеп келди элек,
Айтылсын толук оюбуз.
Улуксаат болсо агайын,
Уңгулуу сөздөн салайын.
Улуу-кичүүлөр менен,
Учурашып алайын.
Ак таңдайда шекерим,
Алдыңарга жаяйын.
Ала-Тоонун суусундай,
Атырылып агайын.
Алтын-күмүш буусундай,
Акактай болуп жанайын.
Казактан кадыр барк алган,
Кыргыздан кыйын нарк алган
Өзүбек, түркмөн, тажиктен,
Өтө эле бийик даңк алган,
Айтылуу акын Раймалы,
Амансыңбы агайым?
Укмушун айткан өлөңдүн,
Уйкаштын ачып капкасын.
Уюткан элдин көңүлүн,
Урдуруп жорго чапмасын.
Ой менен ойду ширетип,
Сөз менен сөздү кынаган.

Канаттуу ырлар оозунан,
Каркыра болуп чубаган.
Кара жаак жез таңдай,
Акын агам аманбы?
Мөндүрдөй төгүп ырдаса,
Моокумун элдин кандырган.
Нөшөрлөп төгүп чындаса,
Кыш чилдени жай кылган.
Ак жаан болуп алганда,
Айтышканын маң кылган.
Жоргосун жалаң түзгө эмес,
Жогору карай салдырган.
Жоругу кымбат сөзү алтын,
Асыл агам аманбы?
Буулугуп калса термени,
Бурганак кардай элеген.
Ыраагын жолдун кыскартып,
Ыр кадам менен ченеген,
Сайгүлүк сымал айтышта,
Санына камчы жебеген.
"Ыңаалабай" элге окшоп,
Ыр кайрып түшкөн энеден.
Ыр жандуу элдин ардагы,
Раймалы агам аманбы?

РАЙМАЛЫ:
Кайыптан пайда болдуңбу,
Карлыгач мүчө чырагым?
Кадырлап учурашканга,
Канагат кылып турамын.
Табыңа келген экенсиң,
Талпынып учаар убагын.
Таасындап айткан сөзүңө,
Таза эле канды кулагым.
Эсиме салдың эркетай,
Эсил го жаштык убагым.
Уккансып калдым үнүңдөн,
Казактын мөлтүр булагын.

Жылаажын сындуу добушуң,
Жылуулугун билгизген.
Жакшылап уккан адамдын,
Жанына кубат киргизген.
Токтоп калган жүрөктү,
Токтоосуз кайра жүргүзгөн.
Тоо гүлүндөй ачылган,
Тоту кушум сен кимсиң?
Кыдырып жүрүп көп көргөм,
Сулуусун казак - кыргыздын.
Шаанилүү тойго туш келген,
Шамалы белең Нуркыздын.
Же болбосо айлыма,
Адашып түшкөн асмандан,
Жарыгысыңбы жылдыздын?
Өзүңдөй өңдүү-түстүүнү,
Көрбөгөм өзбек элинен.
Көрмөк турсун укпагам,
Жомокчунун кебинен.
Периште болуп келбегин,
Перилердин жеринен?
Апкаарып калдым адашып,
Айта турган кебимен.
Жалтана түштү карылык,
Сенин,
Жалындуу жаштык демиңен.
Кылымда кыздын аты улук,
Кыргызда кыздын чачы улук.
Кызыгын билбейт дүйнөнүн,
Кыз сыйлабас макулук.
Кыргыек мүчө акын кыз,
Биз сага,
Кылалык урмат баш уруп.
Кызарып бышкан экенсиң,
Кызгалдак гүлдөй ачылып.
Карыганча сапарым,
Каякта жүрдүң жашынып?
"Божурай бербей агабыз,

Бөшотсо", – деп сулууну,
Босогону жөөлөшүп,
Тигинде,
Боз балдар турат шашылыш...

БЕГИМАЙ:
Арыма тийип алды бейм,
Азыркы айткан кебиңиз.
Боз балдар эмес алдагы,
Болжошкон биздин теңибиз.
Карылыкка шылтоолоп,
Кайттыбы менден демиңиз?
Оюнуз болсо орундуу,
Агатай,
Ортого сала бериңиз.

РАЙМАЛЫ:
Бурала басып турганың,
Белестин кызыл гүлүндөй,
Абазың не бир ажайып,
Бураган арген үнүндөй
Каерден өнүп - өскөнсүң,
Карагым мурда билинбей.
Эми,
Сен кимсиң атың сурайын.
Ата-тегиңден угайын.
Атагың ким, айлың ким?
Агалар айтчу дайның ким?
Соз учугун узартчу,
Сөөк-тамыр, кайның ким?
Угайын айтчы жөнүң ким?
Уз бүткөн сырдаш теңиң ким?
Таасындап айткын садага,
Сени,
Талпынткан эли-жериң ким?

БЕГИМАЙ:
Сурадың ага элимди

Кайнымды ата-тегимди.
Кызыктың абдан билүүгө,
Кыялкеч, курбу, теңимди,
Же,
Кыз бүткөндүн бакиси,
Уругун билбейт дедиңби?
Унутпай эстеп калагөр,
Агатай, аты-жөнүмдү.
Кара-Тоо биздин жерибиз,
Калың казак элибиз.
Кайным жок, ага, башым бош,
Кааласаң,
Кайындап бизге келиңиз.
Кадыркеч сиздей меймангa,
Камдалуу дайым төрүбүз.
Каргылуу тоонун бооруна,
Кар болгонмун, агажан.
Качан бойго жетем деп,
Зар болгонмун, агажан.
Кызыл-кызыл тоонду,
Кырдап келдим, агажан,
Кыз башымды зарлатып,
Ырдап келдим, агажан.
Жашыл жака тоонду,
Кырдап келдим, агажан.
Жаш башымды зарлатып,
Ырдап келдим, агажан.
Жыттасам деп аңкыган,
Гүлүңдү эңсеп жүрчүмүн.
Урмат менен уксам деп,
Үнүңдү эңсеп жүрчүмүн.
Булбулдай добуш чыгарган,
Булагың эңсеп жүрчүмүн.
Бабаң Манас жайлаган,
Турагың эңсеп жүрчүмүн,
Орто малдан жылкы көп,
Оолукмадан тыңчы көп.
Жашыгынан курчу көп,

Жан жыргаткан ырчы көп.
Элиңди жакшы көрчүмүн.
Адырынан тегиз көп,
Арыгынан семиз көп.
Жалкысынан эгиз көп,
Жапайы чыккан жемиш көп,
Жериңди жакшы көрчүмүн.
Үмүттүн оту өчпөгөн,
Көзүңдү жакшы көрчүмүн
Үлгүнүн айткан уңгусун,
Сөзүңдү жакшы көрчүмүн.
Атайын келдим сени издеп,
Агатай,
Өзүңдү жакшы көрчүмүн.

*Телефильмде Бегимайдын ырларын казакчага Илья Жаканов которуп, домбура менен казак филармониясынын ырчысы Калемкаш Орошова, Раймалынын ырларын Эстебес Турсуналиев аткарган..*

# РАЙМАЛЫ МЕНЕН БЕГИМАЙДЫН ОБОНГО САЛЫП АЙТЫШКАНЫ

РАЙМАЛЫ:
Каректен нуруң төгүлүп,
Кайрыкер күлкүң сөгүлүп.
Кайгырттың мени кыз бурак,
Картайган кезде көрүнүп...

Удургуп санаам сөгүлүп,
Ууртуңдан күлкүң төгүлүп.
Убайга салдын аганды,
Улгайган кезде көрүнүп.

БЕГИМАЙ:
Учкан куш болуп келемин,
Ууртумдан арзуу төгөмүн.
Убайга түшпө, агажан,
Ууз сүйүүм сага беремин.

РАЙМАЛЫ:
Мекендеп чыкчу кайберен,
Мелжиген бийик жай белең
Мезгилим өтүп кетти да,
Мен жигит кезде кайда элең?

Болумуң толгон ай белең,
Болжолсуз бийик жай белең,
Бойтумар сындуу периштем,
Боз улан кезде кайда элең?

БЕГИМАЙ:
Өңүмдүн түгү кете элек,
Өрүмгө чачым жете элек.

Кырчындай жигит маалыңда,
Кыз элем мен да секелек.

РАЙМАЛЫ:
Санааман чыкпай кыялың,
Сарсаамал жыттуу чырагым.
Сабырым бошоп өзүңдү,
Сагынсам эмне кыламын.

БЕГИМАЙ:
Береке толгон жер мына,
Пейли кең казак эл мына.
Бел байлайм десең арзууга,
Бегимай жарың мен мына.

# МЕН СЕНДИКМИН АГАЖАН

*(Бегимайдын акыркы ыры)*

Таң кылайып чыгыштан аткан кезде,
Талаа түзгө күн нурун чачкан кезде.
Мезгил торун тынымсыз токуп жүргөн,
Мээнеткеч күн уяга баткан кезде,
Мен сендикмин, агажан.

Бүлдүркөндөр мөлтүрөп бышкан кезде,
Бүркүт шаңшып асманга чыккан кезде.
Санааларды сапырып уйгу-туйгу,
Сагынычтар туш-тушка учкан кезде
Мен сендикмин, агажан.

Күмүш сырга дарактар таккан кезде,
Күз өмүргө көшөгө жапкан кезде.
Талга окшотуп мезгилге баш ийдирип,
Тагдырларды аппак кар баскан кезде,
Мен сендикмин, агажан.

*Бул ырга акындар Алмаш Чойбекова, Эрнис Турсуновдордун айрым ыр саптары өзүлөрүнүн макулдугуна жараша фильмде эркин пайдаланылды.*

# РАЙМАЛЫНЫН РЕЧИТАТИВ МЕНЕН ОКУЛГАН АКЫРКЫ ЫРЫ

"Кара Тоонун башынан көч келет", – дейт,
Көч артында бир тайлак бош келет",– дейт.
"Тайлак боздоп таарынып тагдырына,
Тамчы-тамчы көзүнөн жаш келет", – дейт.

Карарган тоодон көч көрсөң,
Камыгып күтпө, Бегимай.
Какшанган тайлак бош көрсөң,
Кайгыга түшпө, Бегимай.
Мээнетимден дөөлөткө,
Өтө турган чагымда.
Жетпей турган максатка,
Жете турган чагымда.
Махабаттан бүр байлап,
Кете турган чагымда.
Тууганым кесип жолумду,
Тушады буту-колумду.
Кыйноого салып жанымды,
Кыйратты тилек оюмду.

Кызыл көйнөк шай кийип,
Кылдабадык, Бегимай.
Кыз өмүрүң бүрдөтүп,
Жыргабадык, Бегимай.
Кызык сүйүү баянын дастан кылып,
Кызыл тилди сайратып ырдабадык, Бегимай.
Жашыл көйнөк шай кийип,
Кылдабадык, Бегимай.
Жаш өмүрүң гүлдөтүп,
Ырдабадык, Бегимай.
Жаш-карыны багынткан арзуу күчүн,

Жарманкеде жанашып ырдабадык, Бегимай.

Эми,
Карарган тоодон көч көрсөң,
Карарлуу кайран эл деп бил, Бегимай.
Арманым сага жеткирген,
Адырдан соккон жел деп бил, Бегимай.
Тилеги сынып өңгүрөп,
Боздогон тайлак мен деп бил, Бегимай.

*1984-жыл*

# ТҮГӨЛБАЙ КАЗАКОВ МЕНЕН АЙТЫШ

1989-жылдын январь айында кыргыз телевидениесинин редактору Эркин Тазабеков:

– Телевидениеден бир эсте калаарлык азил-тамашасы бар кече уюштуруп, 50 жашка чыгышыңызды жумурай-журтубуз менен чогуу белгилеп койсок кантет? – деп калды.

– Болбойт.

– Эмнеге?

– Жөн эле...

– Гонорар төлөйм олчойгон, өзүнө да, кечеге катышкан "артист-партисттерине" да.

– Баары бир болбойт.

– Эмнеге?

– Ушу жашка келгени дегеле туулган күнүмдү белгилеп көргөн жан эмесмин, – дедим анын сунушун жакын санашкан адамымдын жөн гана көңүл улап коюу үчүн айтылган сөзү катары баалап.

– Анда эле сонун болгон турбайбы! – деди Эркин ого бетер кырыма чыгып. – Жок дегенде элүү жылда бир ирээт бизге окшогон бей-бечараны аракка тойгузуп турсаң, эки жүзгө чыгасың. Жанагы паровоз сатып алайын деп басып жүргөн акчаңдын чети оюлбайт, мындай-мындайдан...

Ушинтип нары сүр, бери сүр болуп атып акыры: туулган күн, элүү жаш тууралуу эч ооз ачып койбостон, жөн гана кинорежиссер Д.Садырбаевдин автордук кечесин өткөзүп, аны телевидениеге жаздырып ала турган болуп убадалаштык.

Качан, каерде өткөрүлүп, жана ал кечеге кимдер чакырылып, кимдерге белет сатылып, кимдер катышаарын тактадык.

Ал кечеде мени мактоого ала тургандардын башын бириктирүү түйшүгүн өз мойнуна алган Түгөлбай Казаков кече тууралуу маектешип жүргөн күндөрдүн биринде үйүнө кетип жатып:

– Иши кылып, биз тараптагылардын сүйлөгүсү эле келгенине караганда, кара сөз үстөмдүк кылат окшойт бул кечеде. А эгерде программа солгундап баратса, экөөбүзгө айтышууга туура келет байке. Анча-мынча даярданып алыңыз, жиним келсе, тиш саламын сизге..., – деп калды.

– Ой желмогуз, чайнап коюп жүрбөйүн.

– Өзүңүз билиңиз. Мен да аябайм, "күч атасын таанбайт", – дейт. – Бирок, кече сиздики болгондон кийин, менден эки эсе узунураак ырдашыңыз керек экенин унутпаңыз, – деп кете берди.

"Атаны оңбогон тапан айя. Кыт куйгандай тымпыйып жүрүп, дагы эмнени таба койду эле. Ошончо көпчүлүктүн алдында көтөрүп чаап, көрпөмдү сыйрып жүрбөсүн",– деп, ал кетээри менен кыргыз акындарынын жыйнактарын барактап "дүжүр" уйкаштардан жаттап алуунун амалын кылдым. Себеби, кыйла жылдардан бери кино жамаатында артисттерге шериктеш болуп, акындарга аралашып иштеп жүрүп, алардын үйрөнгөн, уккан-билгендерибизди туурап, эч ким жокто Түгөлбай экөөбүз бири-бирибизге тийишип, азилдешип жүргөнүбүз ырас, отуз-кырк сап уйкашты экөөбүз тең уйкудан ойгоноор замат айтыштырса да тапмакпыз. Бирок, эч качан эл алдына чыгып айтышып көргөн эмес болчубуз. Андан да мени кыйнаган нерсе, бир кездеги орто кыйкырыгы чоң айылдын аяк-башына кенен угула турган бакыбат үнүмдүн тарткан кинолорумдагы массовканы өйдө-төмөн “бастырам” деп "өкүрүп" жүрүп, сүйлөгөнгө эле араң жараган дарманы калган маалы эле. Түгөлбайдын добушу болсо, коңгуроодой шылдыр кагып болуп-толуп, Фрунзедеги офицерлер үйүнө чогулган 800 адам эмес, андан эки эсе, үч эсе арбын көрүүчү сыйдырган чоң залдарда өзү жалгыз бир саат, эки саат ырдагандан солк этип койбой турган маалы эле. "Ач кадырын ток билбейт" дегендей, менин "жүрөк оорумду" билбеди анда, чунак бала. Үнүмдүн корулдап-дарылдаганына карабай, 1989-жылдын февраль айында болуп өткөн автордук кечеде Түгөлбай мени өмүрүмдө биринчи жолу эл алдында ырдоого аргасыз кылды. Анда кандай болгонун көргөндөр, уккандар айтышсын. Мен болсо, ал айтыштын сөздөрү окурманга сунуш кылгандан башка арга

таба алган жокмун, азыр менде ырдай турган үн калбаганынан. Ошондо ушинтип ырдаптырбыз...

**Түгөлбай**:
Артыңдан калбай кыйла жыл,
Агайын болуп келемин.
Айгышайын деп турам,
"Ала өпкө иним", – дебегин.
Көргөзө турган күн бүгүн,
Агатай, көмүскөдөгү өнөрүң.
Коркуп турсаң бул элден
Кошулуп ырдап беремин.
Комузду колго ал, байке!
Коңур добушту сал, байке!
Болбосо,
Кыйла жыл ээрчип көп жүрөм,
Кызыктарыңды көп билем.
Чагымдап Асек байкеме,
Азыр,
"Аптаритетиңди" токтүрөм.

**Мен:**
Ар кылы болот ойдун да,
Арыгы болот койдун да.
Араң жүргөн агаңды,
Аябай иним койдуң да.
Адашсам уйкаш табалбай,
Жубармек,
Азабым сенин мойнуңда...
Карасы болот бактын да,
Кашаңы болот аттын да,
Кашаңына агаңын,
Катуу бир милдет тактың да.
Калжырап калсам сөз таппай,
Кантейин,
Катуу иш менин бактымда...
Мен мурда,
Тууганбайдай ырларды,

Туздап көргөн эмесмин,
Ырысбай, Асан, сага окшоп,
Сыздап көргөн эмесмин.
Ашыкеңдей ар уйкаш,
Кылдап көргөн эмесмин.
Эстекеңдей ыр элеп,
Ылгап көргөн эмесмин.
Орозбектей жакынды,
Булгап көргөн эмесмин.
Салижандай акынды,
Сындап көргөн эмесмин.
Сап-сап кылып ырларды,
Пулдап көргөн эмесмин.
Акындыктын артынан,
Жыргап көргөн эмесмин.
Атак-даңк деп жулунуп,
Чырдап көргөн эмесмин...
Күлүндөп байкап турасың,
Күрмөө качканын тилимен.
Кирдетип турат көңүлдү.
Киркирек кетпей үнүмдөн.
Шайым ооп турамын
Залдагы элдин сүрүнөн...
Мени,
Кыйла жыл ээрчип көп жүрсөң,
Кызыктарымды көп билсең
Мен баскан чыйыр жолдорду,
Баскандырсың сен дагы...
Мен ашкан белес кырларды,
Ашкандырсың сен дагы...
Мен жеген эттин сорпосун,
Таткандырсың сен дагы...
Мен конок болгон үйлөрдө,
Жаткандырсың сен дагы
Менден кем эмес олжого,
Жубармек,
Баткандырсың сен дагы...
Өзүң айтып өткөндөй,

Өөдө-төмөн турмушта,
Жолубуз бирге болгон соң,
Бүгүнкү тапкан гонорар,
Сомубуз бирге болгон соң,
Кысталышта жамынган,
Тонубуз бирге болгон соң,
Кызмат акы төлөгөн,
Чоңубуз бирге болгон соң.
Өнөргерлик майданда,
Оюбуз бирге болгон соң.
Кыялдардагы кызыктуу
Тоюбуз бирге болгон соң.
Ынактыгыңды актагын,
Ырыстуу сөздү тактагын.
Экөөбүз чогуу көргөндүн,
Эбин таап бөлгөндүн,
Эмнесинен баштайын?
Кандайын катып таштайын?
Кеп-сөзүңдү түзүктөп,
Керимсел болуп желип өт.
Келин менен жеңеңден
Жашыраар жагын бөлүп өт.
Мактанбай ичип-жегенди,
Маанилүүсүн терип өт.
Сөйрүктөнүп калбайын,
Иним,
Сөзүмө багыт берип өт.

**Түгөлбай** :
Э байке,
Эр ортону элүүдө,
Чагыңды айтсаң жарашат.
Ой-тоого тигип таштаган
Багыңды айтсаң жарашат.
Отуз жыл сага чыдаган,
Жарыңды айтсаң жарашат.
Он беш пакса коргондуу
Тамыңды айтсаң жарашат.

Эр бүлө минген көбүнчө,
Малыңды айтсаң жарашат,
Чайканадан чыкпаган,
Чалыңды айтсаң жарашат.
Сыйкорлугу сыналган,
Элиңди айтсаң жарашат.
Береке тамган ташынан,
Жериңди айтсаң жарашат.
"Мен дагы" деши башкача.
Байке,
Теңиңди айтсаң жарашат.
Белинен белбоо түшпөгөн,
Бабаңды айтсаң жарашат.
Апыртан жакты жердеген,
Агаңды айтсаң жарашат.
Эт ордуна аш баскан,
Эпчилдик менен маш баскан,
Байке,
Тагаңды айтсаң жарашат.

**Мен:**
Чалып өттүң жубарымек,
"Чайкор", – деп менин чалдарым.
Эмне үчүн андып жүрөсүң,
Алардын,
Чайкана жакка барганын?
Туя элек болсоң, туюп ал.
Уга элек болсоң, угуп ал.
Эки жүз чайнек ичсе да.
Ал чалдар,
Суулабайт кийген чалбарын.
Ушундай ишти жасаган,
Түкө,
Эмне ичет сенин балдарың?
Эми,
Түшүнбөдүм неликтен,
Жарымды сурап калганың?
"Отуз жыл ойрон болду", – деп,

Ал сага,
Айттыбы арыз-арманын?
Байкаган жериң жок беле,
Байкеңди женең чанганын?
Баамдап калсаң жашырба,
Башка чал таап алганын...
Анда,
Инилик парздан кутулар.
Түкө,
Бар болсо керек дарманың.
Айлыма бир жыл алпарып,
Аралатканмын багымды...
Конуп-көрүп келгенсиң,
Коргону жок тамымды.
Тамшанып жатып жеди элең,
"Тагалар" жапкан нанымды.
"Тапанча жебей калдым",
Анда да,
Таңгалткан элең айылды.
Кийинчерээк аякка,
Көрүнбөй барчу болупсуң,
Көнүп алган окшойсуң,
Оңбогур,
Көп минип жоош малымды...
Эми,
Тамашаны таштайлы,
Танаптуу журттан баштайлы.
Таамайлап өзүң айткандай,
Таасирлүү сөздөн баштайлы.
Биз жактын жайын сурасаң?
Алмасы аттын башындай,
Дарбызы сайдын ташындай.
Алмурут, мисте, жаңгагы,
Жылыга,
Адырда калат ташылбай,
Алтын-күмүш кени көп,
Алигиче жаткан казылбай.
Жемиши жесең түгөнбөс,

Жериме намыстанбаймын,
Эмгектен качпас кайратман,
Элиме намыстанбаймын.
Эчкимден ары кем эмес,
Теңиме намыстанбаймын,
Өзүбектерге түспөлдөш,
Өңүмө намыстанбаймын...
Айлымда алтын жылдыздуу,
Шамшидин хирург агам бар.
Ала-Тоодой пахта үйгөн,
Акчабаев тагам бар.
Ар-намысы элимдин,
Айбаты кутман жеримдин.
Эшенкул, Жоро, Кушназар,
Өскөнбай, Жусуп абам бар.
Алты күн айтсам түгөнбөйт,
Түкө,
Айлымда жакшы адамдар.
Саадат баатыр эжем бар
Өлмөсхан баатыр жеңем бар.
Ар муруту кылычтай,
Генерал Эргеш деген бар.
Ордендүү шаар Ошум бар,
Орус-кыргыз досум бар.
Уругум бар, теңим бар,
Уюткулуу элим бар.
Кардынды дайым тойгузар,
Касиеттүү жерим бар.
Эбегейсиз кең талаа,
Токоюм бар, көлүм бар.
Балбан билек шерим бар,
Бал тилдүү акын, теңим бар.
Ошолорго туш болсоң,
Алышам десең алышмак,
Чатакты чындап салышмак.
Сайышам десең сайышмак.
Өзүндөй чычымдар менен,
Өлбөгөн жерде калышмак.

Чынында,
Намысым бар, арым бар,
Накылды билген карым бар.
Майнаптуу элдин эң эле,
Мажиреөсүнө туш келген,
Түгөлбай сенин багың бар,
Жүйөөнү билген чалым бар.
Жүк көтөргөн нарым бар.
Жүрөктүү элдин эң эле,
Жүдөгөнүнө туш келген,
Жубармек, сенин багың бар.

**Түгөлбай**:
Э байке,
Этек-жеңиң кымтылап
Какшанып калган экенсиң.
Таштанкулдан үлгү алып,
Такшалып калган экенсиң.
Ар киноң сайын таяк жеп,
Сактанып калган экенсиң.
Оюңа койсо оолугуп,
Оодарып кетет окшойсуң,
Кыйын болсоң агатай,
Обондуу ырга өтөлү...
Чыдабасаң чыныңды айт
Чырлашпастан кетели...

# БЕЙИШИ БОЛГУР ЖЕҢИЖОК

*(Акындын 130 жылдык маарекесине)*

Эсил кайран Жеңижок,
Эч кимден жүдөө кеби жок.
Акындын алпы болсоң да,
Айтыша турган теңи жок.
Аккуудай болуп өтүпсүң,
Айланып учаар колу жок.
Ааламың деле тар экен,
Аксыдан бөлөк жери жок.
Арманда кеткен белемсиң,
Абаке,
Арка-бел кылар эли жок.

Бейиши болгур Женижок
Бейчеки, бечел кеби жок
Беделин ачылалбаптыр,
Беттеше турган теңижок.
Ооруса керек көңүлүн,
От ала турган жери жок
Өкүм ырчы болсоң да,
Өнөрлүү жандан кеми жок
Өрттөнгөн окшойт өзөгүң,
Абаке,
Өбөктөй турган эли жок.
Арадан кылым өтсө да,
Алмашып муун кетсе да.
Улугун өзү тандаган,
Укукка кыргыз жетсе да.
Сен көргөн азап-тозокту,
Көрүп келем, абаке,
Тескейде калган ырыңды,
Терип келем, абаке.

Күңгөйдө калган күйүтүң,
Болуп келем, абаке.
Жазмышына тагдырдын,
Мен дагы,
Көнүп келем, абаке.
"Ак Куржунга "аркыл ыр,
Жыйнап келем, абаке.
"Агын Сууну" аздектеп,
Сыйлап келем, абаке.
"Жалгыз тал" көрсөм жаш төгүп,
Ыйлап келем, абаке.
Жанымды сабап сага окшоп,
Кыйнап келем, абаке.
Өөдө-төмөн жолуңду,
Басып келем, абаке.
Өнөр кенин өзүңдөн,
Казып келем, абаке.
Өксүтпөй гезит-журналга,
Мен бүгүн,
Жазып келем, абаке...

Өмүрдөгү өйдө-ылдый,
Жолубуз окшош болгон соң.
Кыл чылбырга кыйылган,
Колубуз окшош болгон соң.
Кылымдар бою чырмалган,
Торубуз окшош болгон соң.
Кыйла жыл кийген жадыртпай
Тонубуз окшош болгон соң
Кыртышы сүйбөс кыргызды,
Чоңубуз окшош болгон соң
Сакалчан орус сүрөттүү,
Сомубуз окшош болгон соң.
Кейитпей кыял-көөнүмдү,
Кештелеп өнөр, зээнимди.
Ырыма жаздым "аба" деп,
Ыраматылык жээнимди.
Укса эгер "жээн" дегеним,

А деле,
Аямак эмес мээримди.
"Тагама тарт! – деп, – учаны"
Аш-тойдо,
Агартат болчу сөөгүмдү.
Жакшыга,
Жеңижок болсо алп акын,
Аксыга,
Жээндин болот карысы.
"Таланты бизден", – деп жүрөт,
Таластыктардын баарысы
"Тагасы болом", – деп койсом,
Жанбасын,
Жаңы-Жолдуктун намысы.
Жеңижок,
Жер-суугa бирдей тең акын,
Жек-жаатыкка кең акын.
Кыргоолду кырк күн ырдаган,
Кыян-көчкү сел акын.
Кыргыздан алдуу, намыстуу,
Кыйла элге татыр көл акын.
Арзуу жагына келгенде,
Ал маркум,
Айдарым жумшак жел акын
Алты күн айтса түгөнбөс,
"Дүнүйө", "Аткан таңычы"...
Атайлап жаккан жер-жерге,
Акындык үмүт шамычы...
"Ак куржунда" кетиптир,
Алтын сөзүнүн баарысы.
Жакындаша албай жакшыга,
Жабыркап турган намысы.
Жамакчы кыргыз мен болом,
Жазма жагында чабыты.
Жеңил иш экен кыргыздын,
Жек-жаат таап алышты.
Жээндиги болбосо,
Ашыглык, ышкы жагычы...

Көгүчкөндөй таптаган,
Көксулуу деген жарычы...
Көтөргөн жеңил-оорун,
Кеп эстүү жан экен анысы.
Азап болмок таганын,
Азыр,
Андайдан куру калышы,
Көгү жетпей сулуунун,
Калыптыр мага сарысы...

*1992-жыл*

# "ГҮЛТУРМУШ"

Мына биздин гүлтурмуш,
Гүлтурмуш, гүлтурмуш,
Гүлтурмушта каткырып,
Күлө турган кез ушул.
Күмүш теңге кадырың,
Биле турган кез ушул.
Кара жанды капшытка,
Иле турган кез ушул.
Карсылдашып челишип,
Жүрө турган кез ушул.
Кабалтеңдер билегин,
Түрө турган кез ушул.
Бийликтүүлөр дооронду
Сүрө турган кез ушул
Алардын,
Күнгө карап күчүгү,
Үрө турган кез ушул.
Кабат-кабат там салып,
Кире турган кез ушул.
Кайран элдин мойнуна
Мине турган кез ушул.

Мына биздин гүлтурмуш,
Гүлтурмуш, гүлтурмуш,
Гүлтурмушта күүлөнүп,
Ала турган кез ушул.
Алты кызга ак жоолук,
Сала турган кез ушул.
Аттуу-жөөлүү базарга,
Бара турган кез ушул.
Ар-намысты садага,
Чаба турган кез ушул.
Айран сатып дүнүйө,

Таба турган кез ушул.
Акчалуунун казыгын,
Кире турган кез ушул.
Арамзанын суусу өйдө,
Ага турган кез ушул.
Чапансыздын шыйрагын.
Чага турган кез ушул.
Манкурт мөөрүн мандайга,
Тага турган кез ушул.
Мына биздин гүлтурмуш,
Гүлтурмуш, гултурмуш,
Гүлтурмуштун токочун,
Жаба турган кез ушул.
Төрт ай иштеп бир кап ун,
Таба турган кез ушул.
Алты койго беш самын,
Ала турган кез ушул,
Апта сайын Кытайга,
Бара турган кез ушул.
Ата-энени базарга,
Сала турган кез ушул.
Эт жегизбей балдарды,
Бага турган кез ушул.
Коломтосун коноктун,
Жага турган кез ушул.
Келгиндердин кетменин,
Чаба турган кез ушул.
Ата Журтта арабөк,
Кала турган кез ушул.

Мына биздин гултурмуш,
Гултурмуш, гултурмуш,
Гүлтурмуштун зыйнатын,
Кере турган кез ушул.
Күн тийбеген тагдырга.
Көнө турган кез ушул,
Бечаранын сазайын
Бере турган кез ушул.

Күрмөк нандын күкүмүн,
Тере турган кез ушул.
Таштандыдан тамеки,
Чеге турган кез ушул.
Кары-картаң каадасын,
Тере турган кез ушул.
Кашык чайга канты жок,
Чеге турган кез ушул.
Азды алтымыш урууга,
Бөлө турган кез ушул.
Арак кесип кендирди,
Өлө турган кез ушул.
Мына биздин гултурмуш
Гултурмуш, гултурмуш,
Гүлтурмушта күү толгоп,
Ырдай турган кез ушул.
Күрпөң Ажо доорунда.
Жыргай турган кез ушул.
Күч коротуп көп эмгек,
Кылбай турган кез ушул.
Барымтага балдарды,
Чырмай турган кез ушул.
Өздөн көрө өзгөнү,
Сыйлай турган кез ушул,
Өлүп-талып кычыткы,
Жыйнай турган кез ушул.
Өзөктөштүн өрүшүн,
Булгай турган кез ушул.
Жатындашка жакшылык,
Кылбай турган кез ушул.
– "Кайран элди карып", – деп,
Ыйлай турган кез ушул.

# ТҮШҮМӨ ДАГЫ КИРБЕПТИР...

Жоктоо

Жакында ааламдан өткөн Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Социалисттик Эмгектин Баатыры, ар салаасынан өмүр тамган керемет колдуу хирург агам Шамшидин Суйеркуловдун арбагына арнаймын.

Оо...
Эсил кайран Шамши аке,
Эми кайдан табамын!
Өрттөп кетти өзөктү,
Өткөнү сендей агамын,
Келе албадым жаш төгүп,
Кеч угуп калып кабарың.
Бөөдө эле кете берипсиң,
Бөксөртүп капшыт тарабым,
"Өзү сактап жүрөт", – деп,
Өмүрүн чалдын, баланын.
Түшүмө дагы кирбептир,
Шамшы аке,
Түгөнүп бир күн калаарың...
Мүнөзү токтоо Шамшы элең,
Мүрөктөн бүткөн тамчы элең.
Жуучусу болуп өмүрдүн,
Журт үчүн күйүп-жанчу элең.
Илимдин ишин аткарып,
Илдетке тийген камчы элең...
Жамбашты жылган ордунан,
Жайына баптап салчу элең.
Өпкө-боор дартынын
Өзөгүн сууруп алчу элең.
Өмүрүн жакшы - жамандын,
Шамшы аке,

Өлүмдөн сактап калчу элең.

"Алкашка" берген жылдарды,
Агама кудай бербептир.
"Көбөйтүп иет элди", – деп,
Көп жашты ыраа көрбөптүр.
Өмүргө өмүр улаган,
Анын,
Өнөрүн кылдат тергептир.
"Ажалга бербей кыйланы,
Аралжы болгон сен", – дептир.
"Жакшы адам керек мага да,
Жаныма жакын кел", – дептир.
"Далайдан бери табым жок,
Шамшидин,
Дарылап мени көр", – дептир.

Кантели,
Кудайдын шундай колу узун,
Агатай,
Кут болсун барган конушуң,
Аерде деле ыктымал,
Улукман аким болушуң,
О дүйнөдө жүрсөң да.
Ооматтуулардын зорусуң.
Бошошпой жетип ала көр.
Жан аке,
Болсо да бейиш, жолу узун.
Тирүүлөр тилеп жүрөлү,
Агама,
Топурак торко болушун...

Эми,
Тогуз жыл аза күтсөк да,
Толбойт го орду аганын.
Тосо албай жолун ажалдын,
Шамши аке,
Томсоруп калды заманың.

Агайын-тууган күтөбүз,
Андан да кадыр табарың,
Көз кырыңды сала жүр.
Көп сурап,
Көрдөгүлөрдүн абалын.
"Биримдик апат болду", – деп,
Билгизгин,
Биз жактын жаңы кабарын.
Учурап калсаң атама,
Айтып кой,
Уулунун дубай саламын.

*6-июнь, 1992-жыл,*
*Бишкек шаары*

# ҮКАЛАРГА

Кодулашпай бир жеңден,
Кол чыгарган маалыңда.
Айбатың менен аскага,
Жол чыгарган маалыңда.
Ак пахтаңан кездеме,
Мол чыгарган маалыңда.
Атак-даңкын кыргыздын,
Үкалар,
Зор чыгарган маалыңда.

Баарылып жалгыз жакадан,
Баш чыгарган маалыңда.
Күйгүзсөң күндү жылыткан,
Таш чыгарган маалында.
Тойгузган тойдун аркылын,
Аш чыгарган маалыңда,
Жалпак тил менен чилдеден,
Үкалар,
Жаз чыгарган маалыңда.

Басташкан башын көтөрүп,
Батына албай турчу эле.
Касташканың камчы үйрүп,
Катыла албай турчу эле.
Арамзалыктын капкагы,
Ачыла албай турчу эле.
Чаар элдин чатагы,
Анда,
Чачыла албай турчу эле.

Максатың бийик маарага,
Чыгуу болуп турчу эле.
Кыш чилдеде боз үйүң,

Жылуу болуп турчу эле.
Кыздарыңдын кырк чачы,
Сулуу болуп турчу эле.
Уулдарыңдын урматы,
Ал кезде,
Улуу болуп турчу эле.

Аткаминер болом деп,
Агайын-тууган кагыштың.
Депутаттыкты талашып,
Дердеңдешип алыштың.
Кежеңдешип кез-кезде,
Кетмен менен чабыштың.
Ырысыңды бөксөртүп,
Үкалар,
Ынтымактан тайыштың.

Эми,
Баш калаага келгенде,
Баштагыдай баркың жок
"Чамгаракты кара!" – деп,
Чамына турган чаркың жок.
Шапар тээп шаттанып,
Шарактай турган шартың жок,
Кымыз сунуп кылгырган,
Баягы,
Кылыктуу келин алтын жок.

"Кош келиңиз",– деп турган,
Конок үйдө орун жок.
"Алгалап" кете бергидей,
Айкын багыт жолуң жок.
Кабыргасы сына элек,
Капчыгын толо сомуң жок.
Башыңды ташка урсаң да
Үкалар,
Баштагыдай сонун жок.

Улгайып калган чагымда,
Убайга салдың карыңды.
Ушул күнгө туш болдуң,
Укпастан айткандарымды.
Уюшуп мансап талашып,
Убара кылба жаныңды.
Эгин айдап, мал багып,
Эми,
Базардан изде багыңды.

# АЖОНУН БОЛСОМ АЙЫМЫ

Эгер мен,
Ажонун болсом айымы,
Заксиде турган зайыбы...
Тамагын таптап өболу,
Таткызып каймак майымы.
Балтадай кылып бакмакмын,
Баш көшкон түгөй байымы.
Анан,
Билгизет элем баарыга,
Билермандуулук жайымы,
Когөрүп турмак суу ичпей,
Анын,
Күн тийбестеги жайыгы,
Күнүмдүк ичип-жегендин,
Күм-жамдалып дайыны,
Акчадан кайрылышкандын,
Ачылмак эмес айыбы.
Толкундан чыкмак токтобой,
Андайдын,
Калаксыз калган кайыгы.
Көрөңгөсү кургамак,
Корө албас ушак-айыңы.
"Карабайт экен түзүк", – деп
Калп айтпайт эле кайыны.
"Уулубуз биздин", – дегенден,
Ажонун
Уялбайт болчу айылы.

Колукту болсом Кожого,
Кошсо эгер кудай ошого,
"Боорубуз туташ", – дегенден
Бошобой турмак босого.
Сыйлашып алат болчубуз.

Сыйынып ата-жотого.
Баркына жетип туугандын,
Башканы чегип сокого,
Кыйлага илдет жугузуп,
Кызматынан бошомо,
Тийгизет элем аркамды
Тил алчаак бала-ботого.
Келбети калмак Кожонун
Кагазда, ташта, чоподо.
Кыдыртат элем ааламды,
Кызыма тагып отого.
Кыргызды тамшандырмакмын,
Кызартып бетин жошого.
Байкуштун багын ачмакмын.
Байлатып колун козого.
Томаяк көөнүн тапмакмын
Тойгузуп кардын бозого.

Эгер мен,
Паашанын болсом аялы,
Оңдурат элем кыргызды,
Орустан чактап аганы,
Таланттуу жээн чыгат дейт,
Татардан тапсаң таганы,
Карындаш-урук кемтигин,
Казактан бүтөп алалы.
"Агайын-тууган" дешкенге
Азыр,
Тажиктин татаал абалы.
Каадалуу тамыр боло албайт,
Карачайларың жанагы.
Чемирен калсын кесирлүү
Чечендериңдин сабагы,
Белдүү тууган болгудай,
Беги эмес, түрктүн жаманы.
Эпкини колду узартат,
Еврейдин тийсе шамалы.
Бүлүнтпөсүн кыйырды,

Бүркөлүп кытай кабагы.
Өксүбөсүн эч качан,
Өзүбектердин талабы.
"Намысы жерге кирсин", – деп,
Нарындык кыргыз баланы,
Санаалаш катын-калачтын,
Садагасына чабалы.
Саясат жүрмөк ушундай,
Эгер мен,
Паашанын болсом аялы...

# КЫЧЫШЫП КЕТСЕ НЕ БОЛОТ?

Кадыр-барктуу болгуча,
Кагаз-тыйын сомубуз.
Каарына калып казактын,
Кайнады кыргыз шорубуз.
Кыйырдан сыртка чыга албай,
Кыскарып узун жолубуз.
Кысынып турат базарда,
Кымызга сунган колубуз.
Аңдады бекен абалды,
Алиги,
Акайүп деген чоңубуз?..

Өрүшүн жайып алгыча,
Өспүрүм акча сомубуз.
Өзөктү кантип агартат
Өңүрү жыртык тонубуз?
Өзбектер тосуп алганы,
Өзүбүз салган жолубуз.
Барыш-келиш өксүдү,
Байланып буту-колубуз.
Туйду бекен турмушту,
Жанагы,
Турсунбек деген чоңубуз?..

Жагоо тагып кеткиче,
Жашыл акча сомубуз.
Жакасы калды шалпайып,
Жамачылуу тонубуз.
Басмырлап бажыканачы,
Байласа буту-колубуз.
Барабыз кимге даттанып,
Башка жок болсо жолубуз?
Байкабай муну жүрөбү,

Же биздин,
Медеткан деген чоңубуз?

Өзөктөштөр өгөйлөп,
Өчүрсө жалын, чогубуз.
Кыйырлаш кыдык көргөзүп,
Кыскартып турса жолубуз.
Казанга салып от жагып,
Кайната берсе шорубуз.
Калкынын бары - жогуна,
Кайдыгер болсо чоңубуз.
Кычышып кетсе не болот,
Бир күнү,
Тилибиз эмес колубуз?..

*1993-жыл*

# МЫНА МИНТИП

Коммунисттик доордун балдарынын ырына, демократия мезгилинин чалдарынын пародиясы.

“Мышык - чычкан ойнойбуз,
Мышык жолун торойбуз".
Демилгелүү демагог,
Демөкрат болбойбуз.
Мангибаш, жүнбаш болсо да,
Мансаптууну колдойбуз.
Мына минтип, мына минтип,
Мына минтип, мына минтип...

(Кош колун көтөрөт).

"Тоголотуп топ тептик.
Топ качса да биз жеттик".
Терек-Суунун теңгесин,
Тель-Авивден издеттик.
Үрксө кыргыз бассын деп,
Үрүмчү жолун түздөттүк.
Мына минтип, мына минтип,
Мына минтип, мына минтип...
(Жер казганды туурайт)

"Ашарга" десе шашабыз,
"Асабадан" качабыз.
Арак, пиво, тамеки,
Алып кайта сатабыз.
Бак-таалайга чакырган,
Базарга бара жатабыз.
Мына минтип, мына минтип,
Мына минтип, мына минтип...
(Базарга баратканды туурайт)

Кээде сынып чөгөбүз
Кээде коз жаш төгөбүз.
Эт түгөнсө, эзелки,
Партияны сөгөбүз.
Эми аз күндө баарыга,
Энчи болуп беребиз.
Мына минтип, мына минтип...
Мына минтип, мына минтип.

(Сөөмөйү менен Ортонунун
ортосунан бармагын көргөзөт).

# АКСЫЛЫКТАРГА

Ассалоому алейкум,
Айгашка журтум аманбы...
Баштайын сөздү ыр менен,
Байкап көргүлө чамамды.
Ооруңду колдон алышсам,
Оюндагыны табамбы.
"Аз ичкин десем арактры",
Ачууңа тийип аламбы...
Тоңмоюн жигиттериңдин,
Токмогун жеп каламбы.
"Агалык парзың аткар", – деп,
Парпиев Ысак агамды.
Алдырып келип айлыңа,
Анда мен Арачага саламбы...
Же,
Карыңа ызаат көргөзсөм,
Каадалуу элге жагамбы.
Илгерилетип иет деп,
Ишимдеги чаламды.
Арка-бел тутуп келди элем,
Аксылык эркек тананды
Кайдыгерлик кылсаңар,
Калчабай жакшы-жаманды.
Шагым сынып шалпайып
Туугандар,
Шайлооңон өтпөй каламбы?.
Уюткулуу Журт болсоң,
Мени,
"Бейтааныш экен", – дебегин.
Пейилди кенен салсаңар
Мен деле,
Өз уулуңар элемин.
Киного тарткан мен болом,

Тээтиги,
"Жалгыз Арча", терегин,
Шаа бедел Жунай акемин,
Кыйла жыл,
Шакирти болуп келемин.
Эми,
Өйдө-ылдыйын турмуштун,
Өзүңөр менен көрөмүн.
Мобулар жасай турганды,
Мен деле жасап беремин.
Кыйрыңда кармап тура алам,
Кырмызы кыргыз желегин.
Касталып турсаң, бел чечип,
Кыйлаңа тиер керегим.
Кийин,
Кабинага киргенде,
Калыстык кылса болгону.
Шайлай турган депутат,
Калбырың менен элегиң.

# АСАНЫМ МЕНИН, АСАНЫМ

Акын Асан Жакшылыковдун автордук кечесине арналган азил

Ачыптыр бүгүн Асаным,
Акындык жайма базарын.
Алакан чаап турсаңар
Асаным,
Арбытат дагы казалын.
Жашырбай айтып берем дейт,
Жакшы ырды кантип жазарын.
Айырмасын таанытат,
Абийири шакмар - тазанын.
Кадыр-көңүл жарашса,
Кайнатып өнөр казанын.
Тамшандырат кыйланы,
Тарткызып сүйүү азабын.
Ажылыгын карматып,
Айтса эгер таңкы азанын.
Конуш берет дилине,
Койнунан алыс жазанын.
О, Асаным менин, Асаным!
Маалында мансап сазына,
Малынганыңа капамын.
Тыңсынгандар чыкты го,
Тырыштырып жашагын.
Кергө тыкмак болдубу,
Көп досуң,
Көкөлөп турган атагың?
Жандыбы эркин баса албай
Жанагы,
Жазуучулардын чатагын?
Өндүрбөйт экен бир теңге,
Менин,

Өнөргерлик атагым.
Жардылык кесип кендирди,
Ийниңе,
Жаба албай турам чапаным.
Бирөк,
Каллаңа соолук тилейин,
Каттасин берип батанын.
Абийири таза жигитсиң,
Алкышын алган атанын.
Акындыгыңды жээрибе,
Ал сенин капа жазарың.
Аман бол бөөдө кырсыктан,
Айгашка иним, Асаным!

*1996-жыл.*

# ААЛАМДАН ӨТТҮ ЖАКШЫ АДАМ...

*Кыргызстандын эл артисти, телекинорежиссер Балташ Кайыпов дүйнөдөн кайтканына карата жазылган кошок.*

Бейчеки жолго баспаган,
Беделин таза сактаган.
Көгүлтүр экран сыйкырын,
Көргөзүп журтка баштаган.
Алыска аты угулган,
"Алымкан" деген тасмадан.
Жаңыга шыктуу жаштарды,
Жалынга бүлөп таптаган.
Шакирттин шагын сындырып,
Шаабайын суутуп какпаган,
Кайырчы тургай кайдыгер,
Касына эшик жаппаган.
Каргаша чыгып келатса,
Каадасы жанып шашпаган.
"Үптөргө" кызмат кылам деп,
Үзөңгүлөшүн сатпаган.
Ашмакчы болуп калганда,
Алтымыш кырды чактаган.
Арабыздан болүнүп,
Ааламдан өттү жакшы адам...

Наамарттык жолго баспаган, Намысын тазасактаганКыргыздын өнөр сандыгын, Кыянаттууга ачпаган. Кымгуут кылып кыйырды, Кыйчалыш күндө шашпаган. Мансаптуу болот элем деп, Максатташын сатпаган. Тасмага тартып өткөндү, Тарыхын журттун тактаган. Үзүлсө дагы үмүтү, Үй тийбей колго чактаган. Оозунан бир сөз чыкпаптыр, “Даттанам!”, – деген, “даттанам!” Бабырап барган жеринин,

Базары кызый баштаган. Чамгарактатып кабагын, Чаарасыздарды какпаган. Өгүнү, Дүкөнүн жаап өнөрдүн, Дүйнөдөн кайтты жакшы адам.

Кыянат ишке баспаган,
Кыйдыга кылтак таштаган.
"Овичсиз", "ака" дегенге,
Орустар көнө баштаган,
Муңдууну сылап маңдайдан,
Мусаапырларды какпаган.
“Арзуунун аргымагы”, – деп,
Айымдар сүйүп мактаган.
Жетиктиги бар эле,
Жеңени жерге чаппаган.
Балага байыр жан эле,
Балташ ака жакшы адам.
Жар салбайт эле ааламга,
Жазганы чыкса басмадан.
Калбаптыр өнөр кыргызда,
Кайыпов үрөн чачпаган.
Мезгилсиз кете бердиң бейм,
О устат,
Мерчемге жетпей чактаган.
Эми,
Жараткан жайлуу кылса экен,
Жериңди жаткан жакшы адам...

*1996-жыл.*

# КАЙРАН ЭР, УЧУП КЕТТИ, ШУМКАР БОЛУП...

Ыраматылык Сатыбалды Жээнбековду акыркы сапарына узатып жатып, Сузак районунун Тайгараев айлында сиздер бир аздан кийин окуй турган сөздөрду сүйлөгөн экенмин.

Арадан бир апта өткөндөн кийин Бишкектеги тааныш-билиштерим: "Ошондогу сүйлөгөн сөзүңүздүн текстин берип коесузбу", – деп маземди ала беришкенинен, "Асабага" бастырып коюшун сураныпп, Мэлис иниме телефон чалып, текстин бердирип ийсем, ал газетасына бастыра алган жок. Калгандары деле ошентишти.

Депутаттар өзүбүз жардамдашып, Сатыбалдыны жерге коюу аземин телевидение үчүн тарттырып, радиотасмага жаздырып берип жиберсек деле, аердин чоңдору башкалардын баарын көргөзүп келип, менин сөздөрүмдү кесип салышыптыр.

Котур ырларды жазганымды танбайм. Курч макалаларды жарыялап, куйкум сөздөрдү сүйлөп жүргөнүм да чын. Бирок, ааламдан абыдан эрте өткөн жигиттин өлүмүнөн саясат чыгарып, президент А.Акаевдин аброюна көлөкө түшүрүп же мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч туудурайын деген оюм жок эле. Анда эмнеге кыскартылып калдым? Же өмүрүмдүн аягына чейин бөркүм казанбактай болуп жүрө беремби?

Эмнеси болсо да "окуучуларым өзүлөрү калыстык кылаар", – деген үмүт менен, кара сөздү ырлар жыйнагыма кыстырууга аргасыз болуп отурамын. Себеби: прозалык чыгармаларымдын көзүмдүн тирүүсүндө жарык көрөөрүнө ишене албай турам. Эмесе, ошол сөзүмдүминтип баштадым эле:

– Касиеттүү калайык, жумурай журт!

Мүлде кыргызга аттын кашкасындай таанымал, чыгаан уул Сатыбалды Жээнбеков тирүүлөрдүн арасынан бөлүнүп, көктү көздөй учуп кетти шумкар болуп.

Бүгүн бир өрөөн журттун туусу жыгылды, азыркы оош-кыйыш заманда бей-бечара улуу менен кичүүгө арка-бел болуп желбиреп турган.

Жөн жыгылган жок ал туу. Жаштын өзөгүн өрттөп, карынын белин мертиндирип, азаматты аздектеген элдин, энчилеш тугөйүнүн, эрезеге жете элек балдарынын, "эсил кайраным" деп бОтодой боздөп, кан жөткүрүп жүрүшкөн агайын-тууғандарынын башына караан түндү салып жыгылды. "Жакшынын өмүрү кыска бөлот" деген сөз тегин жеринен айтылган эмес турбайбы, атаганат.

Сатыбалды Жээнбеков өзүнүн бир көз ирмемге жетпеген өтө кыска өмүрүндө карапайым мугалимден көрүнүктүү мамлекеттик ишмердин даражасына дейре кимдир бирөөнүн жөлөк-таягы менен эмес, өзүнүн гана дилинин тазалыгы, тилинин курчтугу, акылынын тунуктугу, намысынын өкүмдүүлүгү, жан дүйнөсүнүн бакыбаттыгы жана зиректиги менен жетишип, чагылгандай жарк эткен бир өрнөктүү өмүр кечирип, жакшы жашады эле кайран бала...

Жакшы жар-жоро, жакшы үй-бүлө, жакшы агайын-тууган, жакшы тели-теңтуш күтүп, бийликтен көрө адилдикти, байлыктан көрө адамкерчиликти артык көрүп, элинин жүгүн, журтунун жүгүн аркалап, кыл чокудагы эң бийик максатты багынтмакчы болуп, бел байлап чыккан баатырды бүгүн минтип пенде бүткөндүн бакиси бара турган улуу сапарга, айгашканын акыркы сапарына аттандырмакчы болуп олтурабыз.

Кантели, кыйдынын кыялы бузулуп, наамарттын каргышы жетип же көралбастын көзү тийдиби, иши кылып, кыйлабыздын тилегибиз таш каап, үмүтүбүздүн оту жалп эле дей түштү. Таламандын тал түшүндө бийик максатты өксүтүп, тулпарды мүдүрүлтүп, тууну мүрт жыгып алдык.

Былтыр ушуерден депутат шайлоо аламанында баарылап Сатыбалдыга кыйын кезең мөөрөйүн алып берип, "эми тулпарды чыныгы табына келтирип, чоң байгеге саламын" деп жетелеп кеткеним эсиңерде бардыр. Тагдырдын жазмышы ушул тура, атаганат, бүгүн минтип сөөгүн көтөрүп келип өлтурамын. Аздыр-көптүр Жогорку Кеңеште бирге иштешкен убагыбызда маанайы чөксө өөдөлөтүп, мактанып баратса

ылдыйлатып, сүйлөгөн-турганын жөнгө салып, ушак сөздөн. кирнелүү көздөн калкалап жүргөнгө канчалык аракет кылсам дагы, келип-келип ажалга алдырып ийдим баланы. Он гүлүнөн бир гүлү ачыла электе, ушинтип, баарыбызды буркуратып кете берди эсил гана эр. Алла-тааламдын алдында алсыздык кылганым үчүн кечир мени, о, уюткулуу журт.

Азыр өзүмдүн дагы канатым сынып, кабыргам сөгүлүп, кайрат айтаар адамга абдан муктаж болуп турган чагым.

Мүнөзүндө айкөлдүк, жүрөгүндө жалы бар, бир айыл эмес, бир уруу эмес, жоон топ элдин багына 100 жылда барып бир жарала турган Сатыбалды сыяктуу ашкере акыйкатчыл, намысы жайдак баатыр уул тууралуу айтыла турган сөз, кошула турган кошок, ырдала турган ыр, жазыла турган макала, көргөзүлө турган зыйнат али алдыда. Ага дейре тулпардын шумкарга айланып кеткенине карата көкүрөгүмдү жарып чыккан төмөнкү саптарды жатындашы болбосом да, жан биргелешип калган аёлуу инимдин акыркы сапарына жол шерик кылып жөнөтөйүн дедим...

Алдырып ийдик асылды,
Акыйкатсыз чеңгелге.
Айкашып көрөт болчубуз,
Айттырып ажал келгенде.
Кайгырбайт элек мынчалык,
Кармашып өлүм жеңгенде.
Азыраак арман айтылмак,
Алтымыш ашып өлгөндө.
"Кош" деген менен, жан укам,
Сени,
Кол барбай турат көмгөнгө.

Кантели эми, элим деп жүрүп, журтум деп жүрүп күйүп-жанып түгөндүң, укам. Эми ошол элиңден кабатыр болуп, жаткан жериңде түйшөлө бербегин. Көгарт өрөөнүн эли агаңдыбы же иниңдиби, эжеңдиби же карындашыңдыбы, иши кылып, сенин ордуңа татыктуу деп эсептеп кимдир бирөөнү шайлаганга дейре, сенин элиңе баш-көз болуп, шайлоочуларыңдын арыз-муңун угуп, сен аркалаган жүктү

аркалоо милдетин курбуларың Алишер Сабиров менен Өмүрбек Субаналиев, инилериң Адахам Мадумаров менен Турсунбай Бакир уулу жана агаң мен өз мойнубузга алабыз.

Сатыбалдынын арбагын сыйлап, азаматты акыркы сапарына узатып коелу деп алыс-жакындан ушул жерге келип турган улуу-кичүүнүн бакисине маркумдун агайын-тууган, жоро-жолдош, кесиптештери терең ыраазычылыгыбызды билгизип, миң ирээт таазим кылабыз.

Кош, баатырым... Эми ылайым эле ыйманың жолдош, жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсо экен....

# АРТИСТТЕРГЕ

Кайнаган казаныңда каным бирге,
Кан жолдон таап жеген наным бирге.
Кагылам "артист" деген атыңардан,
Кайгыңда, кубанчыңда жаным бирге.

Даңкыңды алыс-жакын жакшы билет,
Баркыңды бардык акын ырдап жүрөт.
Бүгүн зор, эртеси кор тагдыр күткөн,
Жакшына өнөрүңдү жаным сүйөт.

О достор, элчиликке келгилечи,
Оюмду менин да угуп көргүлөчү.
"Кеңешип кескен бармак оорубайт" дейт,
"Кеп" жагын мага өткөзүп бергилечи.

# Б. КЫДЫКЕЕВАГА

*СССРдин эл артисткасы*

Канышадай түрү бар,
Карышкырдай сүрү бар.
Каарына калсаң шоруңду,
Кайната турган жини бар.

Атагы алыска кеткен,
Даңкы далайга жеткен.
Алдына аял заты чыкпас эле,
Эжекем,
Аныбай жүрсө "кептен".

*1965-жыл*

## Ш. АБЫЛАЕВАГА

*(Артистка)*

Шаара, Шаара шар дешет,
Шааранын пейли тар дешет.
Бирок,
Кырк жолу маектешсен да,
Кызыктуу "кеби" бар дешет.

*1976-жыл*

## Б. ШАЛТАЕВГЕ

(Кыргыз ССРине эмгек сиңирген артисти)

Кыргыздын карасы,
Шалтанын баласы.
Кызык жутуп алгансып,
Какайганын карачы.
"Бели эмес "кеби" какайса,
Беймаза болбойт элем", – деп.
Жамалдын тынбайт санаасы.
"Багуусу деле жакшы эле,
Балакет кандай басты эле?
Бакшыга салат окшойм...", – деп,
Камданып жүрөт чамасы...

*1978-жыл*

# А. ЖУМАБАЕВГЕ

(Кыргыз ССРинин эл артисти)

Асек, Асек болгону,
Асек атка конгону,
Электеп "кепти" жүргөнгө,
Элүү жыл болду болжолу.
Кемшейип карыганда да,
Асекең,
Кепкорлугун койбоду.

Муңдуу созуп добушун,
Мукам чертип комузун.
Муса менен Атайга,
Окшоп чыккан бир кезде.
Врач кыздын жүрөгүн,
Козгоп чыккан бир кезде,
Он алты кыз деп озондоп,
Асекең,
Боздоп чыккан бир кезде.
Ачылган гүлдөй тоодогу,
Жайнап чыккан бир кезде.
Ашыглык ырын ар кимге,
Арнап чыккан бир кезде.
"Кеп" сазына малынып,
Келин-кызга жалынып.
Кара жанын зайыпка,
Кайрап чыккан бир кезде,
Колкосун сууруп кодоңдоп,
Асакең,
Сайрап чыккан бир кезде.

Асек, Асек болгону,
Асек аткан конгону.

Аркасы менен добуштун,
Барбаган жери калган жок.
Көркү менен комуздун,
Көрбөгөн эли калган жок.
Өгүнү,
Бельгияга барганда,
Ич буроо бөлуп калганда.
Кенебестен жүрүптүр.
"Кеп" жагынан көөнү ток.
Себеби андай жерлерде,
Арзан экен "кеп" жаты,
Кымбат экен "эт" жагы
Абалтан тартыш болгөн дейт,
Асакеңде бет жагы...
Ал аз десең кургурдун,
Арып калган чагы эле,
Кырчаңгы болгон атка окшоп,
Карып калган чагы эле.
Кепке тойбос келин-кыз,
Агаңды,
Чанып калган чагы эле.
Көңүлү деле көп сөздөн,
Калып калган чагы эле.
Көрүүгө жөнөп жатканда,
Кемчонтойду чыгарып,
Жеңебиз,
Алып калган чагы эле.
Кечөө күнкү кен дүйнө,
Тарып калган чагы эле.
Байбичелик маалына,
Байкебиз,
Барып калган чагы эле.

Арыса да Асакең,
Азыр,
Базарга барат күнүгө.
Чыр салат кээде бакылдап,
Чыгарып күчүн тилине.

Жолой албайт жалтактап,
Жоруктуулардын бирине.
Маектешет сырдашып,
Мага окшош менен муңдашып.
Кедендеп кетет кез-кезде,
Кемпирлерге ыр жазып.
Бороон- чапкын түшүрөт,
Бозо ичсе,
Бойдоктор менен чырлашып.

*1974-жыл*

## С. ЖУНУШАЛИЕВАГА

(Кырыз ССРинин эмгек сиңирген артисткасы)

Сайнакенин байлыгын,
Баалаган сөз көп угам.
Кеп сактаган кампасы,
Кенен-чонон деп угам.
"Оймоктой болгон оң сөздү,
Оро толгон чоң сөздү.
Дарбазасы кең сөздү.
Дарыя-көлгө тең сөздү.
Угуту бар мурч сөздү,
Устарадай курч сөздү.
Ийне көздүү тар сөздү,
Иши кылып бар сөздү,
Катып жатат имиш", – деп,
– "Каалаганга айтам", – деп,
– "Басып жатат имиш", – деп.
– "Бир четинен кайран кеп,
Сасып жатат имиш", – деп.

*1976-жыл*

# С. ЖУМАДЫЛОВГО

(Кыргызстандын эл артисти)

Кырдан кызык "кеп" укса,
Кыйкырып ийген Советбек.
Ага,
Кыргыйдай тийген Советбек,
Секиден секин "кеп" укса,
Секирип ийген Советбек,
Ага,
Серкедей тийген Советбек.
Алты "кеп" укса адырдан,
Айкырып ийген Советбек.
Ага,
Айгырдай тийген Советбек.
Тоодон топук "кеп" укса,
Торой чалган Советбек.
Аны,
Токтотуп калган Советбек.
Советбек, Советбек...
Санаалаштарын күтүшөт,
Сени,
"Кеп" коргонун салат деп.
Дүрбөлөң түшкөн андан көп,
– " Дүрмөтү түгөп калат", – деп.
Баш тартып "кептин" баарынан,
Сакен,
"Бахаист" болуп алат деп.

*1991-жыл*

# С. ДАЛБАЕВГЕ

(Кыргыз ССРинин эл артисти)

Агабыз Сатыбалды, Сатыбалды...
Ааламдан жапжалгыз "кеп" атып алды.
"Балкыган баалуу сөздүн ээсимин!", – деп,
Башкага көңүл бөлбөй жатып алды.

*1980-жыл*

# Ж. СЫДЫКБЕКОВАГА

(Артистка)

Эжекең эң зор маек курат имиш,
Эринбей көп даярдык кылат имиш.
Керемет кеңешмеге катышканы,
"Кеп" төркүнү алыстан чыгат имиш.
Артынып куржун-куржун курч сөздөрдү,
Ат- Башыдан Нарынга жылат имиш.
Сулайман ысык-суук кептен салып,
Экөө тең маал-маал эстен танып.
Бирде жорголотуп,
Бирде ойдолотуп.
Бирде текирең детип,
Бирде өчүрөндөтүп,
Кеңешме Балыкчыга жетет имиш.
Токтобой Токмоко өтүп кетет имиш.
Көк-Кыядан зуулдатып,
Көт-Малдыны чуулдатып.
Кең-Булундан кемшеңдетип,
Эжекеңди эмшеңдетип,
Кызыл-Суудан кыңшылатып,
Канттан какыйлатып,
Аламүдүндөн айгайлатып.
Борборго жетип келип тынат имиш,
Керемет кеңешменин буга окшогон,
Токтому том-том болуп чыгат имиш...

*1980-жыл*

# И. РАИМКУЛОВАГА

(Кыргыз ССРине эмгек сиңирген артистка)

Уул эмес, уз эмес,
Жигит эмес, кыз эмес.
Томоголуу куш эмес,
Аток эмес, киши эмес.
"Кеп" түшүнүп кемшеңдөө,
Искранын иши эмес.

*1979-жыл*

## ЗАМАНДАШ ЗАЙЫПКА

Замандашым, жан курбум көпкө жаша,
Зайып болсоң ак көңүл сүттөн таза.
Армансыз кинолорго түшсөң дагы,
Ак-Суу, Көк-Суу, Кызыл-Суу ичсең дагы.
Өмүкөңө өптүрбөгөн,
Сөмүкөңө сөктүрбөгөн.
Кыкеңди кыйтыйткан,
Чыкеңди чыйтыйткан.
Бокеңди тоготпогон,
Жокеңди жолотпогон.
Кайдакеңди какшаткан,
Айдакеңди аксаткан.
Эргешбайды шылдыңдап,
Эмчек кабын сактаткан.
Сүкөңдү сүлкүлдөткөн,
Бүкөңдү бүлкүлдөткөн.
Төкөңдү алып беттен,
Мэкеңди мээге тепкен.
Азоолугуңду жактайын,
Актыгыңды мактайын.
Бир суроого жооп берчи,
Билгим келди тактайын,
"Жигулини" миндиң беле?
"Москвичте" жүрдүң беле?
Автобустун ак "Волгадан",
Артыктыгын билдиң беле?..

*1977-жыл*

# К. ДОСУМБАЕВГЕ

(Кыргызстандын эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты)

Бою теректей,
Курсагы челектей.
Көбүрөөк ичкенде,
Көздөрү көнөктөй.
Арбын-арбын "кеби" бар,
Алып-сатканга эби бар.
Тыңсынган менен "кебинин",
Тыйындай кээ бир жери бар.
Артисттерден автордун,
Күнболот деген теңи бар.

*1976-жыл*

# Ж. СЕЙДАКМАТОВАГА

(Кыргыз ССРинин эл артисткасы)

Кызыктуу кепке "кыңк" дебес,
Ийги кеп айтсаң "ий" дебес.
Обу жок сөзгө "ой" дебес,
Оолукма кептин келеби,
Оозуна толсо "кой" дебес.
Зайыптын Жамал туйгуну,
Замандын Жамал булбулу.
"Кеп" көтөргөн жагынан,
Келиндин Жамал дулдулу...

*1976-жыл*

# Г. АЖИБЕКОВАГА

(Жумурияттын эл артисткасы)

Элүүгө чыкпай Гүлсара,
Эл артисти болуптур.
Эфир менен саханада,
Эпкиндүү атка конуптур.
Этексиз келин-кыздары,
Экрандарга толуптур,
Эркектерден анча артык,
Гүлсара,
Эмгек жасап коюптур.

Күйөбүң экен жакшы адам,
Сени,
Күкүктөй кылып таптаган.
Ачыптыр ар кыл гүлүңдү,
Артыкча көрүп башкадан.
Жугумдуу жигит өңдөнөт,
Жубайлык иштен качпаган.
Өзүңдү кыйнап отурбай,
Өзү эле төрөп таштаган.

Эми,
"Сен, мен" дешип талашпай,
Сексеңдешип карашпай,
Урматташып жүргүлө.
Урушуп кайта жарашпай.
Умсунбасын ынактык,
Унут калган сабактай.
Кечтердин багын ачкыла,
Керемет төгүп, таң атпай.

*1993-жыл*

# ГҮЛСҮН МАМАШОВАГА

(70-жылдардагы кыргыз эстрадасынын жарык жылдызына азил)

Сахнага Гүлсүн чыкканда,
Сайрабай куштар калчу эле.
Кулагы оор жандын да,
Кумары ырдан канчу эле.
"Көз ымдашын көрсөк", – деп,
Көпчүлүк күйүп жанчу эле.
"Дагы ырдаса экен", – деп,
Дайралар тыным алчу эле.
Мойсопут молдо чалыштар,
Мойлоосун бурап калчу эле.
Сексенге чыккан карылар,
Серектеп,
Секетпай ыргак салчу эле.
Арзууга элпек бозойлор,
Антташкан жарын чанчу эле,
Залдарга концерт чектелген,
Зайыбын албай барчу эле.
Босогону жөөлөшүп,
Бойдоктор толуп калчу эле.
Абалкылар айткандай,
"Атка бергис кунан бар".
Азыркыларга жаккандай,
"Кызга бергис жубан бар".
Арбын деп уктум дагы эле,
Гүлсүндү,
Арзышып жүргөн уландар
Бирок,
Эсиңе салам жаш бала,
Эжеңе болбо маскара.
Жашыра бербейт сырларды,
Жантамайдагы туландар.
Бообектин түшсө колуна.

# БООСУ МЕНДЕ СЕН КАТЫНГАН ЖҮГӨНДҮН...

(Республиканын эмгек сиңирген артисткасы Зейнеп Шаакееванын ашканадагы ариясы. Белгилүү "Күн чыгышым" деген ырдын обону менен ырдалат)

"Улам карап туш тарапты элеңдеп,
Айтар сөздү миң кайталап белендеп".
Күттүм эле күйөө боло турганды,
Күмүштөй кыз төрөп берет элем деп.

"Анык беле айткан кебиң, келем", – деп,
Арзуу батып жүрөгүмө тереңдеп.
Алдым эле башын байлап бирөөнүн,
Алтын уул төрөп берет элем деп.

"Дарак ырдап жалбырагы дирилдеп",
Далай күндөр артта калды бириндеп.
Аткарсам да эки эселеп планды,
Айта элексиң "Зейнеп – тийген күнүм", – деп.

Балдарыңды багамын деп түгөндүм,
Баатыр ата болооруңа күмөнмүн.
Башың оогон жакты көздөй бастырбайм,
Боосу менде сен катынган жүгөндүн.

*1992-жыл*

# Т. КАЗАКОВГО

(Композитор)

Тартибин ноталардын обон жазган,
Таба албай калгансыңбы кара басып?
Безишип кетишкенби белгилериң,
Берки эле тамгаларга аралашып.
Эмитен ажырашып алдыңарбы,
Эртеңки базар наркын чамалашып?
Бозортуп кеттиби же кимдир бирөө,
Болжогон кайрууларын ала качып?

Аралап "Гүлзарларды" күндөп-түндөп,
"Жамгырда" жаагың жанып ырдап жүрүп,
Көөнөртүп алдыңбы "Алтын балалыкты",
Көздөрдүн агын-көгүн ылгап жүрүп?
Эмне үчүн "Эрте чарчап махабаттан",
Калгансың каректерди кылдап жүрүп?
Жайытын түгөттүңбү жакшы ырлардын?
"Жазында сүйүүлөрдүн" жыргап жүрүп?

Түбөлүк бийлик болбойт бул жалганда,
Түгөлбай ыр менен кол жуушпагын.
Кызыгып бийик мансап "талпагына",
Кыйшайтып алба талант куюшканын.
Өзүңө арзан болсо бизге кымбат,
Өнөрдүн көрөңгөсүн курутпагын.
"Бакпаса мал, карабаса катын кетет".
Бабаңдын асыл сөзүн унутпагын.

# КАЙТА АЛАМ

Бир зайыптын көңүлдөшүнө таарынып жазган ырына пародия

Жактырчумун өнөрүңдү,
Жандан артык көрчүмүн.
Эртели кеч "эжекелеп"
Эркелетсең көнчүмүн.
Көмүскөлөп балдарыңа,
Көйнөк сатып берчүмүн.
Баштык-баштык, сабиз, пияз,
Эт көтөрүп келчүмүн.

Аялыңдын кулагына,
Алтын сөйкө такчу элем.
Майрамдарда ийинине,
Макмал күрмө жапчу элем.
Кулпуланып эч ким жокто,
Кучагыңда жатчу элем.
Анын дагы акысына,
Акча берип кайтчу элем.

Бирок өзүң билген жоксуң,
Бийик тоодой баркымды.
Актабадың "алтыным", – деп,
Айга угузган антыңды.
"Арсыз жигит экенсиң", – деп,
Азыр сени айта алам.
Бергенимдин баки-жогун,
Белендеп кой кайта алам.

Эмеректин баарысын,
Эскисин да, жаңысын
Такканымды, жапканымды.

Жан жыргатып жатканыңды,
Ырларымды укканыңды,
Ыктоолорго чыкканыңды.
Арагымды ичкениңди,
Анан көргөн түштөрүңдү,
Түгөл сага кайтарам.
Өзүң болсо алганыңды,
Коротпостон коюп койгун ордуна,
Азыр баарын, азыр баарын,
Азыр баарын кайта алам.

*1984-жыл*

# РАМИС РЫСКУЛОВГО

***Ажайып контраст, түркүн түс***
***боектуу ырлардын паашасы***

Кыпкызыл жолдорду басып.
Кыпкызыл кырларды ашып,
Кызарттың кыйланын көзүн,
Кыпкызыл ырларды жазып.

Көгүлтүр от бөлуп күйүп,
Көк жибек дамбалдар кийип.
Көп элге таанымал болдуң,
Көк кирпик кыздарды сүйүп.

Чаарала таш көмүр казып,
Чаар ыргак музыка жазып.
Чаарала сүрөттөр тарттың,
Чаалыгып өңүндөн азып.

Саргарган космоско чыгып,
Сапсары кыргыз үй тигип.
Сарсаамал кымызын ичтиң,
Сары жал бээлерди минип.

Жашадык улуттун баш калаасында,
Бийликчил бир мезгилдин чамасында.
Жыргадың жалгыз өзүң учуп-конуп,
Жылдардын, жылдыздардын арасында.
Эмне үчүн шерик кылып алган жоксуң,
Мен жүрсөм ааламдын ак-карасында?

# М. АЙДАРКУЛОВГО

***Мурда "Фрунзе шамы", азыр "Эркин Тоо" гезитинин баш редактору***

Ассоолоому алейкум,
Айдаркулдун тегини!
Акыйкат үчүн аттанып,
Агыздың мандай териңи.
Шарына коштуң мезгилдин,
Шам жагып шаар жериңи.
Бирок,
Чыналиев чыр салып,
Чыгарган окшойт желиңи.
Же,
Кара ниет каапырлар,
Кайтарган окшойт демиңи.
Болбосо,
Куйругун жулуп ырымын,
Курутпайт элең өгүнү.
Эми,
Алты күндүк мансапка,
Алмашпа кыргыз элиңи.
Безерлер арбын журтуңда,
Бегирээк буугун белиңи.
Осол кылып албай жүр,
Иничек,
Ойлонбой сүйлөп кебиңи...

# ТАЗАГҮЛ ЗАКИРОВАГА

*Акын*

Жомогум сага жакпаса,
Жолуңа шоола чачпаса.
Жоодурап неге карайсың,
Жоруктуу зайып, Таптаза?

Жазганым сага жакпаса,
Жаштыктын гүлүн ачпаса.
Жалооруп неге карайсың,
Жароокер зайып, Таптаза?

Ымалам сага жакпаса,
Ышкыңан түнөк таппаса.
Ымдайсың неге көзүңдү,
Ыр жандуу зайып, Таптаза?

Кылыгым сага жакпаса,
Кыярып таңдар атпаса.
Кылгырып неге карайсың,
Кыялкеч зайып, Таптаза?

Айтканым сага жакпаса,
Агытсаң агыт, такмаза.
Бирок,
Арманда кетип жүрбөйлү,
Ааламдан өтүп таптаза...

# КАЗАТ АКМАТОВГО

***Айгашкан жазуучу***

Жеңишиң, атак-даңкың болуп келип,
Жемишин кыйла жылдар терип келип.
ЦКга кол куушуруп турбагандын,
Терисин сыйрып ташка керип келип.
Эми сен таштай качтың партияңды,
Чыңгыздын Жамийласы кейиптенип.
Казатжан ач-жылаңач аз кыргызды,
Тозутпа топ-топторго бөлүп-бөлүп...
Кут болсун өзүңө эле, ары барым.
КДК сенин сүйгөн Даниярың.

# К. ЖУСУБАЛИЕВГЕ

***Залкар жазуучу, ажайып адам, омоктуу ойчу***

– Чык, чык, чык!
– Чыкпайм, чыкпайм!
–Чык дейм жетим бачымыраак!
Табышка ушунеткен ыргак улап.
– Чыкпайм! – деп каяша айтат.
Жылтырап төшөгүндө жаткан Кубат,
Ордунан жылып кээде адаштырып,
Тамчынын ого бетер оюн кылат.
Кадимки кара кемпир,
Баланын башын сылап.
Теңирге тегеренет,
Тентегине өмүр сурап.

Жатканда жамбаш талып,
Жаш кежир тилек кылат:
"Кердирсем кең Алайга,
Аргымактар арканын", – деп
"Келбетин Улуу Күндүн,
Сүрөтүң тартамын", – деп.
"Толубайдай сынчы атама,
Ырчы болуп аламын", – деп.
"Тоолорго муздак дубал,
Үйлөрдү саламын", – деп,
Күн өтүп, айлар сызса,
Жылдар жылып акырын,
Курчутат дейт кежир кары,
Эт жебей эс-акылын.
Маектешсең мактай берет.
Акыреттин асылын.
Кыйналасың уккан сайын,
Кыяматтын жакынын.

Кейийт кээде бүтпөгөнгө,
Күндүн тартып сүрөтүн,
Көп момундун жашоодогу,
Көр тирилик күрөшүн.
Сын-сыпатын китеп кылып,
Толубайдын атынын,
Акча алыптыр жазганына,
"Боз түлөктүн" басыгын.
Азыр, бирок, тездеди дейт.
Агарышы чачынын.
Жабалбастан муздак дубал,
Жалгыз тамдын чатырын.

"Өл кембагал бул жалгандын,
Оокат жайын кичине билдиби?" – деп.
"Баягы жаңы үйүнө кирдиби?" – деп,
Сураган көп, же таңгалып:
– Бу кысталак тубаса жиндиби? – деп
Анда Кубат,
– "Келээрсиңер бардыгың бир күнү", – деп,
– "Кердегейди ааламдын жер киндиги", – деп.
Кебелбестен отурат паашаларды,
"Саткайынын сарысына" жиберип коюп,
"Пок" – деген коругуна имерип коюп...

*1993-жыл*

# Ш. ДҮЙШЕЕВГЕ

***Акын***

Шайлообектин шаа мурут ырлары бар,
Кулпулануу купуя сырлары бар.
Кыйла жыл баш паанексиз жүрсө дагы,
Кыргызга аздыр-көптүр кылганы бар.
Капырай кебелбеген келбетинде,
Кадимки Саякбайдын турганы бар.
Артистттин оң-тетири бетин ачып,
Акындык өнөр башат четин ачып.
Сабатып Сагынбекке партияны,
Сазайын бердиң жүрөк, өтүн ачып,
Кор болгон ыргактарга бир кездеги,
Койдуң да, саясатка эшик ачып.

Ак калпак Ата Журтка батып жүрсөң,
Акындык шыбагаңды татып жүрсөң.
Аман бол, азыркынын кирнесинен,
Аёолуу ырларыңды катып жүрсөң.
А бирок, калкың кантип сергек болот,
Сен өзүн "Кайдыгерлик" сатып жүрсөң?..
1993-жыл

..."Уу ушактын бөөдө тартпа азабын,
Тармал чачым таарынычыңды жазамын.
Карган десең, карганайын алдыңда,
Аллах сүттөй, аткан таңдай тазамын".

*Анатай Өмүрканов.*
*"Жан кисе" жыйнагы, 145-бет*

# ТАЗАЛЫК

***Тамашалуу пародия***

Бойтогоюм, боздотту го азабың...
Кантип сенин таарынчыңды жазамын?
Акшырандап карабачы, алтыным,
Актыгым ак, аткан таңдай тазамын.

Тармал чачтуу жалгыз сенсиң сүйгөнүм,
Керме каштуу келин менен жүрбөдүм.
"Жаным сендик, жакшы көрөм!" – дегенге,
Жакындашып жаштык доорун сүрбөдүм.

Кыйнап жаның бөөдө мени кызганба,
Кылчайбадым кыска этектүү кыздарга.
Ай тамагын, ак мамагын көптөрдүн,
Көрө элекмин, көөнүң бузуп кумсарба.

Айланайын ак жеринен күйгүзбө,
Каргап шилеп, асыя тил тийгизбе.
Кармап алган күбөлөрүң болбосо,
Катынпоздун кементайын кийгизбе!

Жоруктуунун жолдо калсын чапаны,
Эч кимдин жок экөөбүзгө чатагы.
Башка сөздү эртеңкиге калтырып,
Бачымыраак төшөк салчы жаталы...

# С. ЖЭЭНБЕКОВГО

*(Кыргызтелерадиокомпаниясынын төрагасы)*

Ассалоому алейкум, Сатыбалды балам!
Саламдашкан Садырбайуп деген агаң.
Жерий берсең жердештигимди
Конуш которуп кетип деле калам.
Ага дейре ак ниет менен,
Акыл-насаатым эсиңе салам...

...Беделиңе бейчеки доо кетпесин десең,
Улуктарыңа ушак сөз жетпесин десең.
Өйдө-ылдый заманда өчөшкөндөрүң,
"Өз очогуна күл тартты" дешпесин десең...
Өболу
Оштукту оозун канжалат!
Анан,
Жалал-Абаддыктын жаагын майдалат.
Кабыргаң кайыша берсе "кара сарттарга"
Кагылайын, кантип сенде жан калат?

Алысыраактар анча тоотпой койсо,
Жакындарыңды жанч ылаажы болсо,
Базар-Коргондуктун башын көтөртпө!
Кутуруп кетишет, аларың курсагы тойсо!
Сузактык менен сурданып сүйлөшкөнүң дурус
Өзгөндүктү өкүмдүгүңө үйрөткөнүң дурус
Ачуусу келсе атасын аябайт имиш,
Алайлыкты атына сүйрөткөнүң дурус...
Кара-Суулуктун бир өзөгү Ошто.
Аердин,
Калам кармаганын катарга кошпо!
Баткендикти байырлата бер,
Башка тепсең да,

Барбайт дейт алар, арызданып сотко.

Жаңы-Жолдукту жакын жолотпо!
Кетмен-Төбөлүккө кебиңди коротпо!
Жүрө беришсин Үч-Теректин эли,
Жүгөрүсүн багып колот-колотто.

Кыскасы,
Сөздүн ток этер жери,
Кыйбасын кызматыңды кыянаттын кеби.
Баркыңа жармашкан агайын-тууганыңдын,
Барынан жогу атасынын көрү.
Ишиң жыла берсе улам нарылап.
Жерге кирсин,
Жек-жаат деген жепжеңил табылат.
Жээнбекти "ов",
Амиржанды "ович" жандап жүргөндө,
Апат болгонун,
Кайта эле аласың жаңылап...

# Ж. СААДАНБЕКОВГО

***Мурдагы партфункционер,азыркы коомдук ишмер***

Тушунда Турдакунду жактадыңыз,
Андан соң Апсаматты мактадыңыз.
Азыр да устарадай мизилдетип,
Аскардын айбалтасын таптыдыңыз.
Кыйыла берет окшойт дагы дагы,
Кылт эткен шордуу кыргыз баштарыбыз.
Каарына калбайлы деп Жумагулдун,
Калтаарып калчу болдук жаш-карыбыз.

# А. АКАЕВГЕ

***Кыргызстандын Президенти***

Маскөөдө сүйлөп такшалган. Максаттуу жигит Аскаржан. Мансапка жетип алдыңыз, Маңыроо элди башкарган. Манчыркап кетип жүрбөңүз, Мактоо сөз угуп карттардан. Майышар мезгил алдыда, Аскаржан,
Акча издеп алыс жактардан.

Илимди казып такшалган.
Ийкемдүү жигит Аскаржан.
Лremoved

Жараткан куру койбоптур,
Сизди,
Жал-куйруктуу каштардан.
Эми,
Качпасаңыз болгону,
Аскаржан,
Карды ачка элди баккандан.

ООНго барып такшалган.
Ооматтуу жигит Аскаржан,
Ойлонуп элдин тагдырын,
"О" тамга менен башталган.
Оодуруп ийип кыргызды,
"От алып кел", – деп Кашкардан.
Кол жууп калып жүрбөңүз,
Аскаржан,
Кой бага турган жаштардан.

"...Жанатан берки айтылып жаткан сөздөрдү угуп олтуруп, аял болуп жаралып калбаганыма аябай өкүнүп, жаным кейип кетти...".

(1996-жылдын 7-мартында Бишкек шаарындагы аялдардын эл аралык майрамына карата өткөрүлгөн салтанаттуу жыйында Кыргызстандын эл акыны Омор Султановдун сүйлөгөн сөзүнөн...)

# КАГАЙЫН КАПТЫН ТҮБҮН

*(Азил)*

Жамандык жагымды көп жашырбастан,
Жар салып жакшылыгым ашырбастан.
Маңдайга жазылгандай жашап келем,
Малдуудан, мансаптуудан басынбастан.

Ойлордун омоктуусун элеп жүрүп.
Ким бийик, кимдин пасын ченеп жүрүп.
Омоке, сага шоорат айтканым чын,
Акындын паашасына теңеп жүрүп.

"Сарт" десең, сакалыңды жулчу эмесмин,
Жагжаңдап жакалашып турчу эмесмин.
Терикпей көтөрсөм да шакабаңды
Тегимдин берки иштерин кылчу эмесмин.

Жаныңды жабырткаткан бир кайгыңды,
Жазсаң да жамгырлатып ыр кайрымды.
Зарыңды зайып болуп алсам деген,
Кашайып билбей жүргөн турбаймынбы...

Сезимден учкун качып жана турган,
Билегим талып кылыч чаба турган.
Шалпайып шайы кетип жигиттигим,
Калса да кайыптан жар таба турган.
Кагайын каптын түбүн бирдеке издеп,
Сообуна Омокемдин кала турган.

# КАДЫРЛУУ ИШЕМБАЙ АБДРАЗАКОВИЧ!

***Мамкатчы***

"Элдир-селдир атадан,
Эстүү жезде артык", – деп,
Угуп келем, жездеке.
Аска-зоону чектесең,
Чыгып келем, жездеке.
Айтканыңды айнытпай,
Кылып келем, жездеке.
Жаңсап көйгон жагыңа,
Жылып келем, жездеке.
Эстүү жан экендигиңди,
Билип келем, жездеке.
Эскертпей кабинетиңе,
Кирип келем, жездеке.
Акылга дыйкандыгыңды,
Сүйүп келем, жездеке.
Атак-даңк алтын башыңа,
Үйүп келем, жездеке.
Эми, "Алтымыш кырды аштым", – деп,
Арыбагын, жездеке.
Кейитип келин-кесекти,
Карыбагын, жездеке.
Кеңдигиңден кечээки,
Тарыбагын, жездеке.
Өрнөктүү өмүр жолуңду,
Эжекем менен бирдикте,
Нары улагын, жездеке! ...

деп эжекем экөөңүздөргө ушуга чейинкиден да ысык мамиле, ынтымак-ырашкерлик менен өзүңүздөр каалаганыңыздарча өмүр жана ден соолук тилеген замандаш кайниңиз, пикирлеш-өппонентиңиз Доронбек Садырбаев,

*14-август, 1997-жыл*

# САТЫБАЛДИЕВ ТАИР АКЕГЕ

***Кыргызстандын эмгек сиңирген артисти***

Эй,
Актаңдай, Таир аксакал,
Ырда десе ырдаймын.
Жарышам десе ыр менен,
Жалтанып карап турбаймын.
Сунулуп найза турса да,
Мен,
Суу жүрөктүк кылбаймын.
Алп акын менен мен мурда,
Кагыштырып ыстыкан,
Алың-алың дешпестен,
Чоң табактын ашынан,
Чогуу отуруп жешпестен.
Жолугуп калса ар жерде,
Учурашпай өтпөстөн.
Сыйдана болуп келсем да,
Бүгүн,
Кадырлап айтам саламды.
Кара жаак акындын
Же,
Каарына калып каламбы?
Калыс болгун калайык,
Төөдөй балант төкмөңө,
Кырманынан өнөрдүн,
Өзөктүн өртүн кочуштап,
Момундай,
Капсанин берсем жагамбы?

# Ш. ТАЛИПОВАГА

***Кыргызстан эл артисти***

Ырлары тайбуруулдун таскагындай,
Ыргагы суу жоргонун басканындай.
"Аа", – деген абанын ачыктыгы,
Булутсуз күндүн ачык асманындай.
Шахранын таң чакырып шаңшыганы,
Таш тешип чыккан суунун акканындай.
Зарыгып арзуу күткөн кайруусунун,
Зардабы Азиянын аптабындай.
Бар болгун бай таланттын кожайкеси,
Калбасын каалаганың аткарылбай.

# Ж. ЖЭЭНБЕКОВГО

Тулпардын туягы Жусуп,
Шумкардын канаты Жусуп,
Кыйын жүк аркалай турган,
Кыргыздын баласы Жусуп.
Туягың тынса дагы,
Канатың сынса дагы,
Тууганың кечээ күнкү,
Душмандык кылса дагы.
Шаймерден ата колдоп,
Өмүрүң узун болсун!
Баатырдын жолун жолдоп,
Башыңа бакыт консун.
Эми,
Көп иштеп журтуң үчүн,
Көрктөндүр кыргыз жергесин.
Адилет алла-таалам,
Аброюн Сатыкемдин сага берип,
Ылайым,
Өмүрүн бербесин...

# Ж. АЛЫБАЕВГЕ

***Кыргызстандын эмгек сиңирген артисти***

Агаңа кийик аттырган,
Абройлуу уул Жолболду.
Армансыз басып келсең да,
Ашуусу тайгак жолдорду.
Өмүрүңдүн чыйыры,
Өр тартканы оң болду,
Дастандын багын ачканың,
Далайга өрнөк жол болду.
Бирок,
Кыялың жакпай чоңдорго,
Кыйла онөрүң кор болду.
Аша албай такыр койдуң да,
Алдыга койгон болжолду.
Акыры,
Мага да тиер жарык күн,
Сага да келээр кадыр түн.
Саатың эрте какса экен,
Сапарлаш иним Жолболду.

*16.V, 1998-жыл*

# САПСАРЫГА АПАПАК КААЛОО

***С.Момбековго***

Сары, сары, сапсары,
Сагымбектей шашманы,
Таза сонун болуптур,
Таластыктар тапканы.
Анткени,
Оңой эмес мындайдын,
Ош тарапка батмагы.
Чатагы мол болуптур,
Чарайнада жатканы.
Опур-топур өткөн дейт,
Ойноо бала жаш чагы.
Ким басмак эле бооруна,
 Мындай,
Ашкере тентек чапманы?
Кийин,
Пулу жетпей комузга,
Гитара болуп тапканы.
Өнөргерлик кадамын,
Ал сары,
Алты зым менен таштады.
Анан,
Саясий ырдын багына,
Саябан тиге баштады,
Мансаптуунун мазгисин,
Майкандап чыккан таскагы.
Сары, сары, сапсары,
Сагымбектин сантары,
Кара терге түшүргөн,
"Кайран элден" башканы.
Сабап чыккан тындырбай,
Кыялбектен башканы,

Шайлообектен башканы,
Садырбаевден башканы,
Эми,
Саргарса дагы асманы,
Шалпайса дагы чачтары.
Мал-пулдуу, мансаптууларга,
Жакпаса дагы басканы,
Улуктарга ок болуп,
Тийбесе дагы айтканы,
Санаалаштары тилейбиз,
Сак-саламат жүрсүн деп,
Сагынбектей шашманы.

*16-май, 1999-жыл*

"Ушул китепти чыгарууга жардам кылып, Чүй облусунун губернатору Курманбек Бакиев бир бука берген.

Чоң экен көзү аландап, Чоң экен көтү саланлап. Кош муйүзүн коргөндө, Койкондой түшү калемсап. Кара бука болбосо.

Кайкы мурун Жолоочу,
Канткенде китеп чыгармак?..
Кудайым ишиң оңдосун,
Курманбек ага, рахмат!"

Рыспаев "Ап-чи-хи! Чүчкүрүңүз" жыйнагы, 7-бет

# РЫСПАЕВ ЖОЛООЧУГА ЖОЛООЧУ ТИЛЕК

Букадан бүткөн ырдын пулун жеген,
Буйруган гумжардамдын унун жеген.
Көмүскө жерин дырдай жылаңачтап,
Көп чукуп, партиянын кунун жеген.
Менин жолоочум,
Сенин жолоочуң.
Элимдин жолоочусу,
Жеримдин жолоочусу.
Көзүмдүн карегиндей,
Көлүмдүн жолоочусу.
Кашектүүлөрдүн жери,
Кеминдин жолоочусу.
Керме каш, оймок ооз,
Келиндин жолоочусу.
Беш көкүл, алты көкүл,
Бейшекандын жолоочусу.
Шайырдын шарданасы,
Шаршекандын жолоочусу.
Дүңкүлдөк дүмбүл чалыш,
Дүйшөкандын жолоочусу.
Күн көргөн муштум менен,
Күзүр балдардын жолоочусу.
Арамзанын арка-бели,
Дүжүр чалдардын жолоочусу.
Бура сүйлөгүч перзентүү кылган,
Буурул таңдардын жолоочусу.
Букадай көзүн алаңдатып,
Булчуңдарын салаңдатып.
Өмүрдүн элүү кырын ашкан имиш,
Дагы элүү миң зайыпка жолоочулук,
Кылам деп даярданып жаткан имиш.

Анда, Жоке,
Тилегиң кабыл болсун,
Тизмеңе тармал чачтуу, керме каштуу,
Ар кыл түс,
Айша, Бейше “кандар” төлсүн!
Артканы же эскирип баратканы,
Таштанкул, Арстанкулдай кулдарыңа,
Жартыбай, Түгөлбайдай байларыңа,
Шайлообек, Дооронбектей бектериңе
Кокуйгун колко жүрөт, өттөрүңө,
Келин-кыз, кемпир букет кепсен болсун! –

*деп сенин асыранды атаң Дооронбек Садырбаев, 26-май, 1999-жыл*

# АЛА-ТООНУН АСКАРЫ БАР

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Адил сөздү айта албаган чалы бар.
Жаштарынын акырдагы жеми үчүн,
Арка жагын ойрондотмой жагы бар.

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Капталында калың мөңгү, кары бар.
Келгиндерге келин-кызын пулдаган,
Кемпир-кесек, чал-чабыры дагы бар.

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Адырында бирин-серин малы бар.
Каримовдун газы өчкөндө жакканга,
Карагай, чер, арча, терек талы бар.

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Ачка жүргөн ар кыл адамдары бар.
Элдин мүлкүн эптеп кетмей жагынан,
Этек-жеңи безразмерный нары бар.

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Кыйтырлыгы кыйма-чийме ханы бар.
Кыргыздыгы басмырланып отурган,
Кыйлалардын кылдыр-пылдыр жаны бар.

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Арманы бар, көңүлүндө тагы бар.
Жетим-жесир, бей-бечара жебеген,
Жер-жерлерде жемиши арбын багы бар.

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Жепутаттар аймап аткан наны бар.
Кампасында казак-пазак, өзбектин,

Кап-кап болуп, агып жаткан даны бар.

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Ыйык көлдүн цианиддей тагы бар.
Актүзүнө уу заттарды сактагыч,
Куруп жаткан куу еврей чалы бар.

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Кыргыз кирбес кыйла сонун жайы бар.
Кудалардын капчыгына салынган,
Кумшекери, мунай, цемент майы бар.

Ала-Тоонун Аскары бар, багы бар,
Тегереги темирлүү ак тамы бар.
Кайран элдин каргашалуу тагдырын,
Каалашынча калчай турган камы бар...

*Кыргыйбек Букаевдин бурут тилинде жазылган бул ырын кыргызчалаткан Дооронбек Садырбаев, "Асаба", 1999-жыл, май айы*

# ЗАМАНДАШТАРЫНЫН Д. САДЫРБАЕВГЕ АРНООЛОРУ

## АКЕСИНЕ ҮКӨСҮ, САКАСЫНА ЧҮКӨСҮ

*(Дооронбек Садырбаевге)*

"Маңкуртбек" жоготконбу шыгын ырга,
Мансаптуу жерге багып чымынын да.
Же ырын зоого чегип жазат бекен,
Кагаз жок таш доор делген кылымында.
Маңкурттар ишенишет бектерине,
Бектери "бекем" турат кептерине.
Дооронбек не демекчи? Сом пулубуз,
Долларга токол болуп кеткенине.
Маңкурттар өлбөс күнүн көрүп жатат,
Бектери кандай десе көнүп жатат.
Ырыңар мыйзамчылар көрүнбөйт го,
Ырсайып ыйман жолдо өлүп жатат.
Барсызбы маңкурттардын "Маңкуртбеги"?
Базар, вокзал болду го кыргыз жери.
Банкроттук аркалап бала-чака,
Барымтага кетеби ыйык колу?
Кадырбек Керимбаев, "Асаба"

# ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВГЕ

– Эңкейиштеп кетсе да,
Эр ортону элүүдөн.
Тулпар сыны кете элек,
Туйлап чыккан черүүдөн.
Акын, актёр, киночу,
Ар таланты асылган.
Актык үчүн аянбай,
Арыстанды качырган.
Көгала чач башына,
Көп сырларды батырган.
Көзү күйүп жеталбай,
Көралбастар асылган.
"Кайран элин" калкалап,
Кайран агам зор чыкты.
Калтыратып кезинде,
Канча чөңду коркутту.
"Кайран элдин" айынан,
Катуу көрду кордукту.
Айырбаштап амалга,
Акыреттик достору",
Ачып берди колтукту.
Четтеп кетип чеп издеп,
Чечендерде күн өттү.
Түп атабыз бирге деп,
Түрктөн тапты түнөктү.
Түрктүн кылды кызматын,
Туруп салып билекти.
Элден четте жүрө албай,
Эр Манастын урпагы.
Түнү-күнү тынчытпай,
Тууган жердин турпагы.
Кайра тапты казыгын,
Кайран элдин тулпары.

Азып келген атуулун,
Ата Журту колдоду.

Аралатты ээн-эркин,
Ак үй аттуу ордону.
Азоолорду үйрөткөн,
Амалкөйбү ордосу.
Жоошуп барат Докебиз,
Жорток тартып жоргосу.
Жеп-ичмейге малынып,
Же толдубу "дорбосу"?
Чечекейи чеч болуп,
Чечендиги ченде жок.
Чектен чыгып кетсе да,
Чекелешер пенде жок.
Салып уруп олтурса,
Саясатчы жанда жок.
Таз кейиптенип баратат,
Талант байкуш арга жок.
Коштой албай доор ыйын,
Комуз сымал кылы жок.
Кор болду деп кайран эл,
Кокуйлаган чыры жок.
Кирдеп барат өнөрү,
Кино турсун, ыры жок.

Бийлик, байлык кол кири, Билгендирсиң максатын. Талантына түк жетпейт, Депутаттык мандатың. Саясаттын тикени, Сайылдыбы карекке. Сайрап турчу чындык деп, Сатыбалдың канаке? Сайран куруп жүрбөйбү, Сан депутат анаке. Сагызганча сиз дагы, Сак болунуз, абаке!...

*Жолболду Алыбаев*
*("Гүлазык" ырлар жыйнагынан 119-бет)*

***Көрүшөр күндөр бүдөмүк,***
***Көңүлгө кызыл гүл өнүп.***
***Кыйналып турам... кош эми,***
***Кыялда бирге жүрөлүк.***
***(Д. Садырбаев)***

# КЫЯЛДА БИРГЕ ЖҮРӨЛҮК

Суу бойлоп ойноп кеткенде,
Суулуктап койгон ат калып.
Кылымга бергис ошол күн,
Кыялда жүрсүн сакталып.

Алышып ойноп кеткенде,
Астыга койгон аш калып.
Айтылып өткөн кеткендер,
Ортодо ойлор такталып.

Жоодурап көздөр тиктешмей,
Каректе жүрсүн сакталып.
Туюктун чөбү тапталып,
Жүрөктөр лак-лак бат кагып.
Өчпөсүн жаккан отубуз,
Өмүрдө сүйүү баркталып.
Түгөйлөш соккон жүрөктөр,
Түбөлүк жүрсүн сакталып.

Эсирген убак жаш калып,
Калыбет турмуш башталып.
Бешенең балкып жарылып,
Бакыттын нуру баш багып.
Өчпөстөн сүйүү элеси,
Өмүрдө калсын сакталып.

Шайым Орозбаева *("Каректеги элестер" деген ырлар жыйнагынан кол жазма)*

# ВИЗИТКА МУРУН

*(Дооронбек Садырбаевге пародия)*

Таанып ал тагдырыңдын нугун ушул,
Тайым да, коюм дагы, уюм ушул.
Табактай бетке койгон жабыштырып,
Таберик кылып жүргөн буюм ушул.

Морунун вазийпасын аткаруучу,
Мойлоонун үстүндөгү мурун ушул.
Үй алсын, катын алсын, жер алсын деп,
Үшкүрсө жел чыгарып сеп алсын деп.

Эртеси жуунганда көпкөк болгон,
Эчким албай эки улак мени алсын деп.
Өкүмөт айланайын, өзүң эмес,
Кудай берген бул мурун дем алсын деп.

Талатып иттериңе күчөбөгүн,
Тактыңды талашпадым, күсөбөдүм.
Тамеки тартсам эки тешиги бар,
Таноомду тактай менен бүтөбөгүн.

Түтөсөм мурундарым манкурт болбой,
Түз мурун болсо экен деп түтөгөмүн.
Бул мурун кызыл ала кыяны жок,
Бузулган мурун эмес пияны жок.

Мишайт этпейт чет элдик кредитке,
Миллион сом сугунмай куралы жок.
Барбайып турган менен баатырсынып,
Башкага бир тыйындык зыяны жок.

*Шайлообек Дүйшеев, "Асаба",*
*20-март, 1998-жыл*

## ДООРОНБЕК!

Кечип өтүп тоонун, суунун, белесин,
Кутман курак күздөй төгөөр мөмосүн!
Кудай таалам кубат берсин жаныңа,
Хандан-бектен кайра тартпас немесиң!

Асыл курбум! Замандашым! Ардагым!
Аман болсун алган жарың, балдарың!
Арманы күч элдин туусу – Өзүңсүң,
Айтпасам да түшүнөорсүң калганын!

*Дооронбек! Театр эл аралык "Айтматов жана театр" фестивалына катышып, сенин жакшылыгыңа бара албаганыбызга кечирим сурайм!*

*Үй-бүлөмдүн атынан, өзүмдүн атымдан сага каалаганым: Эл, эл ичинде сендей азамат уулдар бар болсун!*

Кыргыз Республикасынын эл артисти Жамал Сейдакматова

*22-апрель, 1999-жыл,*
*Бишкек шаары*

# ДООРОНБЕКУ САДЫРБАЕВУ – 60 ЛЕТ

Талантами Вас
Бог не обидел,
И человечность
Ваша покоряет,
Пусть не угаснет
к этой жизни пыл,
Борьба со злом
усталости не знает.
Служить народу –
выбран Вами путь.
И с этого пути
Вам не дано свернуть.

*"Республика", 20.04.1999 год*

# ЖҮЗГӨ ЧЫГАТ

Агамсыз ысык-суукка киринишкен,
Акыйкат аралында биригишкен.
Кабыл ал саламымды Таластагы
Кадимки карагайчы иниңизден.

Агамсыз арман-муңун жашырбаган,
Адилдик, чындык үчүн бакылдаган.
Мен болсо тоону кезген токойчумун,
Такыр жер көрө калсам жашылдаган.

Түйшүкчүл өргө чыгат, түзгө чыгат,
Түшүмдү талаа берип күзгө чыгат.
Белый дом бекзаадалар сүйүнө бер,
Бер жагы биздин Доке жүзгө чыгат.
Сазыкбай Турдумалиев, токой чарба инженери.

*"Асаба", 22-апрель,1999-жыл*

# ЗАМАНДАШЫМ ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВИЧКЕ

Карлыгачтай кайкып учуп бараткан,
Кер муруту келбетине жарашкан.
Доорубуздун Дооронбектей жигитин,
Алтымыш жаш тосуп чыкты ак атчан.
Сага урмат, сага алкыш, сага даңк,
"Махабаттын дастандарын" жараткан.

*Кыргыз Республикасынын эл артисти*
*Дарика ЖАЛГАСЫНОВА 4-июнь, 1999-жыл*

# ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВГЕ

Бир кишинин карар кабак-кашына,
Бийлик шондой каргыш тийген машина.
Бир олтурсаң болду, ээ болбойсуң,
Сөзүң эмес иче турган ашыңа.

Аккын десе албуут суудан агасың,
Тангын десе караны ак деп танасың.
Оюң башка, жүрөк башка, сен башка,
Бир заматта маңкурт болуп каласың.

Оюң башка, жүрөк башка, сен башка,
Чоңдор башка, жүдөп жаткан эл башка.
Машинага олтургандар бүт баарын.
Унутушуп "өзүм" дешет заматта.

Бирок, Доке, сиз анетпей эч качан,
Такыр талбай тагдыр берген кайраттан.
Өзүңүздү саткан жоксуз, кайрийет,
Ой аман да, жүрөк аман, Сиз аман!

Эх, турмуштун катаалдыгы, тардыгы,
Сиздей болсо депутаттын бардыгы.
Азыркыдан жашоо канча жакшырып,
Жакшы багып калмакпыз биз жанды бу.

Топ чүкөгө томпойдойсуз, сакасыз,
Жаманга бел, жакшыларга атасыз.
Атпай журтка атуулдукту көргөзүп,
Жаныңдан жан бөлүп келе жатасыз.

Акыр бирөө тартыш керек жазаны,
Адам болуп күн көрүүнүн азабы.

Күндөн күнгө оорлогондон оорлоп,
Күндөн күнгө алып барат мазаны...

Эртели кеч эл деп кайгы жей берем,
Эркектери Сиздей болсо дей берем.
Кыргыздарга таң калам да, арданам,
Кылычтан курч уулун таанып, көрбөгөн...

*Анатай ӨМҮРКАНОВ,*
*"Асаба", 22-аперль, 1999-жыл*

# СИЗГЕ...

Бир тутам гүл, бир шиңгил ырым менен,
Сизге арналган кечеге мен да келем.
Айткым келип ак тилек, арбын ойду,
Алдыртадан акмалап карай берем.

Кыялы учкул бир жерге токтобогон,
Кылыгы мол эч кимге окшобогон.
Кылчактап алды-артына карай берген,
Кеп кыргыздай эмессиз ноктологон.

Таптай билген талантты эмгегиңиз,
Тартынбай, кез жаш төгүп эл дедиңиз.
Таалайы болсо эгерде кыргызымдын,
Тактысын адилдиктин жеңгениңиз...

*таазим кылып карындашыңыз*
*Жеңишгүл ӨЗҮБЕКОВА, 4-июнь, 1999-жыл*

# ЧЫНДЫКТЫН КОҢГУРООСУНДАЙ

Докем,
Ак пейил Ала-Тоосундай,
Алгырдын азем боосундай.
Добулбас урат ар дайым,
Чындыктын коңгуроосундай.

Жүрөктө күйгөн өртү бар,
Чүроктөр сүйгөн көркү бар.
Манастын мүнөз, эрки бар,
Чанда эне мындай шер тубар.

Балгын тал мурут, жайык бет,
Балта сап мурун кайык тээк.
Калышыр жалгыз могикан,
Кайратың жетсе сайып кет.

Шам болуп жанат маңдайың,
Бал болуп тамат таңдайың,
Көргөндөр сени сезишет,
Чыныгы кыргыз кандайын.

Калкалап элин чуу кылбай,
Канатын чабат суу кылбай.
Боз үйдүн тирек уугундай,
Докең,
Кыргыздын жалгыз уулундай.

*Өмүрбек Тиллебаев, "Кыргыз Руху",*
*23-апрель, 1999-жыл*

# БИР КЫЗМАТКЕРДИН ӨТҮНҮЧҮ

Мартабаңыз бийик болсун деректир,
Мага оюңуз арам деле эместир.
Катынды түндө кудай "жалгап" чыкты,
Каңкылдап, таң атканча каргап чыкты.
"Жагдайы жашообуздун кеңейбесе,
Айлыгың алты эсеге көбөйбөсө,
Серектеп үйүңдө эмне кылам?", – деди.
"Сендейден ажырашып тынам", – деди.
Аялга канча албагын аздык кылат.
Андыктан келдим эле жардам сурап:
"Айлыкты кайра карап көрсө экен", – деп
"Азайтып алты эсеге берсе экен", – деп.

## КЫЗ-ЖИГИТ

Автобус абдан шыкап алган экен,
Ашыккан адамдарды тирдигине.
Бет маңдай жабыштырып салган экен,
Бейтааныш жигит-кызды бир-бирине.
Боз жигит боюн оңдоп-түзөп алып,
Жоошутат жол шеригин кепке салып.
– Уялдым улам артка чегинсеңиз.
Каректи кантип тыям окуй турган.
Кызыктуу китепке окшоп көрүнөсүз.

Жигиттин азилине шериктешкен,
Кыз дагы жооп берди терикпестен.
– Булкунсак бул тургандар тилдешпесин,
Окуңуз оң келгенде кудай берип,
А бирок, мукабасын кирдетпесин,
Колуңуз кайта-кайта сылай берген.

## СҮЙҮНЧҮ

Көчөдөн жолугушкан эки курбу,
Көнүмүш ал-жай сурап маек курду.
"Уулдуу болгонумду уктуңбу?", - деп,
Бир курбу терисине батпай турду.

"Бешик боо бек болсун!", – деп экинчиси,
Бажактап шоорат айтып колун сунду.
"Аяшың али уга элек, ай акырын"
– деп берки купуялуу буйрук кылды.

# ДАРЫЛАНУУ

Бир келин табы айныса ысытмалап.
Даттаныл дарыгерге барып калат.
Врачтын “чечиниңиз” дегенине,
“Сизчи?”, – деп ийген имиш жал-жал карап.

# КАРГАНУУ

Бир эркек теңтушуна салса маек,
“Кош бойлуу үйдө отурат зайыбым”, – деп.
Карганып ийген имиш беркиниси,
“Менин жок аныңарда айыбым”, – деп.

# ИСТАМБУЛ КАЙРЫКТАРЫ

Мечит мол мунарасы булут чийген.
Үйлөр көп окшош кызыл топу кийген.
Зардаптуу зайып арбын Истамбулда,
Зарыккан карегинен оту күйгөн.

Жер-жерде алгандардан саткан арбын,
Алданып ар кимдерге жаткан арбын.
"А" деген арибиңди таанибастан,
Маңдайда маңкурт мөөрүн таккан арбын.

Адам көп ар кыл тагдыр аркалаган,
Алдуусу алсызына чалкалаган.
Калп эмес кайырчынын арбындыгы,
Кадимки карып жолун кайталаган.

Эстебей ылдамдыкты болжолдогу,
Элирген өөдө-төмөн чоң жолдогу.
Көкбөрү тартып аткан кыргыздардай,
Көрүнөт көп машине чоң жолдогу.

"Аксарай" базарына шашкан арбын,
Айкырып малын мактап жаткан арбын.
Кытайдын кызыл-тазыл чүпүрөгүн.
Кыйлага кымтаттатып саткан арбын.

Казактар көргөзүп көп күрмөлөрүн,
Калтырбай кайыш топчу түймөлөрүн.
Чарчабай алты жүзүн алып чыгат,
Чапандын этеги жер тиймелерин.

Элине СССРдин каргыш тийип,
Жабыла соодагердин кейпин кийип.
Талтаңдап басып жүрөт татар келин,

Алганга чандырына акча түйүп.

Өзбектер өтө камдуу барат экен,
Өзүнчө базар ачып салат экен.
Өтпөгөн буюмдарын соодалашып,
Биринен бири сатып алат экен.

Чал-чабыр кара жанын кыйнап жүрөт,
Чай сатып, чарчаганды сыйлап жүрөт.
Өңгүрөп өзөгүнөн өрт чыгарып,
Өлө мас жалгыз кыргыз ыйлап жүрөт.

Желпинип эрке айымдар басып жүрөт,
Жел тийип этек жагын ачып жүрөт.
Майкачан орус кыздар салпаңдатып,
Май куйрук, мамактарын сатып жүрөт.

Жетпейт деп жеңе-абысын акылдары.
Көрбөйт деп көчө-көйдөн жакындары.
Кысылбай кыйла иштерди жасайт экен,
Кыргыздын "турист" чыкма катындары.

Истамбул көзөл шаар, кызыл шаар.
Өлчөөсүз аяк-башы узун шаар.
Мезгили өгөйлөгөн мен сыяктуу,
Мекенсиз, мусаапырга кызыр шаар.

Малым жок, маалы келсе сата турган,
Алым жок, ажал кууса кача турган.
Абалтан алла-таалам буйрубаптыр,
Этекти эркектерге ача турган.

Калтырып баштагандын көбүн чала.
Артынып өмүрүмдүн азын гана.
"Асырап алса экен",– деп улгайганда,
Аркалап үмүтүмдү келдим сага.

*Истамбул, 1993-жыл, октябрь айы*

# УКТАБА ЖИГИТ

Истамбулдагы отуздан ашуун жеке менчик радиостанциялардын ар биринен кайра-кайра кайталанып, күнүгө бир нече жолу угузулуп турган "Жалының болсо..." деген кыздын ырынын таасири менен жазылган тамаша...

Көрөңгөң болсо, көбүрөөк келгин.
Жалының болсо, жакындай бергин.
Угуттуу болсоң, уктаба, жигит,
Ушул ыр менин "кел" деген белгим...

Жанаша түшсөң, жанышым мүмкүн.
Жанымды төшөп салышым мүмкүн.
Койнумдун табын суутчу болсоң,
Колкоңду жулуп алышым мүмкүн.

Махабат даамын татышың мүмкүн,
Магдырап жыргап жатышың мүмкүн.
Жүдөмүш болсоң жүйөөлүү иштен,
Жүзүңдү басып качышың мүмкүн.

Атпастан таңдар калышы мүмкүн,
Арзуунун шамы жанышы мүмкүн.
Кыймылың тосуп кыңкыстап турсам,
Кызыгың кыздан канышы мүмкүн.

Көрөңгөң болсо, көбүрөөк келгин.
Жалының болсо, жакындай бергин.
Угуттуу болсоң, уктаба, жигит!
Ушул ыр менин "кел" деген белгим...

*Истамбул, 1993-жыл, сентябрь айы*

# ЭМНЕ ҮЧҮН?

Аралап айыл-кыштак элет жерин,
Түрмөктөп түркүн ойдун келептерин.
Түрктөрдүн түркөйлүгү кыргыздардан,
Кем эмес экен дегим келет менин.
Сабырым жанганы чын көрүп калып,
Салижан акебиздин теректерин...

Тааныйм деп тайтак-туйтак тамгаларын,
Кыдырдым кыйла менчик чарбаларын.
Көптөрдүн чырпык башын сындырбастан,
Көөнү ток жашашына таң каламын.
Курдаштай учурашам жолуктурсам,
Кубаттын пок чокубас каргаларын.

Көз караш, көңүлдөрдү тааныштырып,
Көп күлүк санааларды жарыштырып.
Тандабай жаман-жакшы экендигин,
Талдасам тагдырларды салыштырып.
Абыдан арбын чыкты Ыманбайлар,
Жан баккан, жалган-чынды кагыштырып.

Мүнөздөр окшоштугу жакса дагы,
Мүдөөлөр шайкештигин тапса дагы.
Өгөйлүк кылышпастан түрк туугандар,
Өзгөчө сыйлуу чапан жапса дагы.
"Тууруна кондуң ана ватандан", – деп,
Туу нышан көөдөнүмө такса дагы.
Мен неге кетким келет Ата Журтка,
Мертинтип кыргыз мени жатса дагы?

*Истамбул, 19-декабрь, 1993-жыл*

# ЖАШТЫГЫМДЫН ЫРЛАРЫ

"Истамбул Эфем (FM)" радиопрограммасынан Бүткүл Түркияга таанымал ырчы кыздын аткаруусунда ушул реклама үчүн жазылган ыргактуу, не бир керемет обону бар ырды уккандан кийин, делебем козголуп, анын мазмунун кыргызчага котормокчу болгон далалатым.

Арзуунун даамын таттырган,
Махабат шагын жактырган.
Кыз-келин тургай кемпирди,
Кылыктанып бастырган.
Кылтылдак баштуу чалдарга,
Кырмызы жагоо тактырган.
Кумар көз сулуу зайыптын,
Купуя сырын ачтырган.
Көпкөндүн көөнүн азгырып,
Көмүскө жерге шаштырган.

Жүрөктөрдүн байрагы!
Тилектердин байрагы!
Кадыр түндөр тостурган,
Түнөктөрдүн байрагы!
Жанымдын жыргалы,
Жаштыгымдын ырлары.
Баркы кымбат, наркы арзан,
О достор,
Бензин сатып алгыла.

Тазартып көөнүн балдардын,
Агартып жүзүн каргандын.
Көздөрүн ачкан чайыттай,
Көңүлү кирдеп калгандын.
Жумушуна көп жарайт,
Жубайы таштап чангандын.

Жакыны болот дайыма,
Жайлоого чыгып баргандын.
Ыманы куйуп өрттонсүн,
Жан биргем сени чангандын.

Өмүрдүн ээси!
Көңүлдүн ээси!
Төшөгү салынуу,
Төрүмдүн ээси!
Кыялымдын эргүүсү.
Сезимимдин сергүүсү.
Ааламдын арзан самынын,
Алгыла сатып алгыла,
О калайык,
Самын сатып алгыла!

*Истамбул, 1993-жыл*

# МУРУН ТАЛАШ АЛЫМ САБАГЫ

# (АЙТЫШ)

Шайлообек менен Кыялбек
Шаңкылдай берсек зыян деп,
Ак үйдө деле таланттуу
Акындар арбын чыгар деп,
Депутаттар айтышын
Демденип эл угар деп...

**Алымсабак кезегин Шайлообек Дүйшеевдин демилгеси менен КР Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттары Дооронбек Садырбаев менен Кубанычбек Идиновдорго узатышкан. Садырбаев да, Идинов да жок дешпеди. Эмесе алгачкы сөз Докенде...**

**Д. Садырбаев**

И-и, Куке!
Манасчы, акын, мыйзамгер
Кубаныч курбум, кел мында.
Азили мол, күлкү арбын,
Аския майдан төр мында
Тырмашкың келсе баштарды
"Тынч жүрбөс" бажаң мен мында.
Чегинен чыкпай абройдун,
Челише турган жер мында.
Алымсабак кезегин
Акындар бизге таштаптыр,
Мурда такыр боло элек
Мурун сайыш баштаптыр
Мендеги,
Чоң баштыкты "мурун" деп
Багып жүргөн Шайлообек,
"Визитка" деген орденин
Тагып жүргөн Шайлообек,

Жарыштарга саясий
Салып жүргөн Шайлообек,
Арабачан ыр терип
Алып жүргөн Шайлообек,
Кайдыгерликтин тамырын
Жулуп жүргөн Шайлообек,
Каарына калып улуктун
Сынып жүргөн Шайлообек,
"Кайран эл карып болду", – деп
Ыйлап жүргөн Шайлообек,
Кара жанын карч уруп,
Кыйнап жүргөн Шайлообек,
"Барбайган мурун байкем", – деп
Мени
Сыйлап жүргөн Шайлообек,
Таймаша кетсем дөө менен
Талапкерим Шайлообек,
Саясий салгылаштарда
Саяпкерим Шайлообек,
"Шанаңдат" десе мурунду
Шалдырай түшчү мен эмес,
Шайдандан келген буюмду
Шалпайтып кетчү сен эмес,
Кыялбек берсе кезекти
Кыйшактап калчу мен эмес
Кемпирге жаккан мурунду
Кемсинтип кетчү сен эмес.
Этияттап жүрсөм да
"Эс-Эстин" уулу курбумду,
Мазгисин чачыратамын
О бажа,
Майданга чыгар мурдуңду...
Көмүскөдө жаткансып,
Көрүнбөйт экен алыстан.
Амалданып чыккан бейм
Алдагың,
Алгачкы мурун чабыштан.
Тойгузат кимдин көңүлүн

Топчудай го турушу...
Жактыбы кимдир бирөөгө
Мунуңдун,
Жасап жүргөн жумушу?
Буктурмада жаткансып,
Быйпыят да тим эле.
Сагызгандан сак окшойт
Мунуңдун
Саяпкери ким эле?
Айбаты кылым карыткан,
Абаң болуп жүрбөсүн?
Алишер, Анвар, Бөрүбай
Тагаң болуп жүрбөсүн?
Жамгырбек, Мукар, Өмүрзак
Иниң болуп жүрбөсүн?
Турсунбай ажы, Аскаркул
Пириң болуп жүрбөсүн?
Алымбай, Абыт, Зарылбек
Досторуң болуп жүрбөсүн?
Кнопка байлап башыңды
Кошконуң болуп жүрбөсүн?
Авдеев, Токон, Догдурбек
Кесиптештериң эмеспи?
Октябрь, Ачыловадай
Эшиктештериң эмеспи?
Адылбек, Усуп, Бористей
Кеселештериң эмеспи?
Таштемир, Хаджымураттай
Жетелешкениң эмеспи?
Э бажа,
Саяпкерлериң миң болсун,
Талапкерлериң дүң болсун,
Общий домдо оптом бир
Таймаша турган күн болсун.
Алдырбастан ачууга
Айтканымды ук, бажа...
Референдумга окшотпой,
Айтышка адал чык бажа.

Абаңдай арамзаланбастан
Алың жетсе жык, бажа.
Ошондо
Жарышам десең жарышам,
Чабышам десең чабышам.
Өнөргер менен өзүндөй,
Өлбөгөн жерде калышам.
Көсөө менен сайышам
Көмүскө жерди чайышам.
"Бажалап" урмат көргөзүп,
Баркыма жетсең табышам.
Кезегинди ал, бажа,
Кеменгер сөздөн сал, бажа.
Жообуңду байкап көрөмүн,
Дооматың болсо тартынба,
Буйруса,
"Достойный ответ" беремин...

**К. Идинов:**
Тагдырлашым, Дооронбек,
Талантың сенин тоодон көп.
Талыкпай тарткан фильмиң
Тарыхта калчу зоодон көп.
Тамашалап "бажаңды"
Таразалап ойлоор деп,
Таамайлап жебе тартыпсың
Тап берип койсом болоор эп...
Шайлообек менен Кыялбек
Шакылдап жообун берээр деп,
Шумкардай болгон Дооронбек
Шукшурулуп тебээр деп.
Шамдагай өскөн эр эле
Шамалдай баарын жеңээр деп,
Шартыңа келсе бир кезек,
Шагын ийип белендеп,
Шалдырай түшкон белемсиң
Шак айталбай терең кеп...
"Мурундан" баштап сөзүңдү,

Мен түшүнбөй турам өзүңдү.
Мазмундуу дайым кеп айтчу
Мыйзамгер, Докем, өзүңбү?
Маңдайыңда Кубаныч
Мыктылап аччы көзүңдү.
Теңирим берген эркиндик
Тепселбесин желпинип,
Мекениң турса толкундап,
Менчилеп тосчу төшүңдү...
Алдыда жаңы миң жылдык,
Ардагым айтчы не кылдык?
Араңдан алдык эркиндик,
Арсар бассак жыгылдык.
Андыктан Манас Айкөлдүн
Арбагына сыйындык.
Ар кимибиз чогулуп
Ак эмгек кылсак кылымдык...
Экинчи жолу тарыхта
Эгемендүү эл болдук.
Элибиз аз болсо да
ООНго мүчө тең болдук.
Ээлик алып мүлкүңө,
Ээн жерде кең болдук.
Эми менчиктештирүүдө
Эстен кеткис “шер” болдук...
Тим эле жүрсөм унчукпай,
Тийишесиң тынчытпай.
“Эс-Эстин” уулу кайда деп,
Эстетпечи курчутпай.
Көмүскөдө мен жүрсөм,
Кээ бирөө калаар тынч уктай.
Карегиндей сактайлы,
Калкыбызды бир уучтай.
Теңирим берген эркиндик
Тепселбесин желпинип.
“Общий дом” деп кейибе
Ошондо жатат мейкиндик,
Ойлончу тажик куданы,

Оңой иш эмес бейпилдик.
Обдулуп алга иш кылсак,
Өзү эле келээр тенчилдик...
"Референдум" деп кейибе,
Республиканды жерибе.
Рахмат айткын а көрө
Ыраазы болуп элиңе.
Ким болсо да калкыбыз
Киргизип коёт кебине.
Агымга каршы чыгам деп
Ала салба темине...
"Саяпкерлерге" тийишпе
"Сагызган" бөлгун бул иште.
"Арамза" менен акылдын
Асылы аны билиште.
Алдабасаң ар жагын
Саясатка киришпе.
Азамат эрдин белгиси
Ар дайым элин сүйүштө...
Сен санаган депутат,
Каймагы элдин эмеспи.
Калкына эмгек кылбаса
Кайрылып эми келбеспи?
Каяктан издеп табасың
Капилет мындай теңдешти?
Кызылчеке болушуп,
Кыялбай кайра элдешти...
Карегиндей сактайлы,
Калкыбызды бир уучтай...
Анткени аны байкасаң,
Азыркы элдин күзгүсү.
Бирөөсү менен элдешсең,
Бирөөсү келет сүзгүсү.
Тебелеп кетет кээ кезде
Көк акчалуу күчтүүсү.
Көргөндүн "чери" жазылат,
Ичинде калбай "күптүсү"...
Себеби, "бажам" ынансаң

Жашообуз азыр ушундай.
Биринен бири өтө албай
Жүгүрөт баары бышылдай.
Рынок деген система,
Толкуган дайра тушундай.
Ташып барып төгүлгөн,
Парламент дагы учурдай...
Калың калкты карасаң
Океандай чайпалып,
Карап тур депутаттарын,
Баба-Атадай жайкалып,
Кай күлүк келээр экен деп
Күтүп жатыр чалкайып.
Кимиси туура, кимде айып,
Тосуп алат сени да
Эгер барсаң кол жайып...
"Достойный ответ" даярда,
"Доомат" кылбайм мен сага.
Дайыма салам айтамын
Алыстан көрсөм "Кан Бажа",
"Мазгисин" чакпай бирөөнүн
Өзүңдү дагы абайла.
Алдырып ийип бактыңды,
Таалайыңдан кур калба.
Жеңилсең кайра жетесиң,
Тагдырыңда нур барда.
Демократия шартында
Дайрадай толкуп ташкында.
Эл алдына чыкканда,
Барпыдай болуп шартылда.
Кылым бүтүп баратат,
Ыкчамда, бажам, ылдамда,
Алдыдагы шайлоолор,
Көпүрө – ичке кылдан да,
Устаранын мизиндей
Сындан өтүп жылмаңда.

**Күтүлбөгөн жерден "Мурун талаш" айтышына кыпчыла калып ЖоКенин Эл өкүлдөр жыйынынын**

**эксперттик топ жетекчиси Сүйүнбек Касмамбетов кыйкырып чыга калса болобу... Ошентип, кеп кезеги Сүйүнбекте... Анда...**

**Сүйүнбек:**
Э-э, Кеке!
Шайлообек менен Кыялбек
Шакаба кептен баштаптыр
Чукусун мурдун булар деп,
Чуулгандын арт жагын,
Министрлер угаар деп,
Алымсабак айтышты
ЖоКени көздөй таштаптыр,
Эми, Кемел аба, кеменгер,
Айтыша турган ушул жер,
"Аргументтен" орунду,
Атаңдан сага калса да,
Көчүктү кысып кенен бер.
Болбосо жеңемдеги үболүк
Мурдуңду түзөйт түбөлүк.
Ага-ини болуп ээрчишип,
Акыйлашпай жүрөлүк.

Э-э, Доке!
Бир-бирин чукуп конүшкөн,
Бийликтүү жерде өнүшкөн,
Илгерки колхоздордогу,
Бригадирдей согүшкөн,
Обу жок аял сыяктуу,
Ооздорунан өбүшкон,
Докем – депутаттын бири эле,
Бетине кантип батты деп
Чынында мурду ири эле.
"Полетун" соро тартканда,
Мурдунан муңдуу үн чыккан.
Таноодон калемсап окшоп,
Беш-алты штук жүн чыккан.
Доке, бир тамаша кылалы,
Үшүгөн элдин газы жок,

Алаксытып туралы.
Депутат эмес экен деп
Дептериңиз жаппаңыз
Дегдеп бир турат иниңиз,
Дерденһдеп айтыш баштаңыз.
Кызматташ эмес экен деп,
Кызыңды алган эмедей,
Кызаңдап артка качпаңыз.
Араван, Баткен коонундай,
Атактуу Ысык-Көлдөгү
“Аруукенин” жонундай,
Балык жон, айдөш капталдуу,
Балырлуу жана чаңкалдуу,
Доорокемдин мурдуна,
Добуш бере баштайлы
Доке, биринчи сизди көргөндө
Мен аябай таң калгам.
Бу килейген мурун дардайган,
Же Сизди тапкан энемдин
Болду го дейм эрдиги,
“Полетту” соро тартканда
Кысталбай түтүн чыксын деп,
Кудайым кенен бердиби?
Бир таноодо кызыгам
Шакең кенен жаткандай.
Бир таноодо Кыялбек
Аялы менен баткандай
Эки таноон бириксе,
Кудаяр хандын жанаша,
Каздырып койгон орундай.
Түтүнү чыккан кезекте
Казактын кымбат көмүрүң,
Таң аткыча түтөткөн,
Бишкек ТЭЦтин морундай.
Мурунду бийик көтөрүп
Доке,
Желек кылып алыпсыз,
Өзгөчө шайлоо мезгилге

Керек кылып алыпсыз,
Мурдумдун жообун бергин деп,
"Эс-Эстен" чыккан бажаңа,
Байкабай, белек кылып салыпсыз.
Көрүнгөн жерге урунган,
Көпчүлүк үчүн түпөктүү
Көк найза болуп сунулган,
Айланып кетсин элиңиз,
Алдагы, барбайган Сиздин мурундан.

Э-э, Куке!
Эмнегедир жалтактап,
Жообуңузду камдапсыз.
Сен мыктысың деп эле,
Жонунан гана таптапсыз.
Өзү келип тийишкен
Докемди,
Тумшукка берип калыңыз.
Сиз мурунду танбаңыз –
Көз, кулак, ооздун алдында
Кесир кылып албаңыз,
Мурду жок такыр бет болбойт,
Мурдуңузду чанбаңыз.
Мурунсуз беттин куту жок
Көп жерге сизди жетелейт
Жел жыттап эле буту жок.
Бучуктар деле кадырлайт,
Чымчып бир алаар учу жок.
Көпчүлүк өзү байкасын,
Кишинин баары кадырлайт,
Мурундан чыккан маңкасын:
Жүзаарчы менен тазалап
Чөнтөккө салып аласыз.
Ал эми, туалетке барганда
Аарчыгыч жибек болсо да,
Ыргытып эле саласыз.
Так что, байке, барктайлы,
Каректей гана сактайлы,

Мурундун кылган кызматын
Эненин эмчек сүтүндөй
Экөөлөп жүрүп актайлы.
Сексенден жашы өтсө да,
Секиден өтүп кетсе да.
Үйлөгөн сайын күчөгөн.

# МУРАС

*(Завет)*

Тебе оставляю, мой сын,
Песнь моего народа.
Ее пел каждый акын
С неизбывно далекого года.
Запомни, сын, эти слова
Может, они пригодятся,
Когда оборвется тропа
Или глаза заслезятся...

***

Кто самый счастливый на свете?
Счастливо дерево плодоносящее.
Счастливо светлое небо над миром.
Счастлив тот, кто познает любовь,
Раскрывшую сердце в урочный час...
Вот кто самый счастливый на свете!

***

Кто никогда кем не станет?
Соль никогда не сможет стать перцем.
Женщина – девушкой.
Заяц – оленем.
Мальчик - батыром не станет,
Если предаст он отчизну свою
Вот кому кем не бывать никогда!

***

От печали какой угасают улыбки на наших устах?
От плачущей ночи, наказанной небом.
От солнца, закрытого мрачною тучей.
От человека, зрящего мир одиноким.
От песни, когда ее некому слушать.
От печали такой угасают улыбки на наших устах!

***

Кто самый несчастный на нашей земле?
Несчастна трава после пожара.
Несчастна тропа без каравана.
Горы несчастны без птиц и зверей.
Несчастен народ, где правит злодей.
Вот кто самый несчастный на нашей земле!

***

Эти короткие песни,
По-разному в жизни слушал:
Когда был мальчишкой –
Музыкой струн наслаждался.
Когда стал джигитом –
Музыку слов находил.
Когда голова поседела –
Жалею, что песни эти впервые слышал.
Мурас предков тебе оставлю, мой сын!

# ОБОНДУУ ЫРЛАР

## ШАГЫМ СЫНДЫ

"Кайран эл" телесериалы үчүн жазылган реквием. Обону: Түгөлбай Казаковдуку. "Камбаркан" фольклордук-этнографиялык оркестринин коштоосунда аткаруучу Түгөлбай Казаков. Дирижер: Төлөгөн Томотоев

Чыгыштан чыгаандыгы ашып-ташкан,
Чыйырсыз татаал өмүр жолун баскан.
Эл көрдүм бизден бизден эптүү, бизден эстүү,
Илимде ийне менен кудук казган.

Батыштан бизден арбын, бизден балбан,
Бабасы сазга таштан тамдар салган.
Эл көрдүм ырысы мол ынтымактуу,
Эрки бек, эч бир жоодон жалтанбаган.

Кылымды кылымдарга жалгаштырып,
Кыйырын кирдетпеген чаң бастырып,
Кыйын эл жашайт экен түштүк жакта,
Кыр-кырда кылыч-найза алмаштырып.

Кыдырып кыйла сапар чыгып келдим,
Кыйла журт кыраандыгын угуп келдим.
Кыргыздан кор эл таппай жер бетинен,
Кыйналып кыйын шагым сынып келдим.

Көп жерден көз жашымды төгүп келдим,
Көңүлүм караңгылап чөгүп келдим.
Менден кор эркек таппай эч бир элден,
Мезгилсиз денем сууп өлүп келдим.

*1992-жыл*

# ВИЗИТКА

***Обону: Сагынбек Момбековдуку.***
***Сагынбек Момбековдун аткаруусунда.***

Таанып ал, таанызбасаң мына мени,
Жашыруун жан эмесмин аты-жөнү.
Урпагы маңкурт болуп келе жаткан,
Өтүшкөн маңкурт болуп ата-теги.
Малга бай, арга жарды, мансапка ынак,
Мен болом – маңкурттардын маңкуртбеги.

Кабынан качып турган желиндери,
Кара-көк, кызыл-сары эриндери.
Ырга бат, ычкыры элпек, шыпты кашка,
Кылыктуу кыркма чач кыз-келиндери.
Журту эмес жубайына ээлиги жок,
Мен болом – маңкурттардын маңкуртбеги.

Олжосу оозунгандын ыйык жери,
Орус сийдик жыттанган тунук көлү.
Кадыры кандек, бульдог итчелик жок,
Карыбы баш калаанын бакыр эли.
Кайратын жубан кылган касташканы,
Мен болом – маңкурттардын маңкуртбеги.

Арданба "синдим", – десем иним сени,
"Кемпир", – деп кемсинте бер сен да мени.
Каадалан, каадаланба кандуу жолдо,
Калктанбыз катын намыс эркектери.
Сен болсоң – Маңкуртаалы же Маңкуртбай
Мен болом – маңкурттардын маңкуртбеги..

*1991-жыл*

## ЗАМАНА

***"Тандалмалуу ырлар" түрмөгү***
***Элмирбек Иманалиевдин аткаруусунда***

Урпактар ата салтын чанат окшойт,
Уул-кыз уйга жүгөн салат окшойт.
Селкилер сезим төшоп көчө-көйдө,
Серектеп көзүн сатып калат окшойт.

Сойкунун шам чырагы жанат окшойт.
Сокурлар соодадан көз табат окшойт.
Эпсиздер экини төрт кыла албаган,
Энеден туума бойдон калат окшойт.

Коптөрдүн көзүнөн жаш тамат окшойт,
Көңүлдөр көчкөн журттай калат окшойт.
Эркектик касиети аз, акчасы көп,
Эсирген эки катын алат окшойт.

Кыйдынын кырчаңгысы канат окшойт,
Кыйырга кыйла бүлүк салат окшойт.
Куурайын, кумалагын бөлүшө албай,
Кудалар кубалашып калат окшойт.

Окуунун ооматы ылдый агат окшойт,
Он жылдык дарбазасын жабат окшойт.
Базарга бар тапканын алып-сатып,
Балдар да чүкө ойнобой калат окшойт.

Жокчулук дилге каргы тагат окшойт,
Жон тери жаш-карыга жабат окшойт.
Кыйыры, кызыл тили басмырланып,
Кыйлалар кыргыз болбой калат окшойт.

*1992-жыл*

# АЙЫЛЫМА

***"Тандалмалуу ырлар" түрмөгү Элмирбек Иманалиевдин аткаруусунда***

Кир төккөн айылыма чанда келем,
Киндиктеш агайынды чанда көрөм.
Адашып мен силердин араңардан,
Алыста жашап калсам кантмек элем?

Келгенде кээде боз ат минип келем,
Кээде ыйлап, кээде күлүп, жыргап келем.
Кээде жөө, кээде эшекчен, кээ мезгилде,
Бозоруп бооруп менен жылып келем.

Келатып сураганым, тилегеним,
Кешиги кемибестен жүрөбү элим?
Болсо экен аман-эсен малы-жаны,
Чырпыгы чыгымдалбай ирегенин.

Иттери карс-карс үрүп чыгышса экен,
Балдары оюн-күлкү курушса экен.
Чалдары чайга тоюп, сакал жанып,
Айлыма айбат болуп турушса экен.

Уздардын кыркылбастан узун чачы,
Убайга малынбастан улан башы.
Айланып-үйрүлүшүп чыгышса экен,
Акпастан апалардын ачуу жашы.

Ар кимдин аман болуп үй-бүлөсү,
Аз ыйлап, арбынырaак күлгүлөчү,
Доо кетсе элдигине, жердигине
Дооронбек кыйналаарын билгилечи.
Акыры араңарга кошулганча
Агайын аман-эсен жүргүлөчү.

*1980-жыл*

# АТАМДЫН МҮРЗӨСҮНӨ

***"Тандалмалуу ырлар" түрмөгү***
***Элмирбек Иманалиевдин аткаруусунда***

Жамынып боору муздак кара жерди,
Сагынып жаткандырсың тууган элди.
Мүрзөңө ызаат төгүп кетейин деп
Мүнөзү жайдакталган уулуң келди.

Атайын акыл сурап келдим сага
Атаке бир ылаажы тапчы кана...
Айылдын, ата-журттун, агайындын,
Азабын тарттын беле күйүп жана?

Жалгыздык кендириңди кесчү беле?
Жакынын кыянаттык этчү беле?
Кызматка минип жүргөн кызыл атың,
Кыядан ташыркабай өтчү беле?

Ал кезде пахта план толчу беле?
Агроном, бригадирлер болчу беле?
Ката элек кабыргасы уул-кызды,
Кашайтып ишке салып койчу беле?

Теңириң берчү беле тилегинди?
Теңтайлаш талытчубу билегиңди?
Таалайы тайызыраак кыз-кыркындын,
Тагдыры эзчү беле жүрөгүңдү?

Көп беле инилериң жакшы көргөн?
Көрөркөз айымдарың энчи бөлгөн?
Бел кылар агаларың арбын беле,
Бейишиң, тозогунду тең көтөргөн?

Түйшүгү бул өмүрдүн улам жаңы,
Түгөнбөй түйдөктөлөт дагы-дагы...
Ченебей баарын мага таштаптырсың,
Чече албай арбыды го, чачтын агы...

Азыр мен сенден улуу болсом дагы
Алдыга улуу максат койсом дагы.
Атаке, сенден башка бараарым жок
Айтканым угуп-укпай койсоң дагы...

Жамынып боору муздак кара жерди,
Сагынып жаткандырсың тууган элди.
Өзөгү караганда бедел тутуп,
Өзүңдөн картайыңкы балаң келди.

*1985-жыл*

# ТАГДЫРЫМА

***"Тандалмалуу ырлар" түрмөгү***
***Элмирбек Иманалиевдин аткаруусунда***

Өкчөдүң өөдө-төмөн, оңду-солду,
Өрттөдүң өрүшүмдү кестиң жолду,
Өзүмчө чыйыр таап кетээримде,
Чырмадың чылбыр менен буту-колду,
Ааламга адам болуп жаралганы,
Аркалап келатамын азап-шорду.
Билбедим агын-көгүн чырайыңдын,
Туйбадым барын-жогун ырайыңдын.
Өзүңдөн тирүүлүктө тийген энчим,
Түрмөгү түгөнбөгөн убайымдын.
Тыйбаган "акты" "кара" демейинди,
Калп окшойт калыстыгы кудайыңдын.
Баш урдум, тагдырлыгын танган жокмун,
Бактыңа канып маңдай жарган жокмун.
Жамандык жаадырсаң да айлап-жылдап,
Майыштым, бирок сынып калган жокмун.
Өмүрдү кызмат, перзент, кадыр-баркты,
Өзүңдөн кайыр сурап алган жокмун.
Кайыптан тапкан жокмун алган жарды,
Карч урдум бардыгы үчүн кара жанды.
Көз нурум, көп үмүтүм, күлгүн кезим,
Көөнөрүп белде калды, жолдо калды.
Жакшы эле кыйып келдиң ырысымды,
Же дагы тарткыза элек шоруң барбы?
Өзөктүн өртү күйүп-жана электе,
Өмүргө мезгил кишен сала электе.
Алып кал акың болсо кечикпестен.
Акылдан, алдан-күчтөн кала электе.
Бактысын мен деп жүргөн сары катын,
Башына кара жоолук сала электе.

*1987-жыл*

# АРМАН

***"Тандалмалуу ырлар" түрмөгү***
***Элмирбек Иманалиевдин аткаруусунда***

Ааламдын агын-көгүн иргей албай.
Ата Журт ыргактарын түрдөй албай.
Боз улан тилектерим бүчүр байлап.
Бозөруп кала берди бүрдөй албай.

Кыялдын кызыл атын темине албай,
Кыйырга ак таң болуп сөгүлө албай.
Кер мурут эңсөөлөрүм тамчы сыгып
Кейиште кете берди төгүлө албай.

Алкынып аламанга чабыла албай,
Булкунуп буурakандап агыла албай.
Өнөрүм өксүп калды, өксүп калды,
Өмүргө чырак болуп жагыла албай.

Басыгым баштагыдан чаңы азайып,
Баратат үмүттөрдүн таңы азайып.
Кабагым – кашым дебей кете аламын,
Калса эгер тирүүлүктүн шамы азайып.
Кайгырам жалгыз гана калаарына,
Калкымдын бир кыргызга саны азайып.

*1989-жыл*

# СОНУНУМ

***Обону: Үсөн Сыдыковдуку. Аткаруучулар: Анарбек Сардарбеков, Дооронбек Садырбаев***

Тузун татып батман – батман шорумун,
Туусун кармап бороон-чапкын жолумун.
Турмушума тутка болуп келесин.
Туңгуч арзып алган жарым, Сонунум.

Кежирленсе кээде кыял-жоругум,
Кетмейи бар зөөкүрлөнүп колумун.
Келатасың черттирбестен чекеңе,
Кең пейилдүү кечиримдүү, Сонунум.

Эч ким билбейт төркүнүн бар-жогумун.
Эсеби так алган айлык сомумун,
Элчиликтен келатасың чыгарбай
Эстүү зайып, эптүү зайып, Сонунум.

Тоңмоюн эл, тоолуктардын шогумун.
Токтоолуктан бүтсө керек болумуң.
Тоотпостон ушак–айың сөздөрдү,
Тоодой жөлөк болдуң мага, Сонунум.

Башаты ырыс бардык тилек оюңун,
Бармак менен кут жыйнаган колуңун.
Балдарымдын үстү бүтүн, карды ток.
Баарыбыздын банкирибиз, Сонунум.

Ылайлатпай жубайлыктын коругун,
Ыдыратпай тигиштерин тонумун.
Ысык-суук тагдырымды бөлүштүң,
Ыраазымын, ынак түгөй, Сонунум.

Сары кырдан аксап түшсө чобуруң,
Салты ошондой айгашка өмүр жолунун.
Сапар карып келатканга кейибе,
Сарамжалым сары катын момунум.

*1939-жыл*

## УУЛУМА

***Аткаруучу: Ашыралы Айталиев***

Акчаны абдан кор кармаптырмын,
Агызып тапсам дагы маңдай терим.
Жарыган дүйнө басып албаптырмын
Малымдын мааниси жок, бирин-серин.
Асылташ алтын-күмүш алам десе,
Апаңды акырайып караар элем.
Дубалга килем-кечек тагам десе,
Дулдуюп дудук болуп калаар элем.

Энчилеп эмеректин жалтырагын,
Сандыкка салбаптырбыз олуп-тала,
Эми мен сага мурас калтыраарым,
Эзелки бабалардын ыры гана.
Жылдызың күңүрт жанып ылдыйланып,
Ойт берип тагдыр чаныл турган кезде.
Оозуңдан же болбосо от тутанып,
Ооматың келсе да ушул ырларды эсте:
*..."Бул дүйнөдө не болбойт?*
*Жар куланып суу болбойт.*
*Жалгыз өлсө чуу болбойт.*
*Жуусаң да нурга, журтуна*
*Жугумсуз жигит туу болбойт.*
*Көлчүк толкуп көл болбойт.*
*Көп жамгырсыз сел болбойт.*
*Жакшысы арбын болсо да,*
*Жаманы жок эл болбойт.*
*Калемпир ачуу туз болбойт.*
*Катын кыңшып кыз болбойт.*
*Абийирлүү жигиттин,*
*Алганы ымансыз болбойт.*

*Бул дүйнөдө неде аркан?*
*Булуттар менен басташып.*
*Буулугуп аткан таңда арман.*
*Чабылган балта бооруна,*
*Чала жан дарак талда арман.*
*Кемпиринен айрылып,*
*Кейиште жүргөн чалда арман.*
*Ай-жылдызы чыкпаса,*
*Асманы кара түндө арман.*
*Абанын эч ким укпаса,*
*Аргендей кооз үндө арман.*
*Туңгуюкка туш болуп,*
*Тутулуп турган күндө арман*
*Бул дүйнөдө не карып?*
*Өзөгү жанган эр карып.*
*Өрт чалган кара жер карып.*
*Кербени чубап өтпөсө,*
*Керилип жаткан чал карып.*
*Мерчемдүү жерге жетпесе,*
*Мээлүндөп соккон жел карып.*
*Өрүшү малга толбосо*
*Өрөөнү кенен тер карып.*
*Ак куулар учуп конбосо,*
*Айдыңы чалкар кол карып.*
*Улугу ойчул болбосо,*
*Убара тарткан эл карып..."*
Мен өзүм кеч тааныдым бул чындыкты.
Атадан акыл айтаар эрте калып.
Мерчемге жетээримде кайра ыргытты,
Мезгилим өмүрүмө кишен салып.

Билип ал ыр маанисин акыл калчап,
Каралдым, катуу багыт кан жолдосуң.
Буулугуп турганыңда атың чарчап,
Бул накыл сүрөп кетээр жан жолдошуң.

*1989-жыл*

# ЖАЛГЫЗДЫН ЖАРЫ КУДАЙ

*"Тандалмалуу ырлар" түрмөгү*
*Элмирбек Иманалиевдин аткаруусунда*

Мүшөктөп үй башына ун бөлө албайм,
Пачкелеп чай таркатып пул бере албайм.
– "Малынтып май талканга коемун!" – деп,
Мактанып мансап күтүп күн көрө албайм.

Тууганга туура сүйлөп, чынымды айтып,
Көй-көйлүү көңүлдөгү сырымды айтып.
Журт менен жуурулушуп кетсем болду,
Укканга узун сабак ырымды айтып.

Тамым жок кабат-кабат көк тиреген,
Малым жок мааракеге жетти деген.
Жол салып, мектеп куруп бере турган,
Алым жок ашып-ташып кетти деген.

Чет элдик машине жок мингениме,
Өгүз жок өөдө-төмөн жүргөнүмө.
Ат таппай анда-санда айлыңарга,
Эшекчен келип калсам күлбөгүлө.

Мал – пулдун мааниси жок болгон менен,
Майышпас кайратка ээлик кылып келем.
Кыйланын кылыч мизин майтарсам да,
Кыргызга кыңк этпестен сынып берем.

Кайгырбайм капчыгымдын боштугуна,
Өкүнбөйм өлүү дүйнөм жоктугуна.
Калкымдын катарында жүрсөм болду,
Кайылмын кардымдын ач-токтугуна.

Жууруп көр журтчулуктун камырына,
Батынсаң балта чапкын тамырыма.
А бирок, күйүп кетсең таарынмай жок,
Жалтанбас жүрогүмдүн жалынына.

Баш ийсем баба мыйзам ченемине,
– "Балабыз байкуш экен", – дебегиле.
"Жалгыздын жары кудай" экендиги,
Чын болсо, жарайм дагы керегиңе.

*Декабрь, 1994-жыл*

# АРБАШАМ АЖАЛ МЕНЕН

***"Тандалмалуу ырлар" түрмөгү Элмирбек Иманалиевдин аткаруусунда***

Корүүдон оомат шоола төгүп турса,
"Кел–келим" кеч болсо да келип турса.
Кантип мен катуу багыт иштен качам,
Каадалуу журт батасын берип турса?

Талашпайм. Жалгыз башка – жалгыз өлүм.
Болсо да тарткылыгым ушул менин.
Арбашам ажал менен адам тургай,
Андайга аттандырса "кайран элим".

Жалгыздык жанга батып турса дагы,
Жар – жором кыянаттык кылса дагы.
Тайгылбайм бара жаткан багытымдан,
Таш менен аш бергеним урса дагы.

Тилек бар туу чокуну ашсам деген,
Тирүүгө ырыс кешик чачсам деген.
Бозорткон кызылы мол кыргыз жүзүн,
Кыйдыны бир такымга бассам деген.

*1996-жыл*

# КИМИБИЗДЕН?

***Обону: Жаныш Кочкоровдуку.***
***Аткаруучу: Алтынай Нарбаева***

Сенденби же менденби, кимибизден?
Сезимдер муздап барат дилибизден.
Серүүндөп бараткан асылкечтик,
Сезилип үн кайрыган үнүбүздөн.
Адашып келатабыз, атаганат,
Арзуунун даамын таткан күнүбүздөн...

...Кырчын кез, кызыгы мол убак эле.
Кыялдар жанаша өскөн чынар эле.
Жайы-кыш жан жыргатып жалбырагың,
Жайкалып жыпар төгүп турар эле...
Сагынып самап келсем сапарымдан,
Саамайың саамал кымыз сыңар эле.

Күн өттү, күлгүн курак жылдар өттү,
Күү толгон биздин жаштык ырлар өттү.
Саргарган күзүндөгү жалбырактай,
Санаалар сапырылган күнгө жетти.
Жылыткан көргөн жандын көз карашын,
Жылдыздуу биздин сүйүү кайда кетти?

Көңүлдөр муз төр өрдөп бара электе,
Көз жаштар көл-шал болуп ага электе.
Кыйратып кыялдагы ак таңдарды,
Кылычын кыянаттык чаба электе.
Жүр катын ынтымакты ширетели,
Тамыры такыр куурап кала электе.

*1982-жыл*

# КЕЛИНДИН ЫРЫ

***Обону Үсөн Сыдыковдуку***

Кылгыра карап өтчү элем,
Кыз кезден ышкы төкчү элем.
– "Сезими майып кургур", – деп,
Сени аяп кээде кетчү элем.

Шекерин татпай кебимин,
Калды артта күлгүн өмүрүң.
Кучагым жетимсиреттиң,
Курбума түшүп көңүлүң.

Өлчөбөй алы-чагыңды,
Өткөрдүң өткүр маалыңды.
Кадырга жетпей кашайгыр,
Кайтардың ышкы табымды.

Жүрөгүң эми сунсаң да,
Жүгүрүп күндө турсаң да.
Башканын гүлү боломун,
Башынды ташка урсаң да.

*1989-жыл*

# КЫЙНАЛЫП ТУРАТ ЖҮРӨГҮМ

Обону: Эсенбек Мааданбековдуку. Аткаруучу: Дарика Жалгасынова. Симфониялык оркестрге Асанкан Жумакматов дирижерлук кылат

Обону: Эсенбек Мааданбековдуку. Аткаруучу: Керим Турапов. Симфониялык оркестрге Асанкан Жумакматов дирижерлук кылат

Жыргалды сенден көрсөм да,
Жытыңа жыпар көнсөм да,
Жалбарып жатып озүңө,
Жанымды бөлүп берсем да,
Атың,
Затың,
Ажарыңды,
Кыялга катып жүрөмүн.
Антпешке такыр аргам жок,
Азапка батты жүрөгүм.

Арзууга күйүп-жансак да,
Ашыктык күүсүн чалсак да,
Махабат отун өксүтүп,
Максатка жетпей калсак да,
Атын,
Затың,
Асылдыгың,
Көңүлгө түйүп жүрөмүн.
Көрүнөө сүйүп күн көрбөй,
Көп түйшүктөндү жүрөгүм.

Үй-үйгө балдар чапканда,
Үстүмө кымкап жапканда,
Зыркырап ыйлап агайын,
Зыйнатым өтүп жатканда,

Атың,
Затың,
Кыялың эстеп,
Кыйылып көзүм ачаармын.
Атыңа илеп тийгизип,
Затыңа таажы кийгизип,
Анан мен сапар тартаармын,
Атың,
Затың,
Асылдыгың,
Кыялга катып жүрөмүн,
Кылмышка батып калгандай,
Кыйналып турат жүрөгүм...

*1988-жыл*

# КАРЫЛЫК

Аткаруучу: Ашыралы Айталиев
Мезгилден каргы тагынып,
Мен да Улуу Жолго камынып.
Үнөмдөп жүрсөм өмүрдү,
Үлүшүм күтүп зарыгып.
Оюма түшсө жаш чагым,
Оолугам кээде чамынып.
Сабырым жанат эркемдин,
Сарсаамал жытын сагынып.
Ордуна келет азыркым,
Оңкомдон түшсөм чалынып.
Ойгонсом жаткан боломун.
Оозума дары салынып.
Жүгүртүп тилге валидол,
Жүгөндөп келет карылык.

*1989-жыл*

# ТААРЫНБА

***“Тандалмалуу ырлар“ түрмөгү***
***Элмирбек Иманалиевдин аткаруусунда***

Кайчылаш өтүп кетсек көрүшпөстөн,
Каректер ынтызаарлык төгүшпөстөн.
Арманда кете бермек турбайбызбы,
Анда биз арзуу даамын бөлүшпөстөн.

Ырлардын ындыны өчүп багы ачылбай,
Ыкташып түн күзөтүп таң атырбай.
Кырчын кез жалгызсырап өтмөк экен,
Кыргыздын жайдак чабар сары атындай.

Эриндер эртели-кеч шыбырашып,
Эңсешүү эт жүрөктү чымыратып.
Жааганын сезбей калмак турбайбызбы,
Жаштыктын жамгырлары дыбыратып.

Аркалап армандуунун шорун ташып,
Арзышкан ашыктардын жолун басып.
Калышсак айда-жылда кабак чытып,
Кайта бат табышчу элек моюндашып.

Үзүлбөс үмүт байлап дайыныңа,
Бара албайм баштагыдай айылыңа.
Баасызым бакыр чалга таарынбачы,
Баркы жок башка түгүл зайыбына.

Чак келбей тагдырымдын табагына,
Чайналып калсам дагы заманыма.
Азыр мен тирүү жүрөм ал күндөрдүн,
Жалынып жакшысына, жаманына.

*1993-жыл*

# КӨЗДӨРҮҢ АЙТЫП ТУРБАЙБЫ...

***(Сексенинчи жылдардын секетбайы)***
***Обону: Асылбек Өзүбековдуку.***
***Аткаруучу: Асылбек Өзүбеков***

Кырчын кез ырын ырдайлы,
Кыз-кыркын айың кылбайбы?
Кыялын эңсеп жатканды,
Кылыгын айтып турбайбы...

Арзуунун ырын ырдайлы,
Алганың чатак кылбайбы?
Көңүлүң көксөп жатканды,
Көздөрүң айтып турбайбы...

Кашкая карап сыр салып,
Кадиксиз ойго чыр салып.
Кадыр түн жалгай тургансып,
Калчадың тиктеп мынчалык?

Кылгыра карап сыр салып,
Кыялга бүлүк чыр салып.
Кыйышпас болуп алгансып,
Кызыттың канды мынчалык?

Табышаар күндөр бүдөмүк,
Тагдырлар башка түбөлүк.
Көрүшпөй кетсек эсен бол,
Көңүлдө бирге жүрөлүк.

Кайдан да сага кабылдым?
Кайгыма менин табылдың.
Калтырып кетет окшоймун.
Калкыңда жармын жанымдын.

*1982-жыл*

# БЕГИМАЙ МЕНЕН РАЙМАЛЫНЫН АЛГАЧКЫ АЙТЫШЫ

Телефильмде Бегимайдын ырларын казакчага Илья Жаканов которуп, домбура менен казак филармониясынын ырчысы Калемкаш Орошова, Раймалынын ырларын Эстебес Турсуналиев аткарган...

**БЕГИМАЙ**:
Учурашып ырдамай,
Улуудан калган жолубуз
Урмат сыйдын эгеси,
Ушу отурган тобуңуз.
Кебимден кетсе кемчилик,
Кечирип кана коюңуз.
Атайын эңсеп келди элек,
Айтылсын толук оюбуз.
Улуксаат болсо агайын,
Уңгулуу сөздөн салайын.
Улуу-кичүүлөр менен,
Учурашып алайын.
Ак таңдайда шекерим,
Алдыңарга жаяйын.
Ала-Тоонун суусундай,
Атырылып агайын.
Алтын-күмүш буусундай,
Акактай болуп жанайын.
Казактан кадыр барк алган,
Кыргыздан кыйын нарк алган
Өзүбек, түркмөн, тажиктен,
Өтө эле бийик даңк алган,
Айтылуу акын Раймалы,
Амансыңбы агайым?
Укмушун айткан өлөңдүн,

Уйкаштын ачып капкасын.
Уюткан элдин көңүлүн,
Урдуруп жорго чапмасын.
Ой менен ойду ширетип,
Сөз менен сөздү кынаган.
Канаттуу ырлар оозунан,
Каркыра болуп чубаган.
Кара жаак жез таңдай,
Акын агам аманбы?
Мөндүрдөй төгүп ырдаса,
Моокумун элдин кандырган.
Нөшөрлөп төгүп чындаса,
Кыш чилдени жай кылган.
Ак жаан болуп алганда,
Айтышканын маң кылган.
Жоргосун жалаң түзгө эмес,
Жогору карай салдырган.
Жоругу кымбат сөзү алтын,
Асыл агам аманбы?
Буулугуп калса термени,
Бурганак кардай элеген.
Ыраагын жолдун кыскартып,
Ыр кадам менен ченеген,
Сайгүлүк сымал айтышта,
Санына камчы жебеген.
"Ыңаалабай" элге окшоп,
Ыр кайрып түшкөн энеден.
Ыр жандуу элдин ардагы,
Раймалы агам аманбы?

**РАЙМАЛЫ**:
Кайыптан пайда болдуңбу,
Карлыгач мүчө чырагым?
Кадырлап учурашканга,
Канагат кылып турамын.
Табыңа келген экенсиң,
Талпынып учаар убагын.
Таасындап айткан сөзүңө,

Таза эле канды кулагым.
Эсиме салдың эркетай,
Эсил го жаштык убагым.
Укkансып калдым үнүңдөн,
Казактын мөлтүр булагын.
Жылаажын сындуу добушуң,
Жылуулугун билгизген.
Жакшылап уккан адамдын,
Жанына кубат киргизген.
Токтоп калган жүрөктү,
Токтоосуз кайра жүргүзгөн.
Тоо гүлүндөй ачылган,
Тоту кушум сен кимсиң?
Кыдырып жүрүп көп көргөм,
Сулуусун казак - кыргыздын.
Шаанилүү тойго туш келген,
Шамалы белең Нуркыздын.
Же болбосо айлыма,
Адашып түшкөн асмандан,
Жарыгысыңбы жылдыздын?
Өзүңдөй өңдүү-түстүүнү,
Көрбөгөм өзбек элинен.
Көрмөк турсун укпагам,
Жомокчунун кебинен.
Периште болуп келбегин,
Перилердин жеринен?
Апкаарып калдым адашып,
Айта турган кебимен.
Жалтана түштү карылык,
Сенин,
Жалындуу жаштык демиңен.
Кылымда кыздын аты улук,
Кыргызда кыздын чачы улук.
Кызыгын билбейт дүйнөнүн,
Кыз сыйлабас макулук.
Кыргыек мүчө акын кыз,
Биз сага,
Кылалык урмат баш уруп.

Кызарып бышкан экенсиң,
Кызгалдак гүлдөй ачылып.
Карыганча сапарым,
Каякта жүрдүң жашынып?
"Божурай бербей агабыз,
Бошотсо", – деп сулууну,
Босогону жөөлөшүп,
Тигинде,
Боз балдар турат шашылыш...

**БЕГИМАЙ**:
Арыма тийип алды бейм,
Азыркы айткан кебиңиз.
Боз балдар эмес алдагы,
Болжошкон биздин теңибиз.
Карылыкка шылтоолоп,
Кайттыбы менден демиңиз?
Оюнуз болсо орундуу,
Агатай,
Ортого сала бериңиз.

**РАЙМАЛЫ**:
Бурала басып турганың,
Белестин кызыл гүлүндөй,
Абазың не бир ажайып,
Бураган арген үнүндөй
Каерден өнүп - өскөнсүң,
Карагым мурда билинбей.
Эми,
Сен кимсиң атың сурайын.
Ата-тегиңден угайын.
Атагың ким, айлың ким?
Агалар айтчу дайның ким?
Сөз учугун узартчу,
Сөөк-тамыр, кайның ким?
Угайын айтчы жөнүң ким?
Уз бүткөн сырдаш теңиң ким?
Таасындап айткын садага,

Сени,
Талпынткан эли-жериң ким?

**БЕГИМАЙ**:
Сурадың ага элимди
Кайнымды ата-тегимди.
Кызыктың абдан билүүгө,
Кыялкеч, курбу, теңимди,
Же,
Кыз бүткөндүн бакиси,
Уругун билбейт дедиңби?
Унутпай эстеп калагөр,
Агатай, аты-жонүмдү.
Кара-Тоо биздин жерибиз,
Калың казак элибиз.
Кайным жок, ага, башым бош,
Кааласаң,
Кайындап бизге келиңиз.
Кадыркеч сиздей мейманга,
Камдалуу дайым төрүбүз.
Каргылуу тоонун бооруна,
Кар болгонмун, агажан.
Качан бойго жетем деп,
Зар болгонмун, агажан.
Кызыл-кызыл тооңду,
Кырдап келдим, агажан,
Кыз башымды зарлатып,
Ырдап келдим, агажан.
Жашыл жака тооңду,
Кырдап келдим, агажан.
Жаш башымды зарлатып,
Ырдап келдим, агажан.
Жыттасам деп аңкыган,
Гүлүңдү эңсеп жүрчүмүн.
Урмат менен уксам деп,
Үнүңдү эңсеп жүрчүмүн.
Булбулдай добуш чыгарган,
Булагың эңсеп жүрчүмүн.

Бабаң Манас жайлаган,
Турагың эңсеп жүрчүмүн,
Орто малдан жылкы көп,
Оолукмадан тыңчы көп.
Жашыгынан курчу көп,
Жан жыргаткан ырчы көп.
Элинди жакшы көрчүмүн.
Адырынан тегиз көп,
Арыгынан семиз көп.
Жалкысынан эгиз көп,
Жапайы чыккан жемиш көп,
Жериңди жакшы көрчүмүн.
Үмүттүн оту өчпөгөн,
Көзүңдү жакшы көрчүмүн
Үлгүнүн айткан уңгусун,
Сөзүңдү жакшы көрчүмүн.
Атайын келдим сени издеп,
Агатай,
Өзүңдү жакшы көрчүмүн.

# РАЙМАЛЫ МЕНЕН БЕГИМАЙДЫН ОБОНГО САЛЫП АЙТЫШКАНЫ

**РАЙМАЛЫ:**
Каректен нуруң төгүлүп,
Кайрыкер күлкүн сөгүлүп.
Кайгырттың мени кыз бурак,
Картайган кезде көрүнүп...

Удургуп санаам сөгүлүп,
Ууртуңдан күлкүң төгүлүп.
Убайга салдын аганды,
Улгайган кезде көрүнүп.

**БЕГИМАЙ:**
Учкан куш болуп келемин,
Ууртумдан арзуу төгөмүн.
Убайга түшпө, агажан,
Ууз сүйүүм сага беремин.

**РАЙМАЛЫ:**
Мекендеп чыкчу кайберен,
Мелжиген бийик жай белең
Мезгилим өтүп кетти да,
Мен жигит кезде кайда элең?

Болумуң толгон ай белең,
Болжолсуз бийик жай белең,
Бойтумар сындуу периштем,
Боз улан кезде кайда элең?

**БЕГИМАЙ:**
Өңүмдүн түгү кете элек,
Өрүмгө чачым жете элек.
Кырчындай жигит маалыңда,
Кыз элем мен да секелек.

**РАЙМАЛЫ:**
Санааман чыкпай кыялың,
Сарсаамал жыттуу чырагым.
Сабырым бошоп өзүңдү,
Сагынсам эмне кыламын.

**БЕГИМАЙ:**
Береке толгон жер мына,
Пейли кең казак эл мына.
Бел байлайм десең арзууга,
Бегимай жарың мен мына.

# МЕН СЕНДИКМИН АГАЖАН

***(Бегимайдын акыркы ыры)***

Казактын элдик обону менен аткаруучу Калемкаш Орошова. Сөзүн казакчага которгон: Илья Жаканов

Тан кылайып чыгыштан аткан кезде,
Талаа түзгө күн нурун чачкан кезде.
Мезгил торун тынымсыз токуп жүргөн,
Мээнеткеч күн уяга баткан кезде,
Мен сендикмин, агажан.

Бүлдүркөндөр мөлтүрөп бышкан кезде,
Бүркүт шаңшып асманга чыккан кезде.
Санааларды сапырып уйгу-туйгу,
Сагынычтар туш-тушка учкан кезде
Мен сендикмин, агажан.

Күмүш сырга дарактар таккан кезде,
Күз өмүргө көшөгө жапкан кезде.
Талга окшотуп мезгилге баш ийдирип,
Тагдырларды аппак кар баскан кезде,
Мен сендикмин, агажан.

Бул ырга акындар Алмаш Чойбекова, Эрнис Турсуновдордун айрым ыр саптары өзүлөрүнүн макулдугуна жараша фильмде эркин пайдаланылды.

# БЕЙИШИ БОЛГУР ЖЕҢИЖОК

*(Акындын 130 жылдык маарекесине)*
*Аткаруучу: Дооронбек Садырбаев*

Эсил кайран Жеңижок,
Эч кимден жүдөө кеби жок.
Акындын алпы болсоң да,
Айтыша турган теңи жок.
Аккуудай болуп өтүпсүң,
Айланып учаар колу жок.
Ааламың деле тар экен,
Аксыдан бөлөк жери жок.
Арманда кеткен белемсиң,
Абаке,
Арка-бел кылар эли жок.

Бейиши болгур Жеңижок
Бейчеки, бечел кеби жок
Беделиң ачылалбаптыр,
Беттеше турган теңи жок.
Өоруса керек көңүлүң,
От ала турган жери жок
Өкүм ырчы болсоң да,
Өнөрлүү жандан кеми жок
Өрттөнгөн окшойт өзөгүң,
Абаке,
Өбөктөй турган эли жок.
Арадан кылым өтсө да,
Алмашып муун кетсе да.
Улугун өзү тандаган,
Укукка кыргыз жетсе да.
Сен көргөн азап-тозокту,
Көрүп келем, абаке,
Тескейде калган ырынды,

Терип келем, абаке.
Күңгөйдө калган күйүтүң,
Болуп келем, абаке.
Жазмышына тагдырдын,
Мен дагы,
Көнүп келем, абаке.
"Ак Куржунга" ар кыл ыр,
Жыйнап келем, абаке.
"Агын Сууну" аздектеп,
Сыйлап келем, абаке.
"Жалгыз тал" көрсөм жаш тогүп,
Ыйлап келем, абаке.
Жанымды сабап сага окшоп,
Кыйнап келем, абаке.
Өөдө-төмөн жолуңду,
Басып келем, абаке.
Өнор кенин өзүңдөн,
Казып келем, абаке.
Өксүтпөй гезит-журналга,
Мен бүгүн,
Жазып келем, абаке...

Өмүрдөгү өйдө-ылдый,
Жолубуз окшош болгон соң.
Кыл чылбырга кыйылган,
Колубуз окшош болгон соң.
Кылымдар бою чырмалган,
Торубуз окшош болгон соң.
Кыйла жыл кийген жадыртпай
Тонубуз окшош болгон соң
Кыртышы сүйбөс кыргызды,
Чоңубуз окшош болгон соң
Сакалчан орус сүрөттүү,
Сомубуз окшош болгон соң.
Кейитпей кыял-көөнүмдү,
Кештелеп өнөр, зээнимди.
Ырыма жаздым "аба" деп,
Ыраматылык жээнимди.

Укса эгер "жээн" дегеним,
А деле,
Аямак эмес мээримди.
"Тагама тарт! – деп, – учаны"
Аш-тойдо,
Агартат болчу сөөгүмдү.
Жакшыга,
Жеңижок болсо алп акын,
Аксыга,
Жээндин болот карысы.
"Таланты бизден", – деп жүрөт,
Таластыктардын баарысы
"Тагасы болом", – деп койсом,
Жанбасын,
Жаңы-Жолдуктун намысы.
Жеңижок,
Жер-сууга бирдей тең акын,
Жек-жаатыкка кең акын.
Кыргоолду кырк күн ырдаган,
Кыян-көчкү сел акын.
Кыргыздан алдуу, намыстуу,
Кыйла элге татыр көл акын.
Арзуу жагына келгенде,
Ал маркум,
Айдарым жумшак жел акын
Алты күн айтса түгөнбөс,
"Дүнүйө", "Аткан таңычы"...
Атайлап жаккан жер-жерге,
Акындык үмүт шамычы...
"Ак куржунда" кетиптир,
Алтын сөзүнүн баарысы.
Жакындаша албай жакшыга,
Жабыркап турган намысы.
Жамакчы кыргыз мен болом,
Жазма жагында чабыты.
Жеңил иш экен кыргыздын,
Жек-жаат таап алышты.
Жээндиги болбосо,

Ашыглык, ышкы жагычы...
Көгүчкөндөй таптаган,
Көксулуу деген жарычы...
Көтөргөн жеңил-оорун,
Кеп эстүү жан экен анысы.
Азап болмок таганын,
Азыр,
Андайдан куру калышы,
Көгү жетпей сулуунун,
Калыптыр мага сарысы...

*1992-жыл*

# "ГҮЛТУРМУШ"

***Аткаруучулар: Ашыралы Айталиев, Орозбек Кутманалиев***

Мына биздин гүлтурмуш,
Гүлтурмуш, гүлтурмуш,
Гүлтурмушта каткырып,
Күлө турган кез ушул.
Күмүш теңге кадырың,
Биле турган кез ушул.
Кара жанды капшытка,
Иле турган кез ушул.
Карсылдашып челишип,
Жүрө турган кез ушул.
Кабалтеңдер билегин,
Түрө турган кез ушул.
Бийликтүүлөр дооронду
Сүрө турган кез ушул
Алардын,
Күнгө карап күчүгү,
Үрө турган кез ушул.
Кабат-кабат там салып,
Кире турган кез ушул.
Кайран элдин мойнуна
Мине турган кез ушул.

Мына биздин гүлтурмуш,
Гүлтурмуш, гүлтурмуш,
Гүлтурмушта күүлөнүп,
Ала турган кез ушул.
Алты кызга ак жоолук,
Сала турган кез ушул.
Аттуу-жөөлүү базарга,
Бара турган кез ушул.

Ар-намысты садага,
Чаба турган кез ушул.
Айран сатып дүнүйө,
Таба турган кез ушул.
Акчалуунун казыгын,
Кире турган кез ушул.
Арамзанын суусу өйдө,
Ага турган кез ушул.
Чапансыздын шыйрагын.
Чага турган кез ушул.
Маңкурт мөөрүн маңдайга,
Тага турган кез ушул.
Мына биздин гүлтурмуш,
Гүлтурмуш, гултурмуш,
Гүлтурмуштун токочун,
Жаба турган кез ушул.
Төрт ай иштеп бир кап ун,
Таба турган кез ушул.
Алты койго беш самын,
Ала турган кез ушул,
Апта сайын Кытайга,
Бара турган кез ушул.
Ата-энени базарга,
Сала турган кез ушул.
Эт жегизбей балдарды,
Бага турган кез ушул.
Коломтосун коноктун,
Жага турган кез ушул.
Келгиндердин кетменин,
Чаба турган кез ушул.
Ата Журтта арабөк,
Кала турган кез ушул.

Мына биздин гултурмуш,
Гултурмуш, гултурмуш,
Гүлтурмуштун зыйнатын,
Кере турган кез ушул.
Күн тийбеген тагдырга.

Көнө турган кез ушул,
Бечаранын сазайын
Бере турган кез ушул.
Күрмөк нандын күкүмүн,
Тере турган кез ушул.
Таштандыдан тамеки,
Чеге турган кез ушул.
Кары-картаң каадасын,
Тере турган кез ушул.
Кашык чайга канты жок,
Чеге турган кез ушул.
Азды алтымыш урууга,
Бөлө турган кез ушул.
Арак кесип кендирди,
Өлө турган кез ушул.
Мына биздин гултурмуш
Гултурмуш, гултурмуш,
Гүлтурмушта күү толгоп,
Ырдай турган кез ушул.
Күрпөң Ажо доорунда.
Жыргай турган кез ушул.
Күч коротуп көп эмгек,
Кылбай турган кез ушул.
Барымтага балдарды,
Чырмай турган кез ушул.
Өздөн көрө өзгөнү,
Сыйлай турган кез ушул,
Өлүп-талып кычыткы,
Жыйнай турган кез ушул.
Өзөктөштүн өрүшүн,
Булгай турган кез ушул.
Жатындашка жакшылык,
Кылбай турган кез ушул.
– "Кайран элди карып", – деп,
Ыйлай турган кез ушул.

# ТҮШҮМӨ ДАГЫ КИРБЕПТИР...

***Жоктоо, Аткаруучу: Замирбек Үсонбаев***

*Жакында ааламдан өткөн Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Социалисттик Эмгектин Баатыры, ар салаасынан өмүр тамган керемет колдуу хирург агам Шамшидин Суйеркуловдун арбагына арнаймын.*

Оо...
Эсил кайран Шамшы аке,
Эми кайдан табамын!
Өрттөп кетти өзөктү,
Өткөнү сендей агамын,
Келе албадым жаш төгүп,
Кеч угуп калып кабарың.
Бөөдө эле кете берипсиң,
Бөксөртүп капшыт тарабым,
"Өзү сактап жүрөт", – деп,
Өмүрүн чалдын, баланын.
Түшүмө дагы кирбептир,
Шамшы аке,
Түгөнүп бир күн калаарың...
Мүнөзү токтоо Шамшы элең,
Мүрөктөн бүткөн тамчы элең.
Жуучусу болуп өмүрдүн,
Журт үчүн күйүп-жанчу элең.
Илимдин ишин аткарып,
Илдетке тийген камчы элең...
Жамбашты жылган ордунан,
Жайына баптап салчу элең.
Өпкө-боор дартынын
Өзөгүн сууруп алчу элең.
Өмүрүн жакшы - жамандын,
Шамшы аке,

Өлүмдөн сактап калчу элең.

"Алкашка" берген жылдарды,
Агама кудай бербептир.
"Көбөйтүп иет элди", – деп,
Көп жашты ыраа көрбөптүр.
Өмүргө өмүр улаган,
Анын,
Өнөрүн кылдат тергептир.
"Ажалга бербей кыйланы,
Аралжы болгон сен", – дептир.
"Жакшы адам керек мага да,
Жаныма жакын кел", – дептир.
"Далайдан бери табым жок,
Шамшидин,
Дарылап мени көр", – дептир.

Кантели,
Кудайдын шундай колу узун,
Агатай,
Кут болсун барган конушуң,
Аерде деле ыктымал,
Улукман аким болушуң,
О дүйнөдө жүрсөң да.
Ооматтуулардын зорусуң.
Бошошпой жетип ала көр.
Жан аке,
Болсо да бейиш, жолу узун.
Тирүүлөр тилеп жүрөлү,
Агама,
Топурак торко болушун...

Эми,
Тогуз жыл аза күтсөк да,
Толбойт го орду аганын.
Тосо албай жолун ажалдын,
Шамши аке,
Томсоруп калды заманың.

Агайын-тууган күтөбүз,
Андан да кадыр табарың,
Көз кырыңды сала жүр.
Көп сурап,
Көрдөгүлөрдүн абалын.
"Биримдик апат болду", – деп,
Билгизгин,
Биз жактын жаңы кабарын.
Учурап калсаң атама,
Айтып кой,
Уулунун дубай саламын.

*6-июнь, 1992-жыл,*
*Бишкек шаары*

# ҮКАЛАРГА

***Аткаруучу: Дооронбек Садырбаев***
***Аткаруучу: Орозбек Кутманалиев***

Кодулашпай бир жеңден,
Кол чыгарган маалыңда.
Айбатың менен аскага,
Жол чыгарган маалыңда.
Ак пахтаңан кездеме,
Мол чыгарган маалыңда.
Атак-даңкын кыргыздын,
Үкалар,
Зор чыгарган маалыңда.

Баарылап жалгыз жакадан,
Баш чыгарган маалыңда.
Күйгүзсөң күндү жылыткан,
Таш чыгарган маалыңда.
Тойгузган тойдун аркылын,
Аш чыгарган маалыңда,
Жалпак тил менен чилдеден,
Үкалар,
Жаз чыгарган маалыңда.

Басташкан башын көтөрүп,
Батына албай турчу эле.
Касташканың камчы үйрүп,
Катыла албай турчу эле.
Арамзалыктын капкагы,
Ачыла албай турчу эле.
Чаар элдин чатагы,
Анда,
Чачыла албай турчу эле.

Максатың бийик маарага,
Чыгуу болуп турчу эле.
Кыш чилдеде боз үйүң,
Жылуу болуп турчу эле.
Кыздарыңдын кырк чачы,
Сулуу болуп турчу эле.
Уулдарыңдын урматы,
Ал кезде,
Улуу болуп турчу эле.

Аткаминер болом деп,
Агайын-тууган кагыштың.
Депутаттыкты талашып,
Дердеңдешип алыштың.
Кежеңдешип кез-кезде,
Кетмен менен чабыштың.
Ырысыңды бөксортүп,
Үкалар,
Ынтымактан тайыштың.

Эми,
Баш калаага келгенде,
Баштагыдай баркың жок
"Чамгаракты кара!" – деп,
Чамына турган чаркың жок.
Шапар тээп шаттанып,
Шарактай турган шартың жок,
Кымыз сунуп кылгырган,
Баягы,
Кылыктуу келин алтын жок.

"Кош келиңиз",– деп турган,
Конок үйдө орун жок.
"Алгалап" кете бергидей,
Айкын багыт жолуң жок.
Кабыргасы сына элек,
Капчыгын толо сомуң жок.
Башыңды ташка урсаң да

Үкалар,
Баштагыдай сонун жок.

Улгайып калган чагымда,
Убайга салдың карыңды.
Ушул күнгө туш болдуң,
Укпастан айткандарымды.
Уюшуп мансап талашып,
Убара кылба жаныңды.
Эгин айдап, мал багып,
Эми,
Базардан изде багыңды.

# АЖОНУН БОЛСОМ АЙЫМЫ

***Аткаруучулар: Ашыралы Айталиев,***
***Турсун Уралиев, Орозбек Кутманалиев***

Эгер мен,
Ажонун болсом айымы,
Заксиде турган зайыбы...
Тамагын таптап оболу,
Таткызып каймак майымы.
Балтадай кылып бакмакмын,
Баш кошкон түгөй байымы.
Анан,
Билгизет элем баарыга,
Билермандуулук жайымы,
Көгөрүп турмак суу ичпей,
Анын,
Күн тийбестеги жайыгы,
Күнүмдүк ичип-жегендин,
Күм-жамдалып дайыны,
Акчадан кайрылышкандын,
Ачылмак эмес айыбы.
Толкундан чыкмак токтобой,
Андайдын,
Калаксыз калган кайыгы.
Көрөңгөсү кургамак,
Көрө албас ушак-айыңы.
"Карабайт экен түзүк", – деп
Калп айтпайт эле кайыны.
"Уулубуз биздин", – дегенден,
Ажонун
Уялбайт болчу айылы.

Колукту болсом Кожого,
Кошсо эгер кудай ошого,

"Боорубуз туташ", – дегенден
Бошобой турмак босого.
Сыйлашып алат болчубуз.
Сыйынып ата-жотого.
Баркына жетип тууганды н,
Башканы чегип сокого,
Кыйлага илдет жугузуп,
Кызматынан бошомо,
Тийгизет элем аркамды
Тил алчаак бала-ботого.
Келбети калмак Кожонун
Кагазда, ташта, чоподо.
Кыдыртат элем ааламды,
Кызыма тагып отого.
Кыргызды тамшандырмакмын,
Кызартып бетин жошого.
Байкуштун багын ачмакмын.
Байлатып колун козого.
Томаяк көөнүн тапмакмын
Тойгузуп кардын бозого.

Эгер мен,
Паашанын болсом аялы,
Оңдурат элем кыргызды,
Орустан чактап аганы,
Таланттуу жээн чыгат дейт,
Татардан тапсаң таганы,
Карындаш-урук кемтигин,
Казактан бүтөп алалы.
"Агайын-тууган" дешкенге
Азыр,
Тажиктин татаал абалы.
Каадалуу тамыр боло албайт,
Карачайларың жанагы.
Чемирен калсын кесирлүү
Чечендериндин сабагы,
Белдүү тууган болгудай,
Беги эмес, түрктүн жаманы.

Эпкини колду узартат,
Еврейдин тийсе шамалы.
Бүлүнтпөсүн кыйырды,
Бүркөлүп кытай кабагы.
Өксүбөсүн эч качан,
Өзүбектердин талабы.
"Намысы жерге кирсин", – деп,
Нарындык кыргыз баланы,
Санаалаш катын-калачтын,
Садагасына чабалы.
Саясат жүрмөк ушундай,
Эгер мен,
Паашанын болсом аялы...

# КЫЧЫШЫП КЕТСЕ НЕ БОЛОТ?

***Аткаруучулар: Ашыралы Айталиев, Орозбек Кутманалиев***

Кадыр-барктуу болгуча,
Кагаз-тыйын сомубуз.
Каарына калып казактын,
Кайнады кыргыз шорубуз.
Кыйырдан сыртка чыга албай,
Кыскарып узун жолубуз.
Кысынып турат базарда,
Кымызга сунган колубуз.
Аңдады бекен абалды,
Алиги,
Акайүп деген чоңубуз?..

Өрүшүн жайып алгыча,
Өспүрүм акча сомубуз.
Өзөктү кантип агартат
Өңүрү жыртык тонубуз?
Өзбектер тосуп алганы,
Өзүбүз салган жолубуз.
Барыш-келиш өксүдү,
Байланып буту-колубуз.
Туйду бекен турмушту,
Жанагы,
Турсунбек деген чоңубуз?..

Жагоо тагып кеткиче,
Жашыл акча сомубуз.
Жакасы калды шалпайып,
Жамачылуу тонубуз.
Басмырлап бажыканачы,
Байласа буту-колубуз.

Барабыз кимге даттанып,
Башка жок болсо жолубуз?
Байкабай муну жүрөбү,
Же биздин,
Медеткан деген чоңубуз?

Өзөктөштөр өгөйлөп,
Өчүрсө жалын, чогубуз.
Кыйырлаш кыдык көргөзүп,
Кыскартып турса жолубуз.
Казанга салып от жагып,
Кайната берсе шорубуз.
Калкынын бары - жогуна,
Кайдыгер болсо чоңубуз.
Кычышып кетсе не болот,
Бир күнү,
Тилибиз эмес колубуз?..

*1993-жыл*

# Г. АЖИБЕКОВАГА

***(Жумуриятын эл артисткасы)***
***Аткаруучу: Ашыралы Айталиев***

Элүүгө чыкпай Гүлсара,
Эл артисти болуптур.
Эфир менен саханада,
Эпкиндүү атка конуптур.
Этексиз келин-кыздары,
Экрандарга толуптур,
Эркектерден анча артык,
Гүлсара,
Эмгек жасап коюптур.

Күйөөң экен жакшы адам,
Сени,
Күкүктөй кылып таптаган.
Ачыптыр ар кыл гүлүңдү,
Артыкча көрүп башкадан.
Жугумдуу жигит өңдөнөт,
Жубайлык иштен качпаган.
Өзүңдү кыйнап отурбай,
Өзү эле төрөп таштаган.

Эми,
"Сен, мен" дешип талашпай,
Сексеңдешип карашпай,
Урматташып жүргүлө.
Урушуп кайта жарашпай.
Умсунбасын ынактык,
Унут калган сабактай.
Кечтердин багын ачкыла,
Керемет төгүп, таң атпай.

*1993-жыл*

# ТАЗАГҮЛ ЗАКИРОВАГА

***(Акын) Аткаруучу: Ашыралы Айталиев***

Жомогум сага жакпаса,
Жолуңа шоола чачпаса.
Жоодурап неге карайсың,
Жоруктуу зайып, Таптаза?

Жазганым сага жакпаса,
Жаштыктын гүлүн ачпаса.
Жалооруп неге карайсың,
Жароокер зайып, Таптаза?

Ымалам сага жакпаса,
Ышкыңан түнөк таппаса.
Ымдайсың неге көзүңдү,
Ыр жандуу зайып, Таптаза?

Кылыгым сага жакпаса,
Кыярып таңдар атпаса.
Кылгырып неге карайсың,
Кыялкеч зайып, Таптаза?

Айтканым сага жакпаса,
Агытсаң агыт, такмаза.
Бирок,
Арманда кетип жүрбөйлү,
Ааламдан өтүп таптаза...

# А. АКАЕВГЕ

***(Кыргызстандын Президенти) Аткаруучу:***
***Орозбек Кутманалиев***

Маскөөдө сүйлөп такшалган. Максаттуу жигит Аскаржан. Мансапка жетип алдыңыз, Маңыроо элди башкарган. Манчыркап кетип жүрбөңүз, Мактоо сөз угуп карттардан. Майышар мезгил алдыда, Аскаржан,

Акча издеп алыс жактардан.

Илимди казып такшалган
Лепилдеп тез-тез баскандан.
Жараткан куру койбоптур,
Сизди,
Жал-куйруктуу каштардан.
Эми,
Качпасаңыз болгону,
Аскаржан,
Карды ачка элди баккандан.

ООНго барып такшалган.
Ооматтуу жигит Аскаржан,
Ойлонуп элдин тагдырын,
"О" тамга менен башталган.
Оодуруп ийип кыргызды,
"От алып кел", – деп Кашкардан.
Кол жууп калып жүрбөңүз,
Аскаржан,
Кой бага турган жаштардан.

"...Жанатан берки айтылып жаткан сөздөрдү угуп олтуруп, аял болуп жаралып калбаганыма аябай өкүнүп, жаным кейип кетти...".

(1996-жылдын 7-мартында Бишкек шаарындагы аялдардын эл аралык майрамына карата өткөрүлгөн салтанаттуу жыйында Кыргызстандын эл акыны Омор Султановдун сүйлөгөн сөзүнөн...)

# КЫЯЛДА БИРГЕ ЖҮРӨЛҮК

***Обону: Жанышбек Кочкоровдуку.***
***Аткаруучу: Шахра Талипова***

Суу бойлоп ойноп кеткенде,
Суулуктап койгон ат калып.
Кылымга бергис ошол күн,
Кыялда жүрсүн сакталып.

Алышып ойноп кеткенде,
Астыга койгон аш калып.
Айтылып өткөн кеткендер,
Ортодо ойлор такталып.

Жоодурап көздөр тиктешмей,
Каректе жүрсүн сакталып.
Туюктун чөбү тапталып,
Жүрөктөр лак-лак бат кагып.
Өчпөсүн жаккан отубуз,
Өмүрдө сүйүү баркталып.
Түгөйлөш соккон жүрөктөр,
Түбөлүк жүрсүн сакталып.

Эсирген убак жаш калып,
Калыбет турмуш башталып.
Бешенең балкып жарылып,
Бакыттын нуру баш багып.
Өчпөстөн сүйүү элеси,
Өмүрдө калсын сакталып.

# ШАГЫМ СЫНДЫ

***Обону: Түгөлбай Казаковдуку.***
***Домбра менен Түгөлбай Казаковдун аткаруусунда***

Чыгыштан чыгаандыгы ашып-ташкан,
Чыйырсыз татаал өмүр жолун баскан.
Эл көрдүм бизден бизден эптүү, бизден эстүү,
Илимде ийне менен кудук казган.

Батыштан бизден арбын, бизден балбан,
Бабасы сазга таштан тамдар салган.
Эл көрдүм ырысы мол ынтымактуу,
Эрки бек, эч бир жоодон жалтанбаган.

Кылымды кылымдарга жалгаштырып,
Кыйырын кирдетпеген чаң бастырып,
Кыйын эл жашайт экен түштүк жакта,
Кыр-кырда кылыч-найза алмаштырып.

Кыдырып кыйла сапар чыгып келдим,
Кыйла журт кыраандыгын угуп келдим.
Кыргыздан кор эл таппай жер бетинен,
Кыйналып кыйын шагым сынып келдим.

Көп жерден көз жашымды төгүп келдим,
Көңүлүм караңгылап чөгүп келдим.
Менден кор эркек таппай эч бир элден,
Мезгилсиз денем сууп өлүп келдим.

*1992-жыл*

# КАЙДА ЭЛЕҢ?

***Обону: Сагынбек Момбеков.***
***Аткаруучу: Сагынбек Момбеков***

80-жылдардын секетпайы. Обону: Аваскан Чикеевдики. Симфониялык оркестридин коштоосунда аткаруучу: Авазкан Чикеев. Оркетсрге салып, дирижерлук кылган Асанкан Жумакматов.

Кытмырлык кыйырга таркалып.
Каргаша капшытка чаң салып.
Кан жутуп кары-жаш карайлап,
Калкындын тагдыры калчанып,
Турганда кайда элең, кайда элең,
Туу жыгар журтумдун урпагы?

Балдардын баштары жарылып.
Чалдардын сапары камыгып.
Зар какшап зайыптар, энелер,
Жоолуктун каркасын салынып,
Калганда кайда элең, кайда элең...
Калкымдын айгашка тулпары?

Кыздардын намысы тепселип,
Кыйланын өзөгү өрттөнүп.
Кыркылып кырчындай өмүрлөр,
Кыргыздын бөйрөгү бөксөрүп,
Эңсеси кеткенде кайда элең...
Элимдин эстүүсү, шумкары?

Жаңырып эскирген жарабыз.
Жабыркап элчилик чамабыз.
Наамарттын намысын окуган
Нааданга булганып арабыз.

Кадыр түн күткөндөй биз сени
Күттүк го, күйөрман агабыз.

Ынтымак ылаңга чалынып.
Ызага турсак да малынып.
Акыры түгөлдөп алат деп,
Атыңа жүрөбүз жалынып.
Ай нурун төшөнүп асманда.
Жатсаң да атак-даңк жамынып.
Кайрылып келээрсиң бир күнү,
каарылуу кыргызды сагынып...

*1991-жыл*

# ЖАЛГЫЗДЫН ЖАРЫ КУДАЙ

***Обону: Анарбек Сардарбековдуку.***
***Аткаруучу: Анарбек Сардарбеков***

"Тандалмалуу ырлар" түрмөгү Элмирбек Иманалиевдин аткаруусунда

Мүшөктөп үй башына ун бөлө албайм,
Пачкелеп чай таркатып пул бере албайм.
– "Малынтып май талканга коемун!" – деп,
Мактанып мансап күтүп күн көрө албайм.

Тууганга туура сүйлөп, чынымды айтып,
Көй-көйлүү көңүлдөгү сырымды айтып.
Журт менен жуурулушуп кетсем болду,
Укканга узун сабак ырымды айтып.

Тамым жок кабат-кабат көк тиреген,
Малым жок маарекеге жетти деген.
Жол салып, мектеп куруп бере турган,
Алым жок ашып-ташып кетти деген.

Чет элдик машине жок мингениме,
Өгүз жок өөдө-төмөн жүргөнүмө.
Ат таппай анда-санда айлыңарга,
Эшекчен келип калсам күлбөгүлө.

Мал – пулдун мааниси жок болгон менен,
Майышпас кайратка ээлик кылып келем.
Кыйланын кылыч мизин майтарсам да,
Кыргызга кыңк этпестен сынып берем.

Кайгырбайм капчыгымдын боштугуна,
Өкүнбөйм өлүү дүйнөм жоктугуна.

Калкымдын катарында жүрсөм болду,
Кайылмын кардымдын ач-токтугуна.

Жууруп көр журтчулуктун камырына,
Батынсаң балта чапкын тамырыма.
А бирок, күйүп кетсең таарынмай жок,
Жалтанбас жүрөгүмдүн жалынына.

Баш ийсем баба мыйзам ченемине,
– "Балабыз байкуш экен", – дебегиле.
"Жалгыздын жары кудай" экендиги,
Чын болсо, жарайм дагы керегиңе.

*Декабрь, 1994-жыл*

# ЧОЛОКТУК

***(Өмүрбек Текебаев менен Адахан Мадумаровго арноо)***
***Аткаруучу: Элмирбек Иманалиев***

Досума жаба турган тонум чолок.
Касыма каруу шилтээр колум чолок.
Башканы "жүр" дей албай жалтанганым.
Өзүмдүн бара жаткан жолум чолок.

Өлчөлүү өнөргерлик күнүм чолок.
Табым жок, тагдыр сыркоо, билим чолок.
Көңүлдүн көксөгөнүн айта албастан,
Көмүскө сүйлөп калган тилим чолок.

Ой чолок, бой да ошондой, көңүл чолок,
Жаш тилек, картаң үмүт, өмүр чолок.
Кантейин шыбагамды бул турмуштан,
Жаратып койгон болсо теңир чолок.

Менин го тагдырымдын чолоктошу,
Ашмалтай ар-намысым шолоктошу,
Журтум деп жанын сайган жаш балдарга,
Жараткан, чолоктугуң жолотпочу...

*1990-жыл*

# ЖООДО ЖОК ЭЛГЕ

***Аткаруучу: Элмирбек Иманалиев***

Чогулсак өңчөй кыргыз өтө шокпуз,
Көкүрөк көктү тиреп өтө токпуз.
Көптүрүп оозубузду сүйлөй келсек,
Көп элди байкелеткен көкжал топпуз.
Көөдөнү түктүүлөргө туш келгенде,
Көбүбүз – "Үйдө баатыр, жоодо жокпуз"...

Жүргөн көп ар-намысын тебелетип,
Жүнбаштын катынына жемелетип.
"Каңк" этип каяша айтаар уулдар аз,
Калаасын алгандарга эгелешип.
Жактырат андан көрө жашаганды,
Жатындаш эки-экиден тебелешип.

Канчага азуулууга жем болосуң?
Качан сен айбаттууга тең болосуң?
Кайраты касташканын жалтандырган,
Каадалуу качан кыргыз эл болосуң?
Калкым деп кан жөткүргөн балдарыңа,
Кашайгыр качан арка-бел болосуң?

*1991-жыл*

# ЧАРЧООНУН 1993-ЫРЫ

***(Өзүмдүн туулган күнүмө автокуттуктоо)***
***Аткаруучу: Элмирбек Иманалиев***

Чарчадым, тирүүлүктөн көңүл калды,
Каржалдым, карч урам деп кайран жанды.
Мезгилдин таштандысы тагдырымды,
Мен эми аркалабас айлам барбы?

Чарчатты чалагайым замандашым,
Касапчы, кара ниет каламдашым.
Кыялдын кылын үздү кысталышта,
Кыйла жыл күү толгошкон абандашым.

Чарчатты аруу сезим төгүшкөнүм,
Махабат магдыроосун бөлүшкөнүм.
Бозо ичсе, босогону адаштырып,
Бозортту алты бакан тебишкеним.

Чарчатты тууган-урук жакындарым,
Агайын, курбу-курдаш асылдарым.
Жашоону болду кылгым келип калды,
Боолгоп алдыда эмне жазылганын.

А балким өзүмдү-өзүм чаалыктырып,
Арабөк жүргөндүрмүн наалыш кылып.
Жаңылып алган окшойм жашаймын деп,
Ак менен капкараны кагыштырып.

Эч кимге дооматым жок болгонуман,
Баш тартып, баштагы көп ойлоруман.
Бардыгын басташканга бермей болдум,
Мезгилим мени өгөйлөп койгонунан.

*13-февраль, 1993-жыл, Бишкек шаары*

# ЭСКЕРМЕЛЕР

**Кыргыз Республикасынын баатыры, Кыргыз ССРинин эл артисти, Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмер, 3-даражадагы "Манас" орденинин ээси, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 3 жолку чакырылышынын депутаты, жергиликтүү, эл аралык жана бүткүл союздук абройлуу сыйлыктарга татыган 80ге жакын даректүү, 16 көркөм тасманын, 8 көрком чыгармалар жыйнагынын жана 700дөн ашык публицистикалык макалалардын автору, саясатчы жана маданият ишмери, замандын мекенчил уулу Дооронбек САДЫРБАЕВ козү тирүү болсо, 2014-жылы 75 жаш торколуу тоюн белгилемек...**

**Улуу инсандын замандаштарынын эскерүүлөрү...**

**Сонунбүбү Көлбаева, жубайы.**

### 47 жылдык бактылуу өмүр...

*Доорошум "кеткенине" бир жыл беш күн болду. Дооронбектин жакшы көргөн иниси, баламдын өкүл атасы, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору Кадыралы Конкобаев Доорош "кеткен" күндөн эле "Жеңе, эстегендериңизди жаза бериңиз", – деп кеңеш берген эле... 1-июнь, 2009-жыл.*

Доорош экөөбүз 47 жыл бирге бактылуу өмүр сүрдүк. Асылым дүйнө салганда, мага тийип турган күн батып, жер жарылып, туңгуюкка түшкөнүмдү бир айтайынбы, эки айтайынбы?... Андан бери өткөн беш жылдан ашуун убакыт

ичинде үч жолу ооруканага жатып, дээрлик бир жыл бою психотерапевтте дарыландым. Дарыгерим ошондо айтты эле:

– Аялдардын беш түрү бар. Биринчилер күйөөсү өтсө сүйүнүшөт. Анткени, ичкич, чыр чыгарып токмоктосо, такыр пайдасы болбосо, сүйүнбөгөндө эмне кылат. Экинчилер кичине кайгырат, бирок, жашоосун андай ары жеңил улап кетишет. Үчүнчүлөр – абдан кайраттуу. Алар кайгырып ыйлап жатып калышпайт. Бирок, мындайлар такыр аза күтпөйт дегенге болбойт. Кайратынын күчтүүлүгүнөн өзүн кармана алышат. Төртүнчүлөр ичип кетишет. Дос-тааныштары азасын басабыз деп ичкилик сунушташса, иче беришет. Бешинчи категориядагылар – кара депрессияга түшкөндөр. Бул – сиз. Эгер дарыланбасаңыз, психологиялык ооруга чалдыгасыз, – деген.

Эми эстелигин коюп, жылдык ашын берип, кичине өзүмө келдим, колума калем кармаганга жарадым. Ал кеткенде ээн талаа, эрме чөл, караңгыда жалгыз калгандай болдум. Доорош менен бирге жүргөн, бирге өмүр сүргөн күндөрүм Кудайдын мага берген сыйы, бакыты экен. Көрсө, мага тагдыр эң чоң бакыт тартуулаптыр: кайталангыс адам, жолборс жүрөк баатыр, ак жүрөк таза адам менен өмүр сүрдүм. Өзү кеткенден кийин баркын өзгөчө билдим. Бирге жүргөндө анча этибарга албаптырмын. Дайым эле бирге жүрүп, абдан карыганда бир күндө эле чогуу кетчүдөй сезилген тура. Кош канатымдын бири сынып, асылымды колумдан учурганда гана оозумдан оокатымды алдыргандай эсим ооду го!..

Ошол көзү өткөндөн күндөн бүгүнкүгө чейин ар бир бейшемби күнү аш демдеп, куран окутам. Муну билген жакындар, тааныш-достор үйгө келишет. Атүгүл бир жылы синдимдикине жайлоого барсам, “эми бул жакка келип, мага Куран окутпай каласыңбы?” деп түшүмө киргенинен, баары бир окуттум. Бир жылы кайын сиңдилерим менен Ысык-Көлгө барып, “эми бул жакта кантип окутар экем? Же бир жерге аш заказ берсемби?” деп ыңгайын издеп тынчым кетти. Анан тамак ичкени келсек эле, столго пиццанын жарнак буклетин таштап кетишиптир. “Мына, табылды” деп кубанып, буюртма бере калдым.

Туулган күнүмдө “Куттуктайм. Мен өзүмдү сага белекке берем” десе, таарынып жүрүптүрмүн. Ал белектин бийиктигин эми жоготкондон кийин билип отурам.

Эгер мүмкүн болсо, фараондордун аялдарындай эле бирге көөмп койгонго макул болот элем.

Муну уккан кошунабыз чоң молдо:

– Сиз антип күнөөгө батпаңыз. Өз жанын кыйгандар тирүүлөрдүн да, өлүүлөрдүн да арасына кошула албайт. Ортодо жаныңыз жай албай жүрөсүз, – деди. Бул сөз суу сепкендей көзүмдү ачты. 47 жылдык кайталангыс бактылуу өмүр жолубузда, үйлөнгөндөн 17 жылдан кийин көргөн уулубуз Зарылбек, неберелерибиз Сайфуна, Шерболот, Алиаскар таянар тообузду жоктоп турган чагыбыз...

Уулубуз Зарылбектин тун уулуна Шерболот деп Доорош өзү ысым ыйгарган. Аны Садырбаев Шерболот Дооронбекович деп өзүбүзгө жаздырып алганбыз. Шерболотту жанындай көрөр эле. Эсимде, алты жаш кезинде шоктонуп ачуумду келтиргенинен чаап жиберсем:

– Кыргыздар ушундайсыңар, алыңар жеткенге ушинтип күчүңөрдү чыгарасыңар. Алы келген алы келбегенди басып жыгылат. Азыр бул алтыда, он алтыда болсо, чаба алар белең? Эмне чабасың? Акырын айтып, сөз менен түшүндүрсөң болбойбу? Кырк жыл ичинде мен сени чапкым келбеди дейсиңби? Келген. Мен сени мага алы келбейт, алсыз деп аягам, – деп ачууланып кетти. Өзүм да уялып кеттим, анын үстүнө коркуп кеттим. Бети да кызара түшкөн экен:

– Экинчи чаппайм, кагылайын. Колум сынсын эми чапсам, – дей салдым. Ошондон кийин түк кол көтөргөн жокмун чыны. Анан Доорош өтүп, мен ыйлап жүргөн күндөрдүн биринде дагы бир катуу ачуумду келтиргенинен чаап алыптырмын:

– Атама эмне дедиң эле, я? Чаппайм дебедиң беле? – десе боло.

– Атаңа сөз бергем, балам. Бирок, сен мени мажбурлап жатпайсыңбы, – дейм. Ошентип экөөбүз тең көчөдө көл-шал болуп ыйлаганбыз.

Жакшы көргөнүн ушундан бил, үйдүн ичинде бир күнү топ тээп ойноп жатып, люстраны күүп түшүрсө, Доорош отурат:

– Гооол, – деп кол чаап.

2008-жылдын 7-майында Шерболот 7 жашка толгондо, туулган күнүн Чоң-Арыктагы дачабызда тостук. Ошол жылы кетээрин билгендей, короого палатка тиктирип, абдан шаңдуу өткөрдүк. Көп жолу сүрөткө түштүк.

Ал үй жалаң коноктorго жана неберелерине ылайыкталган. Короодо бассейн, балдар жылгаяк тебе турган «горка», селкинчек, баскетбол ойной турган шакекче, чыгып ойной турган тепкич, айтор, балдар ойной турган нерселердин баары бар. Кетээрине 1-2 жыл калганда эле:

– Байбиче, өлбөстү кудай жаратпайт, сынбасты уста жасабайт. Мен көпкө барбайт окшойм. Өтүп кетсем, Шерболот биздики болуп, ата-энесинен чоочун болуп калды. Ушуну үйлөнтүп келбесең, мен ыраазы эмесмин, – деп айта берчү болгон эле.

Үчүнчү неберебиз Алиаскардын атын:

– Шерболотко жан жолдош Жанболот коёлу, – десем, балам такыр болбой койду. Атасы:

– Мейли, өзү билсин. Алиаскар Токтоналиев деген кыргыздын жакшы уулу бар болчу. Ошону тартса, жаман болбойт, – деди. Алиаскар 16-февраль 2008-жылы төрөлдү. Дооорош 13-февралда төрөлгөн.

– Экөөбүз туулган күнүбүздү 14-февралда чогуу белгилейбиз, – деген тилегине жетпей калды. “Алимошка” деп эркелетээр эле небересин.

– Мени билбей калат го, – дей берчү.

– Эмне эле ушинтип жаман сүйлөй бересиң? Дагы 10 жылда 79га чыгасың. Сопсонун эсинде каласың, – дээр элем мен андайда.

## Каргашалуу кара түн

2008-жылдын 27-майы. Менден улуу бир тууган эжем 25-майда дүйнөдөн кайтып, 27синде жерге коюп келдим. “Мен эшикте көпкө тура албайм, сен өзүң эле барып келчи” десе, тултуйган боюнча кеткем. Үйгө келсем, чарпаяда электр узарткыч (удлинитель) жасап отуруптур. Тамак берип коюп, кичине эс алайын деп жатсам:

– Кампир, мен өлгөнү жатам, – дегенин угуп, жүрөгүм шуу дей түштү. Дароо тура калсам, столдун үстү кызыл жаян. Боёк төгүп алган го деп коём.

– Жөн отурбайсың да, – деп кейип, жанына келсем, кан экен. Жүрөгүм оозума тыгыла түштү. – Мен ушундай ахвалда турсам дагы, "эжеме барбадың" деп таарындың ээ? – деди.

– Таарынган жокмун. Эжемдин жашына жетеличи, – деп, аркасынан кучактай калсам, пижамасы сыгып алма суу. Жан терге түшкөн экен. Дагараны тосо койсом, эки жолу оозунан кан кетти.

– Туалетке барам, – деп кайра, – Ага жете албайт окшойм, баняга кирейин, – деди.

Тура калганда, өң-алеттен кетип, жыгылып кете жаздады. Абдан карылуу киши болчу да. Бөлөк киши болсо жыгылмак. Чариаянын кыргагын кармап, отуруп калды. Көтөрүп тургузмак түгүл, ордунан жылдыра албай койдум.

– Доорошту көтөрүшүп койгула, – деп, кошунаныкына жүгүрүп бардым.

Майраш баласы менен келе калышты. Баняга киргенде, ичинен да кан кетти. Баары болуп 3 литрдей кан жоготтук окшойт. Президенттин иш башкармалыгына караштуу Дарылоо-ден-соолукту чыңдоо комплексинде каттоодо тургандыктан (*Спецполиклиника – ред*), анын «Тез жардам» кызматына телефон чалып, «Машина на выезде, позвоните в городскую» деген жооп алдым. Айлам кетип, уулум Зарылбекке «Тез кел, атаң коркутуп жатат» деп чалдым. Жакын эле жерде жүргөнбү, дароо эле келе калды каралдым. Доорош экөөбүздүн тең кийимдерибиз кан. Балам экөөлөп атабыздын кийимин алмаштырдык. Машинага Майраштын уулу Зарылбек экөөлөп көтөрүп салышты. Майраш арткы отургучуна башына жаздык коёюн десе, «Жеңең отурат» деп көнбөй коюптур. Мен кийимимди алмаштырып келип, башын тиземе коюп отурсам, ыраазычылык сурабадыбы, асылым.

Ошентип, бул күнү оозунан да, ичинен да кан кетип, Чүй облустук ооруканасына профессор Эрнст Хашимович Акрамовго алып жөнөдүк. Зарылбек менен баратканда, акыркы күн бирге экенибизди сезип ыраазылык сурады.

– Кампир, экөөбүз 47 жыл бирге жашадык. Мен сага абдан ыраазымын, сен ыраазысыңбы? – деп сураса:

– Оорусаң эле жаман сөздү сүйлөй берчү болдуң да. Мен эркелеп жашадым, – дедим.

– "Ыраазымын!" деп айт, кулагым менен угайын, – деди.

– Мен сага абдан ыраазымын, коркута бербечи, – десем, Зарылбекке өттү:

– Балам, мамаңы такыр таарынтпа. Мени эч кимге карызым жок. "Аласаңар болсо, менден алгыла!" деп тартынбай айт, – деди.

– Кампир, менин таажыямды өткөргөнү театрларга алып барба, үйдөн эле чыгаргыла. "Байтиктин" боз бөлтөгүнөн эки орунду Кубатбек Байболовдон сурап ал. «Ала-Арча» көрүстөнүнө макул болбо, сага орун бербейт. Айткандарына ишенбе. Азимбек Бекназаровго ахвалды айтып телефон чалып кой, – деп кайта-кайта дайындады.

Ошондо да оюмда жамандык жок. Оюмда Акрамовдун клиникасына жетсек эле жакшы болуп кетет деген ишеним.

Ооруканага жеткенде балам:

– Акрамов бар экен, – десе, абышкам дагы:

– Анда ичээр суу түгөнө элек экен, – деп өзү да үмүттөнүп, бизди да үмүттөндүрдү.

Акрамов дароо реанимацияга жаткырып, кан куюп, дарыларды Зарылбектен алдыртты. Саат кечки тогуз эле. Антип-минткенче түнкү бир болду.

Бакирдин Сарткозиев кудабыз келинчеги Гулнара экөө келип калышты. Учурашкандан кийин эле:

– Бакирдин, Зарылбек жаш, Медер (баласы) менен бирге бала кылып ал, жаш калып жатат, – деди.

Мен болсо:

– Бул чал алжып калды, ооруса эле ушинте берет, – десем кайра:

– Кампир, жаман айтпай жакшы жок, – деп койду. Аңгыча Акрамов келип:

– Сен үйгө бара бер. Канынын анализи жакшы, эритроцити 3 миллион экен, эртең менен эмне кылышты көрөбүз, – деп көңүлүмдү жайгарды да, мени үйгө жиберди.

Үйгө жетип, келиним куюп келген тамактан жаңы эле ооз тийгенде, "Тезинен Кан куюучу станциядан 2-группадагы кандан канча болсо, алып келе калгыла" деп телефон чалышты. Зарылбек экөөбүз Станцияда болгон 1 литр 600 миллиграмм канды алып барсак, Доорошту операция бөлмөсүнө которуп, кан куюп жатышыптыр. Көрсө, биз кеткенден кийин жүрөгү токтоп, кайра жүргүзүп алышкан экен. Жаңы кан куябыз деп, 6-7 донордун дарегин беришти. Аларды Зарылбек эртең мененкиге чейин ташыды. Донорлордун канынан 500 граммдан куюп жатты. Мен жанында турам, чекесинен чыпылдап тер чыгып турат. Өзү өлүм алдында жатса да, жанагы кан тапшырган балдар-кыздарга боор ачып:

– Турмуштан кыйналган болбосо, канын сатпайт эле, – деп коёт. Ошентип, таң атырдык. Мен үчүн ал түндөй узун жана оор түн болбостур...

Эртең менен саат сегизде "судно алып кел" деди. Судного койдун боорундай болгон капкара уюган кан түштү. Аны Акрамовго көргөзсөм:

– 2005-жылы ууланганда, «гастроскопия» жасалган ошону алып кел, – деди. Катоодо турган поликлиникада карточкага тиркелген эле.

– Зарылбекти барып келсинби? – десем:

– Жок, сен өзүң бар. Ага береби, бербейби, – деп мени жиберди. Анын сөзүн эки кылуу деген менде жок эле да. Ошондо асылымды акыркы жолу тирүү көргөнүмдү билбептирмин...

Бейтапкананын башкы дарыгери дароо карточканы издетип, ошол баракты жулуп эле алып берди. Аңгыча синдим Татан телефон чалды:

– Тез келгиле, жездемди операция бөлмөсүнө алып кирип кетишти, – дейт. Дароо бардык. Барсак Баатыркан (күйөө балам) Татан экөө ооруканaнын эшигинде турушуптур. Экинчи кабатка жүгүрүп чыгып, операция бөлмөсүнө кирейин десем, бир мээрман айым киргизбей койду. Врачтарды издесем, эчким жок. "Акрамов кайда?" деген суроого да жооп жок. Ары-бери жүгүрүп жүрсөм, Эрнст Хашимович биринчи кабаттан өйдө көтөрүлүп келе жатыптыр. Ийиндери түшүп, өңү абдан жаман. "Кантсе да карып келе жаткан экен. Таң атканча уктабагандан

ушинтип калыптыр" деп ойлоп коём. Акрамов менен биздин жакшы тааныштык мамилебиз боло турган. Доорош менен бирге окуган. Мени менен гимнастикада бир тренерде машыккан.

Көрсө, мага "Шумдук кабарды кантип угузам?" деп убайым тартып келаткан тура.

– Эрнст Хашимович, Садырбаев эмне болду? Мага эч ким жооп бербей жатат, – десем:

– Соничка, кабинетке кирчи, – деди. Татан экөөбүз кирсек, маңдайыбызга отуруп:

– Дооронбектин опкөсү да абдан жаман турбайбы? – деди.

– 50 жыл папирос тарткан да.

– Жүрөгү да чоңоюп кетиптир, – дейт.

– 4 жыл мурда уу беришпедиби, миокардодистрофия болгондур, – дедим.

– Сен кеткенден кийин жүрөгү токтоп калды , – десе деле жамандык ойдо жок, "жүргүзүп алышат" деп ойлоп жатпаймынбы...

– Ошол бойдон жүрөгү токтоп калды, – дегенде менин асманым түшүп кеткендей эле бакырдым. Татан болсо, "Жүр кстели" деп ыйлап жүрөт. Акрамов дагы ыйлады дейт. А мен кантип сыртка чыкканымды, машинага түшкөнүмдү билбейм...

Ошентип, 2008-жылдын 28-майында 69 жаш курагында жарык дүйнө менен кош айтышып кете берди жолборсум... Ошондон бери күнү бүгүнкүгө чейин бейшемби сайын боорсок жасап, аш демдеп, куран окутуп келем. Билгендер аптанын ушул күндөрү өздөрү эле үйгө келишет...

## Аткарылган аманат

Зарылбек уулум, балекетинди алайын, атасынын жанында калды. Мени бакыртып-өкүртүп машинага салып, Баатыркан Татан экөө үйгө алып жөнөштү. Жолдо эсиме келдим.

Төртүнчү курста окуп жүргөндө патанатомия сабагынан өлгөн адамды сойгонун көрүп:

– "Кимибиз мурда өлсөк да сойдурбайбыз", – деп убада кылганбыз.

Татандын ортончу уулу Мурат хирург, онкология институтунда иштейт. Анын балдарынын баары Нурдин, Мурат, Кубат Зарылбек менен кошо жүрүшкөн. Муратка телефон чалдым:

– Акрамовго кирип, менин атымдан “Доорошту сойдурбасын” деп суран, – дедим. Гезиттерге ар түрдүү диагноз жазылганы да ошондон.

Асылымдын айтканындай, Бекназаровго:

– Театрларга алып барбагыла, – деп айткан десем:

– Жеңе, элди да ойлосоңуз. Коштошкону бара турган эл көп. Үйгө эл, көчөгө машина батпай калды. Тил алыңыз, – деп эптеп көндүрдү.

“Экөөбүз бир жерге жатышыбыз керек” десем, “Ала-Арчага” эле көмөбүз. Эки орун беребиз” деп убада кылышты. “Ишенбе!” деген деп какшап жатып, акыры Бекназаровдун кепилдигин алып, ага да макул болдум. Комгөндөн эки жумадай өткөндөн кийин мүрзөсүнө барсак, экинчи жердеги казыкты алып салышыптыр. Балам:

– Бул жердин чечими жок экен деп алып салышты, – дейт. Анан эле Бекназаров, Текебаев, Отунбаеваларга чалып, байланыша албай койдум. “Ишенбе!” деп айтканын укпай койгонумду карачы. Эми эмне кылам?” деп отурсам, премьер-министр Чудиновдун маданият жана туризм боюнча жардамчысы бизге “жардам” деп акча алып келиптир. Өзү да орус чалыш келин экен. Ага айттым:

– Доорошту эли жакшы көрчү эле. “Баланча чокуга алып барып көмгүлө” десе деле, жөө көтөрүп барышмак. “Жеңеңер менен тирүү болсом бир үйдө, өлсөм бир көрдө болом” деп, туугандарын да көндүргөн. Вам наверное смешно. “Какая разница, где им лежат старикам?” деп ойлоп жатасыңар го. Биз да силердей жаш болгонбуз. Мага алып келген акчаңарды кайра алып, ошого эки жерге чечим чыгарып бергиле. Жообун эки күн күтөм. Болбосо, прессаны чакыртып, интервью берем, – дедим.

Ошондон эки күндөн кийин балам барса, чечим чыгарып, жердин документин беришиптир...

Эми Шерболотту ээрчитип барып калганда көргөзөп, эсинде калсын деп “Мына, мен ушул жерге келип жатам, балам. Сен да мен жокто атаң экөөбүзгө ушинтип келип тур. Колуңдан

келсе, бейшемби сайын сөзсүз эле бирөөнү чакырбасаң да, үй-бүлөң менен отуруп куран окуп жүр" деп кулагына куюп турам. Кичирээк кезинде муюп угуп калаар эле. Эми акыркы убактарда чоңоюп, "менин көзүм өтсө.." деп баштап келатканымда эле, эки колу менен оозумду тумчулап, андай сөздү айттырбайт. Анысы "өлөм деп айтпа" дегени. Анткени, Доорош өлгөндө, бассам-турсам ыйлай берип, эси-көөнүндө өлүм деген оор, жаман түшүнүк калганбы, айтор, ошентет. Көп убакыт өткөндөн кийин да бир күнү ашканада камыр жууруп жатып ыйлап жатсам, "Болбодубу эми. Папам бар го. Мен турам го. Ыйлай бербечи" деп жалооруйт. Анан "Мейли эми, өзүмдү карманайын, же эч ким жок жерде чыгарайым бугумду"деп мүрзөсүнө барып, каалашымча кошок кошуп ыйлап, Доорош менен сүйлөшүп келгенге өттүм.

# Уулануу таржымалы

2004-жылы 4-октярбда тамакка ууланган. Ошол күнү жумуштан абдан чарчаңкы абалда келди. Аңгыча жездем өтүп кеткендиги тууралуу кабар келип, мен шашылыш кетип жатып:

– Эртең жакшы болуп каласың, топурак салганга бар, – десем, макул болуп калган. Эртеси таажыяда балам Зарылбек өзү эле жүрөт. "Жөн келбей койбойт эле" деп, дароо үйгө жөнөдүк. Келсек Доорош дем ала албай калыптыр. Ооруканага алып барсак, өпкөсүнө суук тийиптир дешти. "Каны да 3 миллион эритроцитке түшүп кетиптир" деп кан куюшту. Убагында эч ким билген жок, бирок, Эрнст Акрамов "ууланыптыр" деп айткандан кийин ашказанын текшертсек, 3-4 тешик пайда болуп калыптыр. Жакшылап сурасам:

– Таластан балдар келип, алар менен ашканага кирип тамак ичкем, – деди. Болбосо көчөнүн тамагын эч качан иччү эмес.

Ошентип, ооруканада бир ай дарыланды. Андан чыкканда эле 20 жылга карый түшкөн эле. Эч нерсеге алы жок. Ар кайсы жерине сыздоок чыга берди. Бул организмдин алсыздыгынан кабар берет да. Уу ашказанын жана ичеги карынын кан тамырларын эзип, анын кесепетинен каныным баары, куюлган кандар менен кошо агып, ошондон кетти асылым.

# Биз кантип табыштык?...

1959-жылы Фрунзе шаарында №5 орто мектебин мыкты бүтүп, борбордогу Кыргыз мамлекеттик медицина институтуна өттүм. Анан дароо эле комсомолдук уюмдун каттосуна туруу үчүн институттун комсомол комитетине бардым. «Хор же драм кружокко кирбесең, стипендиядан алабыз» дегенинен, драм кружогуна катышууга макул болдум. Сентябрь, октябрь айларында жетекчибиз жок, чогулуп кайра тарап жүрдүк. Кружокто 2– курстан 5, 1-курстан 5 студент бар экен. Октябрдын аягында “эми бир жолу барайын, анан иштебейт экен деп, катышпай эле коеюн” деп барсам, «Детский принцтей» болгон сымбаттуу, кийген кийими өзүнө жарашкан, тармал чач, кара тору жигит кружоктун катышуучуларынын маңдайында турат. Көрүп эле сүрдөп кеттим. Мен кечигип бардым эле, калган катышуучуларды сынап бүтсө керек. Жетекчи дароо эле:

– Карындаш, сиз эмне кылганды билесиз, – деди. Мен чынымды айттым:

– Кирип чыкканга эле жарайм, стипендиядан алабыз дегенинен эле келдим.

– Анда муну окуп көрүңүз, – деп бир текстти берди. Сүрдөгөнүмдөн тамтаңдап окуп жатып, көзүмдүн кыйыгы менен карасам, мыйыгынан күлүп туруптур. Ого бетер сүрдөп, тердеп-кургап эптеп окуп бердим.

– Туура, сиз кирип-чыкканга гана жарайт экенсиз, – деди.

Ошентип, Райкан Шүкүрбековдун “Менин айылым” деген пьесасын алып келишиптир. Ролдорду бөлүштүрүп, мага койчу Саадаттын ролун берди.

Өзүмчө “Артист болсо керек, бизге жетекчиликке жиберилген экен” деп ойлодум. Жатаканадагы бөлмөдө чогуу жашаган кыздарга:

– Мен бир укмуштуудай сулуу артистти көрдүм. Бизге жетекчи болуп келиптир, – деп айтып келдим. Аты-жөнүн сурашса билбейм. Кийин билсем, артист эмес эле, биздин 3-курстун студенти Садырбаев Дооронбек экен. “Ал хордо да

солист болуп ырдайт" дешти. Күн өткөн сайын "Ал Дон Жуан. Кыздарды азгырып, анан таштап кетет" деген ушак айың сөздөрдү уга баштадым. Ан сайын "Мен анын торуна түшпөсмүн" деп, көчөдө да жолукпастын аракетинде жүрдүм.

Май айында Кыргыз драмтеатрында спектакль үч күн бою коюлду. Театр толо студенттер, кучагыбыз толо гүл болуп абдан жакшы өттү.

Ошентип, сессияны тапшырып экинчи курска да көчтүм. Аңгыча деканатка драмкружоктун группасын чакырыптыр. Нарын облусунун малчыларына спектаклибизди коюп, концерт бермек экенбиз. Садырбаев жана деканаттан дагы бир мугалим (аты-жөнүн унутуп калыпмын) кошуп, бизди бир айга гастролго жиберди. Декан Д.В Шведко:

– Садырбаев, ты будешь отвечать, чтобы с головы девочек ни один волосок не упал, – деп дайындады. Бир жүк ташуучу машинага салып жиберишти. Ашыралы Айталиевдин «Нарындан жазган салам катын» ырдап, жүк машинага түшүп, самолетто учуп бара жаткандай Нарынга жөнөп кеттик.

Ошентип, түнкү саат 12де Нарын шаарына жеттик. Жаңы салынган мейманканасында жатып, эртеси жаңы бүткөн драмтеатрында спектакль койдук. Эл толтура. "Артисттерден да жакшы ойнодуңар" деп эл мактады. Эртеси райкомдон бир адам кошулуп, Ат-Башыга жөнөдүк. Доорош өзү да ичкилик ичпейт экен, группадагы балдарга да эч жерде ичирбей, темирдей тартип менен алып жүрдү. Ошол учурда жагып калган эле кызды зордоп ала качмай күч алган мезгил болчу. Күндүр-түндүр Доорош өзү кыздарды көзөмөлдөп, аман-эсен жүрдүк.

Жашырган менен болобу. Өңдүү-түстүү кыздардын көбү Доорошту жактырышаар эле. Мен дагы алардын катарындамын. Абдан коркуп жүрдүм. Атүгүл, жактырып калганымды өзүмдөн да жашырчумун. Ошондо эле менин тагдырым анын тагдыры менен байланышкан экен. Мүмкүн ошону үчүн көп жигиттерди жактырбай, таанышканы келгендерин кетирип жүрдүм го. Ошол күндөрдө билинбей экөөбүз бири-бирибизди жактырып калганбызды түшүндүк...

Бирок, чынында көп ушак сөз ээрчийт эле. Күнүгө бир ушак укчумун. "Көп кыздар менен жүрөт, Дон Жуан, тигиндей, мындай. Ал канча кыз менен жүрөт билесиңби? Сени таштап

кетет" деп мени бузушар эле. Анан аны уккан сайын күнүгө отуруп алып ыйлайм.

Кийин жолугушуп, сүйлөшүп жүргөн кезде,"Дооронбек келди" десе жүгүрөт элем да. Күнүгө келчү. Сабактан келерим менен кийинип алып, сабактарымды даярдап баштайт элем. Анан келгенин угарым менен жөн баспай, жүгүрөт элем. Бир күнү коридордон жүгүрүп баратып, үтүк көтөрүп келе жаткан кызды сүзүп алып, ал колун күйгүзүп алганы эсимде. Ошондо тиги кыз:

– Эмне, жөн бассаң болбойбу? Дооронбегиң качып кетеби? – деп жемелеген. А мен жөн-жай баспайт элем да. Жүгүрүп турар элем.

Ошончо кыздан мени тандаганына абдан таң калдым, чексиз бактылуу болдум. Ал мага сүйүүсүн арнады. Бир жыл сүйлөшүп жүрүп, "кой" дегениме болбой, 1961-жылдын 29–августунда үйлөндүк.

Элдин ушагы жалган экенин 47 жылдык бирге сүргөн өмүрүбүздүн ар бир күнүндө билдим. Эч качан алдап, башка аялга көз салган жок. "Бирге тартылган актрисалар тийишсе эмне кыласың?" деп сурасам, "Өзүнө жараша жообу бар" дечү эле.

Экөөбүздүн баш кошуубузга менин ата-энем "Өзүбүздө бала жок калгансып, оштукту эмне кыласың?" деп каршы болушса, Дооронбектин туугандары дагы "Арканын кызын эмне кыласың?" деп каршы чыгышты. Кайын энем ыраматылык алысты көрө билген кыраакы адам эле. "Мейли, балам каяктан алса, ошол жактан алсын, эң башкысы бактылуу болсун" деп экөөбүзгө жол ачып берген.

Окуп жүргөн кезде жашы жүздөн ашкан чоң энеси, алтымыштагы апасы боло туруп, байдын баласындай жүрөт эле. Биринчи курста окуп жүргөн кезден эле телевидениеге дубляжга бара коюп, театрдын массовкасына катыша коюп, акча табат эле. Күнүгө киного алып барат, тамак алып берет. Намыскөй эле. Мен башкарманын кызы болгондуктан, акча кенен. Анан бир жолу сунуш кылдым:

– Кел бир күнү мен, бир күн сен төлөйлү, – десем:

– Сен мени эмне кедей деп жатасыңбы? – деп болбойт. Анан бир күнү төш чөнтөгүнө акча салып койсом, алып туруп

таштандыга ыргытып жиберди. Ошону менен бул темада ооз ачпай турган болгом.

1989-жылы элүүгө чыкканда, "Визитка" ырлар жыйнагын чыгарды. Ошондо уюштуруучулар:

– Ырларыңдын баары саясый темада экен. Лирикалык ыр да кошолу, жаз, – дешкенинен сүйүү темасында бир нече ыр жазган. Ошол китепте "Сонунум" деген ыры мен үчүн күтүүсүз белек (сюрприз) болду. Аны юбилей өткөн кечеде өзү окуп берген. Кубанычтан ыйлап угуп отурдум.

Тузун татып батман-батман шорумун,
Туусун кармап бороон-чапкын жолумун.
Турмушума тутка болуп келесиң.
Туңгуч арзып алган жарым **Сонунум.**

Кежирленсе кээде кыял-жоругум,
Кетмейи бар зөөкүрлөнүп колумун.
Келатасың черттирбестен чекеңе,
Кең пейилдүү, кечиримдүү **Сонунум.**

Ошол китебиндеги лирикалык ырларынын каарманын, тарыхын сурагандар көп. Өзү да "булар ойдон чыгарылган каармандар" деп көп айтар эле.

Алтымыш жылдыгын Ноокенде белгилеп жатканда, Шахра Талипова "Көздөрүң айтып турбайбы?" деген ырын ырдады. Анан бурчтан Доорош экөөбүздү башын чыгарып карап турат.

– Эмнеге антип жатат? – десем:

– Экөө качан чачташып кетээр экен деп күтүп жатат, – деп күлдүргөн. Көрсө ушундайлар болгонун көргөн экен да.

Бир жолу "Кино үйүнө" барып калдык. Кирип баратсак, бир абышка отурат кире бериште. Доорош:

– Бул келинчегим, – десе:

– Мунуң эмнең? Кечээ эле башка бирөөнү тааныштырып жатпадың беле? – дейт. Тамаша экенин түшүнүп, жылмайып эле койдум. Көрсө ал мурда министр болуп иштеген кыраакы киши экен. Мени сынамакка айтып жатыптыр.

– Түзүк, түшүнүктүү келинчегиң бар экен, – деген. Дегеле кызганычтан ызы-чуу чыгарган эмесмин. Ал мага кызганганга

шек туудурган эмес. А бирок, өзү өтө кызганчаак эле. Жаш кезде биз азыркыдай сүлкүлдөбөй, эки-экиден кармашып алып бийлейт элек. Өзү таптакыр бийлечү эмес, мени да эч ким менен бийлетчү эмес. Кийин үй-бүлө куруп иштеп калганда, ал жалаң аялдар менен, мен жалаң эркектер менен иштеп калдык. Кокус экөөбүз машинада баратсак, менин чогуу иштегендерим көчөдөн көрүп кол булгап калса, балээ басат эле. Андайда:

– Ай, сен аялдар менен, мен жалаң эркектер менен иштесек. Анан машинеде бараткаңда, көрбөй калабы деп кол булгалап салам айтат да, – деп түшүндүрчүмүн.

Жаңы үйлөнгөндө сүйлөшүп, келишип алганбыз.

– Эгерде сен менин көзүмө чөп салчу болсоң, мобу күрөө тамырыңдан каныңды ичем. Сен эмне кыласың? – дейт.

– Мен эч качан андай жолго барбайм жана сени да бардыртпайм. Эгер андай жолго түшсөң, акырын эле кетип калам. Балдар бар болсо да, жок болсо да. Андыктан, ажырабайбыз. Экөөбүз өлсөк да, чогуу жатабыз, – дедим.

Кийин өлгөндө, Ала-Арчага мүрзөсүнө барып ыйлап отурсам, ошол жакка барып жүргөн бир аял ыйлайт:

– Ай, жолдошуң өтүп, асманың түшүп турганда, ушинтип бир жерден өзүңө кошо жай алуу кантип башыңа келди? Кантип? – деп сурайт.

А мен:

– Ой, биз муну жаңы үйлөнгөндө эле ушинтип пландаганбыз. Кырк жети жыл ичинде мобу башыма сиңип калган. Көзү өткөндө, жерди сүрүштүрмөк тургай, неберем кайда калганы менен да ишим болбой, өзүмдү билбей жүргөм, – дедим.

Чындыгында, минтип калып каларым тууралуу эч ойлонбогон экем. Экөөбүз түбөлүк чогуу ээрчишип жүрүп, анан тиги дүйнөгө да ээрчишкен бойдон кете тургандай сезген экем.

# Жаңы турмуш жана “День счастья”

Жаңыдан курган үй-бүлөлүк жашообуз мен ойлогондой кыйынчылык менен коштолду. Экөөбүз тең студентпиз. Бирине тартсак, экинчисине жетпейт. Тери заводдун жанынан ижарага батир алып, ал жерде эки жылдай жашадык. Тыйындан кыйналганда, ал 4-курстан окуусун таштап, ошол кезде жаңыдан иштеп баштаган телевидениеге, ал кездеги режиссер Балташ Кайыповго жардамчы болуп ишке орношту.

Ал киши жаштарга абдан кайрымдуу, мыкты адам эле. Доорошту өзүнө жардамчы кылып алып, ошондон чыгармачылык ишке киришип калды. Ошентип, Балташ Кайыпов 60 жашында эле көзү өтүп кетти. Ага арнап “Ааламдан өттү жакшы адам” деген ыр жазган эле:

Шакирттин шагын сындырып,
Шаабайын суутуп какпаган.
Кайырчы тургай кайдигер,
Касына эшик жаппаган.
Арабыздан бөлүнүп,
Ааламдан өттү жакшы адам.

*(“Жалгыздын жары кудай”, 2000, 97-бет.)*

Ошол күндөрдө автобуска түшкөнгө акчабыз жок, мен эптеп студенттик билетимди көрсөтүп, окууга барып келем. Дооронбек болсо, жумушуна жөө-жалаңдап барып-келип иштеп жүрдү. Бир күнү ботинкасынын таманы түшүп калыптыр. Жаматайын десе, акча жок, айласы кеткенде, эски папканы таманына ченеп кыркып, кир жая турган жиптен арчындап, “древнегреческая обувь” деп кийип жүрдү. Жумуштан бир күн да калган жок.

Кыскасы, бул турмуштун ачуусун да, таттуусун да бирге баштан кечирдик. Кийин телевидениенин 40 жылдыгында (анда Доорош Жогорку Кенештин депутаты) Доорош коллективин куттуктаганы барган. Бир еврей киши (фамилиясын унутуп калдым) баягы “древнегреческая тапочкасы” тууралуу минтип айтыптыр:

– Кино үйүндө бир салтанат болуп, барып калдык. Садырбаев да келди. Бутундагы тапочкасын айтышып, ошол

жерде отурган аялдар күлүшкөндө, мен "Көрдүңөрбү, Муратбек Рыскулов келээр менен чакырып алып, өзүнүн катарындагы адамдай сүйлөшүп жатат. Көрөсүңөр, кийин мунун кабинетине пропуск менен киресиңер" дегем, – дейт.

Доорошумда кийимден кемсинүү деген болчу эмес да. Кийимге жата калып маани берчү эмес.

Биз сүйлөшкөнүбүзгө 2-3 ай болгон кез эле. Менин атам совхоздо башкарма болуп иштегендиктен, абдан эркелетээр эле. Чөнтөктө акча көп, комнатага берилген шифоньер толо көйнөктүн түрлөрү. Жолукканда күндө бөлөк көйнөк кийип чыгам. Бир жолу театрга бара турган болдук. "Кайсы көйнөктү киейин?" десем, чочуп кетти. Менин көйнөктөрүмдүн эсинде калбаганын ошондо билдим.

Бир күнү майрамга аянтка бара турган болсок, бир клетка көйнөк кийип келиптир.

– Бул эмнең? – десем:

– Мен уктап калыптырмын, ак көйнөктү балдар кийип кетиптир, – дейт камырабай. Кийинки майрамга ак көйнөгүн мен алып жууп берейин деп, кыйналганымды айтпа. Кыздар уктагандан кийин жууп, чердакка жайып, жашырынып үтүктөп, ууру кылгандай болуп кыйналдым.

Көңүлүнө жаккан кийимдерди ала берчү.

– Муну эмне кыласың? Бир жуугандан кийин эле жаман болуп калат, – десем:

– Бирөөгө берип коёсуң, – дээр эле. Эмне кийим кийээрин өзү билчү. 1995-жылы жаңы депутат болгондо, биринчи жолку жыйынга сары көйнөк менен үстүнө свитер кийип барыптыр. Света карындашы:

– Конокто элем. Акаңды карасаң дешсе, уялып кеттим, – деп үйгө келип кетти.

Галстук тагынганды эң жаман көрчү. Режиссерлор өзүн эркин алып жүргөн адамдар эле да.

– Доорош, Жогорку Кеңеш дагы ыйык жер. Ага өзүнчө форма менен кийиниш керек да, – деп жүрүп, араң костюм кийгенге көндүргөм.

"Кийимим бырышып калат, булганып калат" деп таптакыр ойлончу эмес. Бир жолу келип мага сыймыктанып айтат:

– Режиссёр, жазуучу балдар скверлеги кафеге барып, тамак ичип, сүйлөшүп отурдук. Балдар шымым бырышат деп абдан ыңгайсыз отурушса, мен болсом малдаш токунуп отурдум. Жынсы костюмчан болчу, профилин күзгүгө алып келип көргөздүм.

– Көргөн эл эмне деди?

– Эмне десе, ошо десин. Өзүмө жакшы болсо болду да, – дейт.

Бирөөнүн таажыясына барса, "Мүрзөнү көмгөндө, элдин баары шымым булганат деп карап турушат, мен иштештим" деп, тизесине чейин топурак болуп келет эле.

Студент кезде Доорош күрөш боюнча курама командада болсо, мен биринчи разряддагы гимнаст элем. Кийин жаңы үйлөнгөндө, жашаган жерибизге жакын, азыркы «Дордойдун» жанындагы суу сактагыч жайкысын таптаза болор эле. «Южный берег Крыма» деп, экөөбүз узун-туурасынан сүзүп жарышчубуз. Кышында муз тебебиз. Азыр ошол суу сактагыч сазга айланып, бетин балыр каптап, тегерегин камыш басып кеткен. Ошентсе да "Дордой" базарына баратканда, көзгө абдан кымбат көрүнөт. Сууну карап, «сен да мага окшоп карыдың» деп калам.

Доорош иштеп жүргөндө, айына бир жолу аванс, бир жолу айлык алат. Мен айына бир жолу стипендия алам. Ошол үч күндө мен окуумдан чыгып, түз эле телестудияга келем. Анан экөөбүз ээрчишип алып, ал кездеги Көк базардан (Зеленый рынок) кымыз ичебиз. Чайханадан тамактанып, андан ары "Ала-Тоо" кинотеатрынан кино көрөбүз. Ушул үч күндү биз "День счастья" деп атап алган элек. Биздин андай үй-бүлөлүк салтыбызды билбеген режиссер Балташ Кайыпов бир күнү истейдил менден сураганы эсимде:

– Сонунбү, сен эмне эле жолдошуңдун жумушуна келе бересиң? Дооронбек жакшы жигит. Абдан түз жүрөт, – дейт. Ал мени күйөөсүн кызганып, жумушуна тез-тез келет деп ойлойт экен да, көрсө... Себебин айтып түшүндүргөн элем.

кирип бардык. Ошо менен кечке жуук капкара болуп күнгө күйүп, үйүнө кирип барганбыз.

Кайнатам Садырбай өз учурунда Бухарадан диний билим алып, кары деген наам алган билимдүү молдо киши болгон экен. Бул доцент даражасына тең тура. Чоң атасы Молдо Үмөталыдан Сайранбай, Садырбай деген эки уул болуп, бир тууган агасы Сайранбай корбашы болуп кетиптир. А Садырбай билимдүү киши болгондуктан, Совет өкмөтү орногондо мамлекетке каршы иштебей, билим алып, райондун аймагындагы Апыртан, Момбеков, Бирлик айылдарында алгач башкарма, кийин эсепчи болуп жүрүптүр. Улуу Ата Мекендик согушка барып, оң колунун манжаларынан айрылып кайтыптыр. Антпесе, ага чейин комузда ойноп, мыкты ырдаган киши болгон экен.

Негизи эле жети атасынын баары эле билимдүү молдо, эл башкарган болуш болгонун айтып калар эле: Кумкуйду болуш, Бекмурат бай, Айбаш болуш, Тилеке бай, Балтабай болуш, анан андан Үмөтаалы молдо.

Мындан улам кайненемдин үйүнө барганда, үч жуурканынан башка эч нерсеси жок экенин көрүп, таң калып:

– Апа, өзүңүз раистин аялы болсоңуз, эмнеге эчтекеңер жок, – деп сурасам, Доороштун чоң энесинин көзү өтүп, анан күйөөсү өтүп, түштүктүн салты боюнча толтура чыгым болушканын айткан. Өз кезегинде абышкасына экинчи токолду өзү алып бергендиктен, ал аял жыйырма төрт жашында чиедей төрт бала менен калат. Андыктан, абышканын пенсиясын ошол аял алчу экен. Анан кайненем болгон бүдүрүн сатып болсо да, салтын жасап, өлгөндүн чыгымын өзү көтөргөн тура. Түштүктүн салтында киши узаткан кандай оор, көп чыгым экенин Доорошум өткөндө көрдүм го.

Кайненем тууралуу айтсам, а киши "Курманбек" дастанын жатка айткан чыгармачыл жан болгондугун Доорош айтып берген. "Манасты" болсо ролдорго бөлүштүрүп, бири Манас, экинчиси Алмамбет, Чубак, Сыргак болуп алышып айтышчу экен. Чыгармачылык таланты ошентип апасынан да, атасынан да өтсө керек.

# Эң жакшы көргөнү жумуш, анан...

Дороштун эң жакшы көргөнү жумушу, андан кийинки эле экинчи орунда транспорту боло турган. Балташ Кайыповго жарым жыл жардамчы болуп, андан кийин режиссер болуп иштеп калды. Турмушубуз кичине оңолду.

1962-жылы «Ковровец» деген мотоцикл сатып алды. Мен "Автобус, троллейбустарда мушташканы калды" деп абдан сүйүндүм. Себеби ал убакта орустардын шовинизми күчтүү болчу. Кыргыздарга экинчи сорттогу адамдай мамиле кылат эле. Троллейбус же автобуска түшсөк, кыргыздарды «баран» деген сөздү укса, учуп жетип, "Кто баран, где баран?" деп жакадан алып, "Жүр сыртка чыгып мушташабыз" деп сүйрөйт эле. Анын кайратынан коркуп, орустун бир да кишиси эшикке чыкпай кечирим сурайт эле. Андан кийин баягы "баран" десе унчукпаган киши менен "Сен эмне баран десе унчукпайсың?" деп урушат эле. Мен болсо калтырап коркуп, артынан ээрчип жүрөм.

Ошентип, мотоцикл алгандан кийин кыштын кыраан чилдесинде да андан түшчү эмес. 1965-жылы "Тула" деген мотороллер алды. Мен институтту бүттүм. "Тулага" учкашып алып, түштүккө, кайненемдикине жөнөдүк. Сосновкага жеткенде "ящур" деп өткөрбөй койду. Доорош бирөөдөн сурануу дегенди билбеген адам эле да. Болбосо, ат минип, же эт алып бара жатпасак, өтүп кете берсек болмок да бир ооз суранып. "Ташкент аркылуу миң чакырым жол менен сени жөө жетелесем да үйгө жетебиз" деп, ырдаган бойдон Казакстандын жарым чөлүн аралап жөнөдүк. Мээ кайнаткан ысык, суу жүз чакырымда гана болгон талаа... Караңгыда бир айылга кирдик да, бир казактын үйүнө "Кудайы конокпуз" деп түнөп калдык.

Ошондон бир аз алдын Ташкентте жер титиреп, үйлөр чекесинен бузулган маал экен. "Ахангаран" ашуусунун жолуна түшүп, жолдон чайханадан тамактанып алып, андан ары жол тарттык. Жолдон жүк ташыган машина шопурлары ашуудан өтө албасыбызды айтып, мотороллерибизди жүктөп өткөрүп коюшту. Эртеси түн ичинде Наманган облусунун Чуст шаарына

Ошентип, 1969-жылы түштүккө дың дебей алпарып келген “Туланы” сатып, “ИЖ” мотоциклин алды. Аны менен Ысык-Көл, Жумгал, Кегетини, башка далай жерлерди кыдырдык.

1973-жылы “ИЖди” сатып, “Запарожец” алды. А бирок, анысы там айланбай эле бузула берет. Ошентип, 1975-жылы “Жигули” сатып алды. 1980-жылы аны сатып, өкмөттүн жардамы менен мурда такси болгон, эсептен чыгарылган “Волга” алды. Ал сыртынан жылтырап турганы менен тез-тез эле бузула берчү. Ошентип, аны да сатып, кайра бир “Жигули” алып, калган акчасына атасына аш бердик. Ошону копкө минип жүрдү. 1992-жылы Түркияга иштегени кетип, 1994-жылы кайтып келгенде, жаңы кара “Волга” сатып алган. Кийин “Волганы” чет өлкөнүн “Ниссанына” алмаштык. Үйдө дагы бир эсептен чыгарылган “ГАЗель” турар эле. Аны кийин Баяман (Баяман Эркинбаев – ред):

– Аке, бул эски машина сизди аябай убара кылат. Келиңиз, жаңы “Тикого” алмашалы, – дептир. Ошондон баштап, бир “Ниссан” бир “Тико” турду үйдө. Аларды көзү өткөндөн кийин саттык...

## 40 жылдык “медовый месяц”

Үйлөнгөндөн кийин он жети жылдан кийин көргөн уулубуз Зарылбек 2000-жылы үйлөндү. Анан Доорошко:

– Биз баш кошкондо, мүмкүнчүлүгүбүз жок, «медовый месяц» болгон эмес эле. Эми балдарга Ысык-Көлгө жолдомо алып берели. Эс алып келишсин, – десем, Абышкам:

– Биринчиден, “медовый месяц” эмес, “свадебное путешествие” деп аталат. Мейли, барса барып келишсин. Бирок, биз экөөбүздүн «медовый месяцыбыз» 40 жылдан бери болуп келе жатат. Элдер бир ай эле таттуу жашашса, биз 40 жылдан бери таттуу жашап келебиз, – деген эле.

Асылымдын алдын-ала айта билген олуялыгы бар эле да. “Тал кармагын” деген ырында:

Аллага жетпеди окшойт жалбарганың,
Ааламдан өттү көп жыл арбалганың.

Күнкорлук күм-жам болсун дегендериң,
Жер казып жемиш багып, мал кармагын.
Келатат кылыч сууруп кыйын күндөр,
Кыргызым, алды-алдыңан тал кармагын!

*(Визитка, 1992-ж.)*

Көптөрдүн көзүнөн жаш тамат окшойт,
Көңүлдөр көчкөн журттай калат окшойт.
Эркектик касиети аз, акчасы арбын,
Эсирген эки катын алат окшойт.

*(Жалгыздын жары кудай, 2000-ж.)*

ООНго барып такшалган,
Ооматтуу жигит Аскаржан.
Ойлонуп элдин тагдырын,
О тамга менен башталган,
Оодуруп ийип кыргызды,
"От алып кел" деп Кашкардан.
Кол жууп калып жүрбөңүз,
Аскаржан
Кой бага турган жаштардан.

*(Визитка,1992-ж.)*

Чын эле, Советтер Союзу тараганда башталган быт-чыттан кийин ар ким өз жанын багып, өкмөттүн эч нерсе менен иши болбой, шылуундар элдин оокатын тартып алып байып, 2-3 аял алганга өтүштү. Оокаты өтпөй калган кыргыз туш-тушка акча табууга кетип, айылдарда картаң чал-кемпир майда балдар калбадыбы?..

## Ичкилик тууралуу

Доорош эч качан спирттик ичимдик иччү эмес. Ичкендерге наразы болуп, керек болсо ини-жээндерин да ичирбей койду. "Ичип кой" деп зордогондор көп эле болду.

Ушуга байланыштуу бир окуя эсиме түштү. Мектепте чогуу окуган бир досу Фрунзеге көчүп келиптир. Анан ал бизди үйүнө

конокко чакырып, бир стакан аракты “Ичип кой” деп оозуна алпарды.

– Кусам, – десе:

– Мобуга кус, – деп тарелка тосот. Анда Доорош:

– Бир жериме куюп алсам болобу? – деп сурады. Тиги:

– Ии, болот, – десе, баягы бир стакан аракты чөнтөгүнө куюп алса болобу. Ошо менен тиги досу сопсоо болду да, зордогонун токтотту.

Шайлоочулары менен жолукканда да:

– Арак ичип алып кылмыш кылсаңар, эч качан жардам бербейм. Андайга кечирим жок, – деп айтчу.

Бир күнү конокто отурсак, арак кыстагандарга эки жигит биринин артынан бири “за рулем” деп ичпей койду. Ошончо элдин көзүнчө Доорош:

– Эгерде акчам болсо, кыргыздын балдарынын баарына машина алып берип коёт элем. Арак ичишпей калмак экен, – дегени бар.

Бир күнү дачадан келе жатып, сиңдим Анардыкына бара кетели деп калдым.

– Он беш мүнөт. Болбосо кетип калам, – деди. Кетип эле калмак. Кирсем алар бир келинин отко чакырып, конок тосуп жатышыптыр. Алар “тост сүйлөй коюңуз” деп шампан куюп бере калышты. Мен да шашканымдан бат-баттан иче калыпмын. Анан жолдо келе жатсак, бир дүконгө түшкөнү жатат:

– Эмне тамеки аласыңбы?

– Жок, сага шампан алып берем. Тимеле түбүнө чейин калтырбай ичип жибердиң да. Рюмканын бир тарабы төбөңө тийгиче көтөрдүң го, – дейт.

– Ой, Доорош. Чаңкап тургам, анан сен бат 15 мүнөт дегениңден шашып калдым. Кой, экинчи антпейм, – деп араң токтоттум го.

Конокко барсам бат келбесе да, ушундай жаңжал эле.

– Мынча саат эмне кылып отурдуңар? Баары бир устуканыңарды салып аласыңар. Иче турганыңарды да бирдемеге куюп алып, тарап кетпейсиңерби? Бирөөңөр бир сөз сүйлөп, экинчиңер дагы бир сөз кошуп, тост айтып отурдуңар да, ээ? Кайран гана ушунча убакыт, – дечү. Мындай мүнөздөгү

шдам менен жашаш кыйын. Албетте, мен аны жакшы көрөт элем, кийин анын билимине, акылына тан берип чыдап жашадым да.

Анткен менен өмүр бою тамекинин чыпкасы жок эң күчтүүсүн тартты. Андан да күчтүү жанагы махорканы эле тартайын дейт, аны ар тарткан сайын кагазга ороп отургандан эрикчү. Ден-соолугу болбой кыйналганда, акыркы төрт жылда эле тартпай таштап салды.

Отуруш дегенди жаман көргөнүнөн ал кезде кеңири жайылган "кампания" деген нерсе эч болгон эмес. Биз экөөбүз эле кампания элек. Бир-эки кишиникинде гана кенен сүйлөшүп отурар эле. Кадыралы Конкобаевдикинде кенен отурчу. Анткени, сүйлөшөөр сөзү, ою, тилеги, кызыкчылыгы, билим деңгээли бири-бирине шайкеш, масилет темасы көңүлүнө төп келген үчүн ошенткен го.

Ыраматылык Салижан Жигитов менен өзгөчө тамашалашкан мамилеси бар эле. Аны менен жолукканда сөзсүз бир ойдо жок күлкүлүү окуя болбой койчу эмес. Бир күнү Жогорку Кеңешке кирип баратып, экөө жолугушуп калышыптыр:

– Оо, гений келатат, – деп Доорош тизелей калса, Салижан аке ойлонбой эле асфальтка жата калган экен.

Кийин 60 жылдыгында Ноокенде парктан жолуга калышып, кийимим булганат дебей бул тизелей калса, Салижан аке жаан жааган, ным жерге жата калыптыр. Экөөнүн ушундай тамашасы бар эле. Бирок чер жазыша сүйлөшүп, тыгыз карым-катышта болгон жакшы санаалаштары саналуу гана болчу.

Мен италиялык атактуу кинорежиссер Федерико Феллини тууралуу бир макала окугам. Орусиялык журналист жазган экен. "Анын бир да сырдаш жакын досу жок эле. Анткени, ал өтө гениалдуу болгон. А мындай кишилердин досу болушу мүмкүн эмес. Анткени дос болуш үчүн толук симбиоз болуусу керек да" деген жери бар. Андан улам Доорош да өзүнө тең идиректүү, өз замандаштарынан алдыга озуп ойлонгон сырдаш таба албаган көрүнөт. Бул жаап-жашырып, эки жүздүүлөнгөндү жаман көрчү да. Атүгүл Жогорку Кеңеште кээ бир депутаттарга "бул эмне деген неме? Элементардуу нерсени да түшүнбөйбү?"

деп, ушундай жини келер эле. Эмки депутаттардын деңгээлин көрүп, мүрзөсүнө барганда айтып берем.

– Сен тынч жата бер, абышкам. Эмкилер менен сен бир күн турмак, бир саат да иштей алмак эмессиң, – дейм ыйлап.

## Кыргызым, качан сен айбаттууга тең болосуң?

Абдан намыскөй, тырышчаак адам эле го асылым. Жогоруда айткандай, кыргызды бирөө кемсинтип "баран" деп койсо, жаны калбай артынан түшүп мушташчу, же уят кылып өч алчу.

Эсимде, жаңыдан үйлөнүп, батирден батирге көчүп жүргөн кезибиз. Аныбыз тоок канадай болгон жер төлө. Өзүбүз актап-сырдап, анан дагы акчасын төлөйбүз. Бир жолу үймө үй кыдырып квартира сурап жүрсөк, бир орус үйүнөн чыгып:

– Кайда иштейсиң? Эгер эч ким квартира бербесе, айылыңа кет, – деп кыр көргөздү. 1965-жылы үй куруп алдык. Ошондо "Жүр киного барабыз" деп, баягы орусту чакырып, ээрчитип алып:

– Үйүңө да, өзүңө да түкүрдүм. Сенин үйүңөн жакшы үй куруп алдым, – деп өчүн алды. Биз жарым жыл эле оокаттан кыйналдык. Андан кийин күндүз телевидениеде, кечкисин кинодубляжда, бош эле убактысы болсо, аңгемелерди жазып, спектаклдерди коюп, гонорар алат эле. Турмушубуз бай болбосо да, элден кем жашаган жокпуз.

Кыргыздардын намысын ойготоюн деп жүрүп өттү го дүйнөдөн:

Канчага азуулуга жем болосуң?
Качан сен айбаттуга тең болосуң?
Кайраты касташканын жалтандырган,
Каадалуу качан кыргыз эл болосуң?
Калкым деп кан жуткурган балдарыңа,
Кашайгыр, качан арка бел болосуң?

*("Визитка", 1992 ж.)*

Өзүнүн көңүлүнө жакпаган нерсени эч качан жасачу эмес. Апасы муздак суу ичпе, чай ич десе, өмүрү өткөнчө муздак суу ичет эле.

Кичинесинен "мен кыргызмын» деп, өзбек балдар менен мушташып, кыргыздардын таламын талашып чоңойгон экен. "Бийди сарттар бийлейт" деп, өзү исскусствонун адамы болсо да, бир жолу да бийлеген жок. Чачы буурул болгончо, «сарт» деген киши менен мушташып жүрдү. "Силер бул жакта эч нерсе билбей жүрөсүңөр. Биз түштүктө кыргыз экенибизди тастыктап, өзбектер менен мушташып, кыргыздын таламын талашып келсек, силер кайра бизди "сарт" деп күйгүзөсүңөр да" дээр эле. Анткени мен кээде Өмүрбек (Текебаев) менен Адаханды (Мадумаров) "сарт" деп чычалатып койчумун. 1990-жылы Ош окуясы болгон кезде мен катуу ооруп, реанимацияга түшүп калдым. Ошого байланыштуу Доорош өз убагында бара албай калып, мен бир аз өзүмө келгенде кетти. Ал кезде кыргыздарды дүйнөгө жырткыч катары көргөзгөн маалымат тарап жаткан эле. Болбосо кыргыздарды да уруп-согуп, керек болсо кыздарын зордуктап, жакшы эле кордук көргөзүшкөн экен. Доорошум өзбекче так сүйлөчү эле. Жанына андагы жаш оператор Айбек Жангазиевди алып, Ошко, Өзгөнгө өзбектер жайгашкан аймактын так ортосуна барып тартып келген. Ошонун негизинде 1916-жылкы үркүндү, орустардын кыргын салганын, 1936-жылкы репрессия учурунда атылган кыргыздын аты чыккан атуулдарын кошуп, 6 саат 30 мүнөттүк жүрөктү титиреткен **"Кайран эл"** кино эпопеясын жаратты. Ал тасмасы "элдердин ортосундагы достукка доо кетирет" деген шылтоо менен теледен калың элге көрсөтүлгөн жок. Анан Опера-балет театрын 2 күнгө өзү ижарага алып, элге көргөздү. Элдин көбүн айтпай эле коёюн: тепкичтерге тикесинен тик туруп көргөндөр болду. Адамдар "Кайран эл" деп жазылган доскага каалоо-тилектерин калтырып кетип жатышты. Радио-теле берүүнүн ошол кездеги башчысы Асанбек Стамов бул тасмасынан кийин жумушунан чыгарып койгон.

Кийин ошол Асанбек Стамов 1999-жылы Доороштун 60 жылдыгына Ноокенге баратып, жолдон авария болуп, анан ошонун чыгымын, ооруканага жатып чыкканымдын акысын да төлөп бер деп чыкты. Убагында "Кайран элди" тартасың деп

телевидениеден жумуштан айдаган эле. Анан Доорош “Барган өзүң болсоң. Машине айдаган өзүң болсоң. Анан мен эмнеге сенин чыгымыңды төлөшүм керек?” деп макала жазган атайы. Ошондо Асанбек Стамов кечирим сурап кат жазыптыр.

Кийин аны менен бир гана жолу чогуу отурдук. Анда да ушундай бир жагымсыз көрүнүш орун алды:

– Юбилейиңде аялы ырдайт дегенди сенден көрдүм, Доке. А бирок, сенин аялың бутуңду жууйт деп угам, ошол чынбы? – дейт.

– Чын, эмне сиздин аялыңыз жуубайбы? – десем, аялы селт этип секирип кетти:

– Жок!

– Анда сиз бактысыз киши экенсиз. Аялыңыз сизди сүйбөйт экен. Сүйсө жуумак. Мен Доорошту жакшы көрөм, ошон үчүн жууйм, – дедим.

Депутат болуп жүргөндө журналисттерге саясатчынын жубайы катары интервью берүүмдү каалачу эмес. Анын сөзүнөн такыр чыкпайм да. “Сенин айтканыңды өз билгенинче бурмалап жиберишет кээ бирлери. Саясаттан тыш сүйлө” дечү. Анан бир кабарчы кыз деги жанымды койбоду, “саясаттан тыш интервью алайын сизден” деп. Макул болуп, иштеген жериме чакырдым. Аны-муну сүйлөшүп отуруп, акырында

– Сизден интервьюдан тыш жеке өзүмдү кызыктырган бир нерсе тууралуу сурасам болобу?– дейт.

– Ии, сура.

– Сизди агайдын бутун жууйт деп айтышат, ушул чынбы?

– Ооба, сен эмне күйөөңдүн бутун жуубайсыңбы?

– Жок, коюңузчу. Унизительно го? – дейт.

– Сен анда жолдошуңду жетишерлик сүйбөйт экенсиң. Мен агайыңарды аябай жакшы көрөм. Мен үчүн ал унизительно эмес, тескерисинче сыймык. Мен ошентип ырахат алам. Адам күнү бою чогулган стресс, негативин кандайдыр бир жол менен чыгаруусу керек. Кимдир бирөө ичимдик ичип, кимдир бирөө тетири басып көңүл ачуу менен, дагы башкалар дагы бир башка жол менен чыгарат. А бул же солго баспаса, же ичимдик ичпесе, көчөлөп, сауналап жүрбөсө, анан кантип чыгат. Мен бутун жууп, массаж жасап отурганда, көп нерселерди сүйлөшөбүз, чарчаганы жазылып, жеңилдей түшөт, – деп түшүндүргөм.

Жаш кезде Доорош экөөбүз дуэт болуп ырдайт элек да. Машинеде баратабызбы, үйдө болобузбу.. Зарылбек ал кезде "атамдын үнүнөн сеники угулбай калат. Катуураак ырдасаң" деп суранар эле. Кийин чыпкасы жок "Полет" тамекисин тартып жүрүп, үнү кырылдап ырдай албай калды. Барган жерде ал сүйлөйт, мен ырдайм. "Жакшы сүйлөйт" деп көп жерлерде "сиз сөз сүйлөп коюңуз" дей беришсе:

– Карасаң буларды. Мени бир сүйлөөк абышка кылып алышты, ээ? – деп калаар эле. Бир жакка барчу болсок, баратканда, келе жатканда кыңылдап ырдап барып, ырдап келер эле.

Ошентип, "Кайран элди" тартам деп, бир жыл жумушсуз калды.

Ошо бош жүргөн кезинде "Кыргызстан маданияты" гезитине "Дооронбектен дил маек" деген рубрикада замандын белгилүү инсандары Руслан Хасбулатов, Жохар Дудаев, Звияд Гамсахурдия, Динмухамед Кунаевдер менен интервью уюштуруп чыгарып жүрдү. Баары атактуу, чоң кызматтагы кишилер.

– Эмне керек, жардам берелиби? – дешсе:

– Менде баары бар, эч нерсе керек эмес, – деп жооп берчү экен ошол жумушсуз жүргөн кездеринде да.

Жохар Дудаев:

– Чечняга кел да, кино тарт. Жаштарга кино тартканды үйрөт. Жакшы үй берип, айлыгыңды жогору төлөп берем, – десе:

– Байбичем менен кеңешейин, – деп келгенде, мен:

– Бул турмушта үч нерседен корком: сүзөөнөк букадан, кабаанак иттен, анан чечендерден, – деп көнгөн эмесмин. Анткени, "Чүй районунан өз элине кетээрде чечендер калайман салып, мал-жанды айдап кетип жатыптыр" деп, мен кичине кезде атам айтып келгенин көп угаар элем. Ал кезде колхоз-совхоздун башкармаларына мылтык таратылганын да уккан элем.

Келе албасын айтканы кайра барганда, Звияд Гамсахурдия менен таанышыптыр. Ошентип жүргөн маалда Чечняда согуш башталып кетип, Дудаев Доорошту "Сен элиңе дароо жөнө" деп, самолётко салып жиберген экен.

Ошол жактан келгенден кийин Кадыралы Конкобаевдин жардамы менен түрктөрдүн "Ихлас" киностудиясына режиссер болуп орношуп, жанына оператору Айбек Жангазиевди алып, Стамбулга кетти. Уулум Зарылбек экөөбүз эки жолу 15 күндөн барып, Стамбулда чогуу жашап келдик. Зарылбек экөөбүздүн эңсегенибиз – биротоло көчүп келүү. Бул тууралуу айтсам, "коё тур" деп койду. Биз барсак, башка үй бермек болушканынан, деңизге жакын жерден тандайлы деп жүрдүк. Бир күнү уулум атасынын "Не нужен мне турецкий берег, не нужна мне Африка" деп ырдап жүргөнүн угуп калыптыр. Ошо менен:

– Силер үйгө бара тургула, мен убагы келгенде чакырам, – деп, бизди Бишкеке жөнөтүп жиберди. Көрсө, бөтөн жерде канчалык жылуу мамиле, жайлуу жашоо болбосун,
Ата-Журттун алтын топурагын баары бир кыялбаган экен. Бул тууралуу "Эмне үчүн?" деген ырында минтип жазганы бар:

Мүнөздөр окшоштугу жакса дагы,
Мүдөөлөр шайкештигин тапса дагы,
Өгөйлүк кылышпастан түрк туугандар,
Өзгөчө сыйлуу чапан жапса дагы,
"Тууруна кондуң ана ватандын", – деп,
Туу нышан көөдөнүмө такса дагы
Мен неге кетким келет Ата-Журтка?
Мертинтип кыргыз мени жатса дагы?

*Истамбул. 19-декабрь, 1993-жыл.*

## Саясатка кадам

Ошентип, 1994-жылы январь айында Кыргызстанга келди. Келээри менен Ноокен районунун "Бирлик" айылына барып, көзү өткөнүнө 40 жыл болгон атасына аш берди. Жолдо бара жатканыбызда, Суусамырдан тарта зым карагайлардын зымын шылуундар кесип кетишкенин көрүп:

– Бул эмнеси? Эми телефон байланышы эмне болот? – деп кейиди.

– Колхоз-совхоз таланып, балдар бакчалары, китепкана, клубдарды чоң кызматтагылар бөлүп алышты. Калганын кирпичине чейин эл талап жатышат, – дедим.

– Мен кайтып келем.

– Сен эмне кыла алмаксың? – десем:

– Кампир, кылымдын бир кылымында бир урпагыбыз "Азыр кыргыздын башына түшкөн кыйын убакта кыргыздын камчыга сап болор уулдары Чыңгыз Айтматов Бельгияга, Төлөмүш Океев менен Дооронбек Садырбаев Түркияга өз кызыкчылыгы үчүн жан багып кетишкен" дешпейби? – деп, элине биротоло кайтып келүү чечимине келген эле.

Ошентип, 1995-жылы Жогорку Кеңештин депутаттыгына аттанды...

Туура эмес иш болсо, кимге болсо да тайманбай каршы чыгат эле. Мастар, элдин мүлкүнө кол салган шылуун, карөзгөй адамдар, акчага сатылган соттор жана төбөлдөрдүн туура эмес ишине каршы өмүр өткөнчө күрөшкөнүн эч ким тана албас...

Көрсө оппозициялык көз карашы окуучу кезинен эле калыптанган тура. Коомдук ишмер Мирослав Ниязовдун ата-энеси Доороштун агай-эжекеси болчу. Атасы Жумабек Ниязов кыргыз тили, адабиятынан, апасы Мария Ибрагимовна Ниязова класс жетекчиси, анан калса алгебрадан сабак берчү экен. Аларды көзү өткөнчө сыйлап жүрдү. Агай көркөм текстти ийнине жеткирип окуган, эжекеси өз предметин мыкты билген адамдар болгонун көп айтчу. Доорош сабакка анча жакшы даярданбай барган мугалимдердин кийинки сабагынан чыгып кетчү экен. Анан директорго класс жетекчиси менен чакырса, ал "өзүңөр жакшылап даярданып келбейсиңерби" деп айтчу тура.

– Силер бул жерде азыр айта турганыңарды мен китептен өзүм окуп билип алам, – деп, кирип келе жаткан мугалимди каратып туруп чыгып кетчү экен. Мындай жүрүм-туруму үчүн канча ирээт мектептен чыгармакчы да болушуптур. Мария Ибрагимовна:

– Мунун таламын көп талашчумун. Бирок, ошол эле мезгилде өзүм да мындан коркуп, сабакка жакшы даярданып келээр элем. Кичине эле билбей калганыңды көзүңдөн билип коёр эле да, – дээр эле.

Павел Ларичевдин “Алгебрасын” жылдын аягына чейинки маселе-теңдештиктерди шурудай тизип, чыгарып койгон дептери жылдан-жылга, колдон-колго өтүп жүргөнүн айтып калар эле.

Анан 5 кыздан кийинки жалгыз эрке эркек бала болгондуктан, мунун көзүн карашчу экен. Кайненем ыраматылык айтып калар эле:

– Жасаба деген нерсени атайылап жасайт, тобо. Кам суу ичпей, кайнатылганын ич дегенге болбой барып арыктын суусун сузуп иччү, – дечү. Анткени, ал кезде айылда крандын суусу жок. Чоң суудан алышып, кайнатып ичишчү экен да. Ооруп калбасын десе болбой, тескерисин жасачу тура.

Эжелери Доорошту кичинекейинде аябай тентек эле де көп айтышар эле.

– Эмне кылып күйдүргөнсүң, я ? – деп өзүнөн сурасам:

– Өздөрү жинге тийчү да, – деп кутулар эле. Бир күнү кайнежемден атайы сурасам, минтип айтат:

– Ушундай өзүн кыйын сүйүп-сыйлаган бала эле. Тынч бир жерде отура алчу эмес. Үйдүн ишин жайгаштыргандан кийин түштө уктачубуз. Бул такыр жатчу эмес. Элдин баары уктап жатса, велосипед оңдоп же дагы майда барат бирдеме жасап отура берчү. Анан уктап жатканда каңкылдатып-таңкылдатып уйку бербегендиктен, “кел, кагылайын, тынчыраак боло турчу” деп буга жалдырачубуз. Эгерим эле “Басыл!” деп катуурак айтып алчу болсок, кайра күчөп, атайылап килейген лом менен темирди ургулап, үйдөгүлөрдү эмес, айылдын баарын тике тургузчу. Куулугун айт. Кечке чаңга оонап ойноп жүрүп, анан атабыз кечинде келерде жуунуп-таранып, момпоюп отуруп калар эле. Жинине тийип алсак,”кыздар минтти-антти” деп атама уят кылчу. Бир күнү ушундай бир катуу жиниме тийип качып кетти. Кууп жетпей калдым. Үйдөгү чоң энебиздин бөлмөсүнө кирип, ичинен илгичин илип алды. “Ач” десем ачпайт. Терезеден карап, атам келатканын көргөн экен. Акырын эшикти ачып коюп туруптур. Аны мен көрбөй эле “ай, жалгыз бейит. Жашабай жаштайында жайрап калгыр, ач!” деп урушуп жатсам, атам артымда аны угуп туруптур. “Ии, эң жоош деген кызым ушинтип менин баламды каргап-шилеп, жетер жерге жеткирсеңер, калгандарыңар тимеле жейт турбайсыңарбы

менин баламды?" деген эле. Уялганымдан бир топко чейин атамдан качып жүрдүм.

Андан кийин Медицина институтунда окуп жүргөндө ар бир жарым жылдыкта сессия тапшырган сайын ата-энелердин абалы жана алардын кирешеси тууралуу справка тапшырып туруубуз керек эле. Доорош ушундан тажаганынан бир жолу 3-курска келгенде, справканы өзү колу менен жазып тапшырып коюптур: "Бабушка вышла замуж, мама тоже собирается". Нургазиева деген директор бар эле:

– Кандай немесиң деги? Ушу кантип болсун. Бул эмне деген маскарачылык? – десе:

– Кечке сурай бересиңерби анан маскаралап? Мен окууга кирерде чоң энем 103тө болчу. Быйыл 107ге келди. Эмне өзгөрүү болмок эле? Турмушка чыкмак беле? Болгон ахвалыбыз ошол, – дептир камырабай. Справка деп сельсоветке бара бергенден тажап, ошондон улам өзү жазып коюптур да. Ал кезде атасы рактан каза болуп, апасы деле 60ка келип калган курагы экен.

Булардын айылындагы Сүйөркулов деген Социалисттик эмгектин баатыры болгон врач-хирург бар эле. Мен муну ошол кишиге таасирленип, мединститутка тапшырган го десем, көрсө атасы ичегисинен рак болуп каза тапканы үчүн көгөрүп, ошол дартка даба табам деген тура. Практикага дайыма онкологияга барар эле, "Онколог болом, ошондой оор дарттууларды сактайм" деп.

Анан уулубуз Зарылбектин мугалимине барып жолугуп турар элем. Бир күнү кыргыз адабиятынан сочинениеден "2" алыптыр. Көрсө "Жайкы каникулда эмне кылдым?" деген темадагы сочинениеге "Жайкы каникулда мен эс алдым" деп бир гана сүйлөм жазып койгон экен. Анан атасына айтсам:

– Туура кылат Зарылбекке "5", а жанагы мугалимине "2". Айтып бар. Кичине ойлонуп, теманы кеңейтпейби? "Мен эмнеге капа болом?", "Мен эмнени жактырам?", "Жакшы нерсе кордүм", "Жаман нерсе көрдүм" деген сыяктуу кызыктырып, кичине баштарын иштетпейби? Анан 3-класстан жогору жылына эки жолу "Кышкы каникулда эмне кылдым?" , "Жайкы каникулда эмне жасадым?" дей берсе тажайт да балдар, – дейт. Кийин мугалими сурайт. Айттым "байкең ушинтти" деп.

Тайманбас эр жүрөктүүлүгү бар эле да. Бул жагынан Доорош авасын тартканын айтып калчу. Атасынын бир тууганы Сайранбай революция учурунда корбашы болуптур. Авасынын мал жанын тартып алса, ал корбашы болуп туура кылган деп эле айтчу.

– Эмне, мал-жанын тартып алышса, карап турмак беле, – дээр эле.

Бир жанга бир өлүм деп көп айтар эле.

2006-жылы Бакиевге каршы митингге Бабанов келип алып кетти. Анан ал ич кийиминен бери алмаштырып атты.

– Ай бул эмнең? – десем:

– Бирдеме болуп балдардын алдында баратып ок жаңылып кетсем, сага эле уят да, кампир, – дейт.

Кетээрине аз калганда, май айында «Каркыра» жайлоосун казактарга берилгенине каршы жөө жүрүшкө барып келди.

– Барба, сени атпай-этпей, катуу түртүп жиберсе эле тирүү калбайсың, – дегениме болбой Ысык-Көлгө жөнөп кетти. Кайтып келе жатканда, мен ар 30 мүнөт сайын телефон чалып турдум. “Мына Токмокко кирип бара жатабыз” деп саат кечки 10до айткан болчу. Мына эми кирип келет деп электр чайнигине чай коюп койдум эле. Санаам тынбай жатып, эсимден чыгарып күйгүзүп алдым. Улам телефон чалсам, «телефон отключен» деп жооп болот. Санаам санга бөлүнүп коркуп отурсам, түнкү саат бирде кирип келди.

– Эми мени өлтүрүп туруп барасың. Сен келгенче эчен жолу өлүп-тирилдим, – деп ыйладым.

– Чарчап келдим, – деп, башка сөз айтпай жатып алды. Эртең менен туруп:

– Сенин тилиңди алып, Түркияда эле кино тартып кала берсем болмок экен. Канча кино, китеп жазмак элем. Кайран эмгегим, кан-жанымды үрөп иштеген элим өз жерин жүз грамм аракка сатып жиберет турбайбы! Маа десе эми Көлүн чөмүчтөп сатсын! – деп абдан шаабайы сууп, жанагы жумуртка менен урган ОБОНчу (Оборзевшие бабы особого назначения) аялдарга абдан капа болду. Аныгында ушул ОБОН деген жаңы сөздү ошондон кийин Доорөшум калтырып кетти.

Мен кээде “эл алгандан сен да алсаң боло” деп, пендечилик кылып бузганга аракет кылат элем да. Анда ал:

– Мени акмактардын катарына кошпочу, байбиче. Булар карышкыр эмес, булар – чөө. Колдорунан келсе, Күндү да бөлүп алып, элди да караңгыда калтырып, өздөрү да карангыда калышмак. Ушунчалык таң калам. Такыр сөөгүн, мүйүзүн да калтырбай ташып кетишет. Уурдап бөлүп алган акчалары – кредитке келген каражаттар. Анан ошону да "сен көп алдың, мен аз алып калдым" деп урушуп-талашып, чабышып жүрүшөт. Эмне үчүн "порядочный" деген сөздүн так кыргызча которулган варианты жок, билесиңби? Анткени, "порядочный" кыргыз жок, – дээр эле жаны кашайганда. Болбосо 2005-жылы Бакиевдин ордуна Доорошту сиз алдыга туруп, лидер болуп бериңиз деп айтышыптыр. Макул болгон жокмун деп келди.

– Ой, бол. Эмнеге макул болбодуң? Сен отуруп калсаң деле мени жыргатпайсың. Барба, отур деп үйгө отургузуп коймоксуң. Бирок, элге жакшы болот эле, – дегем.

Чындыгында, көзү өткөнчө абышкамдын ишине кийлигишмек тургай, депутат кезинде айлыгы канча экенин билген жокмун. Жардамчысы Рита Маткеевна айтып калар эле: "Биздин терезенин түбү төрөт үйүнүн терезесиндей. Айлык тиер күндү жазуучу, артист дегендер жакшы билишет. "Ой Доке," деп келишсе эле, терезеден 500 сом, 1000 сомдуктар жаай баштайт" дечү. Мага айына 6 миң берер эле.

– Деги канча айлык аласың? Укмуш көп алат деп айтып жатышпайбы?, – деп сурасам эле:

– Эмне, ачкасыңбы? Жөө жүрүп жатасыңбы? Кийимиң, тамагың жокпу? Тобо де, – дечү.

Канча алаарын жардамчысынан сурасам:

– Өзү айтпаса, мен айта албайм да,– дечү. Кийин көзү өткөндө келди.

– Эй, эми айтчы. Мына эми өзү жок, деги канча алчу эле?, – десем:

– 32 миң.

– Айланайын оой, мага 6 миң эле берчү эле го.

– Албетте, ал таратчу баарына.

– Эгерде сиз Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланып калсаңыз, алгачкы үч айдын аралыгында кандай иштерди бүтүрөөр элеңиз? – деген суроого:

– Андай кызматка шайланып калсам, эң оболу, расмий ант бергенден кийин жаныма жубайым Сонунбүбү Көлбаеваны чакырып келип, аны телевидение аркылуу жакшылап көргөзгүлө деп суранмакмын. Инаугурация залында жана телевидениеден бизди көрүп турган элге: "О, касиеттүү журт, мынабул менин жубайымды саясый аренадан биринчи жана акыркы жолу көрүп атасыңар, буга дейре кандай жашап келсе, ошонусунан кенедей дагы өзгөрбөй жашай берет. Мамлекеттин ишине эч кандай кийлигишпейт. Республиканын кадр тандоо саясатын тейлебейт. Эч кимди ишке койбойт, эч кимди иштен албайт дагы. Эч кандай фонду-сонду, банк-санк, чакан-чукан ишканаларды ачпайт. Ушулардын бироөнө эле аралашканы билинген күнү, мен токтоосуз отставкага кетем" деп айтмакмын.. – деген жайы бар.

Анан жанагинтип :

– Мени балдар лидер болуңуз. Сизди алдыга сүрөйлү десе, каршы болдум, – дегенине “макул боло бер да” дедим да. Ал болсо:

– Жоок, байбиче. Менин жашым бир топко барып калды. Элдин канын мойнума алып, Кудайдын алдына кантип барам, – деп жатпайбы...

– Элдин канын эмнеге өзүңө аласың? – десем, мобуну окусаң деп англиялык политолог Роберт Такердин “Сталин. Путь к власти” деген китебин берди. Ал мындай китептерди Москвага, Ленинградга (Санкт-Петербург) барганда алып келер эле да. Китепте 1918-жылы Лениндин өмүрүнө кол салуу болгондон тарта 1924-жылга чейин ал акылын жоготуп калгандыгы жазылат. Сүрөткө тартканы келишсе деле тилин чыгарып, таптакыр болбой калган экен. А иш жүзүндө өлкөнү аялы Крупская менен жакын соратниги Плеханов башкарып калышыптыр. Ошондо Киров, Молотов, Каганович дегендердин аялдары азыркы биздин саясый элита баштанып, Советтер Союзунун акчасын бөлүп алышып, Швейцария банктарына салышкан экен. Мамлекет кайрып ала албайт. Тигилер өздөрү кайтарбайт. Ошол кезде алардын баарынын аялдары камалып, Сибирге айдалып, мамлекетти башкарып тигилер өздөрү эле жүрүшүптүр. Кийин репрессия башталып, мамлекеттик мүлккө кол салгандар аёосуз атууга кете

баштаганда, тигилер уурдаган акчаларын өздөрү кайтарып беришкен экен. Ошентип, казына кайра толгон тура.

– Байбиче, репрессиянын бир жаман жагы күнөөсүз башка кишилер да курмандыкка чалынып кетиши мүмкүн. Мен андай күнөөнү мойнума ала албайм, – деген эле.

## Чыгармачыл чыйыр жол

1961-жылы Балташ Кайыпов «Алымкан» аттуу телефильмди тартты. Съемка май айынан сентябрга чейин айтылуу Арсланбаб жаңгак токоюда болду. Доорошум Токтогулдун жаш кезин аткарды. Алымкандын ролунда Искра Раимкулова болчу. Ошондон баштап ал жолукканда "Токо" деп учурашар эле.

Менин сагынганымды айтпагыла, үч күндө бир телефонго сүйлөшүүгө чакырам . "Алло" дегенден баштап, сүйлөшүп бүткөнгө чейин ыйлайм.

– Эмне болду? Кыйналдыңбы? – деген суроосуна:

– Качан келесиң? – деп жооп берем. Бир жолу:

– Келе турган жолум татаал. Мотоцикл менен тоодон түшөм, – дегенде беш күндө бир чакырып калдым.

Ар тараптан таланттуу, талыкпаган ишмер болгондуктан, ылдам эле оозго алынып мактала баштады. Көрө албастар, албетте, көп болчу. Доороштун жогорку окуу жайын бүтүргөн диплому жок болгондуктан, университетти бүтүргөн, эптеп арабөк иштеп жүргөндөр ичи күйүп, жумушуна абдан тоскоол кылар эле. Асанбек Токомбаев анда теле жана радио берүү ишканасынын башчысы болчу. Абдан акылман киши эле, тоодой жөлөк болду.

Анткени, Доорошумда жумуштан кечигүү же убагында бүтүрбөй калуу деген болчу эмес. Жумушу бүтпөй калса, студияда бир нече күн түнөп калып, сакалдары өсүп иштейт эле. Тамакты бышырып алып, таза кийимдерин алып барып алмаштырып келчүмүн. Биздин үйдөгү турмуш анын ишине жана көңүлүнө жараша болчу.

Абдан изденип жаңы көрсөтүүлөрдү, балдардын «ШОК» (шайыр окуучулардын клубу) деген кружогун түздү. Ага ошол

кездеги Фрунзе шаарындагы кыргыз тилдүү жалгыз №5 кыргыз мектебинин окуучулары катышчу. Мектептен балдарды кружокко алып, алар менен спектаклдерди коюп, мугалимдери менен жолугуп, сабактарын текшерип, жардам берип турчу. Бир жолу Сокулук районунун Чапаев айылындагы (азыркы Жыламыш айылы) дачабызга бара жатып, Белек айылындагы (жолдогу) дүкөнгө кайрылдык. Доорош сигарет алып чыгып кетти. Дүкөнчү:

– Эже, мен мектепти Асылбаштан бүткөм. Окуп жүргөндө агай келип, бизди телевидениедеги "ШОК" кружогунун бир көрсөтүүсүнө катыштырганы алып барган. Мен ошондо агайга ашык болгон кыздардын биримин, – деп айтканы эсимде.

Кечкисин саат 12ден кийин студия бошогондо, фильм-концерттерди тартчу. Замандаш ырчы, бийчилердин көбүн тартты: Салима Бекмуратова, Кайыргүл Сартбаева, Айсулуу Токомбаева, Чолпонбек Базарбаев, Түгөлбай Казаков, Рыспай Абдыкадыров, Аксуубай Атабаев, Гүлсүн Мамашева, Гүлмайрам Момушева, Зейнеп Шакеева, Чоро Кожомжаровдун "Кызыл гүл" ансамбли.

1965-жылы Ленинградда Кинематография, телевидение жана музыка институнда сырттан окуу бөлүмү ачылып, 1200 абутуриенттин арасынан 55 адам өттү. Мурда сырттан окуу бөлүмү болбогондуктан, ошончо адам келип 110 киши жалаң 5ке тапшыргандыктан, кийинки жылы кирүү экзамени жок ошол 55 адам окуду. Доорош биринчи жылы эле өттү. Баягы тыңсынгандардын жаагы басылды да калды. "Сырттан окугам" десе эле "эптеп септеп бүткөн экен" дешип, "аа" дешсе, дароо дипломун алып келип көргөзөөр эле. Жалаң "5" менен бүткөн. Контролдук иштерин даярдаганда, Чернышевский *(азыркы Касымалы Баялинов атындагы китепкана-ред)* китепканасынан ошол темадагы китептин баарын алып келет эле. "Античная литература" деген сабагынан жалгыз экземплярдагы китепти мага гана берди дечү. Жетишишимче аны менен жарышып, мен да окуп калдым.

# Туугандар сатиралык каарманга айланганда

Доорошумдун эс тутуму укмуш эле. Уккан нерсеси бүтүндөй бойдон жадында кала турган. Анан билинбей бир күнү ал окуялар, уккан-билгени аңгемелеринде сүрөттөлүп чыга келчү. Ар бир аңгемесинде, ырында өз башынан өткөн же жүрөгүн козгогон бир учур бар, айтор.

Биринчи жазган **“Төрт метр чыт”** аңгемесинин өзөгү да ушул өзүбүздүн баштан өткөн окуядан алынган. Жаңы үйлөнгөнүбүздөгү төрт метр чыт кийит болуп айланып жүрүп, бир жарым жылдан кийин кайра өзүбүзгө кайтып келген эле. Ошондо абдан күлүп, аңгеме жазган эле.

Кийинки **“Тууган таптым”** деген аңгемеси болсо, өзүнүн эле авасына арналган. Биз үйлөнгөндө аталаш авасын кайненем түлөө өткөрүп чакырса, келбептир. Анда кайненем “Ушул баланы биз үйлөнтүп, үй салып, биз бөлгөн элек” деп кейиген эле. Кийин биз очор-бачар үй-бүлө күтүп, турмушубуз оңолуп, Доорош режиссер болуп иштеп турганда, ал авасы өз баласын, баласынын досторун “Окууга өткөр” деп уялбай эле алып келген болчу.

**“Кара мышык”** аңгемеси болсо, кошунабыз Мустафага арналган. Ал күндүр-түндүр “Кара мышык” (“Черный кот”) деген пластинкасын коюп, тынчыбызды ала турган.

Менин улуу эжем университетте сырттан окуйт эле. Анан ал сессиясын тапшырганы келгенде, биздикинде турчу. Ошондой күндөрдүн биринде бир туугандардын карындашынын кайнатасы астыга түшүп, калыңын алып келип калды. Ошентип, эки тарап алынып келинген калыңды “ал” деп бири-бирине ыргытып жатышкан. Куда бир аз кыйды киши экен, акчаны билдирбей кайра өзү алып кетиптир. Аларды узаткандан кийин караса эле акча жок. Эжем бир күнү:

– Ушинтип баягы акча жок. Эми туугандар ошол жерде болгондордун баарын чакырып, кан карматып каргантат экен,– деп келди. Доорош аны дароо илип алып:

– Милиция менен ит алып барабыз. Ит кимди тиштесе, ошо гөлөйт, – дейт камырабай.

Эжем бала кыял, ишенчээк жан эле.

– Сокин экөөбүз алган жокпуз, – дейт коркуп. Доорош болсо андан бетер күчөп мага:

– Конок десе эле ээликмейиң бар. Эми акча төлөй турган болдук, – дейт. Эжекем:

– Сокин менин жанымда эле отурган, алган жок, – деп жанталашат.

Эч кимди кан карматпай эле кийин акча кудасынан табылды. Анын алганын көргөндөр бар экен. Бул окуяны Доорош **"Жыргап келдик"** деген аңгемесинде сүрөттөгөнүн кийин билдим.

Жакындарыма "Доороштун көзүнчө абайлап сүйлөгүлө. Болбосо, бир күнү бир сатиралык аңгеменин персонажы болуп чыга келесиңер" деп көп айтчумун.

2004-жылы 4-октябрда Доорош ууланганда, асылымдын ден-соолугун кантип кайтарып алам деп кудайдан тилеп, беш убак Намаз окуп калгам. "Эч качан каяша айтпайм" деп убада да кылдым. Кийинки кездерде сиркеси суу көтөрбөй, чучугуңа жеткире жемелей баштады. Бир күнү ашканадан кайтып келип:

– Кой ручканды. Мен чыдабай баратам. Ашыкча болуп кетти. Мен сенден мурда өлсөм экен. Бирок, сенин жүдөп жүргөнүңдү көрсөм экен, жаныңды жеп баратасың да, – десем, ручкасын коё калып:

– Көп болуп кеттиби, ээ? Кампир, мени антип каргаба. Мен сенсиз жашай албайм, – дей салды. Дегеле ручкасын койчу эмес. Акылман эле да, ошондон кийин көп жемелебей калды. Чындыгында, өз алдынча бир мүнөт да тиричилик өткөрө алчу эмес. Эсимде, бир жолу "Чыкеме (Чыңгыз Айтматов) жолугуп келдим" деп калды. Карасам бутуна экөө эки бөлөк сүрөттүү байпак кийип алыптыр.

– Ай, мунуң эмнең? – деп көрсөтсөм:

– Ии, ошо, эмне эле Чыкем улам-улам бутумду карайт дейм да, – деп коёт.

Көзү өткөндөн кийин Кадыралы Конкобаевдин кеңеши менен кол жазмаларын карап жатсам, **"Ажал жана абышка"** деген киноповесть жазып коюптур. Анын окуясы кемпиринен ажырап калган, өзүнө окшоп үй оокатын такыр билбеген абышканын башына түшкөн шору экен.

# Көп кырдуу талант, чарбакер кожоюн

Ал жөн эле таланттуу режиссер, акын, артист, диктор, публицист, тайманбас депутат, ак ниет адам эле эмес, колунан баары келген уста киши болчу. Эч качан бекер отурчу эмес. Качан болбосун же үтүктү, машинасын, электр точкаларын оңдоп, электр узарткычтарды (удлинитель) жасап, бычак курчутуп, бактарды сугарып, айтор, бош отурган учуру аз болчу. Эр киши жасай турган жумуштун баары колунан келет эле. Неберебиз Шерболоттун жыртылган китептерин скотч менен жамап, бузулган оюнчуктарын оңдоп, жаны тынчу эмес. Ошол каргашалуу 27-май күнү (2008-жылы) дагы узарткычтарды (удлинитель) жасап отуруптур.

– Мынча узарткычтарды эмне кереги бар? – десем:

– Зарылбекке он жолу айтканда жасайт, ошон үчүн көп кылып жасап коёюн, – деген эле...

Бирок, ашканага таптакыр аралашчу эмес. Курбу келиндер сүйлөшүп отуруп калсак:

– Жолдошуң оштук эмеспи, тамак-ашты жакшы жасаса керек, – дешер эле. Мен:

– Тамак-аш жасамак тургай, ашканага келип даяр тамакты жебейт. Бул жак тамак жыттанат дейт. Отурган жерине алып келип берем. Анткени, мунун жети атасы бай өткөн. Бул мырза, – десем таң калышкан.

Анан менин күзгүнү аябай жакшы көрөрүмдү билчү. Үйдө, дачада деле көрүнгөн жерде күзгү илип, орното берчү. Абышкамдан калган эстелик деп, азыр да барып көрүнөм.

– Эгерде көчөнүн баары күзгү болсо, сен бир жагың менен ошону гана карап басмаксың, – дээр эле.

Кино тартканда бөлүнгөн акчасы дайыма аз болгондуктан, кинолорун жокчулуктун азабын тартып жүрүп тартчу. 1965-жылы **"Жалгыз арчасын"** тасма тартуучу тобун (съемочная группа) Кегетиге алып барып тартты. Студиядагы кайсы бир көрсөтүү даярдоодо, күнүмдүк телеберүүлөр бүткөндөн кийин, ар кандай декорацияларды картондон жасап алып тартаар эле.

1972-75-жылдар аралыгында өзүнүн замандаштары **Салима** Бекмуратова, Кайыргүл Сартбаева, Айсулуу Токомбаева,

Чолпонбек Базарбаев, Түгөлбай Казаков,Рыспай Абдыкадыров, Аксуубай Атабаев, Гүлсүн Мамашева, Гүлмайрам Момушева, Зейнеп Шакеева, Чоро Кожомжаровдун "Кызыл гүл" ансамбли тууралуу фильм-концерттерди тартты .

Б. Кайыпов өзүн киного тарта турган болуп, Гуара деген 4-5 жашар кызды "өзүңө үйрөт" деген экен. Бала бакчадан алып, мамасы менен тоого алып барып көндүргөн экен. Дал кинодогу окуя болуптур. Бир күнү бакчадан үйүнө алып барса:

– Сен менин папам болом дебедиң беле. Биз менен жашайсың, – деп чатак кылыптыр. Абдан капа болуп үйгө айтып келди. Ролдон айнып, кино да тартылбай калды. Ал убакта биздин балабыз жок болчу. Мен дагы кызга абдан боорум ооруду.

– Доорош, ошол кызга барып папа болуп алсаңчы, – десем:

– Жиндисиңби? Биздин өзүбүздүн эле бала болот, – деп койду. Жүрөгүндө абдан из калган экен.

1973-жылы **"Кнопка"** деген тасмасы өзүнүн ангемесинин негизинде тартылган. Кинону баягы эле акчанын тартыштыгынан биздин үйдө тарткан. Анда тун кызыбыз Алымкан алты айлык наристе болчу. Кайненем оору, кызым кичинекей.

Кинону Москвага барып тапшырат эле.

– Бир гана эскертүү болду, – деди, – "Почему такая бедная квартира?"– дешсе, – «Это моя квартира», – деп жооп берсем, унчукпай калышты, – дейт.

Ошол эле жылы **"Земля отцов"** тартылды.

Андан кийин 1976-жылы "Лето Эмилбека", 1979-жылы "Сколько живет тополь?", **"Түркүн тагдырлар"** Сокулук районундагы Чапаев айылында жана "Ойтабылгы" жайлоосунда тартылган.

1981-жылы Чыңгыз Айтматовдун "Свидание с сыном" аңгемесинин негизинде **"Арман"** тасмасы тартылды. Анда согуштан кайтпай калган жалгыз баласынын түйшүгүндө жүргөн ата тууралуу айтылат. Фильм Аламүдүн районунун Стрельников айылында *(азыркы Арашан айылы – ред)*, Чуңкурчак жайлоосунда тартылган. Анын премьерасы "Ала-Тоо" кинотеатрында болгондо, Чыңгыз Төрөкулович сүйлөгөн сөзүндө абдан ыраазы болуп:

– Мен бул чыгарманы өзүмдүкү дегенден уялып турам. Дооронбектин эмгеги чоң, – деген эле.

1983-жылы Тажикстандын Жерге-Тал районундагы кыргыздар тууралуу **“Пуп земли”** тартылды. Зарылбек экөөбүздү кошо ала барган ал жакка. Өгөй баладай чек аранын ары жагында калган кыргыздардын бир тобу Тажикстанда граждандык согуш чыкканда, Кыргызстанга качып киришкен. Биз барган айылдын мектеп директору кийин үйгө келген. Ал төрт машина картошка сатып, чек арадан өтүп келгенин айткан эле. Кийин ага Доорош паспорт алганга жардам бергенин айткан жайы бар.

Кийин ошол эле Тажикстандын Мургаб районундагы кыргыздар тууралуу **“Гений моего народа”** тасмасын жаратты. Муну тартканы барганда СССР кези. Биздин чек арачылардын башчысы казак жигит экен. Сүйлөшүп отуруп, ал Тажикстандагы кыргыздарга караганда, чек аранын ар жагындагы Афганистандагы кыргыздардын турмушу абдан да оор экенин айтат:

– Булар эч нерсе эмес: медицина, билим берүү бар. Анык оор жашоо кечиришкен кыргыздар ар жагында. Кааласаң көрсөтөм.

Ошону менен чек арачы менен макулдашып, алардын оор жашоосун көргөн Доорош келээри менен “эч болбосо жардам алып баралы” деп бийликтегилерге кайрылып, кирбеген эшиги калган эмес. Турмуштары эң начар, мектеп, оорукана деген чын эле жок экен да. Ошентип, өкмөттөн уруксат алып, ун, керосин, тамак-аш, кийим-кече жүктөлгөн эки автолавка жардам алып барып, **“Карыптарды” (Обреченные”)** тартып келди. Негизинен топоз багуу менен алектенген, Кыргызстанга келсек дегенде эки көзү төрт болгон, аялдар абдан аз, афгандыктар анда-санда баңги затты топозго алмашып турган, дүйнөдө эмне болуп жатат эч иштери жок, радио-теле дегенди такыр билбеген, караңгы турмуш кечиришкен кыргыздардын жашоосу сүрөттөлгөн фильм болгон эле.

Съемка 5 миң метр бийиктикте болгондуктан, мен бара албай калгам.

– Тоонун башында болгондуктан, эртең менен аскан эт кечинде араң бышат экен. Кырк жашында эле карып, тиштери

түшүп калышат экен. "Биз да доктурга көрүнгүбүз келет. Бизди алып кет, чоңуум" деп жүгүнүп жалдырашат, – деп келген.

Чындыгында, алардын ушунчалык билимсиз, артта калганын айтып отурса, чыдап угуу кыйын. Гумжардамдын ичинде аялдардын ич кийимин бир эркек көзүнө жакшы көрүнгөнбү куруна тегеретип тагып алган имиш. Анын эмне экенин билбейт тура. Өзү менен чогуу алпарган оператору Айбек Жангазиев кызык кадр болот деп тартканы жатыптыр.

– Кокууй, кой. Тартпа. Дүйнө жүзүнө уят болбойбузбу? Бу кыргыздар ушундай маң, караңгы экен дешпейби? – деп тарттырбаган экен.

Бири керосинди чыны менен улам ташып жаткан имиш.

– Ай, бери келчи. Муну кайда эле ташып жатасың?, – десе:

– Азыр ташып алайын. Анан тигилердики жок болгондо, баарын чогултуп алам, – дептир.

– Кана, көрсөтчү, каерге чогултуп жатасың? – деп кызыкса, арыраак барып эки таштын коңулун көрсөткөн тура. Ушунчалык караңгы болбосо не...Аялдар аз. Аткени эне менен баланын өлүмү жогору. Аял-эркек дебей, топозго алмашкан нашааны чегишет экен. Алардын жашоосу ушу кезге чейин деле өзгөргөн жок. Афганистандагы согуштан улам кайра андан да жаман болуп кеткенин угуп эле жүрбөйбүзбү...

1984-жылы **"Махабат дастаны"** Базар-Коргон районунун Кызыл-Үңкүр айылында жана Арсланбабда тартылды. Акча аябай аз бөлүнгөндүктөн, Базар-Коргон жана Ленин *(азыркы Ноокен – ред.)* райондорунун жардамы көп болгон. Массовкага тартылгандарга жана боз үйлөр үчүн символикалуу түрдө гана акы төлөнгөн эле. Аны тартууга дээрлик бир жыл даярданган. Ырлардын сөзүн жазууга акындарга конкурс жарыялап, өзү да жазып, обондору үчүн 75 обончуга конкурс жарыялаган эле.

Кийин 1987-жылы ошол эле Чыңгыз Айтматовдун "Кыямат" романынын үзүндүсүнүн негизинде **"Акбаранын көз жашы"** аттуу эки сериялуу көркөм тасма тартылды. Съемка Алай районунун Жошолу айылында, Кичи-Алай жана Чоң-Алай райондорунун жайлоолорунда тартылды.

Башкы ролго комузда айтыша билген киши керек эле. Азыр комуз кармаган жаштар көп. Ал кезде андайлар бирин-экин эле эмес беле. Эстебес Турсуналиевди алайын десе, ал – абдан эле

улгайган, анан толук киши. Анан Тууганбай Абдиевди "Аткарасың, таеке!" деп эле көндүргөн. Ал экөө бирин-бири таеке-жээн дешер эле. Антсе да тасмадагы Раймалынын ырларын Эстеке аткарган. Доорош:

– Бегимайды карап сүйүүңдү билдирип ырда, – десе ал киши уялып:

– Кызымдан да кичүү кызга кантип сүйүп карайм, – деп такыр болбойт. Анан Абдил хандын 4-аялын аткарып, массовкада жүргөн келин бар болчу.

– Анда мобуну карап ырда, – десе макул болгон эптеп. Ыйманды карабайсыңарбы. Аябай абийири таза киши эле да. Экинчи аял, токол алып ийиш деген жок болчу ал кезде.

Съемка талаасында Доорош өзүнчө хан, кудай эле. Кээ бир артисттер тасманын жарымына чейин тартылып, анан режиссердун мойнуна минип алма мүнөзү бар болот. Доорош болсо антип тайраңдагандарга:

– Мага баары бир. Сценарий өзүмдүкү, каерин кантип өзгөртсөм өзүм билем. Керек болсо жарымынан сенин каарманыңды аскадан кулатып өлтүрүп коём да, андан ары улантып тарта берем, – дечү.

"Махабат дастанында" Болот Бейшеналиевдин каарманы Жалман кары "Манас" айта турган жери бар. Доорош эртең менен:

– Ме, мобуну жаттап тур, – деп бир үзүндүсүн таштап, бир маселени чечип келмекке райборборго кетти. Мен карап отурам, ал кечке жатты чалкалап. "Бул эмне жаттабайт? Жаңжал чыкпаса экен эми кечинде" деп чыйпылыктайм. Айтайын дейм. Бирок, "сенин ишиң эмне?" десе, эмне кылам деп корком. Ошентип кеч болду. Килейген жарык берүүчү аппараттарын орнотуп, тартып баштаса тиги:

– Мен жаттаган жокмун. Азыр оозумду кыймылдатып эле турайын. Кийин текстин кагаздан карап окуп коём, – дейт. Директор Орозбек Кутманалиев эле. Жини келип:

– Эртең менен самолетко салып, учуруп жибер, кереги жок, – деп кесе айткан. Ушундай, артисттердин кежирлигин көтөрчү эмес.

**Гүласал Садырбаева**

# МЕКТЕПТЕГИ МУГАЛИМДЕРДИН АКСАКАЛЫ БОЛСОМ ДА, АКЕМ МЕНИ "АСАЛ" ДЕП ЭРКЕЛЕТИП ТУРАР ЭЛЕ

"Акем тоом эле. "Кыргыз" десе жанын берген патриот эле, туугандар үчүн колунда барын да, жогун да таап берер таянар тиреги эле"... Жогорку Кеңештин депутаты Гүласал Садырбаева бир тууган агасын эскерип, өмүр жолундагы эстен кеткис жаркын көз ирмемдерин айтып бүтө албай отурду.

**"Көзөмөл"...**

Оппозициялык күчтөр, алардын ичинде тууган-туушкандары да дайыма бийликтегилердин көзөмөлүндө турар эле. Биз бул тизмеден тыш эмес болдук. Айрыкча мени башкача "кайтарышар" эле. "Кандай реакция жасайт, агасынын эл менен жолугушуусуна барабы, барбайбы? Барса, чыгып сүйлөйбү, сүйлөсө, эмне деп сүйлөйт? Элди үндөйбү?" дешип. Анткени, мен ал учурда мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп тургам. Кийин ошол мектептин директорлугуна көрсөтүштү. Бирок, өзүм бүт өмүрүмдү арнап, дилимди берип нөлдөн баштаган мектепке койбой, башка айылдагы мектепке барсын дешти. Мен мындай сунушту кабыл албай, жөнөкөй эле мугалим болуп иштеп калууну эп көрдүм. Канчалык кайсы бир ишти алып кетүүгө мүмкүнчүлүгүбүз, дараметибиз жетпесин, бизди эч качан жолотпой, керек болсо кызматтан четтетүүгө аракет дайыма болор эле. Кандай учур болбосун, райондук бийлик өкүлдөрүнөн тарта, тартип коргоо органдарына чейин шайлоо өнөктүгү учурунда үйдү тегеректеп кайтарып калышар эле. Бир жолу Ноокендин бир айылындагы эл менен жолугушууга барбай калдым. Эч нерсе оюмда жок, неберемди көтөрүп короодон чыксам, үйдүн тушунда машинеде райондун

ички иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары бир милиционер менен отурат. Мени көрүп эле сүйүнүп кетишти: "Ой, Гүласал эже. Кудайга шүгүр, үйдө экенсиз" дешет. Негизи, райондук деңгээлдеги бийликтегилер дээринде Садырбаевдин пикирин тымызын колдошор эле. Болгону жогор жактан кысым аларды тынч отургузбайт эле деп ойлойм. Анткени, акеме түз, тике карап бири да каршылык көрсөтүшүп, тыюу сала алышкан эмес. Кийин көзү өткөндөн кийин "Ата Мекен" партиясы шайлоочулар менен жолугушуу өткөрүп калды. Ошондо мени районго чакырып, "сиз барбашыңыз керек" деп талап коюшту. Мен ачык эле каяша айттым:

– Акем көзү тирүүсүндө унчукпачу элеңер. Эми дүйнө салды, көзү жок, болуша турган кишиси жок деп кордогонуңарбы бул? Мен акем көзү тирүүсүндө алар менен чогуу жүргөм, барбай коё албайм, барам".

– Мейли, анда барыңыз, бирок сүйлөбөңүз, – деди. Бир бууган үчүн эч нерседен кайра тартпайт элек да. Мен ошол жыйналышка бараарым менен артыман аким өзү жетип барыптыр, мен чыгып сүйлөдүм.

**Атаандаш аталаштар**

2005-жылкы парламенттик шайлоо элдин эсинде өзгөчө калды десем болот. Анткени, бийлик акеме каршы аталаш тууганыбыз, ага чейин Эл өкүлдөр жыйынында депутат болуп жүргөн Жеңишбек Эшенкуловду атаандаш кылып чыгарышты. Биздин атабыз Садырбай менен Эшенкул бир туугандар. Ошентип, туугандар атаандашып калышты. Күрөш күчөдү. Бир өзбектер көп жашаган айылга Жеңишбек Өзбекстандын ырчыларын алып келиптир эл менен жолугушууга. Анан мен айттым: "Эмне үчүн Өзбекстандын артисттери Эшенкуловго үгүт жүргүзсө болот да, өзүбүздүн аксылыктар Садырбаевге колдоо көргөзүп, үгүт айтса болбойт?" деп. Аны алар "Садырбаевдин карындашы өзбектер Ташкентке көчүп кетсин деди" деп элге калп сөз таратышкан. Акемдин маанайы түшүп калганын дароо эле байкадым. Өзү да мени көрө калып, дароо сурады. Болгонун болгондой айтканымда, "Ии, эч нерсе эмес. Туура эле айткан турбайсыңбы?" деп кабагы ачыла түштү. Бир топ добушубузду уурдаттык. Эшенкулов үчүн башка талапкерлердин добуштары да салынып кетти. Ошондой болсо

да жеңишке жетиштик. Акем тогуз жолдун тоому, Ноокендин баардык айылдарына бирдей аралыктагы чоң жолдун боюнча боз үй тигип, штаб уюштуруп койду. Добушун уурдаткан эл өздөрү агылып келе башташты. Аларды эч ким чакырган эмес. Кыргызстанда стратегиялык чоң жолду тосуп, өзүнүн конституциялык укугун коргошту. 2005-жылдагы революциянын башаты ошол Ноокенден башталган. Ал тууганыбыз өлкө башчысы өзү колдоп жаткандан кийин өтүп кетем деп ойлосо керек.

Мындан мурун Камбаралы Конгантиев менен атаандаш болуп чыккан. Ал киши барган жеринде:

– Артист эмнени билмек эле. Мыйзам чыгаруу үчүн юристтер керек. Ошон үчүн жакшы юрист керек десеңер мени шайлагыла, жок артист керек десеңер, Садырбаевди шайлагыла, – дечү барган жеринде. Акем болсо, эч качан атаандаштарын жамандаган эмес. Тек гана Конгантиевдин жанагындай сөзүнө жооп кылып:

– Мени шайлагыла деп айтпайм. Ушундан арткан добушуңарды берип койсоңор болот мага, – деп айтчу. Менин оюмча, акем ушундай бийик адамдык сапаттары менен эле көпчүлүк элдин симпатиясына ээ болсо керек.

**Жанда жок боорукер жан эле...**

Акем өтө жөнөкөй эле. Анын атын алыстан угуп, Садырбаев менен кантип жолугуп, кандай сүйлөшөм дегендер бир сүйлөшкөндөн кийин жөнөкөйлүгүнө таң берээр эле. Эгерде көчө-белден бир ооруусу, кандайдыр бир майып жери бар экенин билип калса, жаны калбай, колунда болгонун тең бөлүп жардамын берет эле. Көрсө биздин атабыз ошондой кайрымдуу киши болгон экен. Башкарма, кийин эсепчи болуп иштеп жүрүп, көргөн-билген жетим-жесирлерди үйүнө алып келип бакчу экен. Алар кийин жетилгенде деле биз менен мамилесин үзбөй, жылуу катышта жүрдүк. Чоң эжемдер, апамдар айтып калар эле. Акем кичинесинде эле дүкөндөн конфет алып калса, тегерегиндегилерге таратып салчу экен.

**“Асал” деп эркелетип турар эле...**

Мени мектептин аксакал мугалими деп коллективде кадырлашат эле жаштар. Анан акем бир жылы биздин мектепке компьютер алып барып калды. Аны тапшыруу аземинде улам

жаныма келип, "Асал, мобуну мындай кылалыбы, тигиндей кылалыбы" деп турса, жанагы жаш мугалимдердин бары таң калышкан. "Биз сизди Гүласал эже аксакал деп жүрсөк, акеңизге сиз дале кичинекей карындашы турбайсызбы?" деп таң калышкан жайы бар.

Ошондой эркелеткени менен, талапты да катуу коё билчү. Анткени, "Башыңарда болсо келгиле окууга. Мен силер үчүн "мобу тууганымды карап, көтөрмөлөп койчу, башында жок эле. Жардам бер" деп эч кимге кайрылбайм" дечү. Ошон үчүн баарыбыз өз күчүбүз, акылыбыз менен тырмышып жүрүп окудук.

**Жылына жаңы калпак кийген Ленин**

Укмуш юморду сүйгөн жан эле. Бир тууган инибиз Кубаныч райондо акимчиликте иштечү. Бул жактан үйгө бара жатканда, анын жумушу жолдун боюнда. Бир жолу өтүп баратып, инимдин жумушуна кирип сүйлөшүп отуруп, кабинетинен Лениндин бюстун көрө калат. Анан "Мобу Лениндин сага кереги барбы, жокпу? Кереги жок болсо мага бер" деп сураптыр. Эч нерсе капарында жок иним бере калат. Аны машинесинин арткы орундугуна коюп, башына өзүнүн калпагын кийгизип алып, айылды көздөй жолун улап баратса, жолдон Өзбекстандын МАИчиси текшермекке жол тосуптур.

– Кайда баратасыздар?, – деген суроосуна:

– Билбейм, кожоюн билет, – деп, арт жагына жаңсап коёт имиш. Тиги да түшүнүп-түшүнбөй акырын машиненин артын карап, калпакчан Ленинди көрүп боору эзилген экен. – Ой боой, аке. Ушундай да тамашакөй болосузбу? Өтүңүз, өтө бериңиз, – деп коё берген экен текшербей эле.

Анан ошол бюстту Бишкекке ала келип, Чоң-Арыктагы үйүнө тапчандын жогор жагына текче жасатып, өзү отурган ордунун маңдайына калпак кийгизип коюп койгон эле. Баягы ак калпак кышы менен Лениндин башында туруп кирдеп калганынан, жеңем аны жууп жайып койсо, калпак бырышып калыптыр. Ошентсе да таза болду деп кийгизип коюптур кайра. Аны көргөн акем:

– Бул эмне деген маскарачылык (издевательство)? Бырыш калпак кийгизгениң эмнең, я?, деп урушканынан жеңем коркуп кетип, жапжаңы калпак алып чыгып кийгизип, көңүлүн

жайгарган экен. Эми жеңем, акемдин көзү өтсө да, ошол салтын бузбайт, жылына Ленинге кыш чыгары менен жаңы калпак кийгизет.

Дагы бир окуя. Акем бир жылдары диктор болуп да иштеп калган. Алар даярдап берген текстти эле окушат эмеспи. Анан бир күнү текстти окуп жатып:

– Койдун жүзүнөн 150 козу, ар биринен 4 килограммдан жүн алынды, – деген текстти окуптур. Анан ошол замат "Кантип 4 эле килограмм болсун, бул аз да" деп ойлонуптур да "Кечиресиздер, ар биринен 40 килограммдан жүн алынды" деп оңдой койгон тура. Кийин өзү көпкө чейин айтып күлдүрүп жүрдү.

**Тууган издеген санжырачы акем...**

Мен 2 жашта, иним 7 айлык наристе бойдон калганбыз атабыздан. Ошон үчүн дайыма эсибизге салып, атабыз тууралуу, мени атам кандай эркелетчү баарын айтып берип турчу. Эсинде болсун деген го. Жети атабыздын баарын бала-чакасы менен тизмектеп, биздин тукумду аты-жөнүн бүтүндөй жазып калтырды.

Биздин уруубуз Мундуз. Анын ичинде Ожурайларбыз. Кайсы жерге барбасын сүрүштүрүп, тууган тапса, жаш баладай сүйүнүп келер эле. Аксы районунун Кош-Дөбө айылында Ожурайлардын бүтүндөй бир тобу жашайт экен. Аларды тапканда, конокко чакырып, катышып турчу. Кийин көзү өткөндө, Кыргызстандан туш тарабынан тапкан туугандарынын баары келишти.

Ырысбү Садырбаева

# ДООРОНБЕК ТӨРӨЛГӨНДӨ, АТАМ ТОГУЗ КҮН ТОЙ БЕРГЕН

Ушу тапта сексен төрт жашка таяган Дооронбек Садырбаевдин көзү тирүү жалгыз эжеси Ырысбү апаны сөзгө тарттык. Өз кезегинде заманынын талабына жараша орто билим алган, кийинчерээк Майлуу-Суу шаарындагы фабрикалардын биринде көп жыл эмгектенип, атүгүл бир нече жолу шаардык кеңештин депутаты да болуп жүргөн апа сүйлөп жатып ыңгайы келсе, орусча аралаштырып да коёт экен. Анан калса, бүгүнкү жаңылыктарды калтырбай көрүп, гезит окуурун сүйлөгөн сөзүнөн, учурда болуп жаткан окуяларга берген баасынан эле билүүгө болот. Бирок, жүрөгүндө "чырактай үкасинин" күйүтү дагы эле өчпөгөнүн, атын атап эле токтоно албай ыйлап, андан улам дем ала албай кыйналып калып жаткандыгынан эле байкаса болот...

**Берешен үкам...**

Дооронбек беш кыздан кийин төрөлгөн эркек бала болгон. Беш кыздын үчөө кичинекейинде эле чарчап калып, эки кыз калганбыз. Атам ал кезде колхоздун конторунда иштейт эле. Убагында диний билим алып, кийин колхоз-совхоз уюшулганда эсепчиликке окуган экен. Кубанычында чек жок атам ошондо "Алтынчы балам араң эркек бала болду" деп, тогуз күн элге той берген.

Дооронбекти кичинесинен желкемден түшүрбөй көтөрүп чоңойттум. "Бас" деген жагына басчумун. Айткан жагына баспасам, желкемди тиштеп алар эле. Атабыздын конторун "Москва" дечү. "Москвага барабыз" дедиби, атамдын ишин көздөй көтөрүп жөнөчүмүн. Жолдо дүкөндө аталаш авабыз иштей турган. Апам Дооронбекке кичинекей калпак тигип

кийгизип койчу. Ошол калпагына дүкөнчү авабыз толтуруп кагазга оролгон момпосуй салып берет. Жол катар көңүлү жактырган балдарга таратып берет. Үйгө келгенде момпосуй калса калды, калбаса "кана" деп башка сурачу эмес. Конторго барсак, "Дооронбек келди" дешип, терезеден эле биринен-бири алып көтөрүшөр эле.

Наристе кезиндеги берешендиги кийин деле калган жок. Кийимин деле, оокатын деле, акчасын да өзүнүн эртеңкисин ойлонбой, муктаж болгон бирөөнү көрүп турса, таратып жиберер эле. Ошол адаты чоң киши болгондо да калбаптыр. Алтымыш жылдык юбилей тоюнда 60-70 тебетей түштү. Аны иниси Кубаныч "дүкөн ачып сатат акем эми баарын" деп тамашалап жаткан. Тойдун эртеси чай кайнаткан, эт бышырган, эми койчу кызмат кылгандын баарына таратып жиберген.

**Жыгылганга болушчу...**

Мектепте эң жакшы окуду. Аябай тентек эле, бирок эки бала мушташып жатса, сөзсүз жеңилип бараткынына болушчу. Ушундай бир боорукерлиги бар эле да. Анан да зым, шнурларды бири-бирине улаштырып, бир үйдөн экинчи үйгө телефон жасап, дагы бирдемелерди курап-сурап чукулана берчү адаты да бар эле. Эмне жаңы оюнчук сатып бербесин, үйгө алып келери менен сөзсүз бузат эле, анан кайра өзү билгендей башкача бирдеме жасап кирчү. Бир күнү атам велосипед сатып келип берди. Аны да бир саамда бөлөк-салак кылып бузуп, тетиктерин өз-өзүнчө коюп жатканын көргөн апам:

– Бул эмне кылганың, балам? Жапжаңы буюмду бузуп эмне кыласың? – десе:

– Завод туура эмес жасап коюптур, башынан өзүм оңдоп жасайм, – дейт камырабай. Эч кимибиз унчуккан жокпуз. Унчуга алчу да эмеспиз. Анткени, жинине тийген кишиден баары бир өчүн алар эле.

**"Наатимди таап бергиле!"**

Анан да мунун буюмдарына тийгенге болбойт эле. Койгон нерсеси ордунан жылып кетсе, ошол күнү тынччылык жок дей бер. Аны билген атам Дооронбектин буюмдары бизден оолак болсун деп, атайы стол жасатып келип берген. Бир күнү Дооронбек бир чоң ак кагазга өзү "Наати" деп атаган трактордун сүрөтүн тартып, столдун үстүнө коюп коюптур.

Анан мага от тамызарга кичине кагаз керек болуп, тиги сүрөтүн байкабай эле кагаздын жарымын жыртып алгам. Ошондо салган жаңжалын көрүп ал анан. "Наатимди таап бергиле!" деп жанды койгон жок. Же анысын ордуна коё алсакчы. Ошондон кийин кичине эле жинине тийсек, "Наатимди тап!" деп, жаңыдан жаңжал салып коркута берчү.

Ошончо тентектиги болсо да, биз бир ооз катуу сүйлөбөдүк, ал да кийин деле бизге катуу айтып көңүл калтырган жок. Бала кезиндеги тентектигинен ар кандай балдар коркутар эле да. Кийин Сонунбүбүнү алып келгенде атайы айттым:

– Мен сага ишенчү эмесмин. Тентектигиңден камалып кетер бекен деп коркоор элем. Эстүү-баштуу келинчек алыптыр, эми ушул кармап калат деп көңүлүм ток, – десем:

– Хы, мени ушул кармап калган имиш, – деп намыстанып, бир чети тамашалап чычалаганы эсимде.

Айта кетчү жагы Дооронбек өмүр бою арак ичпеди, хулигандык кылып, милийсага түшпөдү. Шаарга окууга барам деди. Биздин үй-бүлөдө эч ким барган жок. Муну жөнөттүк. Мединститутту 4-курсунан таштап, Ленинградга киночулукка окуп кетти. Ага деле "макул" дедик. Анан атабыздан эрте ажырап, эми-эми жетилип, үзүрүн берээр куракка келгенде, апабыз да эрте эле 65 жашында кете берди. Андан араң көз жашыбыз кургаганда, минтип Дооронбек сыздатып кетпедиби...

**Мындан ары Ырысбү апаны сүйлөтүү, адамды атайылап кыйноого салууга тете экенин түшүндүм. Ансыз да буга чейин 2-3 жолу эс алдырып, араң сүйлөтүп жатканбыз. Акыркы дем менен кошогун бир аз айттырып калдык:**

Айлыбыз Апыртан деген жер болот
Ошо Апыртан деген жериме,
Кагылайынаралдым,
Сен келдиң эле жорголоп.
Асмандагы айдайым
Бу кылган ишиң кандайың?
Адыр ай адыр жерлерге
Арпа бир сепсең өнбөйбү?

Арманың айтып отурбай
Ошо мен эжең эле өлбөйбү?
Будур бир будур жерлерге
Буудай бир сепсең өнбөйбү?
Муңуңду тартып отурбай
Ой, мен эжең эле өлбөйбү?
Өйдөгө чыксам өбөгүм
Ылдый түшсөм жөлөгүм.
Сүйлөбөсөм маңдайым
Сүйлөгөндө таңдайым
Бул ишиң сенин кандайың?
Чекенде допуң боз эле
Сага чын ысык дос эле
Сен боз топурак болду барышың
Чечен да сага дос эле.
Дооронбек өтүп кетти деп
Кантип айтат кандуу сөз.

**Тажикан Байзакова**

# ДӨӨРОНБЕК "КОЙ!" ДЕП ТЫЙГАНДЫ СҮЙБӨГОН БАЛА ЭЛЕ

Жашы сексен бешти таяганына карабай, Тажикан апа дале күүлүү-күчтүү бойдон экен. Сүйлөгөн сөзү ордунда, басканы тың, акылы тетик. Башканы кой "мурда жөн эле 5 убак намазга жыгылып жүргөн болсом, ушу тапта Мукамбет пайгамбар тууралуу кыргызча чыккан китептердин бирин калтырбай окуп, Исламды, пайгамбарлар тарыхын таанып жатам" десе таң калбай коюуга болбойт. Төмөндө Дооронбек Садырбаевдин аталаш эжеси, өзүнүн сөзүндө "бүтүндөй тууган-урук кебин эки кылбаган уруунун аксакалы" Тажикан Байзакованын "сыя калам уричке колуна жарашкан үкаси Докон" тууралуу эскерген баяны.

**Атанын керээзи**

Мен Дооронбектин аталаш эжеси болом. Биздин чоң атабыздын аты Балтабай. Балтабай Тилекенин кичи аялынан. Тилекенин эки аялы болгон экен: Ак катынынан (чоң) тарагандар көп, кара катындан (кичи) аз бала тараган. Балтабайдан Назике, Жүзүке, Нурали, Үмөтали, Мамбетали болгон. Үмөтали калпа болгон. Андан Сайранбай, Садырбай деген эки уул тараган, кыз болгон эмес. Садырбайдан Ырысбү, Саламат, Дооронбек, Гүласал, Чынара, Кубаныч. Мамбетали баласы жок өтүп кеткен. Нуралиден Байгазы, андан мен. Жүзүкеден бала жок болгондуктан, Кубанычтын *(Кубаныч Садырбаев, Докенин бир тууган жалгыз иниси – ред.)* кызына анын атын бергенбиз. Менин небереме атам Байгазынын ысмын бердик. Ал эми Ырысбүнүн бир небересинин аты Сайранбай. Кыргыздын салты боюнча баласыз өткөн аталарыбыздын атын ушинтип неберелерге ыйгардык.

Дооронбек атасынан жаш калган. Кичинекейимде акемди *(Садырбайды – ред)* ээрчип, артынан калбайт элем. Ал “короз кыз, макүш кыз” деп эркелетип ээрчитип алар эле. Колхоздун конторунда иштегендиктен, орум-жыйым учурунда райондон келген текшерүүчү менен такай бирге жүрө турган. Мен акемди ээрчип барып, талаада иштегендерге тамак жасаган ашпозчуга жардам берем. Ишчилерге күндө бир маал атала, анан арпа менен сулунун унун аралаштырып катырма жасап беребиз. Тиги акем чогуу жүргөн текшерүүчү аталанын коюу-суюк экени, катырманын калың-жукалыгына чейин текшерер эле. Ошентип ээрчип жүрүп, абыдан жакын болуп калганымданбы, көзү өтөөрдө “баарыңар ушуга баш ийгиле” деп кыздарга да, балдарга да мени айтып кеткен. Ошол атасы айткан кебин кыздары да, балдары да эки кылган жок. Күнү бүгүнкүгө чейин сөзүмдү эки кылышпай угушат. Жакшылык-жамандык, той-топурда кайсыдыр аксакалдардан да мени “аял киши эле” дешпей баш кылышат. Дооронбек да кебимди тек кетирчү эмес. Атүгүл атасынын ашын бергенде, маарекенин башына мени койгон. Ушунусуна да шүгүр. Дооронбектин жакшылыгын көрбөгөн тууган-урук болбоду дээр элем.

**Келиндерди ыйлаткан кичинекей Дооронбек**

Тестиер кезинде Дооронбек жаны тынбаган шок бала болду. Жөн тура алчу эмес. Айылдагы жаш келиндер ичер сууну бир топ жерден бакан менен ташышчу. Анда азыркыдай ар бир үйдө же болбосо, ар көчөдө бир суу жок. Анан ошончо мээнет менен көтөрүп келе жаткан келиндердин челектеги суусуна көчөдөгү балдарга кошулуп топурак же таш салып качып кетчү. Ызылдап эле калышчу келиндер. Кантишет анан, же кууп жетпесе. Дегеле “Кой!” дегенге мүмкүн болбогон, кыскасы ар кандай тыюуну сүйбөгөн бала эле. Анткени, беш кыздан кийин көргөн эркек баласын акем өтө катуу эркелетер эле да. Бирдеме жасаба деп тыйчу болсоң, “дүмбак кампир” деп качар эле. Анысы “тарбия көрбөгөн, тартиби жок, уятсыз” дегени. Чоңбу-кичинеби айырмасы жок, баарына эле ошентип ат коюп басып кетчү. Бирок, ал тентеги мектепке барганда токтоду. Жакшы окуду. Акылдуу жарга баш кошту. Бизди капа кылган жок.

Эс тартып калган өспүрүм кезинде ары чаап, бери чаап велосипедден такыр түшчү эмес. Ошончо эрке өскөнү менен,

өзүнөн кийинки ини карындаштарына кайрымдуу, күйүмдүү эле. Эсимде, өзүнөн кийинки карындашы Чынаранын 3-4 жаш курагы. Эртели кеч жанагы велосипедге чоң табакты жип менен байлап, ага Чынараны отургузуп алат да, кетет чапкан бойдон. Чынара оозу-мурдуна чаң толгонуна да карабай, даңгыр-дуңгур болгон табакка отуруп "учуп" бараткaнына кайыл. Дооронбек болсо, жакшы көргөн карындашын "жыргатып" ойнотуп жүргөнүнө курсант болор эле.

**Докондун жазган каттарын, райком көрүп жактырган...**

Эми минтип үкам биздин алдыбызда кетип, сыздап отуруп калдык. Күйүттөн арттырган кошогумду да айтып берейин эми:

Келдигин колго кайыткан үкам
Теңтушун жолдо байыткан үкам
Үзөңгүсүн кайыткан үкам
Ортагын жолдо байыткан үкам.
Сол капшытта карават *(керебет – ред)*
Мунун жатканына жарашкан
Сыя калам уричке *(ручка - ред)*
Докондун жазганына жарашкан.
Оң капшытта карават
Мунун жатканына жарашкан
Сыя калам уричке
Доконун жазганына жарашкан.
Рават эшик ачтырган
Мунун жазган каттарын
Райком көрүп жактырган.
Кандай бала чыкты деп
Калкынын баары тан койгон.
Сары-Алмадан ой куймадан
Салмагы кыйын кыйладан.
Көкө-Алмадан ой куймадан
Мунун көркөмү зор кыйладан.
Көркөмүнө жете албай

Адамдар көп ооруду кыйладан.
Анжияндан андагы
Алып жүргөн тетиги
Алты уруу мундуз көп колхоз
Дооронбек аралап жүргөн бетеге
Желкендеги пайызды
Жетелеп жүргөн тетиги
Жети уруу мундуз көп колхоз
Докон жетелеп жүргөн тетиги.

**Чынара Садырбаева-Кыргызбаева**

# АКЕМДИ МЕН ИДЕАЛ ТУТАМ, ЭҢ АКЫЛДУУ, ЭҢ СУЛУУ, ЭҢ, ЭҢ, ЭҢ.. АДАМ ДЕП БИЛЕМ

Чынара Садырбаева (жолдошунун фамилиясы боюнча Кыргызбаева) – Дооронбек Садырбаевдин эң кичүү карындашы. Фрунзедеги (Бишкек) орус тили жана адабияты педагогикалык институтун аяктаган. Учурда Жалал-Абад мамлекеттик университетинин орус тили жана адабияты, сүйлөө маданияты кафедрасынын доценти.

Акем мени башкача көрөр эле. Биз Гүласал, Кубаныч үчөөбүз атабыздан өтө эле эрте ажырап, ата эмне экенин жакшы билбей калдык. Дооронбек акем 15 жаштагы өспүрүм бала, андан улуу Ырысбү, Саламат эжемдер үй-бүлөлүү болуп калышкан. Мен 4 жашта, элес-булас билем. Гүласал 2 жашта, Кубаныч болсо, бешикте калган экен. Мен эс тарткандан "Эмнеге улуу эжемдер бизди көрсө эле ыйлай берет?" деген бир ой жүрөгүмдү өйүй берчү. Көрсө бизди аяшчу экен да...

Ошондуктанбы, Дооронбек акем атабыз жок экенин билдирбей, ата ордуна аталык кылды. Ушуга улай эсиме түшкөн бир окуяны айткым келип турат. Акем үйлөнгөндө мен Ноокенде мектепте башталгыч класста окуган кыз элем. Аталык мээримин ушундан билиңиз, жеңем экөө Жалал-Абадга самолет менен келишип, жеңемди аэропортко тургузуп коюп, мени алып кайра аэропортко алпарып, анан баарыбыз чогуу айылга үйгө келет элек. Мен мектепти бүтөөрүм менен акем менен жеңемдикине келип, ал кездеги Фрунзеде окудум.

Жеңем да, эжемдер да айтышса керек. Акем өтө өжөр эле. Бирок, ал кишини мен идеал тутам, эң акылдуу, эң сулуу, эң, эң, эң.. адам деп билем. Мен студент кезде үйдү тазалап-жыйып

жатып, акемдин иш столунан кымындай бир нерсе ордунан жылып калса, женем баш болуп тызылдап калар элек. Анткени, ал ошол иштеген столунун Кудайы, кожоюну эле. Ордунан бирдеме жылып калышын такыр сүйчү эмес. Ошондой мүнөзүнө карабай, бирдеме жазып бүтүрүп калса, эң оболу жеңемди чакырып:

– Сокин, мобуну карап, окуп көрчү, – деп сындатар эле. Дегеле аял менен эркектин бири-бирине жасаган аяр мамиленин эталону катары акем менен жеңемдин мамилесин айтаар элем. Баарынан да аялдын эркегине жасаган баа жеткис сый мамилесин ушул Сонун жеңемден көрдүм...

Анан мен үчүн акемдин колунан келбеген иш жоктой сезилер эле: велосипединен тарта мопед, мотоцикл, "Запорожец", "Москвич", "Жигули"... деги койчу баштапкы тепкичтен тарта кандай техникасы болгон болсо, баарын эң сонун эстейм. Өзү чукуп, өзү оңдоп... колу-башы карала-торала болуп келгендеги элестери күнү бүгүнкүгө чейин көз алдымда.

Эмгекчилдигине тан берер элем: түн бир оокум болсо деле, бир колунан коюу кофесин, экинчисинен чыпкасы жок тамекисин түшүрбөй иштеп отураар эле. Эми азыр түшүнсөм, акем гений болгон экен. Тарткан тасмаларына минтип жашым толуп, токтолгон киши катары баа берем. Ал тасмалар азыр өзүнө байланыштуу гана эмес, дүйнөгө аты чыккан Чыңгыз Айтматовго байланыштуу даталарда да сөзсүз теледен берилет.

Ушунчалык чоң китепканасы бар эле: менин дүйнө таанымым ушул акем чогулткан китептери менен бир топ жогорулады десем болот. Бакен Кыдыкеева, Болот Бейшеналиев, Жамал Сейдахматова сыяктуу кыргыз киносунун корифейлеринин көбү менен ошол акемдикинен таанышып-көрүү тузу буюрган экен.

Сүйүп ырдаган ыры "Алымкан" болчу. Чарчаган кезде колуна комузун алып, созолонтуп калар эле. "Алымкан" тасмасында жаш Токтогулду ойногон эмеспи...

Бирөөнү сатып кетчү эмес, ичиндегисин ачык бетине айтар эле. Азыр ойлосом, мен акемдин ачык, бетке айткан мүнөзүн өзүмө сиңирип алыптырмын. Акыркы жолу көзү өтөөрдөн бир ай мурун апрель айында келди. Дегеле дайым келгенде шашып жүргөн акем бул келишинде эч шашкан жок. Жалал-Абадга

меникине келип, шашпай кенен сүйлөшүп отурду. Анан Ноокенге келгенде, эжемдер тамаша-чын аралаш "биздин көзүбүз өтсө, жерге сен бересиң" дешсе, "жок, Кубаныч коёт, кубанычка үйрөткүлө" деп кетти эле... Көрсө, өзү ал күндү көрбөшүнө ошондо эле көзү жеткен бейм...

Анан да улутун сүйгөн, мекенин сүйгөн, элин сүйгөн жан болсо, ушул акемдей болоор деп ишенимдүү айтсам болот. Муну төмөндөгү "Шагым сынды" ырынан эле билсе болот:

Чыгыштан чыгаандыгы ашып-ташкан,
Чыйырсыз татаал өмүр жолун баскан.
Эл көрдүм бизден эптүү, бизден эстүү,
Илимде ийне менен кудук казган.

Батыштан бизден арбын, бизден балбан,
Бабасы сазга таштан тамдар салган.
Эл көрдүм ырысы мол ынтымактуу,
Эрки бек, эч бир жоодон жалтанбаган

Кылымды кылымдарга жалгаштырып,
Кыйырын кирдетпеген чаң бастырып,
Кыйын эл жашайт экен түштүк жакта,
Кыр-кырда кылыч-найза алмаштырып.

Кыдырып кыйла сапар чыгып келдим,
Кыйла журт кыраандыгын угуп келдим.
Кыргыздан кор эл таппай жер бетинен,
Кыйналып кыйын шагым сынып келдим.

Көп жерден көз жашымды төгүп келдим,
Көңүлүм караңгылап чөгүп келдим.
Менден кор эркек таппай эч бир элден,
Мезгилсиз денем сууп, өлүп келдим.

**Салижан Мусаев**

# ДООРОНБЕК КИЧИНЕ КЕЗИНДЕ ЭЛЕ КУЙКУМ СҮЙЛӨГӨН ШОК БАЛА БӨЛЧУ

*(Салижан аба Дооронбек Садырбаевдин көп жылдар айыл имамы болгон бир тууган жездеси)*

Дооронбек жөнүндө көп нерсе айтса болот. Кайнатам раматылык Садырбай аскерден сол колунун манжаларынан ажырап, 1945-жылы ал кездеги Ленин районунун Молотов атындагы колхозуна эсепчи болуп келген мезгили эле. Ошондо Дооронбек 6 жаштагы тестиер кези экен. Өтө кыймылдуу, тентек бала эле. Тебетей, Өзбекстандан жасалган жалтырак кайыштан өтүк кийер эле. Аны "америкаң өтүк" деп атачубуз. Ар 15 күндө ошол америкаң өтүктөн бирди жыртып турчу эле. 1953-жылы кудачылыкка 1-2 тууганымды ат менен алып келмекмин. Ал кезде жокчулук учур, адамдар төрт таякты тиреп, тегерегин тосуп, алачык сыяктуу үйлөрдө турчу. Анан ат жоголуп кетип, белгиленген күнү кудачылыкка келе албай калдык. Келе албай калганыбыздын жөн-жайын айтып коеюн деп кайнатамдыкына келе жатсам, Дооронбек астымдан тосуп чыкканы эсимде. Акыры катырма нан жасап, кайнатамды чайга чакырганбыз. Ошол жылдын 27-май күнү Дооронбектин эжеси Саламат мага келинчек болуп үйүмө келди. 48 жыл чогуу өмүр сүрдүк. Жубайым колхоздун эсепчи, раисинин кызы, мен каратаман колунда жок үй-бүлөнүн баласы болгонума карабастан, бар-жогумду билдирбей чыдап жашады...

Дооронбек болсо, ошондо эле куйкум сүйлөгөн шок бала эле да. Эсимде, Катыча эже деген жалгыз бой кошуна аял боло

турган. Анын кызы “Жамалканды алам, Катыча эже менин кайненем” деп, күлдүрөр эле кичинесинде. Анткени менин раматылык кайын энем, кайнатамдар менен алар кошуна турушкандыктан, кирди-чыкты мамилеси боло турган. Кийин Дооронбек чоңойгондо, кайрадан кичинекейинде айтып жүргөнүн жаңылап, себет жасап барып Катыча эже менен кудалаштык.

Ошентип, Дооронбек Фрунзеде мединститутта 2-курста окуп жүргөндө, Жамалкан мектепти бүтүп калды. Анан эле “Жамалканды жөнөткүлө, окууга киргизип коёюн” деп калды. Кийин Жамалканды тосуп алганда, экөө түшкөн сүрөтүн көргөм. Бири-биринен алыс турат. Мени менен эч нерсесин жашырбай сырдашар эле. “Көрдүңүзбү, жезде, алыс турам” деп күлдүрдү эле. Көрсө, Дооронбек ал кезде Сонунбүбү менен сүйлөшүп калган экен. Жамалканды айылда кетмен чаап калып калбасын, билим алып калсын деп чакырган тура. Эми Жамалкан мугалим болуп, турмушка чыгып, очор-бачар үй-бүлө күтүп, жашы да жетимиштен ашып калды.

Дооронбек адамгерчилиги бийик, билимдүү жан эле. Ысык-Атага курортко эс алганы бат-бат барып турчубуз. Кандай да болбосун, мотоцикл менен болсо да жеткирип, жүгүрүп турар эле.

Ичиндегисин жашырбай сырдашканын ушундан билиңиз, кийинчерээк чыгармачылыкка ооп жаткандыгы тууралуу мага кат жазды. Алла-таала бул кишиге талант берген экен. Күлүйпа Кондучалова ал кезде маданият тармагын караган министр болуп турган кез экен. Дооронбек чыгармачылыкка умтулган жаштар арасында өткөрүлгөн конкурска катышып, берилген ролду жеткире аткарып өтүп кеткен экен.

Исламды жакшы түшүнгөн адам эле. Дүйнөлүк жаштар Ассамблеясынын жетекчиси Саид Баюминин көмөгү менен айылга мечит курдуруп берген. Баардык нерсеге терең сарсеп салып жүргөн киши эле.

Ушу тапта айлыбыздагы мектеп директору бир кабинетке Дооронбекке арнап музей ачып жатышкандыгын кабарлады. Ал кабинетке болгон китептерин, буюм-тайымдарынан, сүрөттөрүнөн бердим. Жыл аягында бүтүп калабыз деп жатышат.

**Кубаныч Садырбаев**

# ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВ – МЕНИН БИР ТУУГАН АГАМ

Агам Дооронбек Садырбаев 1939-жылы 13-февралда мурдагы Ленин районунун Апыртан айылында жарык дүйнөгө келген. Жети жашка чейин ата-энесинин колунда тарбияланган. 1956-жылы Масы айылындагы №7 мектеп-интернатын ийгиликтүү аяктаган. Ушул эле жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институнун дарылоо факультетинин студенти болгон. Бул окуу жайда үчүнчү курска чейин окуган. 1960-жылы Ленинград шаарындагы кинематографисттер институтунун режиссердук факультетине тапшырып, 1965-жылы аны аяктап, режиссердук кесипке ээ болгон. 1965-жылдан 1995-жылга чейин "Кыргызтелефильм" студиясында режиссердук кесипте эмгектенип келген.

1995-жылдан 2007-жылга чейин Ноокен – Майлуу-Суу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты болгон. Ал Жогорку Кеңештин үч жолку чакырылышынын депутаты катарында элдин ишенимин аркалаган.

Ал өзүнүн эмгек жолунда 16 көркөм, 93 даректүү фильм, 150 киноконцерттик номерлерди жана балдар үчүн көптөгөн фильмдерди тарткан. Анын "Акбаранын көз жашы", "Махабат дастаны", "Түркүн тагдырлар", "Арман" сыяктуу фильмдери, "Кайран эл" телесериалы кыргыз киносунун алтын фондусуна алынган. Андан тышкары "Визитка", "Жалгыздын жары кудай" ыр жыйнактарын, "Күтүү", "Светлая боль моя" көркөм китептерин, 80ден ашуун документалдуу публицистикалык макалаларын жазган.

Дооронбек Садырбаев мына ушул сыяктуу баа жеткис эмгектери үчүн 1976-жылы "Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер", 1989-жылы "Кыргыз эл артисти" ардактуу наамына ээ болгон.

2008-жылдын 28-марты биз жана агамды сыйлаган кыргыз журту үчүн оор жоготуу болду, 67 жаш курагында мезгилсиз дүйнөдөн кайтты. Көзү өткөндөн кийин Роза Отунбаеванын жарлыгы менен "Кыргыз Эл баатыры" наамы ыйгарылды.

Дооронбек Садырбаев Ата Журтунун чыныгы патриоту болгон. Депутаттык негизги ишинин багыты да бей-бечара, багар-көрөрү жок карапайым адамдардын тагдырына жумшалган. Парламенттеги анын үнү улуттук абийирди бекем сактаган элдин чыныгы уулунун үнү жана элдин үнү катарында угулуп турду.

Дооронбек Садырбаевдин көрбөгөн эли, жүрбөгөн жолу жокко эсе эле. Ал каерде жүрбөсүн, мейли Грозный, же Багдад, Стамбул, Босня болобу, ал турсун Кыргызстандагы Арстанбапка барса дагы үзөңгүлөш, табакташ, тилектеш адамдарды таап алаар эле.

Ал депутаттык мезгилинде президент Аскар Акаевдин кемчиликтерин бетке айтып тураар эле. Саясат айдыңында "Тулпар тушунда, күлүк күнүндө", "Бүкүр демократиянын ийри кылычы" сыяктуу китептерди жазган.

Бул инсандын көзү ачыктык жагы да бар эле. Мисалы, Аскар Акаев президент болуп шайланганда ага тамаша жазган:

Илимди казып такшалган,
Ийкемдүү жигит Аскаржан,
Ленинден озот деп уктум,
Лепилдеп тез-тез баскандан.
Жараткан куру койбоптур,
Сизди,
Жип куйруктуу каштардан,
Эми,
Качпасаңыз болгону,
Аскаржан,
Карды ачка элди баккандан.

Эми Дооронбек агам тууралуу айта берсе, сөз түгөнбөйт. Бирок кээ бир сөздү айтпай койбосо болбойт. Ал депутаттыкка талапкерлигин койгондо үч жолу тең бөтөн эмес, өзүнүн инилери гана бут тосуп, атаандаш болуп, бирок уттуруп жатышты. Бир жолку шайлоо өнөктүгүндө ал кездеги жеке ишкер Камчыбек Ташиев бир тонна күйүүчү майдан жардам берген. Инилери Данияр Үсөновду, Адахан Мадумаровду, Мелис Эшимкановду көзү тирүүсүндө бир тууган иниси болгон менден да өйдө көрүп, менин саясаттагы инилерим ушулар деп кожодой колдоп тураар эле. Тагдырдын жазмышын карагыла, ошол инилери Адахан Мадумаров, Данияр Үсөнов, Мелис Эшимкановдор мурдагы президенттен коркушуп, топурак салганга жарашпады. Ал тургай түштүктүн ошол кездеги бир да акими топурак салганга жарабады. Бийликтин өктөмдүгүн караңыз, маркумдун жылдыгына Алмазбек Атамбаев, Азимбек Бекназаров жана башка оппозициядагы белгилүү инсандар барышса, эл аларга ооп кетет деп жылдыгын инисинин үйүндө өткөртпөй коюшту. Мен каршылык көрсөтсөм, “камап койгула” деп буйрук берилиптир.

Агамдын жылдыгын өткөрүүгө тыюу салган бийлик кулагандан кийин Дооронбек Садырбаевдин ашы берилип, эстелиги Ноокен районунун борборуна коюлду. Маркумдун арбагын сыйлап, мүмкүнчүлүк берген Роза Отунбаевага, Алмазбек Атамбаевге, Осмонбек Артыкбаевге, Азимбек Бекназаровго, Өмүрбек Текебаевге жана башкаларга биз туугандары терең ыраазы болдук.

Агамды дайыма эскеребиз. Ал турмушта кенедей да кайгы-капасы жоктой шарактап күлгөндү билген, азил-тамашанын жаагын айрып, дүйнөлүк классикалык акындардын ырларын жатка окуп, махабат ырларын макамына жеткире аткараар эле.

Кыргыз Республикасынын үчүнчү президенттик милдетин аткарган, ал учурда Кыргызстандын Англиядагы элчиси Роза Отунбаева Лондон шаарынан Дооронбек Садырбаевдин 60 жылдык торколуу тоюна төмөнкүдөй каалоосун жолдогон. “Сиз – азыркы Кыргызстандын чыныгы баатырысыз. Демократия, эгемендүүлүк, чындык жана адилеттүүлүк деген түшүнүктөр сөз жүзүндө гана эмес, иш жүзүндө күнүмдүк тиричиликке тереңдеп батып кетсе экен деп улуттун тагдырына жан кейитип,

эл үчүн жүрөгүн оорутуп, жер үчүн күйүп-жанып, жанын сабап жүргөн кыргыздын мыкты уулусуз. Ааламы караңгылап турган бей-бечарага үзүлбөгөн үмүттүн чырагындай болуп жанып туруу үчүн аман болуңуз, бар болуңуз. Бирок, айлана-тегерегиңизде досуңуздан касыңыз көп, жан жака-белиңизде жамандык арбын экенин эсиңизге салып, этият болунуз, өзүңүздү аябасаңыз, ак жеринен күйүп кетишиңиз дагы ыктымал деп айткым келет. Дагы бир жолу сизди торколуу тоюңуз менен куттуктап, бизге окшогондорго чыныгы эрдиктин, акылмандуулуктун, адилдиктин үлгүсүн көргөзүп, журт ичинде аман-эсен жүрө беришиңизди каалап,
Роза Отунбаева.20.04.1999-жыл".

Муну менен эмне айткым келет. Дал ушул Роза Исаковна айткандай, Дооронбек агамдын саясаттагы мурдагы бийлик мыкчыган инилери уулашып, акыры өмүрүн кыйышты.

Менин агам баарына тең караган калыс адам эле. Башка депутаттарга окшоп, бизнес да жасабады. Бир да жетекчиден машина, же башка нерсе сурап, алардын башын оорутпады.

Агам бир туугандарына өтө боорукер болчу, жакындан жардамын көрсөтүп, аларды сыйлачу. Ал айылга келгенде, биздин үй тойго, майрамга айланчу.

Биз атабыздан эрте айрылганбыз. Атабыз Садырбай кары 1954-жылын 9-декабрында оо дүйнө салганда агам Дооронбек бар болгону 16 жашта болсо, эң кичүү уулу мен сегиз айлык кызыл эт бала бойдон калыпмын. Жетим болуп жетилип, турмуштун кыйынчылыгына туруштук берип, алтообуз тең буттарыбызга туруп алдык. Агамдан кийинки эжем Чынара – Жалал-Абад мамлекеттик университетинде доцент, Гүласал эжем – Жогорку Кеңештин депутаты. Ал эми менин болсо өзүмө жараша оокатым, жумушум бар.

**Кубанычбек Садырбаев, иниси.**
**"Инсан KG" коомдук саясий журналы, 2012-жыл**

**Татан Көлбаева**

# ЖЕЗДЕМДИН ҮЙҮ БИР ЧОҢ БАЗАДАЙ ЭЛЕ...

*(Дооронбек Садырбаевдин балдызы)*

Секелек кезинен ал кездеги Фрунзе *(азыркы Бишкек – ред.)* шаарындагы жатак мектепте окуган. Докенин жубайы Сонунбүбү Көлбаева – ал кезде Медицина интститутунун студенти. Татан эже, жолдошу Батыркан жезде экөө бири жездесин, экинчиси бажасын эскерип отурушту.

Анда азыркы Абдраев музыкалык мектеп жатак мектеби боло турган. 8-класс кезим. Интернатта жатып окуганым менен дем алыш сайын айылга, үйгө же Сокинге *(Сонунбүбү Көлбаева – ред)* келип турар элем. Көрсө өз ата-энемден да эжем-жездемди көбүрөөк билет экем.

Эсимде, ошондой күндөрдүн биринде Сокин таежемди үйүнөн болгон буюм-тайымын чемоданына салып, жездем такси менен келип, алып кеткен. Көрсө, бир дунгандын үйүнөн ижарага бир бөлмө алып, ошол жерге Сокинди алып келген тура. Ошентип, экөө бирге турмуш куруп жашап калышты, а мен апта сайын курбу кыздарды ээрчитип келип турам булардыкына...

***

Ошентип, жездем Сокинди түштүккө алпарып келди. Анан атам күйөө баланы айылга чакырды. Ага чейин эле айылдыктар жездем тууралуу кабарын угуп-билип калышкан экен. Ырдап берсин деп суранышат. Жездем "Кой э, уят" деп ырдабайт. Той деп айылдын баары келген. Түштүктүн чоң-чоң төшөктөрү бар эле *(түштүкчө көрпө – ред.)*. Ага айланайын 5 киши жамынса

болот. Ошентип, тууган-урук, айыл-апага күйөө баланы тааныштырдык...

Анан окуу башталар мезгил келди. 29-август. Апам бир койдун эти, бир мүшөк картошка, бир кичинекей чакага сары май салып, мени булардыкына жөнөттү. Анткени, эжем менен жездем үйлөнүшкөнүнүн урматына группалаштарын тосушмак.

***

Жездемдин үйү бир чоң базадай эле. Эжем экөө ижарага алып жашаган үйдүн бир бөлмөсүндө Атагелдиев деген хордо ырдаган киши аялы, катар-катар 5 баласы менен турчу. Бешөө тең Шубинде окушчу. Бешөөнө бир костюм, экзамен тапшырганда бири кийип барып келет, экинчиси кийип кетет. Ушундай тартыш, жетишпеген жашоо кечиришээр эле. Балдарын аябай катуу кармачу. "Буларды мен окута албайм, булар ушинтип мектептен музыкант болуп чыгышса, ошону менен нан таап жешет кийин" дечү атасы. Ырас окуткан экен, азыр балдары чоңоюп, чын эле бири скрипач, бири пианист, чет өлкөдө жүрүшөт. Кыйын жашоодо чоңоюшканын ушундан бил, бир күнү жездем өзүнө жаңы шым сатып келсе, кичине келип калды. Ошондо тиги кошунанын баласы Мунарга берген. Эми сүйүнгөнүн айтпа баланын. Өмүрүндө жаңы кийип көрбөгөн тура. Ошол кошунанын беш баласын кошуп, студенттер, жездемдин достору, мен курбу кыздарым алтынчы күнү келип алам, баарыбызды бакты.

***

Кыргызстандын тунгуч Президенти Аскар Акаевдин жубайы Майрам мени менен бир класста чогуу окуган. Дем алыш сайын мен аны да ээрчитип алам. Жашаган батири төрт бөлмөлүү үй болгону менен, анын бири гана жашаганга ылайыктуу. Анан орун жок, эжем, жездем экөө керебеттин түбүндө, биз үстүндө жатабыз. Мени ээрчип, ал да "жезде" деп калган менин жездемди. Эркингүл деген курбум бүтүндөй бир каникул жашаган. Жездем бир жолу кабагым-кашым деп, бир жаман сөз айткан эмес. Кийин Майрамдын *(Акаева – ред.)* "Мээрим" фондусунда көп жыл иштедим. Жездем кийин

оппозициялык маанайда болгону менен Майрам мага бир жолу да андай-мындай кеп айткан жок. Анткени, 1958-1965-жылдар аралыгында бир интернатта бирге окуп, бирге жатып, бирге туруп чоңойдук. Негизи ашыкча ажылдаган мүнөздөн алыс, түз жүргөн жоош момундардын тобундагы кыз эле. Кийин Аскар Акаев президент болгондо, "эгер мен бирдемени туура эмес жасап, туура эмес сүйлөп, аша чаап бара жатсам, айтып турсаң. Мага өз кемчилигим билинбейт да" деп калаар эле.

***

Ошол үйдүн короосунда жездемдин апасы келип куруп берген түштүкчө тандыр боло турган. Эжем ага күнүгө нан жабат. Жабылган нан бышаары менен кошунанын балдары, үйгө курсагы ачып келген студенттер, жездемдин досторунан артпай жок болот. Анткени, Хрущевдун кезинде бир жылдары нан тартыш болгон.

Ошондой оор жылдарда да эжем жездем экөө салтка айланган "День счастья" өткөрүшкөн күндорүндө таттуу токоч (булочка) алып келишет мага. Анысы менин бир короо болгон интернаттагы курбуларымдан артпайт. Бир ооз тийсем тиет, болбосо жок.

***

Качан келсең, же бирдеме жазып отурган болот, же комузун алып ырдап отурган болор эле жездем. Кайран жездем...

Биздин уруубуз Асык. Эл оозунда "Асык, асык, айраның сасык" деген кеп бар. Анан жездем мен келгенде эле:

"Кайындар жагын сурасаң,
Уруусу экен Асыктан,
Эбин таап иче албай,
Айрандарын сасыткан", – деп эле тамашалап ырдай берчү.

Биздин уруу жаңыдан шаарга келгенде, Жаки байке деген бир академик тайкебиздикине келчү. Биз да салтты бузбай, түз эле ошол тайкемдикине келгенбиз. Ал бир аз манап чалыш киши эле. Такыр аялы менен жанаша баспай, аялынан бир-эки кадам алдыга түшүп басчу дайыма. Сокин "Мен ошол тайкемдин тарбиясын көп алып калдым. Эркекти кандай пир

тутуш керекти, эркек кишиге минтпеш керек экен, тигинтпеш керек экен деп ошондон үйрөнүп калдым" деп калат. Анын үстүнө апам өмүрү эркекке тике карап сүйлөбөгөн жан эле. Өлөр өлгүчө апам "Ургаачынын эки кудайы бар: бири – Аллатаалам, экинчиси – күйөөсү" деген түшүнүктө эле. Көп айтып жүрдү: "Сокиндин күнөөсү жок, күйөөнү пир тутат. Сен деген кээде кыйкырып жибересиң" деп мени урушуп калчу.

***

Акыркы жолу жездем менен көзү өтөөр жылы 23-майда кичине небереси Алиаскардын тушоо кесүүсүн өткөргөндө чогуу отурдук. Чоң-Арыкта менин неберелерим биринчи келишкен. Жолдошум жумгалдык саяктардан. Анан байге сайып, балдарды чуркатса, биздин неберелер биринчи келген экен. Жездем тамашалап "Байгенин баарын саяктар утуп кеттиңер" деп күлдү эле. Ошондон кийин эле 27си түнү ооруканага түштү. Тиякка чуркап, биякка чуркап, операция бөлмөсүнө кирип кеткен бойдон чыкпай калды... Кайран гана жездем...

**Баатыркан байке**

*(бажасы – ред.):*

Биз Татан экөөбүз үйлөнгөндө, ушул жездебиздикинен кеткенбиз. Эгерде бажам экөөбүз эки машинеге отуруп жолго чыкчу болсок, кокус машине бузулса, мен жолдо-белде калышым мүмкүн, а киши эч качан жолдо калмак эмес. Анткени, эринбей капотту ачып, өзү оңдоп, байлачусун байлап, чырмачусун чырмап, баары бир жолун улаганга акылы да, колу да жетмек. Анткени, ал техника менен сүйлөшө алчу. Мен эч качан оңдоп көргөн жан эмесмин, ал өмүр бою эле эч нерседен тартынбаган натурасы бар адам бойдон калды. Менин гаражымда машинемден бөлөк эч нерсе жок. Бажамдыкында эмне гана жок...

Эсимде, бир жолу кеч күз келе жатсам, гаражын ачып алып, ал кездеги "ГАЗ-24тү" бүтүндөй колу, үстү-башы карала-торала болуп чукулап жатыптыр.

– Ой, бажа, кебетеңди карачы. Кудайдын боору ооругудай болуп калыптырсың, – десем: – – Жаман саяк ушуну

айтмаксың, – деп күлүп калды. Жөнөкөйлүк, тартынбаган мүнөзү бар эле да. Адам колуна конгон ийгиликке карап өзгөрөт. Бажам-жездем керек болсо Жогорку Кеңештин депутаты болгондо да, чыпкасы жок арзан тамекисин алмаштырган жок...

Бул киши өзүнүн ою, пикири, калыптанган мүнөзү бар адам эле. Депутат кези, көзү өтөрдүн алдында Шерболотту *(небереси –ред.)* "Тикого" отургузуп алып, жөнөп кете берчү. "Кыргызбай" болсо, "мен "Джип" тепсем эмнеге болбойт?" деп чыкмак. Даяр нерсени издебей, өзү жасаганга көнгөн киши эле. Кичинекей балка, чотко сап керек болсо, алманын же өрүктүн бутагын кесе коюп, өшондон жасай койчу. Аны көрүп мен бир күнү:

– Ай бажа, Орто-Сай базарына барсаң, мындай саптын түр-түрү бар. Каалаганыңдайын тандап алмаксың. Эмне убара болосуң? – десем:

– Кыргыздар ушундайсыңар, даяр нерсени күтүп отура бересиңер. Өзүңөр эле жасап алсаңар болот да, – деген.

**Дарихат Нурматов**

# ДОКЕМ ЭКӨӨБҮЗ ЧЫЛЫМ ТАРТКАНДЫ ПАХТА ТЕРИМИ УЧУРУНДА ҮЙРӨНГӨНБҮЗ

Адаттагыдай Дооронбек Садырбаевдин үйүндө анын арбагына багышталып куран окутулчу аптанын бейшемби күнү. Акыркы 5 жылда бул үйдө салтка айланган "Бейшембини" билген алыс-жакын тууган-урук, дос-тааныштар сөзсүз кайрылышат. Ошондой бейшембинин биринде Докенин бала кездеги досу Дарихат Нурматов атайы Таластан, мектепте экөө түшкөн бир сүрөтүнүн портретин жасатып келип калыптыр. "Дарихат жана Дооронбек. 1954-жыл" деп жазылган портретте 15 жаштагы эки өспүрүм жылмайып тиктеп турушат...

**Төмөндө Дарихат Нурматовдун эскерүүсү.**

Дооронбек экөөбүз 7-8-9-класста Масыдагы ал кездеги "Ленин жол" мектеп-интернатында чогуу окуп, бала кезибизден бир керебетте уктап, бир чоңойгон классташ достордон болгонбуз. Чоңоюп калган балдар бир керебетке жыргап батмак белек. Бирибиз чалкабыздан жатсак, экинчибиз кыйгачтанабыз. Май чыракка тамак ысытып жейбиз же өзбектердин чайканасына чай ичкенге барчубуз.

Биз окуган мектеп кыргыз, орус, өзбек тилдүү боло турган. Дооронбек экөөбүз кыргыз классында, параллель орус класста азыркы депутат Марат Султановдун атасы Абдыразак Султанов окуган. Анын атасы Султанов Кадырмат деген ошол кезде Ленин районунун райкомунун секретары болчу. Ал кезде азыркы Кочкор-Ата шаарын жалаң эки жактан келген ар түрдүү улуттар келип жашап баштагандыктан, "новостройка" деп атап коёр элек. Ошол новостройкадан, Рахманжан айылынан, Дооронбектин айлынан, Майлы-Сайдан келип окуган балдар

биздин достугубузга суктанышып, көрө албагандар да бар эле. Анткени, эгиз козудай бири-бирибизден ажырабай, такай чогуу жүргөнүбүз аз келгенсип, экөөбүз тең бирдей мектептеги жанда жок сыланкороздордон болчук. "Репейное масло" деген болор эле. Ошону менен чачыбызды майлап, жалпайтып артка жылтырата тарап алчубуз. Көөп турган кезибиз болсо керек да.

Сентябрь айы болоору менен жогорку класстын окуучуларын пахта теримге алып кетчү. Анан ал жерде да жөн жатпайбыз. Түнүчүндө өзбектердин талаасына дарбыз уурдап жегени барат элек. Бышканыбы, камыбы баарын жарып, жакканын жеп, калганын таштап каччубуз. Анан да пахтадан Докем экөөбүз чылым чеккенди үйрөндүк. Аны бизге килейген фартуктарды байланып, пахтада иштеп жүргөн күндөрдө өзбек, орус балдар үйрөтүштү. Бир укмуш чоң сезгибиз келсе керек өзүбүздү. Ошону менен мен тамекини 18 жыл тартым. Кийин келинчегимдин ташта деп сураганынан таштап койдум. Докем өмүр бою тартты.

Ичкиликте болсо, Дооронбектен мен ашып түштүм десем болот. Антип айтканымдын да себеби бар: 9-классты бүткөндө биздин үй-бүлө Таласка кайтып келип, ошо менен көрүшпөй калдык. Мектепти бүтүп, Айыл-чарба институтуна тапшырып, мен кулап калдым. Ошо менен шаардагы "Фрунзе" заводунда иштеп жүрүп, кокус эле Дооронбекти Фрунзеден *(азыркы Бишкек – ред.)* таап алдым. Сокин *(Сонунбүбү Көлбаева – ред)* менен ошондо тааныштык. Анан үйгө конокко чакырып, кичинекей бөтөлкөдөгү арактан куйсам, Докем "ичсем кусам" деп деги оозуна албайт. Анан:

– Куссаң да мейли, эми бир ууртап кой, – деп зордосом, ал да тамашалап:

– Бир жериме куюп алайын, – деди да, төш чөнтөгүнө куюп алса болобу.

– Оииий, Сокин, мунуң даана артист болуп калган тура, – деп, ошондон кийин арак сунуштабай калгам.

Артист демекчи. Дооронбектин чыгармачылык өнөрү ошол мектепте окуган учурда эле бар болчу. А кезде Индиянын Радж Капур башкы ролду ойногон "Селсаяк" фильми көпчүлүк сүйүп көргөн тасмалардан болчу. Дооронбек таяктын учуна кичинекей түйүнчөктү байлап алып, кинодогу ырды ырдап,

көчөдө басып калчу. Аны көргөн бизге информатикадан берген Бердиревский деген немец агай:

– Дооронбек, ушу сенден чоң артист чыгат, – деп айтар эле. Оозуна салып койгон экен, Дооронбек алгач медицина жаатында окуганы менен, кийин чын эле искусство тармагына ооп, көөнорбөс ийгилик жаратты.

Шаардан табышып калгандан кийин Дооронбектин чакыруусу менен кинодогу кыргызча текст окулчу жерлерине барып жүрдүм. Кашайып эмне болду билбейм, кийин барбайм калдым. Ошентип, мен чыгармачыл киши болбой калдым. Эгерде Дооронбекти уксам, мен да анын артынан артист болуп кетсем керек эле. Анан кийинчерээк Жалал-Абаддагы Айыл-чарба техникумун бүттүм да, айылга барып, зоотехник болуп колхоздо иштеп калдым.

Кайран Докемди эрте жоготуп алганыбыз, албетте, ичимди ачыштырат. Эми калган жашын бала-чака, неберелерине берсин.

**Айбек Жангазиев**

# ДОКЕМ МАГА АТАЛЫК МАМИЛЕ КЫЛААР ЭЛЕ…

**Дооронбек Садырбаев атындагы «Кыргызтелефильм» студиясынын директору Айбек Жангазиев аталган студияда Доке менен дээрлик 10 жылдай убакыт шакирти катары чогуу иштешкен. Айбек Жангазиев – Кыргыз Эл акыны Муса Жангазиевдин уулу. Боз улан кезинде студияга келип, чыгаан устаттан алган сабагы тууралуу ой бөлүштү.**

**– Устатыңыз менен качан, кандай шартта табышып, чогуу иштешип калдыңыз эле?**

– Мен 1978-жылы "Кыргызтелефильмге" киностудиядан келип иштеп калдым. Түз эле Дооронбек Садырбаевич менен иштеше калган жокмун. Мен ал кезде жаш оператор, Докем такшалып, аты чыгып калган режиссёр кези эле. Албетте, атын угуп-билип жүргөнмүн, таанычумун. Анан алгач бирин-экин документалдуу фильмдеринде ассистент болуп жүрдүм. Жакындан иштешкен эң ири ишибиз 1984-жылы тартылган “Махабат дастаны” көркөм телефильми болгон. Андан кийин эле “Акбаранын көз жашында” иштештик. Эки тасмада тең башкы оператор Евгений Барышников эле. Кийин Докем экөөбүз Түркияда чогуу иштеп келдик. Бара-бара Докем мага ишеним артып, өзүм башкы оператор катары "Гений моего народа" деген Тоолуу Бадахшандагы кыргыздардын турмушу жөнүндөгү документалдуу фильмин тарттым. Докемдин Кыргызстанда гана эмес, Тажикстанда да кадыры зор экенин тажик бийлиги ошондо бизге жасаган мамилелеринен улам билдим. "Обреченные" деген дагы бир тасмабыз Ооганстанга ооп барган Рахманкул хан башкарган кыргыздардын оор

турмушу жөнүндө болуп, ал да ошол убакта чоң жаңылык жараткан тасма болгон. Докем ошол боордошторубуздун аянычтуу абалына аябай жаны ачыганы эсимде. Кадимкидей ыйлаган алардын ахвалын көрүп. Чындыгында ошондой оор шартта жашашат экен эле ал аймактагы кыргыздар. Кийин 1916-жылдагы үркүн, 1937-жылдагы репрессия, 1990-жылдагы Ош коогалаңы камтылган 9 сааттык 6 сериялуу "Кайран эл" тасмасын жараттык. Бул, албетте, көп кырдуу пикир жарата турган оор жумуш болду.

**– "Кайран элдин" ошол кездеги саясый көз карашка туура келбеген жактары болгондуктан, ар кандай тоскоолдуктар болгону айтылып келет...**

– Ооба, чындыгында ошондой. Анткени, ал тасмада аябай көп ЧЫНДЫК бар. Ошон үчүн жалпы коомчулукка азырга чейин кеңири таралбай келет. Балким, кайсы бир деңгээлде бул да туурадыр. Анткени, өтө көп, таза ЧЫНДЫК баарына эле жага бербейт, кесепети карапайым элге тийип калат эмеспи. Ал тасма Докемдин бийик чыгармачылык чеберчилиги, кадыры менен көпчүлүккө тарабаса да, эл оозунда айтылып жүрөт. Анткени, мамлекеттик саясатка каршы сүзүүгө ар ким эле даай бербейт. Ушуга окшош көрүнүш "Махабат дастанында" деле бар. Жалман карыя куран окуп, бата кылган эпизод совет мезгили учурунда сындан өтүп, жалпы коомчулуктун назарына коё берилгени Докемдин кадыры, анын иш билгилиги, өзүнүн пикирин коргой алгандыгынан кабар берет. Болбосо совет мезгилинде дин, ашыкча улуттук атрибуттар, толтура боз үйлөр, "кыргыз, кыргыз" деген ураандар дегеле уруксат бериле койбос көрүнүштөр болчу да. Улутун, анын салт-санаасын сүйгөн жан эле. Ооганстандагы кыргыздарга боору оруп ыйлаган дебедимби. Аларга бизди жакын киргизген эмес. Алар чек арага жакын өздөрү келип жолукканга уруксат беришкен. Ошончо деңиз деңгээлинен 4500 метр бийиктикте жашаган кыргыздар бизге жолукканы койдун майына боорсок жасап келишиптир. Анысы тоңуп калган. Ушундай чын дээри менен келген кишилердин көңүлү деп биз ал боорсокторду чайга малып жеген элек алардын көзүнчө. Алардын кубанганын айтпаңыз...

**– "Махабат дастанында" эки башкы роль тең профессионал актерлор эмес. Алар менен иштешүү кыйынга турган жокпу?**

– Аны Базар-Коргондун Кызыл-Үңкүрүндө тартканбыз. Эсимде калган бир окуясы – Бегимай менен Раймалы өрттөлүп баштаганда, Бегимай ыйлайт эмеспи. Асель ыйлай албай кыйналды. Ал – айтылуу Таттыбүбү Турсунбаеванын кызы, анда мектеп окуучусу эле. Ошончо массовкага келген 300-400 кишини күттүрүп карап турмак белек. Анан Докем мага "жакшылап ыйлатчы" деп суранып калды. Тилимдин жетишинче, ачуумдун келишинче Аселди сөз менен орусча-кыргызчасын, чын-жалганын аралаштырып аябай урушуп кирдим: "Карачы, аткара албай жатасың, апаң кандай актриса эле. Сен анын тырмагына да тең келе албайсың" деп. Өтө ашырып жибердимби, ал ыйламак тургай калтырак басып, долуланып токтоно албай ыйлап жатты. Кийин ал эпизодду тартып бүткөндөн кийин да жини тарабай, мага ачууланып жүрдү. Бирок, мен кечирим сурап, жагдайды түшүндүрдүм. Ортого кишилер түшүп, мен атайы жасабаганымды айтып жатышты. Анын ыйлаганы карап тургандардын жүрөгүн ооруткан белем, мен кран менен көтөрүлүп тартып жаткам. Кранды түшүрөөрдө балдар "Бир аз түшпөй тур. Бул жакта Аселге болушуп, сени сабаганга даярданып жатышат карапайым эл" дешкен. Ал эми Тууганбай (төкмө акын Тууганбай Абдиев Раймалынын ролун ойногон – ред.) байке болсо, даракка жармашып, эки колу менен арканды өзү эле кармап турган. Жалын көтөрүлсө тура качпасын деп, байкатпай артынан байлап койгом. Аным үчүн Докемден эскертүү алгам. "Мындан кийин өз башыңча аракет кылбай жүр" деген. Чындыгында, от күчөп, алар качыш керек болсо, Тууганбай байке кача албай калмак да.

Ал эми ошол тасма тартылып жатканда, Докем бүтүндөй район боюнча "кургак мыйзам" (сухой закон) орноткон. Бир да дүкөндөн же пиво, же вино, же арак таппайт эле эч ким. Операторлор тобу мектепке жайгаштык, анткени биздин аппаратуралар үчүн свет керек эле. Калгандар съемка талаасында боз үйлөрдө турушчу. Анан райондун дүкөндөрүндөгү сатыктан алынган алкоголдун баары ошол биз

жашаган мектептин складына жашырылган экен. Аны биз билип алып, кароолчу менен сүйлөшүп, сатып алып жүргөнүбүздү билип калган Докем “эми эмне кылмакмын буларды, мейли, бирок иш учурунда ичкениңерди көрбөйүн” деп катуу эскерткен. Биз да тартип бузган жокпуз.

**– "Акбаранын көз жашында" карышкырлар менен иштешкен бир топ машакат жаратса керек?**

– Карышкырлар менен иштөө чынында эле ары кооптуу, ары кыйын болду. Эки оператордун жанында 2 киши дайыма мылтык кармап турар эле да. Анан бир күнү кокусунан эле тиги мылтыкты алып, ачып көрсөм, бош дүрмөт менен тура. “Ай бул эмне? Эгерде карышкыр чындап эле асылып кетсе, эмне кылмаксыңар?” десем, балдар күлүшкөн “кечирип кой, карышкырды өлтүрүп алсам, Докем мени өлтүрөм деген” деп. Көрсө мылтыкты биздин психологиялык жактан көңүлүбүздү ток кылыш үчүн эле карматышкан тура. Ал эми атчан чабанды Базарбайды карышкырлар кубалаган эпизодду тартканда, бийиктиги 200 метрдей бир дөбөдөн экинчи дөбөгө зым аркан тарттырдык да, операторлор ошол зым аркандагы роликтүү креслого отуруп тартканбыз. Женя Барышников бир дубль эле тарткан. Базарбай чабандын ролун аткарып жаткан актер Дүйшөн Байдөбөтов "Ой болду го эми, же менин страховкам жок болсо, кокус кулап калсам, силер жардамга келгиче, карышкыр жайлап таштабайбы" деп чебелектейт. Мен болсо "мен деле бир дубль тартайынчы" деп суранып туруп алдым. Докем көнбөй жатып араң көнгөн. Анан эле кресло отургузулган колясканы кайра башына тартып жатсак эле, зым арканыбыз үзүлүп кетсе болобу. "Мына, карачы. Тил алып жүр деп канча айтам" дейт. Алдын-ала сезгендей эле болду да. Ошондо айткам: “Доке, эми бирдемени болбойт деп чечсеңиз, катуу айтып эле мени токтотуп коюңуз” деп. Анткени, дайыма чыгармачылык эркиндик берчү да. Ар кандай режиссёрлор бар. Камеранды карап, ар бир кадрыңды контролдоп отуруп алгандар болот. Докем “эсиңде болсун, тасмадагы көрүнүш (изображение) үчүн сен жооптуусуң” деп гана койчу. Ошондой ишеним менен берилген чыгармачылык эркиндик мени бийик жоопкерчиликке түрттү. “Ырас ишенип эркин койдубу, демек аны акташым керек” деп жанталашып, берилген тапшырманы

колдон келишинче жогорку деңгээлде жасаганга тырышып жүрүп быштым.

Докем табиятынан карама-каршы мүнөздү өзүндө алып жүргөн жан эле. Аябай тартипти катуу кармаган, биринчи орунга жоопкерчилик сапатты койгон, керек учурда курч, мерез бирок, ошол эле мезгилде жаш баладай көңүлү жумшак, кичинекей эле нерсени жүрөгүнө өтө жакын кабыл алып, бат таарынып калмайы бар эле. Съемкага кечигип келүү, ичип келүү дегенди дегеле кабыл алчу эмес. Андайда 300-400 киши болсо да ишти токтотуп, эртеңкиге жылдырып коё берет болчу. Ушундай чечкиндүүлүк касиети бар эле. Ошондой болгону менен, бүтүндөй топко атасындай мамиле кылып, баарына кам көрчү. Экөөбүздүн айырмабыз 20 жаш. Ал мага өзгөчө аталык мамиле кылды. “Махабат дастанын” тартып жүргөнүбүздө уулум төрөлдү. Ошончо киши карап турат, иштеш керек дебестен, мени “2-3 күнгө барып кел, биз күтүп турабыз” деп мени шаарга жөнөткөн. Мен эртең мененки рейс менен учуп келип, уулумду көрүп, кайра кечки рейс менен кайтып бардым. Бүтүндөй топту күттүрүп койгум келген эмес. Бирок, Докемдин камкордугуна ыраазы болгом.

**– Түркия, Чечня сапарыңыздар тууралуу айтып берсеңиз?**

– Чеченстандын ошол убактагы президенти Жохар Дудаев Кыргызстанга биринчи курултайга келгенде Докем таанышып, ал жөнүндө тасма тартып калууга жетишиптир. Кийин Дудаев Чеченстанга чакырып калат. Ал жакка барып, Дудаев жөнүндө, Грузиянын экс-президенти Звиад Гамсахурдиа жөнүндө фильмдерди тарттык. Чечендер Кыргызстанды экинчи мекенибиз деп жакшы кабыл алышкан. Анткени, 1944-жылда алар биз жакка айдалып келген эмеспи.

Ал эми Түркияга Кыргызстандын жүзү болуп барды. Ал жакта да бизди аябай жылуу кабыл алышкан. Бир тууган боордош элдин өкүлдөрүнө кыргыздар, алардын маданияты, салты тууралуу канча убакыт болсо да зерикпей айтып бере алар эле да Докем. Алар жакшы шарт түзүп беришип, алып калабыз дешкен. Эмнегедир Докем калгысы келген жок. Чеченстандын президенти деле ушундай эле сунуш кылган.

**– Ушундай бийик чыгармачылык потенциалы бар кишинин саясатка кетишин кандай кабыл алдыңыз?**

– Албетте, саясатка кетишин каалаган эмесмин. "Саясатты эмне кыласыз. Эмне кереги бар" деп бир топ кейигем. Менимче, Докем саясатка "Кайран элден" улам келди. Абалды жөн карап тура албады. Чыгармачылык жаатта чындыкты ачтым, эми саясый чечимдер менен аралашайын деди көрүнөт. Бирок, жаман депутат болгон жок. "Эл өкүлү" деген атты актаган бирин-экин депутат болсо, ошолордун бири ушул Докем десем жаңылышпайм. Өзүн саясатта да татыктуу көрсөттү. Эгерде саясатка кетпесе, азыр арабызда аман-эсен жүрмөк. Ошондой чыгармачылык потенциалы менен бүгүнкү күндө "Манасты" татыктуу тартмак. Мен муну бекем ишеним менен айта алам.

**– Депутат устатыңыз менен кандай мамиледе болдуңуз?**

– Мамилебиз үзүлгөн жок. Кеңешип, сүйлөшүп, жолугушуп турчубуз. Мен дегеле Докемдин үй-бүлө мүчөсүндөй эле болуп калган элем. Ноокенде өз үйүмдөй жүрчүмүн. Бир туугандары, алыс-жакын башка туугандары менен тыгыз карым-катышта болдум. Алар менен азыр деле жылуу мамилемди үзө элекмин.

– Маегиңиз үчүн ыраазычылык.

**Аня Манкулова**

# САДЫРБАЕВИЧ МЕНИ "ЧАЛА КЫРГЫЗ" ДЭЭР ЭЛЕ

**Дооронбек Садырбаев менен дээрлик чейрек кылым чогуу иштеп, колуна кол, бутуна бут болгон монтажчы-редактору менен маектешкени баратканымды билгем. Андыктан, оюмда бирдеме сүйлөтүү оңойго турбаган, керек болсо бир аз кежирлиги бар, "ээ, балам, биз жаш кезде..." деп акыл айткаиды сүйгөн бир байбичени көрөм го дегем. Ал "тилегим" таш капты. Бет маңдайымда пенсия курагында болсо да озүно тың, сүйлөсө орусча сөзү оозунда, эң башкысы Дооронбек Садырбаев тууралуу эсинде болгонун бир токтобой, керек болсо, дасторкондон даам сызганды да унутуп, эсиндегисин ушундай бир эргүү, берилүү менен бир дем менен төккон, жашы жетимишти таяган Аня апа Манкулова отурду. Сонун жеңенин (Докенин жубайы) салтка айланган бейшембилик куран окутуу дасторконунда отурганбыз. Келгенден Доке тууралуу дээрлик 1 саат бою токтобой сүйлөн отурган Аня апаны улам "ал, ал" деп кыстап атып, тамакка көңүлүн бурдура албай кыйналган Сонун жеңе "Ой тобоо, Доорошту менден да катуу сүйгөн киши бар болгон тура корсо, эми билдим" деп тамашалап күлдүрүп да оттү. Эмесе кеп башынан болсун.**

**– Сизди Доке менен эң көп бирге иштеген киши катары сыпатташты...**

– Ооба, Дооронбек Садырбаевич менен дээрлик 25 жыл бирге иштедим. Дем алыш эмне, майрам күн деген эмне экенин билбей жумушка чыкчумун. Жада калса, түштөнүүгө жиберчү эмес, эгерде бүтпөгөн жумуш бар болсо. Ушундай талыктпаган эмгекчил киши эле. "Кыргыз" дегенде ичкен ашын жерге

койгон патриоттук сапатычы? .. "Кыргыз рулга отурса ичпейт калат экен, колдон келсе ар кир кыргызга машине алып берет элем" дегени буга далил. 90-жылдагы Ош окуясында жеринен тартып келгени биринчи болуп жөнөгөн. Жүрөгү таза жан эле, саясаттагы ыпластыкты курган жүрөгү көтөрө алган жок. Чыгармачылыкта жүрө берсе, жүздөгөн фильмдерди тартып, дагы да арабызда аман жүрмөк кайран киши...

**– Ошончо жыл бирге иштеп, ыйкы-тыйкы мүнөзүн көрсөтүп, же талашып-тартышкан учурларыңыздар болду беле? Болсо Докедей инсан андай абалдан кандай чыгар эле?**

– Ушул суроону мен буга чейин өзүмө да бир нече жолу берип көрдүм. Билесизби, 25 жылда жумушубуз абдан кылдат жоопкерчиликти талап кылган тармак болгонуна карабай, бир да жолу "сен-мен" дешип чырдашпаган экенбиз. Дайыма ишибизди бүтүрө албай, жада калса, алыскы командировкаларга да иш ордубуздан жөнөп кетер элек. Жана айтпадымбы, дем алыш, майрам дегенди билбей, эс албай иштегем Садырбаевич менен. "Мен ага ыңгайлуу фигура болсом керек. Күйөөсү, бала-чакасы жок, дайыма жумушта" деп тамашалап калаар элем. "Күйөөң эксплуататор, карачы, эс алдырбайт" деп Соняга күлүп көп айтчумун. Жумуш бүтмөйүнчө өзү да жылбайт, мени да бир карыш жылдырчу эмес. Бир күнү өзүнө айталбаган жинимди Соняга чалып айтканым бар: "Твой муж сумасшедший. Он меня не отпускает даже на обед. Говорит, что мне можно и не кушать. "Вон у тебя сколько жира" говорит. Объясни ему, что жир не растворяется. И я не питаюсь своим жиром" деп. А чынында, Садырбаевич менен иштеген мен үчүн ырахат эле. Болбосо качып деле кетмекмин да.

**– Анча бөлду кайдан, кантип Доке менен "табышып", чогуу иштеп калдыңыз? Аны да айтып бербесеңиз болбойт?**

– Мен ЦУМда ("Айчүрөк" дүр-дүйнө дүкөнү) иштечүмүн жаш кезде. Анан ушундай телевидениеде режиссёрго жардамчы-монтажчы керек экен деп калышты. Барып иштеп калдым. Эч нерсе билбей барып, "от" и "до" Садырбаевичтен үйрөнгөм. Жаштарга аябай күйүмдүү киши эле. "Ушулар өссө экен" деп, аябай колдоо көрсөтөр эле кыргыз жаштарына.

Кыргызча чала сүйлөгөндүгүмдөн, мени "чала кыргыз" дээр эле. Ошол келген бойдон ал депутат болуп Ак үйгө кеткиче, аерден кеткен жокмун. Ал кеткенден кийин деле калдым негизи. Ошентип, мен иштеген мезгилимде дээрлик онго жакын жетекчи алмашты. Керек болсо кээлеринин аттарын эстей албайм азыр. А Садырбаевичти унутууга болбойт. Үй-бүлөсүнүн бир мүчөсүндөй, керек болсо дачасына да барып, чогуу эле жүрө берчүмүн булар менен. Барбай калсам, дачасынан жемиштерди жумушка алып келер эле. "На, тебе Соня передала" деп. Негизи эле кол алдында иштегендердин камын көргөн күйүмдүү киши эле. Бир жолу ЦКдан телефон чалышыптыр. Он-он беш киши айыл чарба жумушуна барышы керек экен. "Эч кимди жибербейм, баарынын жумушу бар. Өзүңөр баргыла, эмне жумуш кылып отурасыңар, секретарды жумшагандан бөлөк?" дептир. Ошентип, кутулганбыз ашыкча жумуштан. Анткени, бир жыл мурун алпарып көргөн да. Иштегендер иштейт жанын үрөп, калганы жөн эле отурушат жөөк жээгинде. Бекер отуруп же бул жактан жумуш бүтүрбөй, же тияктан жумуш жасабай бекер убакыт короткондон көрө, пайдалуу бир жумуш бүтүрүп калуу керек деген тура, жарыктык киши.

**– Адатта мындай түз жүрүп, туура ойлонгондор көпчүлүккө жага бербечү эле, коллективде кадыры кандай эле?**

– Албетте, кадыр-баркы бар эле. Коркуп да, сыйлап да турушчу. Анткени, бирөөнүн бирдемесин билсе, жаман көрүп калат дебей эле "балп" эткизип бетине айтып салчу. Кошоматтанган, жагынган кишилерге такыр көңүл бурчу эмес. Бир окуяны айтып берейин. Садырбаевичти көпчүлүк директорлукка сунушташып калышты. Жаңы директор шайлангыча, ал үч айдай отуруп калды убактылуу кызматта. Ал "мен кабинетте камалып отурганды жаман көрөм. Мен талаалап кино тартышым керек, эркин жүргөндү жактырам" деп болбой жүрдү. Анан ошол убактылуу директор болуп иштеп турган күндөрүндө күнүгө түштөнүү маалында биринин-артынан бири аял-эркеги аралаш "Дооронбек Садырбаевич, тамак ичиңиз, чай ичиңиз" деп жанын коюшпайт. Ал болсо дайымкысындай режиссерлук ишин кошо эле аркалап жүргөн, ордунан жылбайт:

"Ии, мына кичине калды, бүтүрө калайын, анан тамактанам" деп отура берет. Анан баягы үч ай өттү. Башка директор шайланды акыры. Анан ошондо баягы тамакка чакырып жанын койбогондорду көрүп ал, жылан сыйпагандай жоголушту го. Бир күнү шылдыңдаппы же кашыктаппы кайран киши коридорго кружкасын колуна көтөрүп чыгып алып, үнүнүн жетишинче кыйкырып жүрөт: "Ой, байболгурлар! Мага эч болбосо кайнак суу берип койгулачы! Ким мага кайнак суу берееeет!" деп. Муну байкап, мен адамдардын ушундай өзгөрүлмөлүү экенин айткам ал кишиге. Каткырып күлгөн эле...

Бирок, бир-бир "мен режиссёрмун" деп көтөрүлүү, керкейүү деген болбойт эле бул кишиде. Съемка башталса, жанагы техникалык жумушчулар менен бирге аппаратураны көтөрүшүп жүрө бере турган. Эки колду чөнтөккө салып, "көтөргүлө кеттик" дечү эмес эч качан.

**– Ачуу да, таттуу да күндөрдө чогуу иштедим дедиңиз. Айтсаңыз, режиссёр үчүн тартчу тасмасына актриса, актерлорду туура тандоо эң башкысы эмеспи. Режиссёр катары көрөгөчтүгү кандай эле?**

– Оо, бул жаатта укмуш стратег эле. Кыргыз киносунун совет мезгилинде укмуштуудай бийик престижи бар экенин ушундай билиңиз, Садырбаевич бирдеме тартаарда кастинг жарыяласа, бир роль үчүн пробага Алматынын 7-8 артисти келчү. Ага кошо өзүбүздүкүлөр. Бул кишинин иш билгилиги ушунда: ал өзүн режиссёр катары көрсөтпөй, Түгөлбай Казаковду көрсөтүп коюп, өзү ар жактан эч кимге көрүнбөй байкап отурат экен. Артисттин баары Казаковго жагынып жатып калышат. Садырбаевич болсо эч нерсе менен иши жок, өзүнө керектүүлөрдү белгилеп, калгандарын бош коюп жибере бер деп басып кетчү. Анан ошондой толтура актрисалардын арасында иштеп, укмуш туруктуулугуна таң берер элем. Бир актрисага аял катары көңүл бурчу эмес. Бул, албетте, анын туруктуулугу, анан Соняга болгон чексиз сүйүүсү, сыйы, дээринде адамдык сапаттарынын бийиктиги деп түшүнөм. Бир жолу Алматыда командировкадабыз. Аман аттуу казак режиссёр да бар. Ал кургур ушундай аялдарга жакын жан эле. Ресторанда үчөөбүз тамактанып отурабыз. Экөө ичпейт, мага

коньяк алперишти. Бака-шака болуп отурам. Экөө тең жанымдан карыш жылышкан эмес. Анан мейманканага келип, ар ким өз номерине кетти. Бир маал түнкү саат үчтө Аман турат эшигимди каккылап. Ал мурдараак мен бир жакшы вино сатып алганымды көргөн эле. Ошону сурап келиптир. Көрсө ресторанда иштеген бирөө менен тааныша калып, анысы келиптир да. Садырбаевичти барып карадым. Ал уктап жатат катып. Айтайын дегеним, сол жакка басам деген киши баарыбир жолун табат тура. Бир жолу Ысык-Көлдө коллектив менен эс алып жүргөндө, казактар Садырбаевичке көзү түшүп, дагы бир режиссёр жигит экөөн конокко чакырышыптыр. Тиги шериги "жүрү барып келели" деп жаны калбайт. Бул болсо "бекерге убактымды коротпойм, андан көрө бир пайдалуу ишимди бүтүргөнүм дурус" деп, сценарийлерин карап отуруп алган тура. Тигинин жалдырап, анан көндүрө албай жинденгенин айтпа. Кайда командировкага барбайлы "Анечка, я вас рано утром буду ждать в холле гостиницы " дээр эле. Иш, иш, жана иш деген иштерман киши болчу. Мен да мындай режимге көнүп калгам. Дың дебей, айткан убагында ишке киришет элем.

**– Бир кездеги шефиңиз кийин бакыйган депутат болду. Андан кийинки мамилеңиздер кандай уланды? Адатта, кызматтан кызматка көтөрүлгөн кишилер шакирттерин ээрчитип жүрүп отурушат эмеспи...**

– Садырбаевичтин саясатка аралашышын каалаган эмесмин деп айттым го башта. Бирок, анын жеке чечимин сыйлап, коллектив бүтүндөй бойдон шайлоодо аны колдоп иштеп бергенбиз. Бирок, мен аны издеп, жардам сурап, наам сурап бир да жолу Ак үйгө барган эмесмин. Бирок, телефон менен сүйлөшүп, мурдагыдай эле Соня менен катышып эле жүрдүм. Тескерисинче, ал өзү эки жолу мага айтпай, коллектив менен сүйлөшүп, менин документтеримди чогултуп наамга көрсөтүшүптүр. Ал кишинин тайманбаган оппозициялык көз карашынан улам эки жолу тең колдоого алынбай калган. Ушунусуна да шүгүр. Ал ошондой Жогорку Кеңештин депутаты болуп туруп, жөнөкөй монтажчы Аньянын туулган күнүн унуткан жок. Даражасына салып көтөрүлбөй, корзина толо роза берип куттуктачу. Адамгерчилиги ушундан эле

көрүнүп турбайбы?!. Эч нерсесин жашырбай айтар эле мага: кантип Соняга жолукканынан тарта, кантип анын жүрөгүн багынтканына чейин. Ишенчү да соратник катары. Соняны алгач көргөнүм эсимден кетпейт: белинен ылдый түшкөн эки өрүм чачы, ачык түстүү каректери, келишкен келбети. "Садырбаевич, жанда жок чүрөк аял тапкан турбайсызбы" дегем ошондо эле.

**– Дагы айтар кебиңиз барбы? Сизге эркин микрофон...**

– Эмне дейин. Мен колу жеңил соратник болдум деп калам дайыма. Көп жылдык эмгек жолумда мен чогуу иштешкен 2-3 режиссер "Кыргызтелефильмге" жетекчи болушту. А Садырбаевич бакыйган депутат болуп, Ак үйгө отуруп калды. Сага да ийгилик каалайм. Сенин да өмүр жолуңду Садырбаевичтикиндей ийгиликтер коштосун, балам.

**– Рахмат, айтканыңыз келсин, Апа**

**Турсун Уралиев**

# ДООРОНБЕК ҮЙРӨНҮП ЖҮРҮП, ҮЙРӨТКӨНГӨ ӨТТҮ

**Кыргыз радиосуна дээрлик 60 жылдык өмүрүн арнаган режиссёр, "Кутмандуу болсун күнүңөр" сыяктуу эл оозуна алынган жекшембилик сатиралык уктуруунун автору, 20-кылымдын Гомери атыккан атактуу манасчы Саякбай Каралаевдин айтуусунда улуу эпосту 3 жыл бою ээрчип жүрүп, эбегейсиз зор көлөмдө жаздырып калган, анысы үчүн Саякбайдан "Жан койбос" деген каймана атка ээ болгон Кыргыз ССРинин эл артисти Турсун Уралиев Дооронбек Садырбаевди кыргыз радиосундагы сатиралык берүүлөргө катыштырып, кийин таланттуу актёр катары анын "Түркүн тагдырлар" аттуу комедиясына тартылган үзөңгүлөш кесиптештеринин бири болгон. Дооронбек Садырбаевдин 75 жылдык юбилейин утурлай "Жан койбос" санаалашы Доке менен алгач таанышып, иштешип калган мезгилинен тарта эскерип отурду.**

### Сатирага кадам

1960-жылдары Дооронбек медицина институтунун 4-курсунун студенти кези. Ал кезде "Кутмандуу болсун күнүңөрдүн" ачылганына бир жыл болуп, эл оозуна алынып, көпчүлүк күтүп, сүйүп уккан сатиралык берүүгө айланып калган. Анан бир күнү "Сатира жазып жүрөм, ушу берүүгө кошуңуз, алып баруучу болуп берейин, катышып көрөйүн" деп келип калыптыр. Макул болуп алдым. Алгач кыйналып жүрдү. Анткени, сатиралар ролдорго бөлүштүрүлүп аткарылат. Муратбек Рыскулов, Даркүл Күйүкова, Бакен Кыдыкеева сыяктуу не деген ары таланттуу, ары атактуу артисттер

ойношор эле да ролдорду. Анан алардан сүрдөйт. “Алардын алдында кыйын экен, Мукемдин кабагы эле бир топ. Сиз мени килейген артисттер менен камап алып өлтүрмөй болдуңуз го” дээр эле.  Кийинчерээк келе жатканда эле “Бүгүн ким менен чыгам” деп чочулап сурап да жүрдү.

## Үйрөнүп жүрүп, үйрөткөнгө өттү

Ошентип, бир жагынан атактуу артисттерден сүрдөсө, бир жагынан түштүкчө акцентинен бир аз кыйналып жүрүп, бир жылдан кийин такшалып, тажрыйбалуу артист болуп чыга келди. Анан Дооронбекти аңгеме, повесттерди көркөм окуганга өткөрдүм. Алгач кыска аңгемелер, анан көлөмдүүлөр, анан пьесаларды баштап, артисттерди ролдорго бөлүштүрүүнү башкарып калды. “Мени ээрчисеңер, окшошпой калып жатат” деп үйрөтө баштады. Муну көргөн Муратбек Рыскулов “Ой атаңы, муну кара. Мени үйрөткөнүн” деп жүрдү. Негизи баштаган нерсесине тырмышып, өтөөсүнө чыккан тырышчаактыгы бар эле өзү.

Анан эле өзү кээде “Кутмандуу болсун күнүңөргө” юмор жазып баштады. Өзү алып баруучу, ага кошо 4-5 барак юмор жазып келет. Берүүнүн сценарийин түзөт. Дос-тааныштары “Сен мединститутта бекер эле жүрүпсүң, тиягың укмуш болуп жатат” деген мактоосун айтып дардаңдап сүйүнүп калчу. Мукебиз “Эми бул юмор жазып, бизди күлдүрө да баштадыбы?” деп калар эле.

## Оозунан тамекиси түшпөй...

Чыгармачыл адам бат унута турган болуп калат. Кээ бирөөлөр бирдеме чыксын дегенде, жинди суудан “кылт” эткизип алышат. Дооронбек ичпегендиктен, оозунан тамекиси түшчү эмес. Бирин таштап, экинчисин күйгүзчү. Канча айткан менен, такыр болбой эле тамекисин бурулдатып турар эле.

Анын үстүнө бул туура чөйрөгө түштү. Дээринде болбосо, канча улуу таланттарга аралаштырба, баары бир жыйынтык чыкмак эмес. Идиреги бар бала болгон үчүн изденгени изденген эле. Бирдеме угуп калса, лып илип калчу. Рыскулов, Күйүкова, Кыдыкеевалардын мектеби Дооронбекти кыйла такшалтты.

## Сүттүн планын толтуруу

Өзү сценарийин жазып, алгачкы жолу комедиялык тасма "Түркүн тагдырларды" тартмай болуп калды. Анан ал кездеги атактуу куудул Асанкул Шаршеновду кошкусу келиптир. А киши мүнөзү башкача киши боло турган. Кичине бирдеме жакпай калса "Эмне?" деп корсулдап, орондоп басып кетмейи бар эле. "Туке, Шаршеновду сиз бирдеме кылыңыз. Көндүрүңүз, сүйлөшүңүз" деп калды. Тасмадагы сценарий боюнча кайсы бир колхоздун сүт планы толбой калат. Анан ферма башчысы эмне кылар айласын таппай турганда, башкармадан бир идея чыгат: "Жети алкаш тапкыла, аларга жетиштүү жуткуруп койсоңор, коркпой саай берет топозду" дейт. Ошентип, планды ишке ашыраарда, топоз эркек кишиден чоочуп, качып, карматпай, сааганга такыр мүмкүнчүлүк бербейт. Анан эркектерди аялча кийинтишет. Асанкулду башына жоолук салып, эптеп топозго жакын алпарышат. Топозду кармап тургандар күлкү болгондон кийин биротоло калемпир-мурчтуу болсун деп, эркек топоз кармашыптыр атайылап. Асанкул жакын барып эми саайын дегенде эле, баягы топоз чакасын бир жакка, өзүн бир жакка тээп салды. Аны карап турган эл күлүп атып кыйрап калды. Асанкул "Силер мени өлтүргөнү жаткан турбайсыңарбы?" деп таарынып жүрөт. Аны карабай эле Дооронбек жанталашып тартып жүрөт кыбыр эткендин баарын. Кечинде чай үстүндө Дооронбек ыраазылыгын айтып, "Кокус бирдеме кырсык болсо, мен соттолуп кетмекмин" деп кечирим да сурады. Ошентип, бир чоң эпизодду тартканбыз.

## Саясаттагы ыпластыкты жүрөгү көтөрө албады

Чыгармачыл инсандар ар кандай нерсени жүрогүнө өтө жакын кабыл алган "ранимый" жан болушат. Саясаттагы калпты чын кылып, чынды тескерисинче калп кылып айткан ыпластыкты көтөрө албады көрүнөт, кайран жигит. Бир таяк таянып жүргөнүндө кезигип калдым. "Болгон нерв, эрк, чыгармачылык таланттын баарын таякка жүктөп койгон экенсиң" деп тамашаласам, "Эээх, гап көп, гап көөөп" деп тим болгон. "Туке, чыгармачылык менен жүрө берсем, дагы көп нерсе жаралмак" деп да кейиген дагы бир көрүшкөндө.

**Жамал Сейдакматова**

# ДООРОНБЕК МАГА ТӨРКҮН БОЛУП, КҮЙӨӨГӨ УЗАТКАН ЭЛЕ

**Кыргыз ССРинин эл артисти, советтик кинонун жылдызы, өлкө эгемендүүлүк алгандан тарта эң алгачкы жеке "Тунгуч" жаштар театрын түптөп, күнү бүгүнкүгө чейин аны жетектеп келе жаткан белгилүү актриса Жамал Сейдакматова – Дооронбек Садырбаевдин бир нече тасмаларына тартылып, аны менен тыгыз байланышта иштешкен атактуу актрисалардын бири. Докенин юбилейин утурлай, анын кино тармагындагы ийгилик-жетишкендиги, чыгармачылыгы, кесиптештерине болгон мамилеси, дегеле кадимки адамдык сапаты тууралуу кеп салды.**

Дооронбек менин эсимде тамашаны сүйгөн шайыр, ошол эле мезгилде керектүү натыйжаны талап кыла билген эмгекчил адам катары калды. Кино тартып кайсы маал, кайда жүрбөйлү көздөгөн максатына жетүү үчүн эң оболу тартипти талап кылар эле. Ошондой болгону менен жетектеп жүргөн топко чексиз күйүмдүү да болчу. Кандай аянычтуу же ыңгайсыз абал болбосун, тамаша таба коюп, баарын күлдүрүп турар эле. Мен "Арман" (Чыңгыз Айтматовдун "Уулу менен жолугушуу" аңгемесинин негизинде), "Махабат дастаны", "Акбаранын көз жашы" (Чыңгыз Айтматовдун "Кылым карытар бир күн" романынын негизинде) тасмаларында тартылдым. Өзү баалаган артисттери менен такай иштешчү. Өзгөчө Советбек Жумадыловду жогору баалап, кинорежиссёр катары Төлөмүш Океевди устаты катары көрүп, аны туу тутарын эч ким тана албас... Эмгекчилдигинде чек жок, жаны тынбаган, керек болсо

алдыга койгон максатын ишке ашыруу үчүн съемка жүргөн бүтүндөй районго убактылуу өзү каалаган режим, тартипти орнотуп койчу. Эсимде, "Махабат дастанын" тартып жүргөндө бир районго кургак режим орноткон. Аны айыл элинин ардактап сыйлап, чексиз урматтаганын айтпай эле коёюн. Кишинин көңүлүн алганды билген зирек жан эле. Мен Ноокен, Базар-Коргонго бараарда, алдын-ала жергиликтүү бийликте иштегендерге "ЖАМАЛ СЕЙДАКМАТОВА келет" деп дүңгүрөтүп койгонбу, баргандан келгенге чейин өзүмдү жеке жеңил унаа менен ары-бери ташып жүрүштү. Карапайым айылдыктар болсо, каражат тартыштыгынан гонорар төлөнбөгөнүнө карабай, массовка үчүн бекер тартылып, бир топ жардам беришкен.

Ролдорго керектүү актёрлорду тандоодогу кыраакы көрөгөчтүгүн, ошол эле мезгилде тиешелүү образды артисттен талап кыла билген артыкчылыгын айт. "Акбаранын көз жашында" менин "күйөөм" болуп Дүйшөн Байдөбөтов ойногон эмеспи. Ал менден бир топ кичүү. Мени сабап-тилдеген эпизоддордо аябай кыйналып жатты. Дооронбек "Ай сен артистсиңби?" деп жатып, жан-алын койбой көздөгөнүндөй тартчу. Мен ал кезде такшалып калган кезим. "Уялбай сого бер, иним. Бул эми кино да" дейм мен да Байдөбөтовго. Баарынан да Базарбайдын мени тоголото чапканда, жыйылган көңдүн үстүнө чалкаман жатып калган жерде Дүйшөн аябай жаман болгон. "Ой, эже башыңызга катуу тийбедиби?" деп. Мен да алдын-ала даярданып, башыма жасалма түймө чач коюп алган элем. Дооронбек кыялында кандай пландаган болсо, ошондой болмоюнча талапты катуу койчу да. Ошон үчүн баарыбыз аракет кылдык.

Дооронбектин дагы бир жакшы сапаттарынын бири кайда жүрбөйлү, командасына аталык камкордук кылар эле. "Махабат дастаны" тартылып жаткан кезде мен 40тын кырындагы кезим. Экинчи жолу азыркы жолдошум менен турмушка ошол съемка талаасынан узаткан. Жолдошум Токтогулдан эле. Атайы кой союп, бүтүндөй топ менен бирге мага ТӨРКҮН болуп, күйөөгө узаткан болчу.

Кийин саясатка кирип кетти. Апыл-тапыл жолугуп калганда, "таштасаңчы, чыгармачылыкка кайтсаң, не деген

тасмаларды тартмаксың" деп көп айтып жүрдүм. 2005-жылкы бийлик алмашкан окуялардан кийин оппозициянын бир ири митинги болбоду беле. Ошондо атайы бардым: "Саясат жаман нерсе, кишини жеп коёт. Ушундан көрө киного кайтсаң, канча деген мыкты эмгек жаратмаксың" десем, "Жоок, эми мен артка кайта албай калдым. Мен биротоло башым менен кирип алдым. Чыга албай калдым го" деп жооп берген эле... Чын эле саясаттан чыга албай калды. Кийин бир көрсөм, оорукчан болуп, таяк таянып калган экен. Дооронбекти саясат мөөнөтүнөн мурун картайтып, мезгилинен эрте арабыздан алып кетти деп ойлойм. Дооронбек тууралуу айтыла турган кеп, жазыла турган эмгектер али алдыда. Мен ал тууралуу китеп жазайын деген купуя тилегим бар. Буюрса, сөзсүз жазам...

**Дүйшөн Байдөбөтов**

# ДОКЕМ "КАЙРАН ЭЛДИ" ТАРТЫП ЖҮРГӨНДӨ ЭЛЕ ЭЛ ДЕПУТАТЫ НААМЫНА ЭЭ БӨЛУП КАЛГАН ДЭЭР ЭЛЕМ

**Өткөн кылымдын 70-жылдарында өз аты очүн, "Ильяз" атка конуп, кийинчерээк 90-жылдардан тарта "Базарбай" атыккан кыргыз киносунун бараандуу жылдызы Дүйшөнбек Байдөботовду кимдер билбейт. Эл артисти "Акбаранын көз жашы" тасмасы, дегеле аны тарткан залкар инсан Дооронбек Садырбаев тууралуу эскерип отурду.**

**– Дооронбек Садырбаев менен качан, кантип, кандай шартта таанышып, бирге иштешип калдыңыз эле? Кепти ошондон баштасаңыз...**

– 1988-жылдын апрель айы. Анда мен Ош мамлекеттик драмтеатрында иштеп жүргөн кезим. Эмгек сиңирген деген наамым бар. Анан бир күнү эле Фрунзеден Төлөгөн Сыдыков аттуу режиссёр телефон чалып калды: "Чыңгыз Айтматовдун чыгармасы боюнча бир тасма тартылганы жатат, кинопробага келе калбайсыңбы?" деп. Анан келдим. Докем колунда тор баштык, ага чыпкасы жок "Примасын" салып көтөрүп, ары-бери басып жүрүптүр. Дайыма бир колунда тамекиси, бир колунда кофе болор эле. Кыргыздын бир топ атактуу артисттери, атүгүл Казакстандан келген артисттер да жүрүшөт. Анан мени "Кыямат" романынын бир бөлүгү боюнча пландалган тасмада Бостондун ролуна сунушташып, сүрөттөрүмдү алып калышты да, бара берсем болорун

айтышты. Ошо менен кеттим. Ага чейин Докемди таанып, билип, алтургай суктанып жүргөн жан элем. Биз бала кезде Докем жапжаш кер мурут курагында Токтогулдун жаш курагын ойногон эмеспи. Ошого таасирленип чоңойгон баламын да. А киши ал кезде аты чыккан режиссёр эле. Бирок, "Акбарага" чейин жолубуз эч бириккен эмес эле.

**– Анан кантип Базарбайдын ролун ойноп калдыңыз?**

– Ой, ал бир укмуш кызык шартта болгон. Биринчи кинопробадан кийин Ошто бейкапар жүргөм. Анан эле Докем өзү байланышка чыгып калды. Так 1-май майрам күнү эле. "3-майда Фрунзеде болуп кал" дейт. Шаша-буша эле эртеси аэропортко келсем, күнүнө 14-15 рейс болгонуна карабай, майрам аралаш күндөрү бир билет жок. "Эмгек сиңирген артист" деген күбөлүгүмдү көтөрүп алгам, улам бир кассага сунам, анда аэропортто бүт эле өзбек туугандар иштешчү. Баары сүйлөшүп алгандай "билет йок" деп жолго салат. Кийин билсем, андайда паспорттун ичине кичине тыйын салып беришсе, таап беришет экен. Аны мен кайдан билейин, түз, куулук-шумдугу жок жүргөн жаным. Жаным кашайып, анан Таш-Көмүрдө бир Адис деген жакшы тааныш иним эске түштү. "Болсо-болбосо ошол бала салып ийер борборго" деп, түз эле Таш-Көмүргө жөнөдүм. Кудай буйруп ал жумушунда экен, майрамдын эртеси эле иштеген жерине жете барсам, ал да таң калды. "Ой, иним, сени 2-майың менен куттуктаганы келдим" деп тамашалап, анан келген чоо-жайымды айттым. Ал дароо МАИге алпарып, ал-жайымды түшүндүрдү да, чай ичебиз деп түштүкчө ашка алып кетти. Анан түштөн кийин саат бештерге келсек, тиги МАИчилер бир өзбек КАМАЗистти токтотуп күтүп турушкан экен. Ошо менен ошол жүк машинага түшүп, борборду көздөй бет алдым. Май айы. Ошто күн бир топ жылып калган кез, а Ала-Белге келсек кар уруп, күн суук. Тиги шофердун курткасын кийип, жүдөп, сакалдар өсүп эртеси эртең менен саат сегизде так "Кыргызтелефильмдин" алдына түшүп калдым. Жуунуп-таранганга убакыт жок. Эртең менен киришим керек эле. Докем менин жанагындай кебетемди көрүп эле сүйүнүп кетти. Кинопробага түшө албайм, жуунуп-таранып келе калайын дегениме такыр болбойт. "Во, мына так ушундай кебетең керек эле да. Мына эми нак Базарбай болуптурсуң.

Болду, сен Бостон эмес, Базарбайды ойнойсуң. Давай, бат ушундай боюнча тарткыла" деп эле чечип койду. Ошентип, Базарбай болуп калгам.

**– Мүнөзүңүз жумшак, анан жеткен орой Базарбайдын ролун ойногонго кантип көндүрүп жиберди?**

– Аны айткам, Докеме. "Сен кандай артистсиң, эмгек сиңиргенсиңби? Демек, иттин ролун айтса да ойношуң керек" деп эле көндүрүп койгон. Анан Алайда бир чабандын үйүндө 3-4 күн жүргөм. Эми чабандын чыныгы жашоосу менен кабардар болушум керек эле да. Анан жумшак мүнөзүмдү мен "үлгү" алган чабан тарбиялады. Ал бир өзүн төрө сезген киши болуп чыкты. Күнүгө кызуу ичип келет, аялы чыгып атты алмайынча, аттан түшпөйт. "Ничего не подобного" деген атактуу фраза да ошонуку. Базарбайдын мүнөзүн өшол чабандан алгам, айтор.

**– Тасмада тартылуудагы кыйынчылык, оош-кыйыш тууралуу эмнелерди айтаар элеңиз?**

– Базарбайдын ролуна биротоло бекитилдим ошентип. Докем айтканындай эле 20-майда чалды өзү. "Даярсыңбы, баатыр? 24-25теринен Алайдан баштайбыз" деди. Ошентип, Алайдын Жошолусунда съемка башталды. Биринчи эле күнү жанагы үңкүрдөн бөлтүрүктөрдү алып чыгып жаткан эпизод тартылды. Анткени, болгону төрт күндүк көзү ачыла элек бөлтүрүктөр алынып келген экен. "Булар дагы бир-эки күндө карматпай калат" деп шашып жатты Докем. Ободу ошондой терең үңкүр жасашты. Карышкырлар менен эпизоддордогу кыйынчылыктардын бири алардын жырткыч экендиги бир болсо, экинчиден, ар бир эпизод режимди кармап тартууда болду десем болот. Башкача айтканда, бир эпизод таң үрөң-бараңда болсо, экинчи эпизод түн жарымда, дагы бири кечке маал.

**– Андан кийин да иштештиңиздерби?**

– Докем "Акбарадан" кийин эле айткан: "Каап, сен экөөбүз эртерээк жолуксак болчудай экен. "Махабат дастанында" сага ылайык сонун роль бар эле" деп. Ошондон кийин "Кайран эл" көп сериялуу тасмасында бир он мүнөттүк эпизоддук болгону менен жарк этип эсте калчу роль аткаргам. Базарда чарчап келип, арабанын көлөкөсүндө уктап жаткан кедей жигитмин. Орустун аскерлери келип буту менен тээп "вставай" деп

тургузмак болушат. А мен "эмне?" деп бетиме жабылган калпагымдын кыйыгынан карасам, тигилер мазакташып бетиме заара ушатып жиберишет. Жаным кашайып, "эшиктен келип, төр меники деген энендурайындар" деп тилденип, аларды бешилик менен кууп калганымда, алар мени атып салышат. Эми "Кайран эл" 1916-жылы, 1937-жылы жана 1990-жылкы Ош окуяларындагы эзилген кыргыздардын жашоосу сүрөттөлгөн тасма эле да. Ушул эле Чүй боорунда тартылган. Акча жок. Докем ушундай аракетчил, бир айтканын жасаган киши болчу. "Кыйналсак да муну тартып калбасак, тарых бизди кечирбейт, айланайындар. Жардам бергиле" деп, элди үндөп жүрүп тарткан. Эл көнгөн ошого. Көрсө ошондо эле Докем ЭЛ ДЕПУТАТЫ болуп калган экен да.

**– Адам катары Дооронбек Садырбаевге кандай баа берер элеңиз?**

– Бу киши ыр жазган, кара сөз да жазган, киного да тартылып, кийин режиссёр катары не деген шедеврлерди жараткан ар тараптуу инсан эле. Канча котормолору бар. Жүрөгүмдө Докемдин бир пьесасын коёюн деген изги тилегим бар экенин айтып коёюн. Кийин саясатка кетти, бирок чыгармачылыкта жүргөн кезинде эле саясатка аралашкан киши болду. Кайсыл жерде кандай адилетсиздик болуп жатат, ким эмне шылуундук кылып жүрөт, баарын билет эле. Депутат болгондо да бирөөнү мактап, бирөөнү жактап, самандап акча чачкан жок. Кээ бирөөлөргө окшоп, сыйпалатып, жууп-жайып, кагазга оробой эле, туура эмес нерсени шак эле ачык айтып коё берер эле. Ошон үчүн эл аны жүрөгүндөгү ак тилеги менен шайлап алышты десем болот.

Докем менен иштешкен ар бир адам анын бетке айткан тайманбас мүнөзүн, куулук-шумдугу жок адамгерчилигин баалабай коё албайт. Ушул киши дагы бир аз жашаса, дагы да кыргыз үчүн көп нерсе жасамак деген арман атпай кыргыз менен бирге менин да жүрөгүмдө жашап келет. Дооронбек байкемдин жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун дегенден бөлөк айлабыз жок.

Асел Эшимбекова

# АТАМДАН КИЙИНКИ АТАЛЫК МЭЭРИМ, КАМКОРДУКТУ ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВДЕН КӨРДҮМ

**Асель Эшимбекова – кыргыз киносунун чолпон жылдызы, ай чырайлуу атактуу актриса Таттыбүбү Турсунбаеванын кызы. Асель 16 жаш курагында Доорoнбек Садырбаев тарткан "Махабат дастаны" тасмасында (*Чыңгыз Айтматовдун "Кылым карытар бир күн" романындагы бир уламыштын негизинде – ред*) башкы роль Бегимайдын образын жараткан. Аталган роль Асель Эшимбекованын искусство тармагына карай бурулуш жасоосуна себепчи болгондугун өзү да жашырбайт. Томондо "Сүйүү одасы" атыккан тасманын коркүн ачкан секелек кыз Асель-Бегимайдын Доoронбек Садырбаев тууралуу эскермеси.**

**"Таттыбүбүнүн кызы чоңоюп калган тура"...**

"Махабат дастанына" кокусунан тартылып калдым десем болот. Жай мезгили. Мен 9-классты аяктап жаткан кезим. Апамдан ажыраганыма 2 жыл болгон, атам менен жашачумун. Азыркы КТРКнын имаратында жайгашкан "Кыргызтелефильмдин" студиясына апамдын кайсы бир документтеринби же сүрөттөрүн бекен алганы курбу кызым экөөбүз барганбыз. Ал жерде актриса Гулнара Чокубаева мени көрүп тааныптыр. Дал ошол кезде "Махабат дастанына" Бегимайдын ролуна ылайык актрисаны кызуу издеп жатышкан кез экен. Ал Доoронбек байкеге кирип эле "Таттыбүбүнүн кызын көрдүм, чоңоюп калган тура" деп мени ошол ролго сунуш кылыптыр. Ошентип, ал мага "Доoронбек Садырбаев Бегимайдын ролуна чакырып жатат" деди. Гулнара

Чокубаеванын жолдошу Эдилбек Чокубаев атама келди. Негизи эле апам мен анын жолун жолдоп киного тартылышымды каалачу эмес. Атам болсо, таптакыр, караманча каршы эле. Эдилбек байке "Байке, мени тааныйсыз, өзүм кепил болом. Дооронбек байкени деле билесиз, тааныйсыз" деп туруп алды. Дооронбек байке өзү да ортого түшүп, аралашып, акыры мен кинопробага барганга араң көндүрүштү. Көрсө атам мени баары бир өтпөйт деп ойлоптур. Анткени, Бегимайдын ролун аткарууну каалагандар аябай көп болгон: Казакстандан, Ташкенттен, биздин Кырдрамдан тажрыйбалуу актрисалар бар эле. Акыры атамды көндүрүштү да, мага кинопроба учурунда аткара турган сценарийдин бир үзүмүн беришти. Ал кезде Раймалынын ролуна али эч ким тандала элек экен. Бегимайдын ролуна пробага келгендер үчүн Жоробек Аралбаев аттуу актер болжолдуу Раймалы болуп берген. Кандай болгонун азыр да түшүнбөйм: барып кичинекей эпизодду аткардым. Ошончо актрисалардын ичинен мени "өттүң" дешти.

**Дооронбек байке искусствого карай жолумду ачты**

Ошентип, тасма жайкы каникул учурунда тартылмай болду. Атамдын, албетте, маанайы бузулду. Ошентсе да, Эдилбек Чокубаев, Дооронбек Садырбаевдин жеке кепилдиги менен Арсланбапка сьемкага жөнөп кеттим.

Боз үйлөрдө жашадык. Кичинекей канбийкедей эле мамиле жасашар эле мага. Өзгөчө Дооронбек байке өтө мээримдүү эле. Атамдай мамиле жасап, ар бир кадамым анын көз алдында. Кечки саат 9-10до "Кызым, жаттыңбы, уктап жатасыңбы?" деп келип текшерип, кабар алып турар эле.

Албетте, тажрыйбасы жок жаш кыз үчүн башкы роль аткаруу жеңил эмес. Дооронбек байке эринбей ар бир деталды кантип аткаруу керектигин түшүндүрүп, бийик чыдамкайлык, сабырдуулугун көрсөттү десем болот. Ал менин ичимде катылган талантымды ачты десем жаңылышпайм. Эгерде ал киши болбосо, балким, таптакыр киноискусствого жолобой, таптакыр башка тармакты иштеп калмакмын. Анткени, апам да, атам да киного тартылышыма каршы эле. Мектепти аяктагандан кийин атам ал кездеги ПИРЯиЛга (Педагогический институт русского языка и литературы-ред.) тапшыртты. Бирок,

баары бир кинодон алыс кете алган жокмун, анын үстүнө "Махабат дастанынан" калган тажрыйбам бар. Ошентип, ПИРЯиЛды 3-курстан таштап, Ленинградга (азыркы Санкт-Петербург – ред.) А. Н. Островский атындагы тетаралдык институтка кеттим. Атам "Генден алыс кете албайт экен. Болбойт экен" деп, менин чечимим менен макул болгондон бөлөк аргасы жок экенин түшүндү.

Кийин кино тармагында Төлөмүш Океев, Мелис Убукеев аттуу режиссерлор менен да иштештим. Албетте, алар да мага аябай жакшы мамиле жасашар эле. Бирок, Дooронбек байкенин мага жасаган мамилеси, өзгөчө аталык ыйык мээрим менен камкордук кылганын туяр элем. Кийин атам да өтүп кетти. Биз иним Канат экөөбүз жаш эле ата-энебизден ажырадык. Ошондо Дooронбек байке "кыйналсаңар телефон чалгыла, үйгө келип тургула" деп, үйүнө чакырып чай берген. Дайыма кабарлашып, дайныбызды, ал-ахвалыбызды сурап турчу. Кийин мен турмушка чыкканда, Соня жеңе экөөнү үйгө чакырдык. Үй-жайымды, жолдошум Урматты (Урмат Барыктабасов – ред.) көрүп:

– Эми менин көңүлүм тынчыды. Балам, Аселди капа кылба, ыйлатпа, – деп айткан. Биз Дубайда жашап жүргөндө деле телефон чалып, интернет аркылуу байланышып, ал-ахвалымды сурап турду. Атамдан кийинки аталык мээрим, камкордукту ушул кишиден көрдүм.

**Домбраны туура "чертүүнү" үйрөндүм**

Эч кандай музыкалык инструментте ойной албайм. Тасмада ырчы кызмын. Домбраны туура кармап, кайсыл учурда колду жогору, кайсыл учурда ылдый түшүрүүнү үйрөнүүдө таекем Нуркан Турсунбаев менен композитор Түгөлбай Казаковдун жардамы чоң болгон. Мен угуп үйрөнүшүм үчүн музыканы коюп, камап коюшар эле. Күнү кечке казак кыздын ырдаганын тыңшап отурган күндөрүм болгон. Кыргызча жакшы сүйлөй албаганыма карабай, ошол айтышты жаттап, ырдап калгам. Ошого жараша ал кадрлар бир дубль менен эле тартылып, кыйналган эмесмин. Башкы ролдордо эки тажрыйбасы жок кишилербиз. Раймалынын ролундагы Тууганбай байке мени карап ырдай албай кыйналган. Күнболот Досумбаев "жаш кыз

минтип аткарып жатканда, уят сиз аткара албасаңыз" деп күлүп, аны уяткарып, ролду аткарткгны эсимде. Жаш, көп нерсени түшүнбөгөнүмдөн го, эмнегедир уялбай-этпей эле, орусча айтканда, Тууганбай байкени "нагло" карап эле аткаргам. Эң чоң кыйынчылык жараткан эпизод тасманын аягындагы эки ырчыны өрттөгөн жери болгон. Бир күн кечке 13 дубль тартышып, мен ыйлай албай. Акыры эртеси араң бүткөн: Мага апам тууралуу айтып башташты. Көз жашым жүрөгүмдөн чыкты десем болот.

Съемка талаасында Соня жеңе, кичинекей Зарылбек да биз менен кошо болгон. Кофесин даярдап, башка каалаганын жасап, аял катары Доoронбек байкени аябай жакшы карайт эле. Доoронбек байкедей асыл адамдын эрте дүйнөдөн кетиши өтө өкүнүчтүү.

Тамара Жаманбаева

# ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВ ИЧИНДЕ КЫПЫН КИРИ ЖОК, КАРА КЫЛДЫ КАК ЖАРГАН КАЛЫС ЖАН ЭЛЕ

**Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, СССРдин жана Кыргыз ССРинин бир нече сыйлыктарынын ээси, кыргыз телевидениесине дээрлик 50 жылдык өмүрүн арнаган белгилүү диктор, учурда Махмуд Кашгари Барскани атындагы Чыгыш университетинин профессору Тамара Бакиева-Жаманбаева – Дооронбек Садырбаев менен 30 жылдай кыргыз мамлекеттик телерадиосунда бирге эмгектенген кесиптештеринин бири. Секелек кезинен телеге диктор болуп келип, чейрек кылымдан ашуун убакыт менен эриш-аркак иштешип, тыгыз кызматтык байланышта жүргөн кыргыз телесинин жылдызы Тамара Бакиева-Жаманбаева Дооронбек Садырбаев тууралуу төмөнкүлөрдү эскерет.**

Телеге күтүлбөгөн жерден 16 жаш курагымда медицина окуу жайын жаңы эле бүтүп, врач болсом деген изги тилек менен медицина институтуна тапшырсам деп самап жүргөн кезде күтүлбөгөн сунуш түшүп, буйрук экен, ошол кезде жаңыдан түптөлүп жаткан кыргыз телевидениесине дикторлук кызматка келип иштеп калдым. Эми-эми телчигип келе жаткан теленин жүзү болуу үчүн, албетте, кыргызча-орусча текстти так, даана окуган, келбеттүү, үнү жагымдуу болушу талап кылынат эле. Атайын комиссиянын тандоосунан өттүм,

албетте. Ал кез 1959-жылдар эле. Дооронбек болсо, менден бир-эки жыл кийин келди...

1962-63-жылдар болсо керек. Врач болсом деген изги тилегине карабай, Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун 4-курсунан окуусун таштап, чыгармачылыктын чыйыр жолун тандаган Дооронбек Садырбаев телевидениеге 20дан ашкан жапжаш курагында эле режиссёрдун ассистенти болуп келди. Үй-бүлөлүү экен. Жашаган квартирасы (батири) болсо, студияга жакын жерде эле. Ал кезде азыркыдай болуп, бири-биринкине чакыртып гана бармай эмес, каалаган учурда каалгасын ачып, кирип барган элдин бири-бири менен болгон алака-катышы жакшы кез экен. Ошондой кең пейил замандын нуру төгүлүп турган учурларда биз деле бирибиздикине-бирибиз ат тезегин кургатпай каттап, байланышты үзбөй барышып-келишип турчубуз. Жашпыз. Студияга жакындыгына качырып эле Дооронбек жашаган батирди айланчыктап чыкчу эмеспиз. Сөзсүз түрдө алардыкына барып, тамактанып алмайынча кетпеген адатыбыз бар эле.

Дооронбектин мени таң калтырган, бир чети суктандырган сапаты – анын эмгекчилдиги болчу. Күндүзү биз менен керээли-кечке студияда трактовый репетицияда жүрөт, ары чуркап иштеп, бери чуркап иштеп режиссёрдун ассистенти болду, режиссёр болду. Студия жабылганга чейин тыным албай, теленин тегирмени менен кошо айланган баягы Дооронбек чарчадым-чаалыктым дебестен, киностудияга барып, орус, жана башка чет тилдериндеги тасмаларды эне тилибизге которуп, дубляж иштерине катышып, таң аткычакты ошол киностудиянын керегесинен чыкпайт. Түн ичинде көз ирмегенге убактысы жок иштеген Дооронбек замандашыбыз таң куланөөк тарткандан баштап кайра эле телевидение студиясында болуп калат. Иш дегенде ичкен ашын жерге койгон иштермандыгы менен Дооронбек, чыгармачылыктын кылда чокусуна жетем деген асыл максаттарынан баш тарткан жок. Кандай гана алдына максат койбосун, аны орундатмайынча жаны тынбаган өжөрлүгү – анын тубаса бир каны менен жаралган артыкчылыгы эле. Күндү күн, түндү түн дебей иштеп, ак эмгек, маңдай тердин акыбети менен

Дооронбек ошондо биринчи жолу менчик квартирасын сатып алып, өз бетинче түндүктүү болгондугун айтып калчу.

Дооронбек Садырбаев менден төрт жаштай улуу болчу. 1968-жылы отуздарга таяп калган кези. Менин жыйырма бештердеги курагым. Ошол жылы биринчи жолу кыргыз телевидениесинин тарыхында тунгуч фильм-концерт тартты. Ал фильм-концертке Куйручуктай белгилүү куудулубуз, зор талант Асанкул Шаршенов, кыргыз эстрадасынын негиз салуучусу Чоро Кожомаровдун эстрадалык ансамбли, элибиздин көрүнүктүү, таланттуу ырчы кыздарынан Гүлсүн Мамашева, Айша Базарбаевалар тартылышты. Докебиз ошентип, биринчи жолу ак-кара түстөгү плёнкага (тасмага) фильм-концертин тартып, өзү сценарийин жазды. Өзү режиссёр дагы болду. Ошол жылдары Гүлсүн Мамашева тартылып жатканда кыргыздын улуттук костюмун издеп, бир топко убара тартып жүрдү. Анда Гүлсүндүн өмүрлүк жолдошу, атактуу режиссёрлорубуздун бири Бообек Ибраев Нарын музыкалык драма театрында башкы режиссёр болуп иштеп турган. Ага карабастан, фильм-концертке тартылып, 4-5 ыр аткарганга ылайыктуу кийим таппай, мага келип, кийим издеттирген эле. Кечээ жакында ошол фильм-концертти теледен көрсөтүштү. Баягы мен таап берген 2-3 көйнөктү кийип аткарган Гүлсүн Мамашеванын ырларын көрүп, өткөн мезгилдин мазмундуу жылдарын көз алдыман өткөрүп алдым. Анда эмне, Гүлсүндүн таланты ачылып, толуп-ташып турган күлгүндөй болуп буралган жаш кези. Бардыгын ошентип, баралына келип турганында тасмага түшүрүп фильм-концерт тарткан Докебиздин (Дооронбек Садырбаевдин) эмгеги эң чон болуптур. Өзү гана изденип, режиссёрлуктун сырларын өздөштүрүүгө эле эмес, киного тартылууга да умтулган жигит эле.

Жамаатыбыздын чакан жыйыны болгон летучкаларда чыгып, баяндама жасаган учурунда Дооронбек Садырбаев ичинде кыпын кири жок, кара кылды как жарган калыстыгына салып, кайсыл бир көрсөтүүлөр көңүлүнө төп келбегендигин айтса, кай бирлерин көңүлүнө ынабагандыгын бетке эле айтып, калыс көз караштары менен бөлүшүп турчу . Ушундай таланттардын бири Дооронбек Садырбаевдин замандашы

болуп, аны менен бирге иштешкеним дагы – өмүр белестеримдеги эскере турган жаркын барактардын бири.

Бетке айтар тайманбастыгы кийин саясый ишмердүүлүгүндө да көрүндү. Дайыма жүрөгүн өйүгөн элдин койгөйүн айтып, бийликке ачуу сын айткандан тажабады. Жогорку Кеңешке депутат болуп келгени менен эски кесиптештери, бизге, кыргыз телевидениесине такыр келчү эмес. Ал келип жолукканды каалабагандыгынан эмес, өзү оппозициялык көз караштагы саясатчы болгондугу үчүн бизге зыян келтирбейин деп, бизди аягандыгынан эле. “Мен силерге жолобой эле турайын, зыяным тийип калып жүрбөсүн бирөө жарым жеткирип барса” деп турар эле. Жолугуп калганда тамекисин кере тартып, “Биз эми карыбадыкпы” деп оозунан түшпөгөн кеби бар эле.

Дооронбек менен акыркы сүйлөшкөнүм күнү бүгүн эсимде. 2008-жылы Каркыранын казактарга өтүп кеткенине каршы жоон топ депутаттар менен Ысык-Көлгө барып, жергиликтүү ажаан аялдардын чабуулуна тушугуп келишпеди беле. Мен ал кезде Улуттук телерадиокомпаниясынын “Замана” студиясынын продюсери, башкы редактору элем. Атайы телефон чалып интервью берип коюусун сурандым. Көгөрүп таптакыр көнбөй койбодубу. “Жок. Биринчиден, баары бир мени мамлекеттик каналдан чыгарбайт, бекер эле убаракерчилик болот. Экинчиден, жок чыгарабыз деп талашсаңар, бөөдө запкы жеп каласыңар мени деп. Силерге зыяным тийбесин. Жөн эле коёлу” деп болбой койду. Ошондон көп өтпөй эле бул дүйнө менен кош айтышып кете берди. Таажыясында иниси Кубанычка ошону айтып бир топ ыйладым. Ошондо тартып калсак, телеге чыкпаса да, эч болбосо видео калмак экен. “Ой-боюна койбой зордоп, өзүңүз келип болсо да тартып калсаңыз болмок экен, ээ?” деп бир топ боздоду иниси.

Жамандык-жакшылыгыма келбедиң деп мурчуйуп таарынган адаттан тыш жан эле. 1999-жылы туулган жери Ноокенде 60 жылдык юбилейин берди. Мени да чакырган эле. Бирок, бүтпөгөн иш, тиричиликтин түмөн түйшүгүнөн улам бара албай калдым. Бирок, бир-бир таарынып, же наразылык кеп айткан жок. Андай пендечилиги жок жан эле. Ушундай

адамгерчилик бийик сапаттарга ээ, мейли чыгармачылыкта болсун, мейли саясый ишмердүүлүгүндө болсун үлкөн ийгилик, эсте калар чоң эмгек жарата алган Дооронбектей инсан менен замандаш, кесиптеш болуп калганыма сыймыктанам.

**Шахра Талипова**

# ДООРОНБЕК АКЕ МЕНЕН СОНУН ЖЕҢЕНИН ӨРТӨСУНДА КОРГӨНДҮН КӨЗҮ ТИЕРЛИК ЖЫЛУУ МАМИЛЕСИ БАР ЭЛЕ

**Кыргыз Реснубликасынын Эл артисти, "СССРдин маданиятынын отличниги" төш белгисинин ээси, бир нече эл аралык конкурс, фестивалдардын лауреаты Шахра Талипова Дооронбек Садырбаев менен тыгыз чыгармачылык кызматташтыкта жүргөн замандаштарынан болгон. Ырчы айымдын чыгармачылыгын канчалык баалагандыгын Доронбек Садырбаев төмөнкү 8 сап ырында минтип сүрөттөйт:**

**Ырлары тайбуурулдун таскагындай,**
**Ыргагы суу жоргонун басканындай.**
**“Аа” – деген абанынын ачыктыгы,**
**Булутсуз күндүн ачык асманындай.**
**Шахранын таң чакырып шаңшыганы,**
**Таш тешип чыккан суунун акканындай.**
**Зарыгып арзуу күткөн кайруусунун,**
**Зардабы Азиянын аптабындай.**
**Бар болгун бай таланттын кожойкеси,**
**Калбасын каалагының аткарылбай.**

**– Дооронбек Садырбаев деген ысымды алгач тааныган учуруңузду эстей аласызбы?**

– Эстебей анан. Анда биздин бала кез, совет мезгилинин учуру. Токтогулдун жаштыгын ойногон тасмадан көргөм.

Көрсө ал кез Дооронбек акенин болуп-толуп турган күлгүндөй жаш курагы экен. "Ушундай чыгармачыл кишилердей болсок экен" деп, купуя тилек кылар элек. Жаштын тилегин берет дегендей, кийин мен да чыгармачыл чөйрөгө аралашып калгандан кийин ал киши менен бир жүрүп, бир дасторкондон чай ичкен убактарым болду. Көбүнчөсү Жалал-Абадда ар кандай иш-чаралардан кезигишип калчубуз. Кийинчерээк Дооронбек аке саясатка аралашып, Аксы, Ала-Бука тараптан Жогорку Кеңешке талапкерлигин коюп калды. Ошондо үгүт кампаниясы учурунда ушул аймактарды түрө кыдырып, Дооронбек аке барып, эл менен жолугушкан жерлерде Жанышбек Кочкоров жана башка артисттер менен бирге элге жакшы маанай тартуулап ырдап жүрдүк. Барган жерде эл аны ушунчалык жылуу кабыл алышар эле. Ушул кишидей атактуу, эл сыйлаган адам болсок, ушундай сыймыкка жетсек деп эңсечүбүз да.

**– Дооронбек Садырбаевдин сөзүнө жазылган бир ыр сиздин энчиңизде дешет. Айтайын дегеним, сиз анын бир ырын такай ырдап жүрөт экенсиз...**

– "Кыялда бирге жүрөлү" (бул ыр "Жалгыздын жары кудай" жыйнагында "Көздөрүң айтып турбайбы" деген ат менен басылган-ред.) деген ырды такай ырдайм. Обону Жанышбек Кочкоровдуку. Бул ыр күнү бүгүнкүгө чейин эл оозунан түшпөйт. Кай жерде ырдабайын, баары жылуу кабыл алышат. Ашыктык темасындагы "Кимибизден?" деген ыры деле бүгүнкүгө чейин ырдалып жүрбөйбү. Жүрөккө жеткен ырлар эмеспи.

**– Ашыктык темасын айтып калдыңыз. Садырбаевдин сүйүүсү, үй-бүлөсү тууралуу тегерегинде жүргөндөр кандай маалымат билер элеңиздер?**

– Чынын айтсам, көп учурга чейин үй-бүлөсүн, жеңебиз тууралуу маалымат билчү эмеспиз. Даап сурагандан тартынчубуз да өзү айтпаса. Бизден бир топ улуу агабыз, кумирибиз катары санап жүрсөк, ал киши бизди өзү менен кошо алып жүргөнүнө эле кубанчубуз да. Кийин билсек, "Сонунум" деген айтылуу ыры ошол жеңебизге арналып жазылган экен. Барган жерде ошол ырын окуп калар эле. Кийин жеңебиз менен таанышканда, ал кишинин аты да Сонун, өзү да СОНУН аял

экенине, Дооронбек аке ырында эки сөздүн биринде "Сонунум" дегендей эле асыл жан экенине ынандык. Көз күйдүргөн келишкен киши болгону жалганбы? Дооронбек акени сыртынан жактырган, ашык болгондор, автограф алып, жанында бир саам турсам дегендер коп эле болгон. Бирөөгө бир жылмандайт бекен деп аңдыйт дагы элем. Эркектеги мындай туруктуулукту ушул кишиден көрдүм. Бир жолу бирөө жарымга тийишкенин же бир кыйшык сөз сүйлөгөнүн көргөн жокмун. Бул да болсо Сонун жеңе экөөнүн сүйүүсүнүн ушунчалык бекемдиги, тазалыгы, аруулугунун белгиси. Экөөнүн ортосунда көргөндүн көзү тиерлик жылуу мамилеси бар эле.

**– Садырбаев менен көп эле артисттер чогуу жүрүп калдык деп калдыңыз. Адам катары сиз баа берген, сиз таасирленген сапаттарын байкай алдыңызбы?**

– Эң биринчи эле бул кишинин "кыз бала" деп кыздарды бийик койгон, заманбап тил менен айтканда, жентльмендик сапаты бар эле. Эл аралап жүргөн учурларда чайга отуруп калсак, ырдаган кыздар ылдыйраак отуруп калсак, "Ай, силер кыз баласыңар, анан да эл ырчыларысыңар. Жогору отурушуңар керек" деп турар эле.

Бир жылдары ушундай чөгүп кеткен учурум болгон. Башым көп ооруйт эле. Доктурлар "башыңда шишик бар" деп чыгарышты. Ошондо да "Сендей кыздар оорубашы керек" деп дем бергени эсимде. Бишкекке келип, Чүй облустук ооруканасына жатып калсам, атайы көргөнү келиптир. Анда Жогорку Кеңештин депутаты кези. Ооруканадагылар оорулуулар деле, медперсонал деле концерт көргөнсүп тегеректеп келип алышканы эсимде. Эринбей алар менен да сүйлөшүп, баарына автограф таратып, бир топ тамашалашып, "элдин кызын жакшылап карагыла эми" деп кеткени эсимден кетпейт. Андан кийин 50 жылдык юбилейимде келип сүйлөп, "Эл артисти" деген наамды алгандыгымды куттуктап, жакшынакай белегин тапшырып кеткен. Мына, быйыл (маек 2014-жылы алынган-ред.) 60 жылдык юбилейимди бердим. Ага арналып жасалган видеоматериалыбызда Дооронбек акенин ошол 50 жылдыгымда келип сүйлөгөн куттуктоо сөзү корсөтүлдү. Кандай бийик адамгерчиликтүү киши эле. Жаткан жери жайлуу болсун. Мындан башка кылар аргабыз жок.

**Анатай Өмүрканов**

# ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВДИН ЭСТЕЛИГИНЕ

Кыргыз үчүн, кыргыздын намысы үчүн,
Арнап салып кан-жанын, кайрат, күчүн, –
Элим эстеп жүрөр эмгек жасаймын, – деп
Кыдырды эле дервиштей дүйнө жүзүн.

Керектин да эң зарылы, кереги эле,
Жараткандын бизге берген белеги эле.
Үлгүсү эле элине кул болуунун
Кылымга ыргаар кыргыздын желеги эле.

Турган кезде калтылдап көч кыйада,
Президенттерди шылый чаап сессияда...
Караанынан "жеп жутаттар" титиреген
Кара тоодой калдайган Докем кана?!

Аксылыкка тийген ок адегенде
Ага тийип, андан кийин жаштарга өткөн...
Кайран гана асыл жан ай... Ыпластыктын
Деңизине ак кемедей чөгүп кеткен...

Киноң-кино, ыры-ыр, элин сүйүү
Жактан сага теңдешти таппай келем.
Президенттердин аты эртең унутулат,
Эртең кыргыз сыймыктанат сени менен.

Зор чындыктын элчиси сыйактанып,
Адилдикке элди үндөп күйүп-жанып.

Бир доордун добулбасын тынбай какты
Тынбай какты жүрөгүнөн шүүшүн агып...

Алып тынды жаныңды жайылган тор,
Таажийанда тикеден тик турат оң, сол.
Эл ыраазы эрдигиңе, алтын Доке,
Эл-журтуңа сен дагы ыраазы бол...

**Сүйүнбек Касмамбетов**

# ДОКЕМДЕН КИЙИН КЫРГЫЗДЫН АРХАИЗМ СӨЗДӨРҮ МЕНЕН СҮЙЛӨГӨН ЭЧ БИР ДЕПУТАТ ЖЕ САЯСАТЧЫ БОЛГОН ЖОК

**"Данк" мадалынын ээси, төкмо акын, манасчы Сапарбек Касмамбетовдун уулу Сүйүнбек Касмамбетов кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин аппаратында бир топ жылдардан бери эмгектенип келет. Учурда ал парламент аппаратынын башчысынын орун басары. Дооронбек Садырбаев депутат кезинде чыгармачыл чөйрөгө жакын кишилерди жакын тутуп, кези келсе, тамашалап ыр менен айтыша коюп жүргөндүгүн замандаштары айтып-деп келишет. Ыңгайы келсе ыр менен айтыша коюп жүргөн Жогорку Кеңештин ошондой чымыны бар чиновниктеринин бири ушул Сүйүнбек Касмамбетов болгон.**

**Кадырлуу Докем, урматтуу Докем...**

Ыраматылык Дооронбек Садырбаев менен Жогорку Кеңеште узак жылдар бою ал киши депутат болуп келгенден тарта тыгыз байланышта мамиле түзүп, чогуу иштешип калдык. Ыраматылык көкүрөгү, жүрөгү шайыр, дайыма тегерегинде эл топтошуп жүргөн, улуу-кичүүгө бирдей сый мамиле кылып, башкалардан баардык жагынан кескин айырмаланган жан эле. Улуу-кичүүнүн бири калбай, алтургай, дос-душманы баары тең «Докелеп» турчу. Баарыбыз "кадырлуу Доке, урматтуу Доке" деп сыйлап турчубуз. Ырга, обонго жакын, ыр жазып, колуна

комуз кармап созуп да жиберген, кыскасы, чыгармачылык чөйрөгө өзүнчө бир өзгөчө дүбүрт менен келген инсан эле.

**Докем мени "чечек" деп атачу...**

Ошентип, Докем менен Жогорку Кеңеште узак жылдар бою чогуу иштешип калдык. Ал мени «чечек» деп койчу. Анын да жөнү бар эле.

Бир ирет, 2000-жылдары болсо керек, эки депутат – акын-кинережиссер Дооронбек Садырбаев менен манасчы-экономист Кубанычбек Идинов бир гезитте кадимки төкмөлөрдүн кыраатына салып, жамактата айтышып калды. Бири-бирин жерден алып көргө, көрдөн алып жерге салып атышат дейсиң. Анысы сандан-санга уланат. Ошондой кырчылдаша кыл чайнашып турган чакта мен ал экөөнүн айтышына ортодон кыпчыла калып, экөөнү тең жөөлөп салгам. Кийинки санда Докем да катыра жообун берген. Ошондон кийин «чечек, чычым» аталдым да калдым.

Атам менен теңтуш, замандаш болгондуктан:

– Атаңдын талантынын жок дегенде бир тамчысы кантип сага өтпөсүн. Сенде деле болуш керек, – деп калар эле. Ошондон улам комузду колго алып, ара-чолодо айтыша калчубуз. Ал киши дагы колу бошой калганда, «ай, чечек, бас бери, айтышабыз» деп, кабинетин көздөй жетелеп жөнөчү. Анын эсте калгандарын азыркыга чейин тели-теңтуштар арасында айтып жүрөм. Бирде мени токтотуп алып:

– Эй,чычым. Эки жумадан бери мага эч ким тийишпей, гезит беттеринде эч нерсе жазылбай калды. Сен бир мага тийишип бирдеме жазып көрчү. Мен сага жооп бергенге аракет кылайын, – деп калды.

Ошондо мен:

Чалчыктуу жерде өнүшкөн,
Чабышып күндө көрүшкөн.
Обу жок орус аялдай,
Ооздорунан өбүшкөн.
Доке, депутаттын бирисиң,
Калпты-чынды койгулап,
Эптеп иштеп жүрүсүң.
Ушу жашка келгиче,

Доке, дагы эле күүлүүсүң,– деп тамаша иретинде дагы бир топ депутаттарга достук шарж жазып берсем, аны ыраматылык Мелис (ал кездеги "Асаба" гезитинин редактору Мелис Эшимканов-ред.) бүтүндөй бойдон басып салыптыр.

Анда Докем:

– Депутаттарды бирине-бирин чабыштырып койгон экен,
Депутаттардын портреттерин келиштирип койгон экен.
Бул чычымдын акындык тушоо кесмейи
Кечигип калган турбайбы.
Ошондуктан Сүйүнбек
Дооронбекке тап берип
Тийишип калган турбайбы, – деп кийинки санына жооп жазганы эсимде.

Андан кийин Докем экөөбүз Шайлообек Дүйшеев менен Кыялбек Урмамбетовдон салт болуп калган "Мурун" темасында айтышып жүрдүк.

## Нукура сөздүн устаты

Докемдин мыйзам чыгаруучу, саясатчы катары сапаттарын кесиптештери, саясатчылар айтып беришер. Мен ал кишинин мурунку-кийинки депутаттардан айырмаланган бир сапатын айтып кетейин. Докем, кыргыздын унутулуп, колдонуудан чыгып кеткен нукура эски сөздөрүн кайтарып келүүдө чоң эмгеги, аракети бар десем болот. "Котормочу" дебей "Тилмечти чакыргыла" деп, "ТИЛМЕЧ" деген сөздү колдонор эле. "Кагазды тигилип" эмес, "ҮҢҮЛҮП карайт" деп, "мыйзамдарды чогултуп бир эле карайлы" дегенди "Мыйзамдарды БҮКҮЛҮ бойдон карап жиберели" деп, Жогорку Кеңештин отурумдарында Докем гана айтаар эле. "Бут кийим оңдоочу жай" деп орусчадан түз которуп, маанисин бузбай, "ӨТҮКЧҮ" эле деп жазып койсо эмнеге болбосун?" деп көп капа болуп айтар эле. Кыргыздын архаизм сөздөрү менен сүйлөгөн саясатчы ушул Докем менен токтоду. Андан кийин антип сүйлөгөн эч бир депутат же саясатчы болгон жок. Азыр эми: "Мен ойлойм. Бул маселе ушундай болот" деп, сүйлөм мүчөлөрүнүн ордун бузуп колдонуп калышты. Докем:

– “Мен ойлойм” деген бүткөн сүйлөм. “Менин оюмча” деп айткыла, – деп өмүрү өткүчө кыргыз тилинин таламын талашып, туура сүйлөө нормаларын айтып жүрдү.

**Чантай катуу кыйын жан, Чындыкка гана сыйынган**

Кийинчерээк, ырматылык Докем оо дүйнө салганда, ал кишини тууралуу, анын ар тараптуу өнөрү тууралуу көп эле эскерүүлөр жарыяланды. Эл катары мен дагы жоктоо ырын даярдап койгом, бирок, аны жарыялоо оюма деле келбептир. Докенин 75 жылдык маарекесине утурлай (маек 2014-жылы даярдалган– ред.), ошол «жоктоом» эске түшүп турганы. Карасам, анда айтылган ойлор азыр деле өз маанисин жогото элек экен. Ошого окурман назарын буруп коюуну туура таптым. Анда эмесе, кулак түрүңүз…

Томуктай катуу кыйын жан,
Толкутуп элди жыйылган,
«Жалгыздын жары Кудай» деп,
Жаратканга сыйынган.
Оомал-төкмөл заманга
Ооматын берип буюрган,
Опурулуп сүйлөсө,
ООНго чейин угулган.

Чаптай катуу кыйын жан
Чайпалтып элди жыйылган,
Чыйралып, бирок үзүлбөй,
Чындыкка гана сыйынган.
Чырпыкты чынар кылам деп,
Чыркыраган элиңдин
Чырагы элең буюрган.

Мүлдө журтту жылыткан
Текши тийген Күнү эле.
Атаандашын жыдыткан
Айтканы сөздүн Гүлү эле.
Буурадай булкуп бурдаган
Букара элдин Үнү эле.
Парламенттик жыйында

Жол улугу бар эле.
Качырганын куткарбас
Кол улугу бар эле.
Беттегенин бербеген
Долулугу бар эле.

Алты асый болгон айгырга
Жакындап калган байталдай,
Айбыгып турса көпчүлүк
Ажого чындык айталбай,
Жаздагы кирген селге окшоп
Бир четин жырып кетчү эле.
Бул дүйнөгө төрөлүп,
Бир эле келген жанмын деп,
Бийлигиң болсо колунда
Билгениң кылып алгын деп,
Обдулуп туруп кетчү эле.

Каттоодон өтүп жыйынга
Келишиң жетпей жатпайбы.
Мыйзамды бузган «кыйынга»
Челишин жетпей жатпайбы.
Эл– жерим деген илгерки
Конушуң жетпей жатпайбы.
Кертилип чети жериңдин
Тар болуп турган убакта,
Жаштары кетип элиңдин
Зар болуп турган убакта,
Добушуң жетпей жатпайбы.
«Убактым өтө тар эле,
Төрага, сөзүм бар эле», –
Деп кыйкырып бир тийген
«Согушуң» жетпей жатпайбы.

Калемин колго аштаган,
Кадамын алга таштаган,
Калыстык үчүн тик туруп
Калдайган калкын баштаган,

Калтаарбас кайрат бар эле.
Качан да болсо, Доораке,
Карааның жетпейт дагы эле.
Аспабын колго аштаган,
Айлана артка качпаган,
Акыйкат үчүн тик туруп
Атпай журт көөнүн какшаган,
Абыроюң бар эле.
Азыр да болсо, Доораке,
Айбатың жетпейт дагы эле.

Эми азыр, тамекиң калды чегилбей,
Акылга үрөн эгилбей.
Ойлордун көбүн жут алып,
Калганы ылаң семирбей.
Элбузарлар дагеле
Эдиреңдеп жүрүшөт
Эмдигиче жеңилбей.
Дагы канча тайрактайт
Сиз кирген көргө же кирбей…

Байрагы болдуң жериңдин,
Баатыры болдуң элиңдин.
Кете бердиң эртелеп,
Кеңешин укпай теңиңдин.
Жарыгы жалп өчкөндөй
Көркү кетти төрүңдүн.
Опол тообуз көчкөндөй
Ортодон алыс бөлүндүң.
Олку-солку тургансыйт
Ооматы кетип өмүрдүн.
Доке, көп жаңылык айтмакмын
Почтосу болсо көрүңдүн.
Айтпаймын, Доке, өзгөнү,
Арадан өзүң кеткени,
Жаңырбай калды жыйындан
Кыргыздын көөнө сөздөрү.
Карт тарых деле тастыктайт,

Байыркы элдинерибиз.
Аргындашып баратат
«Манасты» айткан тилибиз.
Унутуп сөздүн уңгусун
Уялбай басып жүрүбүз.
Кусамат болдук, өзүң жок,
Курусун көргөн күнүбүз.
Кулпуруп турган кез келер,
Кудайга жетсе үнүбүз.

**Мелис Айдаркулов**

# КЫРГЫЗ ДЕП ЫЙЛАП, КЫРГЫЗ ДЕП ЫРДАГАН ДОКЕ

Ал менин төрүмдө олтуруп, дасторконумдан даам сызган жок, мен да Докемдин үйүнүн босогосун аттаган жокмун, ал кишинин байбичеси Сонун эженин колунан чай ичпедим. Докем көз жумганда өткөн акыркы сапарга узатуу учурунда көпчүлүк катарында астейдил ичимден сыздап четте турдум. Докем бир кезде “Бишкек шамына” жана “Эркин Тоого” чыккан курч публицистикасы менен куйкаларын далай куруштурган бир кездеги Компартиянын мыкчыгерлери, андан соң акаевдик жана бакиевдик бийликке кулдук урушкан үлкөн чиновниктердин Докемдин табытын чарк имерилип, калппычынбы, айтор, акыркы кызматын кылып жүрүшкөндөрүн көрүп, Докемдин көкжалдыгына тең бердим. Табыт жанында улуу инсан менен коштошуп, аны улуу жеңиши менен куттуктадым да, кайра көпчүлүктүн арасына сиңип кеттим...

**Бир күндө үч ишти бирдей жасачу..**

Докем акыл-парасаты жетик, интеллекти өтө жогору адам эле. Анын жашы улуу болсо да, мен үчүн жаны курбудай киши болчу. 1990-жылы “Фрунзе шамы” гезитинин редакциясындагы менин иш бөлмөмдө таанышкандан тартып, Докемдин алп жүрөгү какпай калганга чейинки мезгил ичинде ортобузда көп эле окуялар болду.

Мурда таланттуу кинорежиссер, актер катары кыргыздын кыйырына таанылып, республиканын эл артисти наамын алган Докемдин жалындуу публицист катары ачылышы "Бишкек шамы" гезитинде башталды. 1990-жылы бул гезиттин чыга баштаганына жарым жыл айлана электе ага жаш окумуштуу

Асан Ормушевдин борбор шаарыбыздын чоң завод-фабрикаларында иштеген кыргыз жумушчуларына жасалып жаткан өгөй мамиле, аларды кемсинтүү, кордоо фактыларынын бетин ачкан, 30-40 жылдап, башкаларга берилген батирлерге жетпей, 5-6 баласы, келин, неберелери менен бир бөлмөлүү жатаканаларда күн кечиришкен кыргыз жумушчуларынын аянычтуу тагдыры баяндалган макаласын жарыяладык. Ал макала коомчулук арасында аябай чоң колдоо таап, тескерисинче, Компартия жетекчилеринин итиркейин келтирди... Ошол күндөрдүн биринде менин катчым кабылдамага кинорежиссер Дooронбек Садырбаев келгенин кабарлап калды. Ордумдан тура калып, Докем менен кабылдамадан учурашып, кабинетке чакырдым. Босогону аттаары менен эле жарыктык киши мага кайрылды:

– Бу эзели айтылбаган нерселерди ачыкка чыгарып, чоңдордон коркпогон редактор чыкты дешкенинен келсем, кичинекей эле бала турбайсыңбы!..

– Мени эч ким деле куугунтуктаган жок, кимден коркмок элем...– дедим. Докемдин мактоосунан жүзүм албырып чыкты. Докем:

– Гезитиң элге алынып кетти, ошондуктан, сага катыла албай турушат. Бирок, алар тиш салганга камынган бөрүлордөй буктурмада жатышат... Мынча болду, эми сен жалтанба, жалтансаң эле туш-тушуңдан талап киришет тиги коркоолор, – деп каргылданган үнү менен карс-карс күлдү...

Докем кандай темада, же ким жөнүндө жазса да, же бирөө менен маектешерде катуу даярданчу, кара жанын карч уруп, изденчү. Турмуштун далай ысык-суугун баштан кечирип, мол тажрыйба топтогон, таланттуу кинорежиссёр, көркөм өнөр жаатында дасыккан чебер катары кыргыздын кыйырына даңкы тараган Докемдин бул сапатына таң калчумун.

Кыргыз эл артисти Түгөлбай Казаков Докени эскерип мындай деген: “Ал кино тартабы, кара сөздө эмгектенеби, саясатта сүйлөйбү, айтор, өзүнө талапты катуу койчу. Кыргызда Докедей эмгекчил адамдар аз чыгат. Бир күндө үч ишти бирдей жасачу...”. Анын сыңарындай, “Бишкек шамы” газетасына курч макалаларын жарыялап жүрүп, Компартия аппаратчыларынын айыгышкан каршылыктарына карабастан, Докем 1990-жылы

болуп өткөн Ош коогалаңы жөнүндө документалдык фильм тартты. Ал тууралуу анын минтип эскергени бар: "Чындык нерсенин көп кереги жок экен. Ошто нелер гана болбоду. Укук коргоо жагында оош-кыйыштар, хаос, баары болду. Мен деле асмандан түшө калган пайгамбардын баласы эмесмин да, өзбектерди көрүп, алар менен ыйлап, кыргыздарды көрүп, булар менен ыйлап, улам бирине жан тарткан жерлерим бар. Кыскасы материалы оор эле. Гезит-журналдарга берип жүрдүм. Ага 16-жылдан баштап кошуп, кээде чеки сүйлөп, кээде кызуу кандуулук кылсам кылгандырмын. Кулагың болгондон кийин угат экенсиң, көзүң болгондон кийин көрөт экенсиң, мени "опурталдуу нерсе баштапсың, 16-жылды тартпай эле жөн турбайсыңбы?" дегендер болду. ..."Коломто" аттуу студиямды текшеришип, маземди алышты...".

Компартия төбөлдөрүнүн басымына жаны кейидиби, же адилетсиздикти, куру мактанганды жек көргөн мүнөзүбү, айтор, ошол кезде Докем мурда алган ардак наам, сыйлыктарынын баарынан баш тартып, Жогорку Кеңешке өткөрүп берди. Бул мурда болуп көрбөгөн адаттан тыш окуя болду. Өзү бул кадамы тууралуу бир гезиттин кабарчысынын "Сиз ал сыйлыктарды ак ниет эмгегиңиз менен алган жок белеңиз?" деген суроосуна жооп берип жатып мындайча түшүндүргөн: "Өз эмгегим менен алгам. Бирок, баары эле өз эмгеги менен алышкан эмес да. Ашыралы Айталиевдин ырларын биз 40 жылдан бери оозубуздан түшүрбөй ырдап келсек дагы, ага пенсияга кетээринде гана эмгек сиңирген артист деген наам берилди. Океевдер өз эмгеги менен жетишсе, канча ортозаарлар эт менен челдин ортосунда жүрүшөт. Канча таланттуулар өз баасын ала албай жүрүшөт?.."

Докем өзүнө "Деги мен апенди чалышмын, "Дон Кихотмун" деп мүнөздөмө бергени бар. Чынында эле көпчүлүгүбүз коомубуздагы терс көрүнүштөрдү сындаганга келгенде кара жаакты жанабыз. Бирок, эмнегедир оңолууну өзүбүздөн баштагыбыз келбейт, жалпынын ишине пейилибизди төшөп, жүрөгүбүз оорубайт, өз колубуз менен коомго пайдалуу иш кылганга желкебиз жар бербейт. Баарыбыз кимдир бирөө келип, турмушубузду оңдочудай болуп күтөбүз. Эң оор кара жумуштун башканын колу менен бүтүшүн каалайбыз. Сырттан

байкоочу катары карап турганды жактырабыз, бүткөн ишке сын айтабыз. Ал эми Докем башкача болчу. Бүтүндөй өмүрүн кайран эл деп какшап өткон Дооронбек Садырбаев ошол мезгилдеги мамлекеттик башкаруу системасындагы кемчиликтерди жалтанбай айтып, адилетсиз бийликти тайманбай сындап, карапайым калктын таламын талашты. Бирок канчалык калкы үчүн жан үрөсө да, ыраазычылыкты аз укту, токмокту көп жеди. Ал тарткан фильмдер, жазган чыгармалары менен публицистикасы терең граждандуулукка сугарылган, ал өмүр бою зордук-зомбулукка, кара мүртөздүккө, эки жүздүүлүккө каршы күрөштү. Докем "Чындык жеңмейинче, адилеттүүлүк орнобойт" деп көп айтаар эле.

Докемдин атуулдук эрдигин даана көрсөткөн бир мисал. Өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында «Известия», «Комсомольская правда», «Литературная газета» (Шипитько, Романюк, Кружилин) сыяктуу борбордук басма сөздөрдө жагдайдын ак-карасын ылгабай, өзүн-өзү билип, чуулгандуу материалдарды чуурутуп жаза берүү «оорусу» күч алды. Айрыкча «Известиянын» 26-июлдагы № 207 (23110) санына жарыяланган «Маалым жарылуу» аттуу А. Степөвой менен бирге жазылган макаласында газетанын Кыргызстан боюнча өз кабарчысы Г. Шипитько өзүнүн чыныгы жүзүн журтту ириткен кумалак, провокатор экендигин ачык көрсөткөн.

Жүзүкаралыгы жедеп ашынган өз кабарчы жадакалса өткөн жылы 10-20 жылдап батирлерде жашап келген үй-жайсыз кыргыз жаштарына бөлүнүп берилген жерлерди да куйтуланып «…дүйнөдө жок жорук болду – студенттерге шаарга жер аянттары бөлүнүп берилди. Эмне үчүн дебейсиңерби? Дачага!...» деп, каратып туруп эле, жанын жеген. Ушундан улам борбордук гезиттердин адилеттүүлүгүнөн биротоло түңүлүп, Докем «Фрунзе шамы» гезити аркылуу кыргыз интеллигенциясына кайрылып, аларды адилеттен тайган жана бүтүндөй элдин намысына түкүрүп, оюна келгенди оттогон өз кабарчыларынын позициясын чындыктын түп нускасы катары туу туткан гезитке жазылуудан баш тартууга чакырган *(«Фрунзе шамы», 31 июль, 1991ж.).* Компартия күчтүү кезде мындай кадамга баруу атуулдук эрдик эле. Ошондуктан,

Докемдин кайрылуусу коомчулукта кызуу талкууланып, колдоо тапкан.

**Дооронбектин дил маек**

Бир күнү буга чейин мен башкы редактору болгон «Бишкек шамы» газетасында жакшы кызматташып жүргөн Докем "Эркин Тоого" келип калды.

– Мени "Эркин Тоого" кабарчы кылып ал. Аз да болсо айлык алып, үйгө тыйын-тыпыр алып барайын, ашка жүк, башка жүк болбой. Багып жүргөн ойлорум, идеялар бар. Ошолорду жазайын, башка гезиттер баары бир баспайт, коркпосоң «Эркин Тоого» чыгаралы, – деди ал орундукка олтуруп жатып.

Экөөбүз бир сааттан ашык сүйлөштүк. Ошентип, Докемдин курч макалалары, "Дооронбектин дил маек" деген рубрика алдындагы керемет маектери "Эркин Тоого" чыга баштады. Эскерте кетчү нерсе, Д. Садырбаевдин кийинки жылдары жарык көргөн китептеринде топтолгон 1994-жылга чейинки макала, маектеринин 99 пайызы "Эркин Тоого" жарыяланган.

Докем өз каражатын сарптап Казакстанга барып, республиканын мурдагы жетекчиси Д. Кунаев менен баарлашып келген. Азыр "кыргыздын душманы – кыргыз" деген сөз ылакапка айланып калбадыбы. Ал сөздү Докеме берген интервьюсунда Д. Кунаев айткан. Мына, анын далили:

**"ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВ:** Ачыгыраак айтсаңыз, Демаш ага, андай душман ким бизге?

**ДИНМУХАМЕД КУНАЕВ:** Өзүңөр. Кыргыздын душманы – кыргыз. Азыркыдай атаандашып жүрүп отурсаңар, оболу адабият, маданият, илимдерди аксатып, анан бири-бириңердин белиңерди мертиндирип, башыңарды мойсогон өтөсүңөр. Ылайым эле, кудай анын бетин нары кылсын дегилечи, эсиңер барда этегиңерди жыйбасаңар, кийин ортодон ачуу-ачуу сөздор өтүп, болоор-болбос кан аралап кетсе, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарышыңар кыйыныраак болуп калат. "Кыздын сыры төркүнгө маалым" дегендей, андайда кыргыз менен казактын кылаары белгилүү го. Ошону үчүн, ушу баштан сабыр күтүп, ынтымактын пайдубалын түптөгүлө, кагылайын кыргыздарым. Күч бирдикте экендигин

унутпагыла!" (**"Эркин Тоо", № 95 (127) 2-октябрь, 1992-жыл.)**

Докем Чечен Республикасынын тунгуч президенти Жохар Дудаев, Грузиянын президенти Звияд Гамсахурдиа менен да өз каражатына барып, алар менен курч маектерди жазып, алар "Эркин Тоого" жарыяланган. (Кийин аларды өзүнчө тиркеме да кылып чыгардык.) Көрсө, Докем айлыкка деле зар эмес экен, ал шылтоосу эле экен. Анын кыргыз деген сезимдери алып-учуп, өлкөнүн эртеңине күйүп жүргөн ойлору бышып жетилип, сыртка чыгара албай турган экен. "Эркин Тоого" айлык шылтоологон менен нары жагында тынчтык бербеген ойлорун ишке ашыруу үчүн келгенин кийин түшүндүм. "Эркин Тоого" тынбай берип турган идеяларын, ойлорун кийин депутат болуп жүргөндө да тынбай айтып жүрдү. Акүйдөн "Эмне, кыргызга Дооронбек Садырбаев эле күйөт бекен...." деген терикчил сөздөр айтылып, мага асылуу күчөгөндө, Докем «Менин сага залакам тийбесин, кызматтан бошотуп кой, иним» деп, менин сураганыма карабай, иштен чыгып, Түркияга кетип калбадыбы кайран киши.

1993-жылы "Бишкек шамы" газетасынын кабарчысы

– Сизге окшогон инсандардын баары чет жерлерге кетип калса, эл-жер эмне болот?, – деп сураса, Докем:

– Мен өзүмдү чыгаан адаммын деп эсептебейм. Экинчиден, азыр Кыргызстанда кино тартуу мүмкүнчүлүгү жок. Мен артыман кинотармагында такыр эле ээн жерди калтырып кетпейм да. Кино тартуу өнөрүндө менден кыйын Шамил Жапаров деген жигит бар, мени менен теңтайлаша турган Бакыт Карагулов, болуп-толуп турган Үсөн Жээнтаев, Айбек Жангазиев бар. Бир чети шакирттериме жол ачайын дедим. Кезинде Океев турганда бизге эч качан орун бошочу эмес.

Менин көп болсо үч кинолук өмүрүм калды. Ошолорду тартып элиме беришим керек. Ал кинолорду Америкада тартамбы же башка жерде тартамбы, баары бир атым кыргызга калат. Өлсөм өлүгүмдү кыргыз жерине коюшат...– деп жооп бергени бар.

## Жалгыз актердун театры

Докемдин "Жалгыз актердун театрын" ачсам деген асыл максаты бар эле. "Эркин Тоодо" иштеп жүргөндө бул идеясын ишке ашырганга киришсем деп көп айтчу. Мурда андайды укканым менен жалгыз актердун театры деген эмне экенинен түшүнүгүм да жок эле. Ошондуктан, Докем дагы бир жолу ушул темада сөздү баштап калганынан пайдаланып: “Аны биздин көрүүчүлөр түшүнөбү?..” деп сурадым. Ал:

– Бизде жок дегенибиз менен Муратбек Рыскулов менен Даркүл Куйүкованын, Бакен Кыдыкеева менен Советбек Жумадыловдун, Сыдыкбек Жаманов менен Сабира Күмүшалиеванын укмуштуудай чеберчилик менен аткарган узун монологдорун эң сонун түшүнгөн биздин корүүчү жалгыз актердун театрын да жакшы эле кабыл аларына көзүм жетет. Чынында, алардын керемет монологдорун угуп-көрүп олтуруп, сахнадагы башка актерлордун бары-жогу билинбей калганын мен көп байкагам..., – деди.

“Инсценировкаларды өзүм жазам, спектаклди өзүм коём, жалгыз каармандын ролун аткарган да, сүрөтчү да өзүм болом. Ар бир спектакль көркөм сөздөн, актердун оюнунан, музыка коштогон ырлардан куралган кайталангыс ансамбль болот,– дечү Докем. – Биринчи спектаклди “Тагдыр сатам” деп атаймын. Ал жанры боюнча трагифарс болот. Анда бардыгы драматургиянын эле мыйзамдары боюнча болот: окуялардын өнүгүүсү, чиеленүүсү, кульминациясы жана финалдык чечмелениши болот, мүнөздөрдүн, көз караштардын кагылышуусу кадимкидей көрүнөт. Каармандын монологдору болсо даяр. Эки жылдан бери “Эркин Тоого” чыккан макалаларымда ар бир кыргыздын, анын ичинде менин да тагдырым тууралуу сөз болот...”

Өзүнүн театры аркылуу Докем ошол кезде коомубузду, биздин жан дүйнөбүздү чырмооктой баса баштаган эки жүздүүлүктү, ыймансыздыкты, кайдыгерликти, түркөйлүктү жана кош стандарттуулукту кабыл албагандыгын көрсөткүсү келген.

– Ушунун баарын көрүп туруп, күйүп кетем. Кино тарттым, ыр жаздым, нечен макалаларды жаздым. Бирок, көздөгөн

максатыма жете албадым. Кээде туруп, бу дүйнөдөн өтүп, карып бaратканыма кейийм. Кээде өз жанымды өзүм кыйгым келет. Бечара болдум, карама-каршылыктуу тагдырга кабылдым. Балким, ушул театрды ачсам ички бугумду ошентип чыгарармын, – дечү эле Докем.

Ал киши ошол учурдагы белгилүү бард, киносценарчы, драматург Александр Галичтин чыгармачылыгын жогору баалачу. Ал гитара менен өзүнүн ырларын аткарып жатканда, кудум жалгыз актер спектакль ойноп жаткандай сезилерин көп айтчу. Бир жолу “Бул ырды окусаң да, уксаң да уккулуктуу” деп А. Галичтин төмөнкү саптарын коңур үнү менен жатка айтып калды:

Этот театр наша жизнь, наше отражение Наш пропуск в мечту, наша боль, наше сражение Мы играем как боги, как дьяволы, как герои Это просто танец на краю моста, который Был оставлен недостроенным Но я не хочу быть один! "Прости, но этот спектакль для одного актера"

Мага да бул ыр жагып, Докемди 2-3 кайра айттырып жазып койдум эле, ошол кол жазмам менин архивимде сакталып турат...

Тилекке каршы, кийин депутат болуп шайланып калгандан кийин бул идеясын ишке ашырганга Докемдин убактысы жетпей калды. Бир жолу:

– Саясаттын сасык оюндарынын кумарына биротоло кирип кете элегиңизде чыгармачылыкка кайтып келбейсизби? – деп айтарымды айтып алып, катуу кетип калдымбы деп уяла түшсөм:

– Эй, жубарымбек, менин өмүрүм ага жетпей калды, улам бир жагына чайпалгыдай убактым жок. Ансыз деле Жогорку Кеңештеги ар бир күнүмдү актер катары жашап жатам, мен Жогорку Кеңештеги жалгыз актермун, Дооронбек Садырбаевдин ролун ойноп атам, ошону байкабасаң, достугуң кайсы?.. – деди...

Кайсы бир гезиттин кабарчысынын:

– Тарыхта өзүңүздү кимге окшоштурасыз? – деген суроосуна да кайран киши:

– Мага окшош бир гана адам бар. Ал – Дооронбек Садырбаев. Башкаларга окшошо албайм го, – жооп берген.

## Сиз кимсиз?

...Журналист көчөдө бараткан адамдарга: «Сиз бул жашоодо эмнени эң жаман деп эсептейсиз?" деген суроо узатат. Ар ким ага ар кандай жооп берет: кээ бироөлөр согушту жаман көрөм десе, дагы бирөөлөр кедейчилик, чыккынчылык, сойкулук дешти. Ал эми будда кийимчен дзен кечили журналисттин суроосуна жооп берүүнүн ордуна кайра андан:

– Сиз кимсиз? – деп сурайт. Журналист аты-жөнүн айтат. Анда кечил:

– Жок, ал сиздин ысымыңыз, мен сиз кимсиз деп сурап жатам, – дейт.

– Мен журналистмин...

– Жок, журналисттик – сиздин кесибиңиз, өзүңүз кимсиз?

– Көрбөй турасызбы, мен – адаммын!.. – жиндене баштайт журналист. Анда кечил:

– Жок, адам – бул биологиялык түр, сиз өзүңүз кимсиз?..

Журналист эмне деп жооп берерин билбей делдиреп туруп калат. Анда кечил:

– Адам үчүн жашоодогу эң жаман нерсе – бул өзүңдүн ким экениңди билбегендик, – деген экен...

Ушуга байланыштуу бир окуя. Раматылык Дооронбек Садырбаев төшүнө ар кандай жазуусу бар значокторду алмаштырып тагынып жүрчү. Бирок бетинде "Я – идиот" деген жазуусу бар значокту көпкө түшүрбөй тагынып жүрдү. Аны байкап калып, бир жолу азил-чыны аралаш сурадым:

– Төшүңүзгө эмне тагып алгансыз?.. Докем адатынча мурутун кыймылдатып-кыймылдатып алып:

– Жубарымбек, окуганды билесиң да, окубайсыңбы!..– деди. Мен оюмда эч нерсе жок үнүмдү чыгарып:

– "Я – идиот" деп окудум. Ал болсо:

– Иии, мага жолуккан ар бир кыргыз сага окшоп өзүнүн ким экенин билип жүрсүн деп тагынып жүрөм муну... – десе болобу...

Кийин Докем депутат кезинде анын иш бөлмөсүндө олтуруп, ошол окуяны эстеп калдык. Мен андан:

– Келесоолук – бул кеселби, же эмне?..– деп сурадым.

– Эч кандай ЖЕси жок эле, келесоолук – бул кесел. Бирок, келесоо десе эле мээсине доо кеткендерди, эки эстүүлөрдү айтпаш керек. Медицинада ал бечаралардын оорусунун так аныктамасы да, аталышы да бар. Ал эми келесоолук – бул баштан мурда жан дүйнөнүн, пейилдин кесели...– деген эле кайран Докем.

***

Докем кабырга кайыша жоктоп, эскере турган калдайган калың журттун караан туткан уулу эле. Докебиз калктын жүгүн аркалоодо кылымдар бою айтылып, урпактарга үлгү болчу татыктуу таза эмгек жолун басты. Докенин ар бир айткан сөзүн, эли үчүн жасап кеткен эмгегин терең эскере турган күндөр али алдыда.

## Капиталист Садырбаев

Түркиядан Мекенине кайтып келгенден бир жума өттүбү-өтпөдүбү, Докем "Эркин Тоодогу" менин кабинетиме карпа-курп кирип келип:

– Эй дос, мен кара тулпарлуу болдум!..– деди.

– Болсун, Доке!.. Тулпарыңыз ак жолтой болсун, кудай өзүңүзгө ден-соолук, узун өмүр берсин...

– Сыртта турат, жүр, көрбөйсүңбү!..– деп, Докем мени күтпөй эле сыртка жөнөдү.

Сыртка чыксам, Докем акыркы маркадагы капкара "Волганын" жанында туруптур. Дагы бир жолу куттук айтып, Докем экөөбүз кучакташтык, анын оозмо-ооз өбүшмөй адаты бар эле, өбүштүк. Анан Докем машинасына олтуруп, жаш балача рулду ары-бери буруп:

– Кандай экен, кара кишинин кара "Волга" айдап баратканы?..– деп калды.

Мен Докеме тийишким келип:

– Жакшы эле... Бирок, бир аз башкачараак болуп атат мага...– дедим.

– Эмнеси башкача болуп жатат, сөздү баштагандан кийин ар жагын да айт, жубарымбек!..– деп, Докемдин чыдамы кете баштады.

– Баары жакшы эле. Бирок сиз мен билген, эл билген Дооронбек Садырбаев эмес, башка болуп калат экенсиз...

– Ким болуп калат экем?.. Айтпайсынбы, маалкатпай...

– Капиталист Садырбаев болуп калат экенсиз...

Кудай бетин салбасын, Докем түнөрдү да калды!.. Мен анын абалын көрүп, чындап чоочудум:

– Доке... Доке, мен тамаша кылып жатам... Кечирип коюңуз?..

Докем рулда олтурган бойдон бурк этти:

– Жок, сен туура айтасың... Мен кеттим... жакшы тур, – деди да, машинасын от алдырып, жүрүп кетти.

Же атайын дайындап ала чыккан көрүндүгүмдү бере албай, же Докемдин шаштысын кетиргидей эмне айтканымды түшүнбөй мен калдым...

Андан көп өтпөй Жогорку Кеңешке шайлоолор башталып калды. Докем да ага катышууну чечкен экен, ошол маселе боюнча сүйлөшкөнү келдим деп, редакцияга кирип калды. Сөз бүткөн соң Докемди узатып сыртка чыкканда, Докем “ГАЗ-21” маркасындагы эски көгүш “Волгага” олтуруп жатканын көрүп, бырс күлүп жибердим. Аны байкап калган Докем мага сөөмөйүн кезеп, каткырган бойдон жөнөп кетти...

*Мелис Айдаркулов,*
*журналист, “Бишкек шамы”, “Эркин Тоо” газеталарынын алгачкы башкы редактору*

Шайлообек Дүйшеев

# КАРАҢГЫ-ЖАРЫК УШИНТИП, КАРА ЖЕР МЕНЕН БӨЛҮНГӨН

Каркыра кетти, жер кетти,
"Калк эмес экен!.." дедиң да,
Каркыра болуп сен кеттиң...

2008-жылдын 28-майынын түнүндө Азимбек Бекназаров телефон чалып, Докем дүйнөдөн өткөнүн угузуп, эртеңки күнгө кошок керектигин айтты. Жан дүйнөм кымгуут түшүп, кайран Докемди, аны менен чогуу болгон күндөрүмдү эстеп, кагазга олтурдум... **Шайлообек Дүйшеев**

Теминген салкын жел элең,
Термелген элге дем элең.
Теңдешсиз Түндүк-Түштүккө
Темирден бекем чеп элең.
Теңи жок кайран кыргызга
Теңирден келген эр элең.

Кыраңдан соккон жел элең,
Кыйналган элге дем элең.
Кымбатың Түндүк-Түштүккө
Кыямат күндө бел элең.
Кылычка башың тозсо да,
Кыргыз деп турган эр элең.

Каркыра кетип казакка,
Кайран көл туйлап кирдеген.
Кайраным, Доке,ошондо,

Канжалап көөнүң зилдеген.
Кара бет көлдүн чоңдору
Катыны менен койгулап,
Калайман салып тилдеген.
Калкынын тийип каргышы,
Как жатын болуп каларын,
Кан кускур алар билбеген!

Тууган жер кетип казакка,
Тунук көл туйлап кирдеген,
Туйгунум Доке ошондо,
Тумчугуп көөнүң зилдеген.
Тукуму менен койгулап,
Тукурган айыл тилдеген.
Тукумдун тийип каргышы,
Тукумсуз болуп каларын,
Туз ургур алар билбеген!

Кайран эр өтүп өмүрдөн,
Капыстан жүрөк сөгүлгөн.
Кайып бир болгон тулпардын
Камчысы кайда өрүлгөн?
Каралдың кыргыз калк тургай,
Кайгырып турат көрүнгөн?
Кантели Доке, айла жок,
Караңгы-Жарык ушинтип,
Кара Жер менен бөлүнгөн.

Какшатып кайгы жаланган,
Кайгыдан жүрөк карарган.
Кайып бир болгон шумкардын
Карааны кайда карайган?
Калдайган калың калк тургай,
Кара таш дагы аянган.
Кантели Доке, айла жок,
Канчалар өтүп дүйнөдөн,
Кайран баш акыр ушинтип,
Кара чым менен каланган.

Качкан жан болбойт турбайбы,
Капырай,
Капшырып кетчү ажалдан.

Бууданын жолдон жоготуп,
Букараң кайда ашыгат?
Бук болуп сенсиз жашообуз,
Булуттап көздөн жаш урат.
Булбулун сендей жеп алган,
Бул заман кимге асылат?
Бузулуп турган дүйнөгө
Бурганак салган сен элең.
Булайган аппак денеңди,
Бууданым Доке, кара жер,
Карангүн,
Будалап кантип батырат?

Кадиксиз кеткен сапардан
Кайрылып кайтаар куш барбы?
Какшаган калктын муң-зарын
Кара тил катып уктайбы?
Канаттуу сөзүн Докемдин
Кайран эл эми укпайбы?
Каалгасыз жердин алдында,
Катыгүн,
Камалып денең муздайбы?

Иргелер кезде өмүрдөн,
Ичер сууң колдон төгүлгөн.
Ийиндеш Доке өзүң жок,
Ичибиз сыздап сөгүлгөн.
Жанар тоо, жаркын жан элең,
Жашоосу эл деп өрүлгөн.
Жайына көёт эле го,
Жаналгыч билсе өңүндон.
Жан болбойт тура жалганда
Жашынып калган өлүмдөн?

Буудайык деген куш дагы,
Буулумду кийген уз дагы.
Бул күндөн өтпөс болчудай,
Буралган жигит, кыз дагы.
Буюгуп ажал келгенде
Буркурап өткөн төгүндөн.
Бастырып ажал келгенде,
Падыша тургай карангүн,
Пайгамбар өткөн өмүрдөн.
Качырып ажал келгенде,
Калкындын далай уул-кызы
Качалбай койгон эмеспи,
Карарган ушул өлүмдөн.

Ак булут тунуп, сарыгып,
Адыры гүлгө чалынып.
Асылын жоктоп аскалар
Азалуу жоолук салынып.
Ар дайым эстеп өзүңдү
Ала Тооң турар сагынып.

Туманы тунуп сарыгып,
Тулаңы гүлгө чалынып.
Туйгунун жоктоп туурунан
Туйлабай дайра карыгып.
Тунжурап турар ар качан
Тууган жер сени сагынып.

Кырааным элең канатчан,
Кыйланы кылчак караткан.
Кызматты тоодой кылды элең,
Кыргызга кино тараптан.
Кызыгын көрөр учурда
Кылт этип кырдан, адашкан.
Кызыктуу жашоо кыйрынан
Кырсыкты салып Жараткан,
Жетимиш жашка жеткирбей
Жетелеп кетти каяктан?

Боройлоп сыздап балдарың,
Боздоп бир калды алганың.
Ботосун жоктоп тыякта
Бозала болор Шайданың.
Бозала кылар бизди да,
Бозоргон жайда калганың.
Бозоруп Доке бейитиң,
Боздотуп турар арманын.

Азабын көрсөң аяган,
Атагын көрсөң таяган.
Акмагы аздан болсо деп,
Абийирин откo калаган.
Ак калпак кыргыз элиңдин
Арманы аман, баары аман.
Аттигиң, Доке өзүң жок,
Амалсыз акка караган.

Өксүүрбүз Доке өзүң деп,
Өкүнүп дагы жан ачыыр.
Көздөрдүн жашы соолсо да,
Көөдөндөн бүгүн агат ый.
Өмүрбек, Азим сыздап тур,
Өткөнүң эстеп баары азыр.
Боорундай көргөн өзүңдү
Болот Шер сыздап а да тур.
Чогулуп бүгүн бул жерде,
Чоң да тур, чоочун бала тур.

Көздүүсүн элдин сактайлы,
Көөөдөнгө муштап какпайлы.
Көр дүйнө жыйган биз тургай,
Көз көргүс көрдүн түбүндө
Көсөмүң Бакай жатпайбы!

Доо кылып доңуз-кузгунга,
Добушун элдин сатпайлы.
Добулбас болгон кыргызга

Докенин атын сактайлы.
Карайлап көздү май басып,
Кара "Джип" минген биз эмес,
Карарган чымдын алдында
Кабылан Манас жатпайбы!..

**Төлөйкан Исмаилова**

# ДОКЕНИН ӨМҮРҮ ӨРНӨК БОЛЧУ КИШИ ЭЛЕ

**Укук коргоочу, “Жарандар коррупцияга каршы” укук коргоо борборунун директору Төлөйкан Исмаилова – Дооронбек Садырбаевдин саясый ишмердүүлүгүндөгү үзөңгүлоштөрүнүн бири. Аны эскерип жатып, укук коргоочу айым коз жашын тыя албай отурду: “Баарынан да Сонун эжеге суктанам, бир жагынан аны аяйм. Анткени, экообүздүн тагдырыбыз опокшош....”.**

## Түркиядан кезигип...

Жолдошум Асылбек Исмаилов чыгармачыл киши, көп жылдар маданият тармагында эмгектенген. Дооронбек Садырбаевдин чыгармачылыгы тууралуу мен билбеген, мен түшүнбөгөн көп нерселерди жолдошумдан угуп билгем. Ал мага бул киши тууралуу көп айтаар эле. Ошентип, 1991-1992-жылдар болсо керек. Мен “Камбаркан” фольклордук-этнографиялык ансамблин Түркияга кайсы бир фестивалга алпарып калдым. Көрсө ошо кезде Докем ал жакта иштеп жүрүптүр. Биз барганда мага биздин мекендештер, түрк туугандар айтышты. Доке менен Түркиядагы Кыргызстандын элчилигинен ошондо биринчи жолу бетме-бет жолугуп учурашкам. Бирок ал жакта көп жүрбөй кайтып келе бербедиби... Көрсө элинин түмөн түйшүгү, кыйналган абалы чыгармачыл кишинин жүрөгүнөн өткөн тура. Өз керт башынын жыргалчылыгын ойлоп жүрө албаптыр. Кыргызстанда не деген окумуштуу, артист, жазуучу, интеллигенция массалык түрдө базарга отуруп баштаганын, мамлекет ыдырап кетчү абалга баратканын угуп-көрүп чыдай албаган тура...

## Окшош тагдыр

Башта айткандай, менин да өмүрлүк жолдошум чыгармачыл адам эле. Мен да аны күтпөгөн жерден эрте жоготуп алдым. Анын үстүнө Доке менен Сонун эженин сүйүүсүн, бири-бирине жасаган мамилесин угуп, өз көзүм менен көрүп, аябай суктанар элем. Алар күнүмдүк турмушта, орусча айтканда, "каждый раз, как первый раз" жолуккандай мамиледе болушар эле. Тимеле бирин-бири менен биринчи жолу көрүшүп жаткандай... Ошон үчүн баарынан да Дооронбек Садырбаевдей кишинин чоң сүйүүсүнө арзыган эжеге суктансам, бир жагынан Докенин көзү өткөндөгү эженин ахвалын эстеп, аны аяйм. Анткени, экөөбүздүн тагдырыбыз опокшош... Сонун эженин ыйлап жүргөнүн көп эле көрдүм... Мен да жолдошумду колдон учурганда, асманым түшүп, дал эжедей "ээн талаада" жалгыз калгандай болгом... Доке менен Сонун эженин үй-бүлөлүк мамилесин, сүйүүсүн, бирин-бири чексиз урматтаган сый өмүрүн Кыргызстандагы ар бир үй-бүлө ушундай жашоо кечирүүгө умтулчу ҮЛГҮЛҮҮ ҮЙ-БҮЛӨНҮН ЭТАЛОНУ катары айтар элем...

## Үлгү болчу өмүр

Кыргызстанда учурдагы жана келечек муун туу тутчу идеология жок деп келебиз. А мен айтар элем: Кыргыз эли – ушунча кылым "Манас" деп ураан чакырып, Манастын руху, духу менен өлбөй-өчпөй тукум улап келген улуу калк. Эмне үчүн Дооронбек Садырбаевдей улуу инсандардын баскан таза жолу, аруу дүйнөсү, адамгерчилик бийик сапаты кийинки келечек муунга өрнөк болбосун? Эмне үчүн ушундай аз болсо да, саз өмүр кечирген азаматтардын баалуулуктары жаштар үчүн идеология болуп бербесин? Мындай жан дүйнөсү таза кишилердин өмүр жолун, жасаган ишин улам кийинки муунга чарчабай айтуубуз керек. Колдон келишинче жазып да калтырышыбыз керек.

Дооронбек Садырбаев саясатта сатылган жок. Аксы окуясында каза болгондорду иликтеген комиссияга жетекчи болуп, өзү көрүп, билип, түшүнгөн чындыкты айтканы менен, бийлик тарабынан тиешелүү жыйынтык чыгарылбагандан

кийин китепче да жазды. Мейли, кичинекей китепче болсун, а бирок ал китепте САДЫРБАЕВДИН көкүрөгүндө уюган өзү билген УЛУУ ЧЫНДЫГЫ бар эле...

Андан кийин 2008-жылы Ысык-Көлгө Каркыранын сатылышына каршы акцияга жоон топ депутаттар менен баргандагы ахвалы эсимден кетпейт. Наристеникиндей таза дүйнөсүндө карапайым эл өз жерин бөлөккө кармата койбойт деп ойлогон тура... Жумуртка ыргытып, таш менен кууп, колу жеткени депутаттарга асылып, жулмалаган ОБОНчу аялдарды көргөндө шайы кетип жерге отура калды... Бир-экөө жөөлөп да өттү... Кайран Докем: "Бу карапайым элиң деле болбой калган турбайбы? Буларга өз жеринин ыйыктыгы бир тыйын тура... Ушундай ахвалга келип калган тура кыргыз элим" деп ыйлап жиберген эле... Ошондон көп өтпөй, бир бөтөлкө аракка, болбогон акчага жерин да сатып жиберүүгө даяр, ошентсе да өзү сүйгөн кыргыз элин, кыйышпаш дос-тааныш, тарапкерлерин, жанындай көргөн жан жолдошу Сонун эжени, бала-чака, бир-туугандарын таштап кете берди... Өкүнүчкө чек жок... Калган өмүрүн ардактап сүйгөн жубайына, бапестеп баккан балдарына берсе экен деп тилейм...

**Азиза Абдирасулова**

# ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВ "ТУУГАН ЭКЕНИБИЗДИ ЭЧ КИМ БИЛБЕСИН" ДЕЧҮ...

**Укук коргоочу Азиза Абдирасулова Дооронбек Садырбаев менен бир тууган бөлө экенин көпчүлүк биле бербейт. Мунун өзгөчө сыры бар. Укук коргоочу айымдын белгилешинче, депутат агасы "менин сага пайдамдан да, зыяным көп тийип калышы мүмкүн. Андыктан, бул тууралуу эч кимге айтпа", – деп эскерткен экен...**

**Акемди биринчи теледен көргөм...**

Дооронбек Садырбаев менен бир тууган бөлөлөр экенибизди көпчүлүк биле бербейт. Апамдын төрт кыз, бир эркек бир тууганы боло турган. Ошолордун эң улуусу – Докемдин энеси Анар апам. Мен бала кезде Анар апам биздикине көп эле келчү. Эсимде, апам менден кийинки балдарды төрөп ооруканада жаткан кездерде, Анар апам биздин жуунтуп-тарантып карачу. А кезде Анар апамдын кыздары турмушка чыгып, Дооронбек аке шаарда экен. Эмнегедир бала кезде аны көргөнүмдү эстей албайм, бирок ал убакта теледе балдар үчүн программа даярдап чыгып калганда, Анар апам "садага болоюнум" деп, телмирип телевизорду карап калчу. Мен Дооронбек акемди ошол теледен көргөнүмдү көбүрөөк эстейм. Кийин тагдыр экен, атам менен апам ажырашып, экөө эки бөлөк түтүн булатып кетишкенде, мен атамдын, өгөй энемдин колунда калып, ошону менен тайларым, апамдын төркүнү менен байланышым таптакыр үзүлүп калды. Анткени, өгөй энем кызганчаак жан эле. Аны деле апа деп чоңойдум, бирок өз апам тараптагылар менен байланышмак тургай,

алардын атын да атаганга болбойт эле. А Дооронбек акемди телевизордон көрүү дегеле мүмкүн эмес болчу. Акемдин тасмалары, же өзүнүн катышуусунда көрсөтүүлөрдү үйдө эч ким жок кезде гана, эшикти улам-улам аңдып, алардан жашырынып көрүп чоңойдум.

**Акем менен алгачкы жолугушуум**

Ошентип жылдар өтүп, мен турмушка чыгып, бала-чакам, үй-бүлөм менен Майлы-Суу шаарында жашап калдык. Ал кезде өзүнчө түтүн булатып, балалуу-чакалуу болуп калгам. Өз апам эки көзү көрбөй калгандыктан, аны өзүмдүн колума алган элем. Анда укук коргоочулук иш менин оюмда, түшүмдө жок. Эл катары кадимкидей тиричилик өткөрүп жүргөн кезибиз. 90-жылдар баардык нерсе тартыш оор жылдар эмес беле. Анан эле бир күнү саарлап дүкөндөн кайтып келе жатсам, көчөдө эл чогулуп турат. Адатта бирөө бирдеме алып келип сатып жаткан жерге эл топтолуп калчу. Эмне экенин билейин деп мен да жылып барсам, күн суук маал эле, узун кара плащ, кара кепка кийген узун бойлуу сулуучасынан келген киши бирдемелерди эле сүйлөп жатыптыр. Баягы бала кезде теледен көрүп ары суктанып, ары ушул адам менин бир тууган бөлөм экенине сыймыктанган Дооронбек акем экенин дароо эле тааныдым. Жанына даап басып бара алган жокмун. Үйгө келдим да, апама айттым. Эртеси ошол кичинекей шаардын маданият үйүндө эл менен жолугушуу болорун укканда, апам мени ой-боюма койбой :

– Барып учураш, мага бир келип кетсин. Айт, таежеңиз эки көзү көрбөй үйдө жатат де, – деп көндүрдү. Бардым. Жолугушуу аяктаганда, сахнанын арт жагына өтүп, атайы жанына барып учураштым. Апам дайындап, үйрөткөн сөзүнүн баарын айттым. Жайдары, бой көтөргөндү билбеген киши эле.

– Алда карындашым ай. Кийинки жолугушуум белгиленип калган эле да. Кечигип барсам болбойт. Азыр бара албай калат экем. Бирок, таежеме айтып кой. Сөзсүз ага жолукканы келем, – деп апама жолуга албасын билдирди. Эмнегедир ошондо ичимден капа болуп, кандай эле убактысы жок болсун дептирмин. Эми ойлосом, чын эле ошондой болот экен. Азыр Жалал-Абадга иштер менен барып калганда, туугандардын

баары менен учурашып, кенен отурганга убакыт таппай кыйналган сайын Дооронбек акемдин ошондогу абалын, анан өзүмдүн купуя таарынычымды эстейм.

**Таекемдин таажыясы бизди бириктирди**

Ошондон кийин апамдын жалгыз эркек бир тууганы, таекебиз көз жумду. Таекебиздин таажыясы баарыбыздын башыбызды бириктирди десем болот. Кыздардан тараган балдардын баары чогулдук. Ошондон тарта тыгыз катышып калдык. Көп өтпөй шахмат боюнча Кыргызстандын чемпионаты өтүп калды. Мен – шахмат боюнча спорттун чеберимин. Анан Майлы-Суу шаарынын командасын жетектеп келдим Бишкекке. Бизди ал кездеги Архитектура жана курулуш институтунун жатаканасына жайгаштырышты. Көрсө Дооронбек акем ошол жерге жакын жашайт экен. Ошондо алгачкы жолу үйүнө барып, жеңем менен тааныштым. Туугандар, бөлөлөр катышы ушинтип башталды.

**"Тууган экенибизди бирөө жарым биле көрбөсүн..."**

Кийин үй-бүлөм менен шаарга көчүп келип, укук коргоочулук менен алектенип калдым. Акем депутат кези. Жогорку Кеңешке жумуштап барып калсам, дайыма кирип учурашып турар элем. Анан бир күнү кабинетинде отурсак минтип эскертти:

– Сен экөөбүз бир тууган бөлөлөр экенибизди эч ким билбесин. Анткени, менин ишмердүүлүгүмдү билесиң. Менин сага пайдам эмес, зыяным көп тийип калышы мүмкүн.

Ошол ошол болду. Ага чейин деле эч кимге ооз ачкан эмес элем, ошондон кийин да бир жанга бул тууралуу айткан жокмун. Кийин 2005-жылкы шайлоо учурунда түз эфирде ал кайсы бир программада негизги конок, а мен көрүүчүлөр катарында отургам. Ошондо бирдемени айтып жатып өзүнүн оозунан чыгып кетсе болобу...

– Мына, ишенбесеңер, укук коргоочу, менин бир тууган бөлөм Азиза Абдирасулова отурат бул жерде. Ошол көргөн, ошол билет, сурап алсаңар болот, – деп бүт Кыргызстанга теле аркылуу өзү эле жайып жиберди. Ошентип "сырыбыз" ачылган...

**Элге жеткен жалгыз Аксы кассетасы**

Иш боюнча алгач ирет Дооронбек акем экөөбүздүн жолубуз 2002-жылы Аксы окуясын иликтөө башталганда кесилишти. Ал курамына Оксана Малеваная, Асель Мамбеталиева, Акбөкөн Таштанбековдор кирген депутаттык комиссияны жетектеп калды. Мен болсо, укук коргоочулар менен бирге коомдук комиссиянын курамында иштеп калдым. Анан баарыбыз Аксыда жүрөбүз. Аксылыктар окко учкандарды эскпертизадан өткөрүү үчүн өздөрүнүн эксперттерине ишенбестик корсөтүшкөндүктөн, коңшулаш Ала-Бука районунун судмедэксперттери чакырылган экен. Анан ошолорго жакындарынан ажырап, сыртта экспертиза жыйынтыгын күтүп турган аялдар алабукалык врачтардан эгер балдардын сөөгүнөн ок чыкса, жашырбай айтууларын катуу талап кылышкан экен. Анан ошол врачтардын бири ортодо сыртка бир чыгып:

– Мени айтты дебегиле, бирок чындыкты билем десеңер, ичкериде бирөө биздин жасап жаткан ишибиздин баарын камерага тартып жатат. Колуңардан келсе, ошол кассетаны алганга аракет кылгыла, – дептир. Анткени, бийлик ал кезде ок атуучу куралдан өлгөн балдардын өлүмүнүн себебин бурмалаганга аракет кылып жаткан болчу.

Ошентип, тигилер сыртка чыкканда жанагы күтүп турган аялдар түз эле камера көтөргөн кишиге асылышып, кассетасын алышат да, аны бир балага карматы качырып жиберишет. Ал кассета ага чейин да тартылган көп кассетанын бири гана болгон. Кассета алып качкан баланын кийген кийими, болжолдуу дене түзүлүшүнө ориентир берилип, ошол түнү Аксы боюнча сүрөттөмөгө кичине эле окшошкон балдардын баарын райондук ички иштер бөлүмүнө алып келип, баарын сабашат: Сурагандары бир гана КАССЕТА болгон. Аны менен таптакыр түшүнүгү жок күнөөсүн көп балдар түнү бою аёосуз сабалып, таяктын уусунан өлгөндөр, майып болгондор да болду. Мен мындай жырткычтык менен сабалган адамдарды омүрүмдө биринчи жолу ошол Аксыда көрдүм. Кийин Ош окуясында кордүм. Тимеле көпкөк болуп барсайып шишип, таанылгыс болуп кетишкен.

Ал эми баягы кассетаны ала качкан бала аны үйүно алып келип, текчеде турган чайнектин ичине салып коюп, ошо менен

унутуп калат. Анан Аксы боюнча ар бир айылда "кассета, кассета" деп ызы-чуу башталганда эстеп келип караса, анысы ордунда турат экен. Ал бала ушул кассета үчүн кордолгон балдардын абалын билет. Эмне кыларын билбей коркуп, айылдагылар менен кеңешип, кассетаны кимге ишенип берээр айласын таппай, акыры өздөрүнчө ойлонушуп, кассетаны элге жеткирүүдө "депутаттардын ичинен Дооронбек Садырбаевге гана ишенебиз. Ушул киши гана бийликке сатылбай, видеодогу чындыкты элге жеткирет" деп чечишиптир. Ошентип, ал видеонун мазмуну, урунттуу жери Дооронбек акем аркылуу элге жетти. Жогорку Кеңештин бийик трибунасынан болгон чындыкты айтты. Ал кассета депутаттык комиссиянын курамында болгон Акбөкөн Таштанбеков менен Асель Мамбеталиеванын колуна түшүп калышы толук мүмкүн эле. Жашырган менен болобу, алар бийликтен тапшырмасы менен иштешкен да. Эл аралап, карапайым айылдыктардан сурап, ошол кассетаны алар да издешкен. Эгер эле ал экөөнүн колуна түшүп калса, чындык жарыкка чыгат беле, чыкпайт беле...

**Садырбаев Чүйдүн губернаторлугун "сураганда"**

Жогоруда айткан "баалуу кассетаны издеп таппай шайы оогон бийлик, аны таап берген кишиге бир облустун губернаторлук кызматын бермей болуптур" деген кеп тараган болчу ага чейин. Ички иштер министрлигин Темирбек Акматалиев башкарып турган кез. Ал киши "кассетаны кандай да болбосун тапкыла!" деп катуу буюргандыктан, жанагинтип келбети окшошкон балдардын баарын камап, сабап жатышпайбы?!

Анан Дооронбек акем Бишкеккке кайткандан кийин, Жогорку Кеңештин трибунасынан президентке кайрылып жатат:

– Урматтуу, Аскар Акаевич! Мен кассета үчүн губернаторлук кызмат тартууланат деген кеп уктум. Эгер ошол чын болсо, мен башка облусту албайм, мага Чүйдү бериңиз! – дебеспи.

Ал күндөрү парламент жыйындары түз берилип турган эле. Аксылыктар аны көргөндө эси чыгып "Бул киши да сатылып кетсе, анда эч кимге ишенгенге болбойт!" деп үмүттөрүн

үзүшкөн экен. Юморду сүйгөн, айтайын деген оюн какшыктап, таасирдүү кылып жеткирген өзгөчө шыгы бар киши болчу да.

## Соңку сөз

Дооронбек Садырбаевди ажал арабыздан эрте алып кетти. Өкүнүчтүү. Бирок, артында өчпөс көркөм чыгарма, тасмалары, эл үчүн жасаган ак эмгеги аны өлтүрбөйт. Экинчи өмүрү улана берет демекчимин.

**(Бул интервьюларды журналист Асылкан Шайназарова даярдаган. – Жооптуу редактор)**

**Каныбек Иманалиев**

# «КАЙРАН ЭЛДИН» Докеси

## (Кыргыз Эл Баатыры Дооронбек Садырбаевдин 75 жылдыгына байланыштуу жаркын элесине арналат)

Докенин жеке регламенти

2005-жылдагы парламент жаңы эле шайланып, төрагалыкты, орун басарлыкты, комитеттин жетекчилик орундарын талашып атканбыз.

Докебиз таягы менен таянып барып борбордук трибунага чыкты. Зал тынчый түштү. Коңур үнү менен:

– Мен аксакал депутатыңар катары регламентте жок эки сунушту добушка коём, – деди.

Эмне сунуш экен деп күтүп калдык.

– Биринчиси, мен мындан кийин сөзгө жазылбайм, мага дайым кезексиз сөз бересиңер, макулмун дегендер кол көтөргүлө, – деди.

Баарыбыз биринчи класстын балдарындай чогуу кол көтордүк.

– Эми экинчи сунушум, мага беш мүнөт берип чектебегиле, мындан ары мен каалашымча сүйлөйм, – деди.

Бирөө-экөөсүнөн башкасы бүт кол көтөрүшүп, «кыргызча» регламент кабыл алдык.

Текебаев спикер болуп турганда бул регламент эч бузулган жок.

Өтө чуулгандуу окуялар болгондо (Текебаев камалганда, Б.Эркинбаев атылганда ж. б.) ар дайым эң эрте келип борбордук трибунага чыгып алчу.

Ал жалындуу жана жагымдуу сүйлөп бүтөрү менен бизди укпай эле залдан чыгып, аны менен кошо бүт журналисттер да ээрчип күр чыгып кетээр эле.

Кечте анан телени карасак Бакиевдин, Бабановдун каналы жана башкалардын каналы деле Дооронбек байкени эле баймабай көрсөтүп калчу. Анан эртеси айрым депутаттар «Эмне эле теле баарыбызды көрсөтпөйт» – деп КТРды сындап киришчү.

…Себеби Дооронбек ага артынан эл ээрчиткен киши жылдыздуу ажайып адам эле.

## 2. НАТОнун оозун ачырып…

2005-жылдын август айында НАТОнун окуу программасынын алкагында беш-алты депутат Дооронбек ага менен бирге Германияга бир жумалык окууга барып калдык.

Жоокерлерче казармада жашайбыз, жоокерлерче поднос көторүп, катарга туруп тамак ичебиз, анан курсанттарга окшоп тартиби менен ар күнү сабакка барабыз. Дооронбек ага өтө тартиптүү жүрөт экен. Бир да сабакты калтырбайт, бирөөнө да кечикпейт, анан отличник окуучуларга окшоп эң алдыңкы катарына отуруп алып, агай-эжейлерге суроо берип, керектүүсүн жазып алып, өтө жигердүү катышты.

АКШдан, Бельгиядан, Германиядан, Туркиядан, деги койчу дөө-шаа өлкөлөрдүн аттуу-баштуу окумуштуулары, генералдары келип алып КМШ мамлекеттеринен келгендер үчүн лекция окушат.

Анан эң акыркы күндүн программасын карасак, лекциянын темасы: «Орто Азия мамлекеттериндеги диктатордук режим жана Кыргызстандагы демократиянын башталышы» –деп жазылып, «баяндамачы: Д.Садырбаев» деп жүрөт.

Адегенде баарыбыз тамаша менен кабыл алдык.

Бирок кафедрага Дооронбек агай салабаттуу көтөрүлүп, салабаттуу үнү менен орусча сүйлөп баштаганда тынчый түштүк. Баары ынтаа коюп угушту. Кадимки академик, профессорлордон кем калбаган, саясий анализи күчтүү, бүт чындыкты кашкайта далилдеген бир саат 45 мүнөттүк баяндамасы аяктаганда залдагылар дуу кол чабышты.

Биздин арабызда эле бопоросун оозунан түшүрбөй, карапайым кийинип, кадыресе жүргөн Докебиз эми бизге өзүнчө эле бир атактуу З.Бжезинский көрүнүп кетти.

Кыскасы, мындай деген тыянакты айтты. Эгерде Европа өлкөлөрү Кыргызстандагы демократияны жана парламенттик башкарууну колдобосоңор, анда Орто Азиядагы бүт беш өлкө экинчи Афганистан болот, эгер колдосоңор баары экинчи Кыргызстан болот деди. Ошол лекциясы үчүн 1800 доллар калем акы алып, кечте бизге жууп да берди.

Андан бери 9 жыл өтүптүр. Докебиз арабызда жок. Бирок ошол сөзү али курчтугунан кайта элек.

### 3. Баатырлыктан баш тартканда

Бул окуяны өз оозунан уккан элем. 2005-жылдын июль айында ошондогу Президенттик администрациянын жетекчиси байбичеси менен бир койду сойдуруп алып, жапжаңы май жыттанган (масловый) Джип машинаны айдатып алып, Чоң-Арыктагы үйүмө келишиптир дейт. Ал кызматка келгени беш-алты айдан бери сүйлөшө элек болчубуз дейт. Кечээ эле жумушу жок кезинде оппозицияда чогуу жүрчү элек, эми чалкая карап, кашкая күлүп, чачын кыска тегиздеп, эки жагынан эки жан сакчысы коштоп дөөлөт күтүп алыптыр дейт.

Өзү алып келген койдун этин өзүнө салып бердим дейт. Анан тамак үстүндө жыландын башын кылтыйтып минтип айтты дейт:

– Жаш балдарга, Текебаевге кошулуп оппозицияда кыйкырып эмне кереги бар. Насип экен, бийлик бизге келди. Эми Ажого мишайт этпеңиз. Баш киши менен сүйлөштүм. Инаугурация бүтсө эң биринчи указы менен Сизге «Кыргыз Эл Баатырын» берет, ишенбесең азыр сүйлөштүрөм деп, чөнтөк телефонун сууруп чыгып, анан чөнтөгүнөн кошо чыккан Джип машинанын ачкычын сунду дейт.

– Мен буларды көрүмө ала кетемби, эл эмне дейт, – деп айтып, узатып койдум дейт.

Дооронбек Садырбаев кийин Кыргыз Эл Баатыры болду, көзү өткөндө гана. Баары бир Кудай бар экен.

...Ал Баатырлыкты беш жыл мурда алса деле болмок. Бирок колу – канга, козү – ач көздүккө, ниети – эки жүздүүлүккө малынган бийликтен алгысы келбеди. Же бул бийлик акыры келип өз элине ок атарын алдын ала сезгенби, билбейм.

Аруу жашап, аруу кетти.

## 4. Дооронбек аке: Садырбаев кетсин!

Ошол эле 2005-жылдагы саясаттын бороондуу күндөрү эле. Бакиевдин дөөлөтү оболоп, айдактаган «обончу» айымдары ар тараптан «авалап», эки вице-премьери Д.Усенов менен А.Мадумаров жазды жар салган кара чыйырчыктардай сайрап, байма-бай туш келди пресс конференция берип турган заман болчу. ...«Обончу» айымдар депутат Сарпашевдин кийимин айрып, депутат Мукашевдин колундагы таягын жула качып, депутат Байболовду барымтага алып, дагы бир интеллигент депутатты галстугунан жетелеп, айтор, Жогорку Кеңештен сыртка чыгарда: «Эшикте «ОБОНдун» катындары жок бекен» – деп сурап, саксактанып терезеден карап, анан чыкчубуз.

«Обончулар» обонун созуп, Жогорку Кеңештин батышынан чыксак бакыра кыйкырып, чыгышынан чыксак чыңыра кыйкырып, түндүгүнөн чыксак түкүрүп кыйкырып, түштүгүнөн чыксак түшүрө качырып, Кыргызстанды мыйзам эмес, ошол аялдар бийлеп турган заман эле.

Депутат Баяманды башка аткан, депутат Сурабалдиевди сулата аткан, депутат Акматбаевди акырекке аткан каргашалуу күндөр али алдыда болчу.

«Текебаев кетсин!», «Сариев кетсин!», «Байболов кетсин!», «Садырбаев кетсин!» деген, айтор, К.Бакиевдин саясатын сындагандын баарын «кетсин», «өлсүн», «парламент таркасын» деген сөздөргө жедеп кулак конүп бүткөн. Күнүгө оппозициячыл депутаттар сессияда Бакиевге «чабуул» коебуз, эртеси эле «бакиевчил» «обончулар» батальону бизге сокку коюп турган күндөр эле. Күндөрдүн биринде Жогорку Кеңештин түштүк тарабынан чыга калсак, азыр эле аркы бетинде кыйкырып аткан «обончулар» эми алдыбыздан күтүүсүз чыгып, капталдан качырып кириушти. Бир взвод

«обончулар» алдыбыздан тороп, «засадада» калдык. Калканарга калканч жок, жашынарга окоп жок.

Бир тобубуз артка кетенчиктей түштүк. 5 – 6 депутат элек. Баарыбызга бир эле курал бар экен – Докенин таягы. Ошондо Дооронбек ага тайманбай алдыга басып келип, оң колундагы таягын өйдө көтөрүп:

– Садырбаев кетсин! – деп кыйкырды.

Аялдар да ачуу үндөрү менен кошумчалап:

– Кетсин! – деп чурулдашты эле, Докең болсо:

– Кеттим анда, силерге экинчи келбейм, – деп артка бурулуп имаратка кирип кетти. Биз артынан жөнөдүк. Аялдар оозунан келмесин, колунан куралын жоготконсуп элейип туруп калышты.

Докебиз ошондой чырлуу жерден сыр тапкан, жыландын тишине тыгылып калган этти сууруп чыккансып чукугандай сөз тапкан жоомарт инсан эле.

Ошол «обончу» айымдар бир ай бою Жогорку соттун имаратын басып алышып, түнкүсүн аларга «kg» номерлүү машина менен (Президенттик администрацияга тиешелүү) чучук, казы-карта, жаш козунун этин ташып берип атканын кийин теледен көрдүк.

### 5. Соңку кездешүү

2008-жылдын жаз айы эле.

Уулум менен Орто-Сай базарынын жанынан өтүп баратсам, көзгө тааныш китель кийиминен тээ алыстан Дооронбек акени тааныдым.

Учурашып, ал-жайды сураштык. Көрсө Дооронбек аке анын фильмдери контрафактылык жол менен диск болуп чыгып, базарда сатылып жатат дегенди угуп издеп жүрүптүр. Ал таягын жетелеп, мен кичүү уулумду жетелеп, баарылап издедик. Видеодиск саткан үч-төрт эле жер бар экен, тез эле таптык. Чын эле Докенин фильмдери өзүнчө диск болуп чыгып атыптыр, мен экини сатып алып бирин авторго бердим. Сыртын бир сыйра карап алып, бопоросун оозунан чыгарып:

– Ыя, кызым, кандай өтүп атат? – деп сурады.

– Жакшы эле, жаңы жылдан бери 200дөй саттык, – деди сагыз чайнап аткан кара тору кыз.

– Сага бирдеме түшүп атабы? – деп Докең тактап сурады.

– Ооба, байке, – деп кыз ишенимдүү жооп берди, – пайда түшпөсө ушу жерде отурат белек.

– А муну жазган балдардын дареги барбы, кантип тапсак болот? – деп мээримдүү суроо салды.

– Бизде өздөрү эле келип таштап кетет, телефону жок, – деп кесе жооп айткан соң, мен ал кызга угузбай:

– Дооронбек ага, эми Сиздин уруксатыңыз жок фильмдериңизди чыгарып аткандан кийин сотко берейин деп дарегин издеп атасыз го, – дедим.

– Жо-ок, айланайын, ушу мен жаш кезде тартып койгон фильмдерим кимдир бирөөлөргө оокат кылганга жарап атса, анда анча деле начар фильм эмес экен да. Ошого сүйүнүп атам. Ошону жаздырган баланы тапсам, чакырып рахмат айтып койсомбу дегем.

Коштошордо:

– Эми үкөм, менин жарык корө элек чыгармаларымды китеп кылып сен чыгарасың го, – деди. «Макул» – деп телефон номеримди бердим.

...Докебиз ошондой бирөөнүн күлгөнүнө кошо кубанып, кейисе кошо кейип, байыса кошо байыган айкөл инсан эмес беле.

Анда демейдегидей эле коштошкон элек. Ким билиптир, мен ошондо кыргыздын сөзгө чечен, ойго көсөм, улуттун уятсыйы болуп калган улуу Дооронбек Садырбаев менен акыркы ирээт көрүшүп жатканымды. Сезе билгенби, көзү өткөндөн кийин ал айткан китебин мага чыгарууга туура келди.

* * *

Пендебиз да. Азыр көчөлөргө, мектептерге, алтургай заправкаларга (маселен, Токтогулда «Талып молдо» атындагы заправка бар), РОВД, участкалык милицияларга чейин кишинин аттарын ыйгармай мода болуп кетти. Адам аты өтө арзандап кетти.

Тарых жакшы адамдардын аттарына өтө сараң келет. Аккан суудай, айгактагы чуудай баары келет да, кетет. Чыныгы элдин жүрөгүндө аз эле адамдардын аттары калат. Алардын бири – Дооронбек Садырбаев деген ысым. Өзүнүн атын элдин жүрөгүнө калтырып кетти.

…Азыркы парламентте ыйгарым укуктар өтө эле жетиштүү. …Бийлик да жетиштүү. …Депутаттардын саны да өтө жетиштүү. …Бир гана Дооронбек Садырбаевдин жүрөк менен кошо кагып, дир-дир этип турган коңур үнү жана топон суу жүрүп кетсе токтотуп койчу токтоолугу, кадимки карт Бакай өңдөнүп, караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан даанышмандыгы жетишсиз болуп турганын дайым сезип келем.

*(«Де-факто» гезити,*
*2014-жылдын 28-майы)*

# МАЗМУНУ

Поэзиясы .......... 3
Жоодо жок элге .......... 5
Кайда элең? .......... 6
Шагым сынды .......... 8
Жоктоо .......... 9
Доомат .......... 12
Көңүл айтуу .......... 13
Тилек .......... 16
Мертинүү .......... 18
Тал кармагын .......... 19
Неге, неге? .......... 20
ТАКИЛИП .......... 23
Мен го, мен болдум эле... .......... 27
Маараке масилэзтинен репортаж .......... 29
Аттан түш .......... 36
Туурабы менин айтканым .......... 37
Кайдан келген? .......... 39
Журтума залакаңды тийгизбегин .......... 40
Визитка .......... 41
Залда отурган замандашыма .......... 42
Замана .......... 44
Айылыма .......... 45
Атамдын мүрзөсүнө .......... 46
Асылдарым .......... 48
Тагдырыма .......... 50
Менин жазам .......... 51
Ата-журт жетим калат .......... 52
Арман .......... 54
Сонунум .......... 55
Уулума .......... 56
Чолоктук .......... 58

Котур ыр ........ 59
Үзүр суроо ........ 60
Атамдын арбагына........ 62
Жалгыздын жары кудай ........ 64
Эстүүң элдин камын көргүлөчү ........ 66
Азыркынын анты ........ 67
Арбашам ажал менен........ 68
Жаны кашайгандын каяшасы ........ 69
Кимибизден? ........ 74
Томсоргон сулууга........ 75
Келиндин ыры ........ 76
Тойго чакыруу........ 77
Аман бол ........ 79
Кыйналып турат жүрөгүм........ 80
Карылык........ 82
Кайран көздөр ........ 83
Таарынба........ 84
Көздөрүң айтып турбайбы... ........ 85
Чарчоонун 1993-ыры ........ 86
Манастын монологу ........ 87
Бегимай менен Раймалынын алгачкы айтышы........ 89
Раймалы менен Бегимайдын обонго салып айтышканы ........ 95
Мен сендикмин агажан ........ 97
Раймалынын Речитатив менен окулган акыркы ыры........ 98
Түгөлбай Казаков менен айтыш........ 100
Бейиши болгур жеңижок........ 109
"Гүлтурмуш" ........ 113
Түшүмө дагы кирбептир... ........ 116
Үкаларга........ 119
Ажонун болсом айымы ........ 122
Кычышып кетсе не болот?........ 125
Мына минтип ........ 127
Аксылыктарга ........ 129
Асаным менин, Асаным........ 131
Ааламдан өттү жакшы адам........ 133
Кайран эр, учуп кетти, шумкар болуп... ........ 135
Артисттерге ........ 139
Б. Кыдыкеевага ........ 140

Ш. Абылаевага ........................................................................ 141
Б. Шалтаевге........................................................................... 142
А. Жумабаевге ......................................................................... 143
С. Жунушалиевага ................................................................... 146
С. Жумадыловго....................................................................... 147
С. Далбаевге............................................................................ 148
Ж. Сыдыкбековага ................................................................... 149
И. Раимкуловага ....................................................................... 150
Замандаш зайыпка .................................................................. 151
К. Досумбаевге ........................................................................ 152
Ж. Сейдакматовага................................................................... 153
Г. Ажибековага......................................................................... 154
Гүлсүн Мамашовага.................................................................. 155
Боосу менде сен катынган жүгөндүн... ................................... 156
Т. Казаковго ............................................................................ 157
Кайта алам .............................................................................. 158
Рамис Рыскуловго .................................................................... 160
М. Айдаркуловго...................................................................... 161
Тазагүл Закировага ................................................................. 162
Казат Акматовго....................................................................... 163
К. Жусубалиевге...................................................................... 164
Ш. Дүйшеевге........................................................................... 166
Тазалык ................................................................................... 167
С. Жээнбековго........................................................................ 168
Ж. Сааданбековго..................................................................... 170
А. Акаевге ............................................................................... 171
Кагайын каптын түбүн ............................................................. 173
Кадырлуу Ишембай Абдразакович! .......................................... 174
Сатыбалдиев Таир акеге.......................................................... 175
Ш. Талиповага .......................................................................... 176
Ж. Жээнбековго........................................................................ 177
Ж. Алыбаевге............................................................................ 178
Сапсарыга апапак каалоо ........................................................ 179
Рыспаев Жолоочуга жолоочу тилек ......................................... 181
Ала-Тоонун Аскары бар ............................................................ 183
Замандаштарынын Д. Садырбаевге арноолору......................... 185
Акесине үкөсү, сакасына чүкөсү .............................................. 185
Дооронбек Садырбаевге ........................................................... 186

Кыялда бирге жүрөлүк .......... 188
Визитка мурун .......... 189
Дооронбек! .......... 190
Дооронбеку Садырбаеву – 60 лет .......... 191
Жүзгө чыгат .......... 192
Замандашым Дооронбек Садырбаевичке .......... 193
Дооронбек Садырбаевге .......... 194
Сизге .......... 196
Чындыктын коңгуроосундай .......... 197
Бир кызматкердин өтүнүчү .......... 198
Кыз-жигит .......... 199
Сүйүнчү .......... 200
Дарылануу .......... 201
Карғануу .......... 202
Истамбул кайрыктары .......... 203
Уктаба жигит .......... 205
Эмне үчүн? .......... 206
Жаштыгымдын ырлары .......... 207
Мурун талаш алым сабагы (Айтыш) .......... 209
Мурас .......... 220
Обондуу ырлар .......... 222
Визитка .......... 223
Замана .......... 224
Айылыма .......... 225
Атамдын мүрзөсүнө .......... 226
Тагдырыма .......... 228
Арман .......... 229
Сонунум .......... 230
Уулума .......... 232
Жалгыздын жары кудай .......... 234
Арбашам ажал менен .......... 236
Кимибизден? .......... 237
Келиндин ыры .......... 238
Кыйналып турат жүрөгүм .......... 239
Карылык .......... 241
Таарынба .......... 242
Көздорүң айтып турбайбы... .......... 243
Бегимай менен Раймалынын алгачкы айтышы .......... 244

Раймалы менен Бегимайдын обонго салып айтышканы........250
Мен сендикмин агажан..........................................................252
Бейиши болгур Жеңижок......................................................253
"Гүлтурмуш".......................................................................257
Түшүмө дагы кирбептир... ...................................................260
Үкаларга...........................................................................263
Ажонун болсом айымы.........................................................266
Кычышып кетсе не болот? ...................................................269
Г. Ажибековага...................................................................271
Тазагүл Закировага ............................................................272
А. Акаевге .........................................................................273
Кыялда бирге жүрөлүк .......................................................275
Шагым сынды.....................................................................276
Кайда элең?.......................................................................277
Жалгыздын жары кудай .......................................................279
Чолоктук ...........................................................................281
Жоодо жок элге ..................................................................282
Чарчоонун 1993-ыры ...........................................................283
Эскермелер .......................................................................284
Мектептеги мугалимдердин аксакалы болсом да, акем мени
"Асал" деп эркелетип турар эле ............................................328
Дооронбек төрөлгөндө, атам тогуз күн той берген ................333
Дооронбек "Кой!" деп тыйганды сүйбөгөн бала эле.............337
Акемди мен идеал тутам, эң акылдуу, эң сулуу, эң, эң, эң..
адам деп билем ..................................................................341
Дооронбек кичине кезинде эле куйкум сүйлөгөн шок бала
болчу.................................................................................344
Дооронбек Садырбаев – менин бир тууган агам ....................346
Жездемдин үйү бир чоң базадай эле... ..................................350
Докем экөөбүз чылым тартканды пахта терими учурунда
үйрөнгөнбүз.......................................................................355
Докем мага аталык мамиле кылаар эле.................................358
Садырбаевич мени "чала кыргыз" дээр эле............................364
Дооронбек үйрөнүп жүрүп, үйрөткөнгө өттү........................370
Дооронбек мага төркүн болуп, күйөөгө узаткан эле .............373
Докем "Кайран элди" тартып жүргөндө эле ЭЛ ДЕПУТАТЫ
наамына ээ болуп калган дээр элем ......................................376

Атамдан кийинки аталык мээрим, камкордукту Дооронбек Садырбаевден көрдүм ........................................................ 380
Дооронбек Садырбаев ичинде кыпын кири жок, кара кылды как жарган калыс жан эле ........................................................ 384
Дооронбек аке менен Сонун жеңенин ортосунда көргөндүн көзү тиерлик жылуу мамилеси бар эле.................................. 389
Дооронбек Садырбаевдин эстелигине................................. 392
Докемден кийин кыргыздын архаизм сөздөрү менен сүйлөгөн эч бир депутат же саясатчы болгон жок................................ 394
Кыргыз деп ыйлап, кыргыз деп ырдаган Доке ...................... 401
Караңгы-жарык ушинтип, Кара жер менен бөлүнгөн........... 412
Докенин өмүрү өрнөк болчу киши эле ................................. 418
Дооронбек Садырбаев "тууган экенибизди эч ким билбесин" дечү........................................................................................ 421
«КАЙРАН ЭЛДИН» Докеси................................................. 427
Мазмуну ............................................................................... 434

**Дооронбек Садырбаев**

# ДААНЫШМАН

**Чыгармалар жыйнагынын 5 томдугу**
**Собрание сочинений в 5-и томах**

Басууга 16.05.2017-ж кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Форматы 60x90 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 27,5 б.т. Нускасы 1000д.

«Принт Экспресс» ЖЧК басма-полиграфиялык
комплексинде басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч., 49





